КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН УЛУТТУК БОРБОРУ

ЭЛ АРАЛЫК «МЭЭРИМ» КАЙРЫМДУУЛУК ФОНДУСУ

# БАГЫШ МЕНДИРМАН

**«ЭЛ АДАБИЯТЫ» сериясынын**

**7-ТОМУ**

РЕДКОЛЛЕГИЯ:
АЙТМАТОВ Ч. Т. — башкы редактор
АКАЕВА М. Д.
АКМАТАЛИЕВ А. А. — башкы редактордун орун басары
ДҮЙШАЛИЕВ К.
ЖАЙНАКОВА А.
КАРЫПКУЛОВ А. К.
КЕБЕКОВА Б. К.
КЫРБАШЕВ К- К.
МАКЕШЕВ А.
МУСАЕВ С. М.
САПАРБАЕВ К- С. — башкы редактордун орун басары
Филология илимдеринин доктору, профессор
АБДЫЛДАЖАН АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакциясы менен
«Багышты» араб арибинен азыркы кыргыз арибин которуп түшүргөн
жана түзгөн филология илимдеринин кандидаты
КЕНЕШ КЫРБАШЕВ
«Мендирманды» түзгөн филология илимдеринин кандидаты
АЙНЕК ЖАЙНАКОВА

ББК82. 3 (2Ки)

Б—14

«Эл адабияты» сериясы Көркөмдөгөн сүрөтчүсү Р. А. Исаков

Багыш, Мендирман: Эпостор / Баш сөзүн жазган К. Кырбашев; А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында; Кырг. улут. И. А. ж. б. — Б.: Шам, 1998. 292 б. — («Эл адабияты»).

ISBN 9967-10002-8

Бул китеп баатыр Багыш жөнүндөгү көлөмдүү эпикалык баян. Кытайдагы Кызыл-Суулук белгилүү манасчы Жусуп Мамайдын айтуусу боюнча жарык көрдү. Ал жеке гана Кызыл-Суулук кыргыздардын арасында кеңири тараган эпос болбостон, ошондой эле Ала-Тоолук кыргыздардын да сүйүктүү оозеки чыгармасы болуп саналат. Ошондой эле кенже эпостордун бири манасчы Ш. Рысмендеевдин айтуусундагы «Мендирман» дастаны калмактардын баскынчылыгына жана ич ара туугандар ичиндеги көрө албастыктан чыккан адам мамилелери ортосундагы күрөш жөнүндө сөз болот. Жыйнак жалпы окурмандарга арналат.

4702300500

М 455 (11)—98

77—1998

ББК82.3 (2 Ки)

Басмага Манастаануу жана көркөм маданияттын Улут-тук борборунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.

Рецензент: улук илимий кызматкер Р.  САРЫПБЕКОВ

ISBN 9967-10-002-8

©Манастаануу  жана  көркөм  маданияттын улуттук борбору.

©Эл аралык  «Мээрим» кайрымдуулук фондусу.

© «Шам» басмасы 1998-ж.

**БАГЫШТЫН БИЙЛИКТИ КОЛГО АЛЫП, ЖЕДИГЕР ЭЛИНЕ БАШ МААНА БОЛУШУ**

Жедигер кыргыз элинде,
Жети суунун жеринде,
Жети атадан бер жакка
Жердеп келген жер эле.
Чыгыштан чыккан Чынгыш кан,
Чыр баштап чатак салкынча
Тийбеген киши телеге.
Эгин айдап жай жаткан,
Чарба өстүрүп мал тапкан,
Оокаттын кылып айласын,
Тапканы менен жан баккан.
Бирине бири чоңсунуп,
Өйдө-төмөн айтпаган,
Керек эле мага деп,
Бирөөгө басып барбаган.
Кийик алып таш-таштан,
Тамашадан калбаган.
Сүйлөшкөн жат элге,
Тийишпеген кишиге.
Жакын көчүн келгенде,
Орозой менен сыйлашкан.
Кыргызга келип маңгулдар,
Куру кайра кеткенде:
«Орозой менен жедигер
Жакын эл — деп санашкан,
Кыргыз менен жедигер,
Бир тууган» — деп карашкан.
«Жедигерди бир күнү,
Чаап алсак» — деп санашкан.
Жедигерге калмактар,
Шылтоолоп киши жиберет:

«Орозойго башында,
Жедигер сенсиң кубат — деп.
Орозой өлдү ажалдан,
Токсон миң түтүн көп журту,
Калмакка булар карашкан.
Билмексен болуп жедигер,
Сен жатасың, ар качан!
Алым салык бизге бер,
Бузулбай айлың жата бер.
Аянбай бергин барыңды,

Айдатып бергин малыңды.
Айткан сөзгө болбосоң,
Бош кыламын шаарыңды.
Кетиремин алыңды,
Кейитемин карыңды.
Кеңешип жообуң бергин!» — деп,
Келген калмак муну айтты.
Жедигердин элинде,
Бай деген бар бир киши,
Баш бийлеген ал киши.
Азар түмөн малы бар,
Жедигерден чыккан бай.
Ата-энеси башымда
Койгон аты дагы Бай.
Ал кезекте жедигер,
Жети-суу шаарын сала элек,
Ээлеп шаар ала элек.
Кышында болуп оюнда,
Жазындасы адырда,
Жайындасы тоосунда,
Жети суу жерин аралап,
Мал багуучу чак эле.
Калмактын кеби угулуп,
Баары калбай чогулуп,
Айыл башы атанып,
Аксакал болуп эл билген,
Бай үйүнө барышты.
Кеңеш кылып олтуруп,
Моминтип кебин салышты:
«Биз берели мал, пулду,
Жедигердин журтунан
Кетирели муңгулду.
Кабарын угуп жатабыз,
Калмактын эли көп болду.
Басташкан күйүп чок болду,

Көбүрөөк буга тийишкен
Түп оту менен жок болду.
Тоготпой жүрүп Орозой,
Толгон кыргыз не болду?
Чогулушуп калмакка
Тоскон бенде болбоду»,
Деп сүйлөшүп олтуруп,
Берүүчү малын топтоду.

Жылкыдан санап бир миңди,
Койдон бөлдү беш миңди.
Отуз кызыл нар бөлдү,
Бир миң беш жүз уй бөлдү.
Кыл жоргодон тогузду,
Бөлгөн малга кошушту.
Ар түрдүү асыл бугомдан,
Отуз нар жүгүн толтурду.
Бер деп келген мангулдун,
Астына муну салышты.
Аз, көп дебей калмактар,
Ал сапарда алышты,
Айдап кетип калышты.
Жедигерден калмактар,
Жеткире олжо табышты.
Жедигерден алган мал,
Жерине айдап барышты.
Ал кезде Багыш четте эле,
Кийик атып, куш салып,
Тамашага кетти эле.
Жан жүрбөстүн чөлүнө,
Кайыпчынын көлүнө,
Айлына Багыш келиптир,
Талаада жүрүп көп күндө.
Айлына келип кеп угуп:
«Жедигерден алым — деп,
Алыстан келип маңгулдар,
Асыл буюм, арбын мал,
Алып кетти — деп угуп,
Аркасынан маңгулдун
Барамын!» — деп оолугуп.
Бардаш кылып эр Багыш,
Бастыргалы жатканда
Ооруга калды жолугуп.
Сары оору болуп баш ооруп,
Баралбай калды соолугуп.
Атасы Бай аны угуп,

Багышка барып атайын:
«Балам Багыш, кантесиң?
Калмактын жайын айтайын.
Басып барат дүйнөнү,
Багы артып маңгулдар,
Арбып барат жылына

Башы артып маңгулдар.
Жуагардын атын уккан бар,
Аны качан көргөн бар?
Ошондон бери карата,
Жерди алды маңгулдар.
Орозойдун тушунда
Токсон миң үйлүү толкуган.
Жер жүзүнө таанымал
Толгон кыргыз көп элди,
Талап алды маңгулдар,
Барба, балам, тилимди ал!
Алышынча малдан бер,
Эминеден кемиң бар?
Барганың менен маңгулга,
Башың болот чоң, зыян!
Жергелешкен жээгиңде,
Жедигердин элинде,
Атка минер уул жок,
Таңуу болор белиңе.
Такандашып калмакка,
Тарап кетпей ар кайда,
Турганың жакшы жериңде.
Бийлигимди берейин,
Таанытып сени элиңе.
Шаар салып, элиң бак,
Аа көркчө жериңе!
Такандашкан калмакка,
Такыр жакшы болгон жок,
Баш көтөрөр кишинин
Баарын маңгул койгон жок.
Малын алып бүт элдин,
Бадирек калмак койгон жок!
Тилимди алгын, барбагын,
Ай сайын алым бергин — деп,
Малды калмак алгынча,
Жетисуунун куюшка,
Жарашыктуу ойдуңга,
Жакшынакай шаар сал.
Шаар салсаң жериңе,

Белги болот билип ал
Таламай койсо калмактар,
Бүт түгөнөт кара мал.
Каралап шаарга жедигер

Жанын баксын тилим ал!»
Бала Багыш ал кезде,
Бар эле жыйырма жаштарда.
Байдын кебин укканда,
Байга берди убада,
Калмактарга барбаска.
Он күн өтүп арадан,
Аксакалдын баарысын,
Бай чакырды айылга.
Кемегеден алтыны,
Каздырды үйдүн жанына.
Алты бээни сойдурду,
Кемегенин башына.
Эшикке кийиз салдырып,
Чайкатып койгон кымыздан,
Чанач-чанач алдырып,
Сыр аякка куйдуруп,
Күтүп жатты көп элди,
Бир четинен сундуруп.
Кымызга куймак салышып,
Бахалашып калышып.
Калкайта жутуп кымыздан,
Суусундары канышып.
Күүлдөштү аламан,
Тамаша кебин салышып.
Самоор менен чай ичип,
Шашпай баары жай ичип.
Таяр болуп тамагы,
Аңгычакты эт жешип.
Устукан мүлжүп, туурашып,
«Кана эмесе чык» — дешип,
Казы, карта жаядан
Табакка кесип дөбөлөп,
Ак келде* кылып калышып.
Бешиликтей арбайтыл,
Беш манжасын салышып.
Билектен майга малышып,
Аркасы үч, алды беш
Араңдан зорго алышып.
Кычышты шили, көөн айнытпа,
Майга жүрбөй калышып.

Майда балдар бир бөлөк,
Тайларын минип жарышып.

Мырза чыкма жаш балдар,
Көкбөрү-улак тартышып.
Оозу жайдак немеси,
Тамаша менен айтышып,
Кыз, келиндер чогулуп,
Мойнуна колун артышып,
Чекесинде короонун,
Курдант * булар басышып.
Көңүлү сүйгөн жаштары,
Кирпик ымдап, каш серпет,
Алдынан көзүн атышып.
«Эч болбосо бозойлор,
Үнүмдү угуп калсын» — деп
Ойлоно түшүп келиндер,
Шаңкылдап күлө калышып.
Алтындан сөйкө колбоорду*
Акыректе жаркытып.
Туура тарткы күмүштөн,
Элечекке* тагышып.
Белдемчи* белде кыналып,
Олоңдой чачы* чубалып.
Оолжуй басып буралып,
Сымбат тиктеп эчени,
Күлбөй тиктейт муңайып.
Жайлоонун көркү жарашкан,
Кыргыз элге ылайык.
Жаш-жаландар чогулуп,
Топ-топ болуп бир басып,
Желеге* барып бээ саашып.
Көнөктөп* сүтүн көтөрүп,
Ойлорун айтып сырдашып.
Кыткылыктап күлүшүп,
Чач теңгеси* шарактап,
Шашыла басат кылактап.
Кемпирлер күнгө కактанып,
Үй жанында чубактап,
Кенжелеп тууган койлордун,
Козусун балдар кучактап.
Боздоп тайлак каңгырап,
Көзүнүн жашы буурчактан.
Кулундар ойноп кутуруп,
Куйругун тээп сырактап.
Торпоктор мөөрөйт озондоп,

Атандаштык анда бар,
Катыны кашын осмолоп*...
Күн бешимге жакындап,
Түш кылтайып калганда,
Чогулган элдер топ болот.
Жедигер бийи Бай айтат,
Элге, журтка жай айтат:
«Аксакалдар курбалдаш,
Акылы бирге чоң сырдаш.
Биз жедигер уругу,
Ажырыктай* тамырлаш.
Тай союшуп сырдашкан,
Талабы бирге кадырлаш.
Боорлош жүргөн биргелеш,
Кол кармашкан дембелеш.
Баарыңарга айтууга,
Байда турат бир кеңеш.
Атым менин Бай болуп,
Өмүрүм өтүп баратат.
Аркалап сага, жедигер,
Көөнүм өтүп жай болуп,
Билбесем да билгиздиң,
Чогулуп силер бий коюп.
Алтымыштан жаш ашып,
Эринчээк болдум картайып,
Жоо сайбадым эмгиче,
Бирөөнүн четин майтарып,
Же элдин четин кайтарып.
Эзелде менде кызмат жок,
Элим, силер айтарлык.
Каралап жүрдүм силерге,
Эл катары мал багып,
Эр ортого келгенде,
Бала таптым Багышты,
Эли-журтум эп көрсө
Ага берсем бар ишти.
Кийликпей, элим, эп көрсөң,
Багышка берсем бийликти.
Багыш жаман бала эмес,
Бели бошоң жан эмес.
Алты бээ союп чакырып,
Ушул менде бар кеңеш».
Бай айтып кебин бүтүрдү,

Бардык эли түшүндү:
«Болсун, Багыш, болсун» —

Баары кылды бүтүмдү.
Ынтымакка келишти,
«Атасынын иши» — деп,
Багышка бийлик беришти.
Байдын уулу Багышты,
Бий кылып булар алышты.
«Мал келер маалы болду» — деп,
Үй-үйүнө жанарда
«Бийлигиңди тойлот» — деп,
Элдер айтып калышты.
«Болот, болот, болот» — деп,
Багыш айтты бир ооз кеп.
Айткан кебин таналбай,
Он күндөн кийин той берет.
Кысыр калган бээ ылгап,
Туу калган* койдон дагы ылгап,
Туубай калган уй ылгап,
Кунан суутуп, ат таптап,
Оодарышка, сайышка
Билеги жоон эр тандап.
Жорголорун кындыйтып,
Кандырып суутун жоргонун,
Сүмбөдөй кылып зыңкыйтып.
Балдарга кийим жасатып,
Катарлап кийип жасанып,
Күмүштөн кемер курчашып,
Тебетейин кырдашып,
Какылдатып комузун,
Акындары ырдашып.
Багыштын келип айлына,
Бар жедигер чогулду.
Көк чаңырган чуу болду,
Көп чогулган той болду.
Бий болгон киши кыргызга,
«Бий тою» — деп нарк болду.
Эркек, аял аралаш,
Калбай барды кары, жаш.
Кылтылдатып жоргосун,
Кылыксынган андан көп.
Жаркылдатып торкосун*,
Жагалданган андан көп.

Учкаша минип экиден,
Катын келет бешикчен.
Букулдатып буурасын,
Самсаалатып чуудасын,

Төөчү келди бу тойго.
Кулактары шалактап,
Туяктары шарактап,
Букасын минип, букуюп,
Уйчу келди бу тойго.
«Чек, шаа мүйүз, башта — деп,
Тескейге жаап ташта — деп,
Кеп укчудай кекетип,—
Корум болгур баспа — деп,
Таягым бар колумда,
Басып калсаң шашпа!» — деп,
Койчу келди бу тойго.
Кырк кулактап суу жайып,
Кулагына таш салып,
Кетмен, күрөк кармаган,
Дыйкан келди бу тойго.
Үйүндө ашка жетпеген,
Айылдан аңдып аш жеген,
Бекерликке берилген,
Кетмен чаппай эринген,
Жиликтин башын кемирген,
Бекерчи келди бу тойго.
Кантты кардай кемирген,
Дөөлөтүнө семирген,
Арпа жарма ичпеген,
«Аш болбойт арпа түк» — деген,
Кесир келди бу тойго.
Атасы жок сүйөргө,
Агасы жок күйөргө,
Аңдып сорпо ичерге,
Жетим келди бу тойго.
Аста басып бүжүрөп,
Оокаты бүтпөй күжүрөп,
Жесир келди бу тойго.
Жайлоосу өзөн төр болгон,
Өрүшүнө мал толгон,
Телегейи тең болгон,
Жок нерсеси тел* болгон.
Кийингени жибек шай болгон,

Жегени күндө май болгон,
Баарысы келди бай болгон.
Касташканыи кемиткен,
«Кармап кел» — деп, демиткен
Кара жемсөө мал тапкан,
Каралык менен жан баккан,

Калбай келди бул тойго.
Сөзү ширин татыган,
Нуска менен сөз айткан,
Пайдасын ойлоп эл баккан,
Кары келди бул тойго.
Уулу урум үй тиккен,
Кызы кырым уул тууган,
Келини кербен* базардай,
Байбиче келди бул тойго.
Кекилик моюн, керме каш,
Кеп сүйлөсө кылган наз.
Келеңгир чачпак, кең соору,
Сумбаты артык олоң чач,
Алтындан кылган чоң сөйкө,
Акыректе жаркылдап,
Ай тамагы жалтылдап,
Жанына барбай далайлар,
Карaанын көрсө калтырап,
Кыя карап жер тиктеп,
Муунга кирчү калтырак,
Келин келди бул тойго.
Ай чырайлуу, нур беттүү,
Периштедей келбеттүү,
Перилерден сөөлөттүү,
Бендедсн башка мөөнөттүү,
Кыл такыя шөкүлө*,
Кызыр даарып* кеткендей,
Кылчайып койсо бирөөгө,
Алма моюн, түймө баш,
Бака буттап өрген чач,
Чырпыктай бели буралгаи,
Тоту куштай сыланып,
Кыргыйдай бою кыпыйып,
Күмбөзгө тартканы сүрөттөй,
Сумбаты башка зыпыйып,
Жуп билерик, он шакек,
Ителгидей кара көз,

Жерге талдай теңселип,
Көргөн киши эңсенип,
Кыздар келди бул тойго.
Сөз айтардан эринген,
Тарткан зымдай керинген,
Табылбас торко тон кийген,
Кылыктуу жорго ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн,

Кундуз ичик, суусар бөрк,
Кубулжутуп айткан сөз,
Панардай болуп эки көз,
Кыр мурундуу буудай жүз,
Кыл муруту кылайган,
Келберсип өңү муңайган,
Кыз, келин көрсө кубанган,
Мырза келди бул тойго.
Желбестен жорго минишип,
Желбегей желек кийишип,
Тентектик кылып тийишип,
Көөнү сүйгөн келинге,
Тинтип жүрүп киришип,
Бозой келип бул тойго.
Кызга бергис закыйган,
Жубан* келди бул тойго.
Атка бергис какыйган,
Кунан келди бул тойго.
Баарысы келип болгондо,
Эл жыйылып толгондо,
Кол жуудуруп суу куюп,
Дасторкон жайып, эт тартып,
Арак берип жаштарга,
Кымыз берип башкага,
Ачкыл берип жаштарга,
Айран берип башкага,
Кызмат кылып жүгүрүп,
Багыш элдин кашында.
Соогатка* келген малдарга,
Толуп калды бир талаа.
Тарабай эл үч конду,
Тан-тамаша көп болду.
Эл ошентип жатканда,
Тамашага батканда.
Эндекей жаткан элдердн,

Ээн жаткан малдарды,
Эки миң кошуун кол менен,
Калмактардын Королдой,
Капталдан тийип алганы.
Алыстагы элдерден,
Ыраак көрүп бул тойго,
Келбей калган бир киши,
Айтып муну барганы.
Калмактан келген Королдой
Четки сууга мал койбой,

Такыр алды Королдой.
Төө алды, уй алды,
Жылкы алды ,кой алды
Аз болгондо Королдой,
Алты минче мал алды.
Четки суунун башында,
Тегеле неме калбады.
Кара башка тийбеди,
Тигилүү үйгө кирбеди.
«Короодоку ушак мал,
Жайытта жаткан бодо мал,
Жалпайта талап кетти» — деп,
Кабарчы айтып барды кеп.
Кабарды угуп жеринен,
Кайгыланды жедигер.
Угуп Багыш бакырып,
«Барамын — деп шашылып,
Барасынбы бирге» — деп,
Жедигер элин чакырып,
Барбаңдап Багыш турганда,
«Барабыз — деп айталбай,
Же «барбайбыз» — деп айталбай,
Камалып калды жедигер,
Же айылына кайталбай.
Эл камалып турганда,
Баштагы бийи Бай айтат:
«Алым — деп келип, калмактар,
Ар жылында алмак бар.
Жетисуунун элине,
Селибик* кылып алты суу,
Жеткирип малды берели.
Калмактарга касташып,
Биз баралы дебейли.

Барган менен калмакка,
Алыбыз биздин келеби?
Жерди бузган калмактар,
Жедигерди жебейби!
Сонун сулуу келип, кыз
Соогага бер дебейби,
Колубуздан кетпейби!
Алдыңда тулпар атынды,
Айдай сулуу катынды,
Калмак алат барынды,
Карандай таштайт талаага,
Кан какшатып карыңды!

Далайыңды өлтүрөт,
Тирүү койбойт жанынды!
Аа көрөкчө тынч болгун,
Алса алгандыр малыңды!
Королдойдун алдына,
Атайлап киши баралы.
Четинен элди талаба,
Колубуз менен берели,
Биз чыдайбыз алымга* —
Деп кеңешти салалы,
Элчилешип алалы.
Барсаң баргын, жедигер,
Мен жибербейм, Багыш баламы!»
Байдын кеби болгону,
«Багышты ээрчип барам» — деп,
Бастырган киши болбоду.
Атасы үчүн жемелеп,
Барамыш деген Багышты,
Бай бастырбай койгону.
Элден ылгап жоргону,
Чыкырып катчы молдону,
Алты киши ылгатып,
Королдойго карата,
Кат жазып салам жолдоду.
Колуна жазып кат берип:
«Аркасынан барып кел,
Бай жиберди сизге — деп,
Каттын жообун алып кел.
Четинен элди талабай,
Алым алгын жылында.
Канчалык көп болсо да,

Биз чыдайбыз чыгымга.
Оозуң менен муну аткып,
Калган кеп-сөз болгонду,
Колуңарда кат айтсын.
Алтооң бирдей кылсаңар,
Азыр ылдам аттангын,
Аялдабай токтолуп,
Аркасынан бат баргын.
Эсин, чыгып коркпой бар,
Элчиге* өлүм жок болот,
Бул жүйөөнү билип кал».
Элге акылын Бай айтты,
Алты элчини узатты.
Айылдан алтоо аттанып,

Уктабастан түн катып,
Түн ичинде бел ашып,
Элчилер барат бек шашып.
Эки күндө, үч түндө,
Королдойго жетти эми.
Жобурап булар айтышты,
Оозу менен баягы,
Бай үйрөткөн кептерди.
Андан кийин элчилер,
Жанынан алып кат берди.
Кат калкалап калчудай,
Алдырашып бат берди.
Катка карап Королдой,
Байкаса сөзү ушундай:
«Баки жедигер элинен,
Баш болгон Бай бийинен,
Жаңы бийи Багыштан,
Калын, калмак журтуна,
Биздин элден бир салам.
Былтыр келип сиз жактан,
Алым алды биз жактан.
Кадырлашып сыйлаштык,
Көрүшпөй туруп ыраактан.
Көөнүңдү коюп, Королдой,
Жедигерден кеп уксаң.
Аз албасаң, көп алсаң,
Ат изин мында салбасаң.
Айдап барып берели,
Үйүңдө жатып сен алсаң.

Сиз дагы бизге кат жазып,
Алымдын санын угузсаң.
Эрик сизде, Королдой,
Биз коркпойлу чыгындан*.
Төрт түлүктүү* кара мал,
Төртөөнөн башка айрып ал.
Арзыбасан, ал малга,
Асыл бугом дагы ал.
Андан кала бергенде,
Алтын, күмүш табылар»,
Деп жазылган катында.
Катты окуп болгон сок,
Кепти угуп билген соң,
Королдойдун сөзү бул:
«Өзүм калмак уругу,
Элимден чыккан мен бир уул.

Былтыр келип бир алдым,
Быйыл келип бир алдым.
Мындан кийин, жедигер,
Жылына сенден эки алам,
Аз албаймын, көп алам,
Мал албаймын кыз алам.
Жедигердин элинде,
Кызы сулуу деп угам,
Өз билгеним мен кылам!
Алооке, Шооруук, эр Көңтөй
Башкара албайт сен уксаң.
Түшө калат атынан,
Кимисине жолуксам.
Урматым бар ушунча,
Уругу калмак көп журтка.
Жедигерге айта бар,
Жаңы бийи Багыш, Бай укса
Жыпжылма кылам, жедигер,
Тийишем деп оолукса!
Элебей келип кол салса,
Кыйратамын талыңды,
Жылас кылам баарыңды.
Кыйнап жүрүп жоготом,
Жыргап жаткан жаныңды,
Төөчү кылам чалыңды.
Тим эле тегем каныңды,
Кетиремин, жедигер,

Намысыңды, арыңды!
Айта баргын бийиңе,
Королдой менин жайымды!»
Деп күрсүлдөп сүйлөнүп,
Королдой турду күүлөнүп.
Ошондо элчи бүжүрөп,
Мындай деди күбүрөп:
«Барбай эле келдиң — деп,
Бий кыйнаса кантебиз?
Кат жазып бизге бериңиз,
Бий алдында айтарга,
Ачык болсун кебибиз».
Элчилер минтип турганда,
Кыялы бузук Королдой,
Өзү олтуруп кат жазып,
Сөзүн кыска аз жазып,
Көп кечикпей бат жазып.
Жедигердин алты элчи,

Жиберди кайта атказып.

Королдойдон кат алып,
Ач курсактан аттанып,
«Өлбөй тирүү калдык» — деп,
Жедигердин алты элчи,
Айлына келди шаттанып.
Биринен сала бири айтып,
Бабырашты арамдар.
Барганынан кеп салып,
Королдойду макташып,
Сунуп калды бийине,
«Королдой берген кат» — дешип.
«Окугула, азыр — дейт,
Кебетеси, мүчөсү,
Болбойт андай баатыр» — дейт.
Катты алып окуса,
Каттын сөзү ушунча:
«Былтыр келип бир алдым,
Быйыл келип бир алдым,
Ойлоп кара, жедигер,
Оорунгудай албадым.
Алты короо мал алдым,
Келер жылы бererге,
Кара малды өзүн бил,

Катындан сулуу элүүнү,
Кыздан сулуу элүүнү,
Кемитпей жүздү камдагын.
Кемитип койсоң, жедигер,
Таарынып менден калбагын!»
Катынын сөзү ал экен,
Аягында катынын
Королдой аты бар экен.
Уккан элдер бозоруп,
Өздөрү өчүп томсоруп,
Эндиреди жедигер.
Эси ооду бекемдеп,
«Эми келсе тартууга,
Бизди алат экен» — деп,
Кыздардын жашы себелеп,
Чалдар коркуп энтелейт,
Өлтүрөт деп тебелеп.
Эстүүлөрү катындын:
«Көрүнүп калсак кантербиз,
Жылуу учурал көзүнө,
Саңырсыган капырдын?»

Сары санаа болуп олтурду,
Караанын көрбөй баатырдын.
Элдин көрүп абалын,
Эр көкүрөк Багыштын,
Айткан кебин карагын:
«Турбагыла, кары, жаш,
Караан болуп ээрчип бас.
Аяган менен жаныңды,
Ажал өлүм коебу?
Өлөсүң бир күн тыркыйып,
Жатасың куурап ырсыйып.
Бүткөн бойдо жылуу жок,
Каласын муздап зыңкыйып.
Кийим кийип жасанып,
Бүткөн боюң сыланып,
Малыңды көрүп кубанып,
Калмакты эстеп кубарып,
Кайгырып минтип жүргүчө,
Аттаналык, чабалык.
Калмактан баатыр Королдой,
Артынан кууп баралык.
Айлына аны жеткизбей,

Айдаган малын алалык.
Олжого алган калмактар,
Жедигер сенин малыңды,
Ажыратып калалык.
Катылышып көрөлүк,
Кайгырып минтип жатканча,
Жылда берип чыгымды,
Жылда бүлүк болгунча.
Жеңдирип ийсек калмакка,
Жедигер эли жылмайып,
Түптүз болуп тыналык.
Караан болуп туруп бер,
Калганды Багыш мен билем,
Ээрчип, элим, барып бер.
Эрликти Багыш көрсөтөм,
Алып берем кегиңди.
Ажал жетип өлбөсөм,
Бастыралы, жедигер,
Баралык — деп — жөнөсөк.
Жедигер кылым болупсуң,
Кылымдан ашып толупсуң.
Калмакка болуп кылмышкер,
Кантип ишиң оңолсун?!

Кашыңды катып калкалзи,
Кандай эркек болосуң?!
Чечинип кетмен чаппасаң,
Жайдын күнү тоңосуа.
Аяп жүрүп жаныңды,
Атагың чыкпай, жедигер,
Аяк асты болосуң.
Аттангын» — деп — акырып,
Турду Багыш бакырып.
Күдүндөшүп жаш-жалаң:
«Аттанып Багыш жөнөсө,
Баралы — деп — баарыбыз».
Аңгыча Бай Багышты,
Тилдеп кирди жапырып:
«Алтымыш жаштан ашкыча,
Он эки бала мен таптым,
Ошондон жалгыз сен калдың.
Байды мурун өлтүрүп,
Өз колуң менен жашырып,
Калмакка анан сен баргын.

Кан какшатпай атаңды,
Балам Багыш, тил алгын.
Жедигерди аяба,
Малдын көөнүн караба.
Болбос ишке белсенип,
Бир балааны таап алба.
Жаным тирүү турганда,
Жибербеймин сени ага».
Чындап турду Бай болбой,
Чылбырына чырмала.
Басалбай Багыш токтолду,
Таштай албай атасын,
Чыркыратып талаага.
Элдер тарап бөлүндү,
Конок болуп ар кайда.
Үйүнө Багыш ал күнү,
Бир да конок албады.
Жаңы асыйда* жашы бар,
Багыштын аты Суркийик,
Келтирилип тымызын,
Кырчоосуна байланды.
Атасына сыр айтпай,
Бир кишиге туйгузбай,
Баатыр Багыш камданды.
Ок өтпөс олпок* анда бар,

Батып алган барандан*
Акжал деген мылтык бар.
Аңгемеге асынган,
Кылычы бар кынында,
Эр эле Багыш чынында.
Калканы бар жабылуу,
Туулгасы* тагылуу,
Чарайнасы* дапдаяр,
Жоо жарактын баары бар.
Жарашыктуу жаасы бар,
Жаагы кынын салты бар,
Баатыр болсом экен — деп,
Бала чактан дарты бар.
Добулбасын* байланды,
Кара түпөк найза алды,
Карбаластап эр Багыш,
Караңгыда аттанды.
Жалгыз өзү эр Багыш,

Жүз кишидей шаттанды.
Алганы эле Гүлайым,
Ээрчип чыгып аткарды.
Бастырып жөнөй бергенде,
Гүлайымдын айтканы:
«Күндүз көздө кумарым,
Мойнума таккан тумарым,
Эсен барып, соо келгин,
Сактасын сени кудайым!
Күнүм элең жалганда,
Жылдызым элен; маңдайда.
Намыс кылып жөнөдүң
Жалгыз өзүн калмакка.
Калк бүлүнткөн жооңо,
Каарыңды төгүп бармакка.
Каарың ашсын калмактан
Калкын үчүн намыс кыл,
Кайраттанып арбактан.
Жолуң болсун калмактан,
Олжо болсун чарбактан.
Сайып алып калмакты,
Кайра келип сен мактан.
Ар кандай киши тим эле,
Өлүп кетет бир демде,
Оору алса тамактан.
Үйдө ооруп өлгөнчө,
Элине кылып кызматты,

Өлгөнүң Жакшы кал Мактай.

Катын да болсом азыраак,
Билгенимди мен айтам.

Жоо аяган жаралуу,
Байыркылар муну айткан.
Королдой түшсө колуңа,
Ишиң келип оңунан
Тегинен душман калмакка,
Тегеле бооруң ооруба!
Айдаган колго асылба,
Ушул акыл, баатыр, саа,
Аябагын аскерди,
Каршылык кылып катылса!
Атан, туйбай жай калды,

Сага акыл айтууга.
Жоонун мезин алдында,
Майтарганың майтарган,
Жүрөгүн мурун үшүтүп,
Кайтарганын, кайтарган.
Саламат барып, сак келгин,
Сагындырбай бат келгин,
Сен келгннче Гүлайым,
Катынынча Багыштын,
Капасы жок жүрөт — деп,
Эл айтканча өлөйүн.
Качан болсо бир өлүм,
Караңгы жайга жөнөйүн.
Карыган ата-энеңди,
Кадырлап багып турайын.
Чылбырыңдан кармабай,
Оолагыраак турайын.
Каргаша катын деген кеп,
Карылардын нускасы,
Ага амал кылайын.
Алып келчи колуңду,
Өмүрлөшкөн жубайым.
Барар жериң түндүктө,
Кутпаны* алгын маңдайга.
Бүткөн боюң, мууңуңа,
Кубат берсин кудайым».
Кеп ушуга келгенде,
Багыш жөнөй бергенде,
«Жакшылык болсун Багышка,
Жамандык болсун ташка» — деп,
Оодарып канча таштарды,

Кайкып басып Гүлайым,
Аялдык милдет аткарды.
Ал аңгыча чыгыштан,
Сүрүп чыкты таң атып.
«Уулуң болбой кетти» — деп,
Кайненеси Сүтүкөгө
Гүлайым барып ал айтып,
Сүтүкө барып Байга айтып,
Бай ыйлап үйдө бакырып,
Бар жедигер шашылып,
Жедигер эли жаталбай,
Эр Багыштын артынан,

Баарысы жүрдү чубашып.
Келе берсин жедигер,
Буларды кое туралык.
Эл намысын кылам деп,
Жалгыз кеткен Багыштын,
Баатырлыгын угалык.
Аттанганча ашынып,
Бастырганда шашылып,
Анык тулпар Суркийик,
Араандай оозу ачылып,
Жолум үйдөй ак көбүк.,
Жол боюна чачылып,
Төрт туягы тийген жер,
Кемегедей казылып,
Аркасынан чыккан чаң,
Жөө тумандай жазылып.
Ала качып алкылдап,
Чырактай болгон эки көз,
Маңдайында жаркылдап.
Чимириктей дирилдеп,
Жал-куйругу бириндеп.
Төрт аягын тең таштап,
Качкан элик баштанат.
Алты кабат ан, келсе,
Туягын какпай арыштап,
Так секирип жейрендей,
Суркийик кетип баратат.
Ооздук тиштеп, тил чайнап,
Кулжадай болуп, көз жайнап,
Эр канаты Суркийик,
Эңиште колу сайылып,
Өрдө көөдөн жайылып,
Кайталда жалтаң таш келсе,

Туягы койбойт кагылып.
Ырысына Багыштын,
Туулган малы табылып.
Чындап сыза бергенде,
Көзгө илинбейт Суркийик,
Ак-карасы таанылып.
Эр көкүрөк эр Багыш,
Тышынан суптар* кийинип,
Атына окшоп калыптыр,
Кара жанын аябай

Катуулап жүрүп алыптыр.
Таң аткыча басканда,
Сегиз күндүк калмакка,
Түшчүлүк жолу калыптыр.
«Калмакка түштө жетем — деп,
Болокшуп атым кетер — деп,
Королдой менен сайышып,
Алым келбей баратса,
Суркийик күлүк турбайбы,
Жеткирбей качып кетем» — деп.
Өзү тердеп суу болуп,
Бүткөн бою жуурулуп,
Бучкагынан Суркийик,
Тамчылап тери чубуруп.
Ойкуштанып алактап,
Арам өлгүр токтобойт,
Чылбыр чоюп суурулуп.
Дем алып тулпар сийдирип,
Ондонул Багыш кийинип.
Баса минип Сур атты,
Баатыр Багыш чуратты.
Күн бешимге жеткенде,
Күлүк Сурду ойнотуп,
Калмакка Багыш жетти эле.
Астына малды айдатып,
Кара малды сандатып,
Аркада калып Королдой,
Кийик* атып, уу чачып*.
Адырдан аркар карматып,
Бурушунан бугу атыш.
Текесин таштан сулатып,
Кара нээт түгөнгүр,
Котчуларын* кубантып.
Айдаган малы алты миң,
Жүргөн экен арада,

Арбын малды чуулдатып.
Жылкылар барат дүрбөшүп,
Уйлар барат мөөрөшүп.
Төөлөр барат тартаңдагт,
Эчкилер таштан секирип,
Койлорду суудан кечирип.
Кеңири жерге барганда,
Багыш барды жетишип.

Королдой ким таанылбай,
Мал менен көзүн ачкан эр,
Малды көрүп туралбай,
Тулпардын оозун буралбай.
«Багыштап» өзүн чакырып,
Жез деолбасты карс уруп,
Алдын тосту көп малдын,
Кайра үркүтүп жаңырып.
Доолбас үнүн укканда,
«Багыштап» ураан чыкканда,
Мал айдаган миң калмак,
«Алда кандай болду» — деп,
Булар калды астаңда.
Мурун далай олжо алын,
Мындай малды көп алып,
Миңден малды жеп алып,
Келе дебей эл барып.
Эркин жүргөн көп калмак,
Тегеректеп Багышты,
Крлдоруна найза алып, -
Сая турган баштанып.
Чакчайышып барганда,
Жетисуу жерден айрылып,
Зордук менен бураткан,
Жол азабын кеп тарткан,
Жедигердин көп .малы,
Жылкы баштап алдында.
Уй менен төө кошулуп,
Чуркураган кой, эчки,
Кыр-кыр ылдый жошулуп.
Киши айдаган немедей,
Чычкак улак калбастан,
Айбан да болсо кайран мал,
Кайра чубап жөнөдү.
Калмактар малга карабай,
Өңөргөн найза карагай,
Өчөшкөн бойдон бул иттер,

Багышка колун салалбай.
Тегеректеп курчашып,
Калмактан миңи барганда,
Жаңы баатыр Багыштын,
Жанында болбой арманда.
«Ырайым кылба жоого» — деп,

Гудайымдын антканы,
Эсине түшө калганда.
«Жалгызсыитып калмактар,
Жардаганын көрчү — деп,
Королдою кайсы экен,
Билейинчи аны» — деп,
Багыш мунтип айтат кеп:
«Таталаган калмактар,
Кара нээт акмактар.
Чык бөлүнуп жекеге,
Королдой деген баатыр жан.
Королдойдон башкаңа,
Багыш менин кебим жок.
Калган калмак силерди,
Кадикке алган жерим жок!
Королдок кайсы?» — деп,
Кайран Багыш айтканда,
Карагыт деген бар эле,
Королдой менен курбалдаш,
Баатырсынган жан эле.
Бөлүнүп элден Карагыт:
«Королдойду  чакырган,
Ким да болсоң кебимди ук!
Королдой бекер ал эмес,
Сөөдүрөгөн сендейге,
Беттеп барчу жан эмес!
Чакырдын ураан айкырып,
Багыш, Багыш, Багыш — деп,
Багыш деген ким эле,
Барбаңдайсын, тим эле.
Королдой жок бул жерде,
Мен Карагыт жараймын,
Ким да болсоң сага эле!»
Карагыт кебин укканда,
Багыш айтат ал чакта:
«Атың болсо Карагыт,
Атым Багыш сен да ук!
Убара болуп сен үчүн,
Найза кармап жүрбөймүн.

Королдойдон башкаңды,
Бучкагыма илбеймин!
Карагыт, сени билбеймин,
Кара нээт мен эмес,

Кара аскер сага тийбеймин!
Карандуу кишиң Королдой,
Кайда болсо тааи кел,
Талкалап башын ийлейин!
Кутурупсуң, калмактар,
Кужулдаган акмактар.
Эсебин малдын алайын,
Эңсеңди* жара чабайын!
Королдойду өлтүрүп,
Эбиңди анан табайын!»
Деп куулөнүп эр Багыш,
Опурулуп күүлөндү,
Лана мындай сүйлөндү:
«Кумарсыңбы, Карагыт,
Атымды сурап билгенге?
Жедигермин, атам Бай,
Өзүмдүн атым эр Багыш,
Эрдик атым чыгарам,
Калмакты сайыш мен алам!»
Багыш мындай дегенде,
«Бучкагыма силерди
Теңебеймин» — дегенде,
Карагыт катуу арданып,
Адатынча кара нээт,
Колуна найза карманып,
Качырып кирди каарданып.
Түпөксүз каскак найзачан,
Качырып калмак бараткан,
Бала баатыр эр Багыш,
Камданып турган астырттан,
Карагытты сайдырбай,
Калмакка найза салдырбай.
Как өпкөнүн тушунан,
Каятара коюп өттү эле.
Калдаңдаган Карагыт,
Калпактай кетти ал ыргып.
Карагыттын иниси,
Качырып кирди чыңырып.
Кайран Багыш кулатты,
Калын төгүп кууратты,
Найза менен бир уруп.

Менменсиген калмактар,
Арт-артынан туралбай,

Чыга берди чубуруп.
Кантесиң жалгыз дегенсип,
Бара берди дардаңдап,
Чыкканы тирүү калбастан,
Өлө берди тыртандап.
Карагыттын артыыан,
Так элуүнү эр Багыш,
Күн батканча жайлады.
Кара түпөк* найзасын,
Кызыл канга чыктады.
Эми калмак чыга албай,
Бирине бири ыктады.
Багыш карап турбады,
Эрдемсип калган убагы.
Кылычын кындан сууруган,
Алдындагы Суркийик,
Теминип койсо ыргыштап,
Кайберендей чурады.
Котолоп караан көп болуп,
Чогулуп калмак топ болуп.
Тобуна кирди  аралап,
Баш аламан сулатып,
Барганда беш жүз калмакты,
Жөөлөтүп аттан кулатып.
Чыдабай калмак Багышка,
Калганы качты чубашып.
Көшөрүп кууду эр Багыш,
Суркийикти чуратып.
Эрте менен күн чала,
Нак миң калмак кеми жок,
Атчан калган бири жок,
Королдойдун кошууну,
Теңи өлүп, теңи жок.
Ээн талаада Багыштын,
Эми жатып алар эби  жок.
Жедигерге  каралап,
Чубаган малдын артынан,
Адыр, тоону аралап,
Бөлүнүп калган барбы — деп,
Көзүн жумшап баратат.
Өргө чыкпай жол менен,
Өөндөп кетип баратат.
Жон, адырды, текшерип,

Жондоп кетип баратат.
Королдойду көрсөм — деп,
Болжоп кетип баратат.
Минди өлтүрүп бук чыгып,
Ачуусу мунун тарабайт.
Эр көкүрөк түгөнгүр,
Өлөмүн — деп — санабайт.
Сөз кезегин берели,
Эми Королдойго келели.
Кийик атып адырдан,
Аркарын атын катуудан.
Аюусун атып аңынан,
Башчы болгон Королдой,
Тамаша кылып, тоо бойлоп,
Салкынды самап, суу бойлоп.
Сап* жаракчан миң киши,
Салып кетип баратса,
Жедигерден алган мал,
Киши айдаган немедей,
Жабалактап келатат.
«Калмактар уктап калганда,
Качкан экен бу мал» — деп.
Королдой байкап караса,
Айгырдын баары аркада,
Мойнун жерге салыптыр,
Аркада бирөөң калтырбай,
Бөлүнтпөй айдап алыптыр.
Букалары күлчүңдөп,
Инектерди* сузгүлөп,
Туруп калган кемесин,
Мүйүзү менен түрткүлөп.
Оттотуп уйду тургузбай,
Булар да айдап алыптыр.
Бууралар чуркап далпылдап,
Өркөчтөрү салпылдап.
Айбат кылып төөлөргө,
Эриндери шалпылдап.
Башын силкип жиберсе,
Азуулары шакылдап.
Алар да айдап алыптыр.
Кочкор, теке коркурап,
Кой, эчкиден бөлүнсө,
Мүйүзү менен койгулап,

Жети сууну мекенсип,
Бол жетели дегенсип.

Кочкор маарап коркурап,
Адашып калба дегендей,
Соолуктар* маарап чуркурап.
Каңгаал ирик, эркечтер*,
Чөп үзбөстөн жол баштап.
Чубуруп барат бүткүл мал,
Караса аны байкастап.
Королдой көрүп бакырып,
Миң жолдошун чакырып:
«Жедигердин малын тос,
Качырыптыр калмактар,
Иш билбеген акмактар.
Айдап малды алалы,
Аларга ишим далай  бар!»
Деп Королдой тостурду,
Тоскон калмак миң болсо,
Малдын саны алты миң,
Каптап кирди тостурбай.
Мылтык атып, тарс коюп,
Доолбас урул, тарс коюп.
Жылкыны тосуп кайтарса,
Ача туяк кара мал,
Каптап кирди тостурбай.
Уюменен койлору,
Тосконуна болбоду.
Көздөрүн жуумп алышып,
Башын жерге салышып,
Чубаганды ташташып,
Баары кирди жарышып.
Жылкыны тоссо калмактар,
Ал жылкынын ичинде,
Төл малынан Багыштын,
Аккызыл деген айгыр бар.
Калмактан алты немесин,
Антара тартып атынан,
Жеп болуптур кайран мал,
Бууралар жеп беш киши,
Букалар сүзүп үч киши,
Мал колдуу он төрт киши өлдү,
Мындай ишти  ким көрдү?
Калмактар малды тосо албай,

Ар жактан Багыш жете албай,
Антип жаткан учурда,
Жедигер эли жетишти.
«Мал качыптыр жерге — деп,

Көрүнбөйт Багыш кайда?»— деп.

Барган менен жедигер,

Карап турду четтерээк.

Сургийик менен алактап,

Эки жагын каранып,

Ээрди, мурдун жаланып,

Багыш жетти гр жактан.

Жедигерди көргөндө,

Жетине албай барпайып,

Көргөндө Бай атасын,

Баатырлыгым билсин — деп,
Барып турду дардайып.

Ачуусу жанбайт Багыштын,

Ант ичкендей саргарып.

Айгыр, бука, бууранын,
Кочкор, теке малдардын,
Кызматын көрүп таң калып.
«Айбанча болбой, жедигер,
Кап!» — деп оозун карманып.
Кантер айла табалбай,
Калмактар калды сандалып.
Каары катуу Королдой,
Багышты көрүп арданып:
«Олжого алган малымды,
Жандырган Багыш турбайбы!
Жедигерди жардатып,
Жыйган Багыш турбайбы!

Мал айдаган кишимди,
Кыргын Багыш турбайбы!
Кылгылыкты калмакка,
Кылган Багыш турбайбы!
Олжо малды кайтарып,
Алган Багыш турбайбы!
Эркексинип беттешип,
Келген Багыш турбайбы!
Адырайган Багышты,
Аңтара сайып албасам,
Жедигерге барбасам,
Бу дагы бурут кыргыздан,
Бооз катынын жарбасам!
Ичер суюга зар кылып,
Ит ордунда кылбасам.
Королдой атым бекер — деп,
Көп жыйылып жедигер,
Келген экен баарысы,

Кырып ийип тынбасам!»
Кыялында бул болуп,
Кыйгактуу найза карманды,
Кыйкырыгы баш жарды.
Королдой сайыш баштады,
Корсодойдон эр Багыш,
Коркуп андан качпады.
Акылы шашып апкаарып,
Асили Багыш шашпады-
Бир жедигер, бир калмак,
Маңдайлашты эки дөө.
Жедигер, калмак элдери,
Маңдай, тескей дөбөдө.
Өлүм жагын ойго албай,
Жаман кирди бул экөө.
Өчөшүп кирген баатырлар,
Кими коркок, ким чоркок,
Элдер байкап болжолдойт.
Найзадан жалын от чыгат,
Далай жерде баатырдан,
Бул экөөндөй жок чыгат.
Мындай болсо баатырлык,
Бастырып жоого ким чыгат?
Көрүнбөй калды бул экөө,
Топурак учуп, жер чаңдап!

Бакырык чыгат, угулат
Чыкыроондоп үн чыгат.
Үндөрүнөн сүр чыгат,
Элдер карап турушат,
Кимисинен чыр чыгат?
Найзанын үнү такылдайт,
Балтанын үнү чакылдайт.
Күүгүм кирсе от күйүп,
Жердин бети жаркылдайт.
Анда-санда алардын,
Айкырыгы угулат.
Айкырык үнү чыкканда,
Топурак учуп буркурайт.
Жедигерби, калмакпы,
Элдин бири чуркурайт.
Чыңгыш кандан кат алган,
Королдой баатыр аталган.
Балакеттүү баатырга,
Багыштан башка ким чыдайт?!
Түн ичинде жылдыздап,

Учкан оттор жылтырап.
Кезектешип атышат,
Кездеп жааны тартышат-
Кулак мээни тундуруп,
Жебенин огу чыркырап.
Таң атын чыкты аңгыча,
Таң шамалы зыркырап.
«Шерменде кыла көрбө» — деп,
Атасы Бай Багыштын
Ыйлап турат буркурап.
Туш-тушунан үн салын,
Торгойлор турду чуркурап.
Жан-жаныбар кыбырап,
Кара каш торгой быжырап.
Күн көрүнүп жаркылдап,
Жер жайланып жымыңдап.
Күндүн мурду чалганда,
Күркүрөгөн Королдой:
«Жедигердин Багышын,
Жер бетине койбоюн,
Жалмап муну коеюн»,
Деген ойго батканы.
Жалаң кылыч колго алып,

Жайылданды түгөнгүр,
Жаш Багышты чапканы.
Кылычын капыр шилтеди,
Кылычын көргөн ким-кимдер,
Кара жандан түңүлдү.
«Кыямы эми келди — деп,
Кайран Багыш сүйүндү.
Найзадан кылыч кыска — деп,
Каза жетти итке — деп,
Өзүнө берип кайратты,—
Жазбай Багыш тикте» — деп.

Кара түпөк найзаны,
Кайран Багыш ыргады.
Каалгадай калмакты,
Как жүрөккө бир сайды.
Көөдөнгө найза жеткени,
Чарайнасы чатырап,

Чыдаштык бербей темир соот,
Талкаланып кетти эми.
Төбөңдөн тийген чоң калмак,
Аркасына чалкалап,
Томорулуп тоо кулап,

Жыгылып жерге түшкөндө,
Салмагынан капырдын,
Кара жер далай солкулдап.
Королдой өлүп шор катты,
Кутулуп кетем дегенсип,
Калган калмак эл качты.
Калмактар качкан тарабы,
Бир жагы өзөн суулуу сай,
Бир жагы кырка тоосу бар.
«Жедигерди тийбе — деп,
Тим киши мында кирбе» — деп,
Калмакты тоого чыгарбай,
Кайран Багыщ тосоттоп,
Түздү карай айдады.
Экөө калган жашышып,
Кыян жеген бир аңда.
Калганын такыр жайлады,
Калмак алган башында,
Жедигерден олжолоп,

Алты миң малдын саны — деп,
Эки миң атты аа кошуп,
Эр Багыштын доору — деп,
Жедигер малды айдады.
Жалгыз атты бирөөгө,
Соогатка Багыш бербеди.
«Жедигерге чыгымсыэ,
Шаар салып бербесем»,
Дегеи ойго келгени.
Жетисуунун кующка,
Залкайган ойдуң булуңга,
Шаарга ылайык экен — деп,
Шаар салды ушуга.
Отуз миң үйлүү баткындай,
Ойноп, күлүп жат кындай.
Шаар бүттү үч жылда,
Намыс кылып эр Багыш,
Элден чыгым аларга.
Урушарга жоо таппай,
Узак сапар кыларга.
Ушинтип турган убакта,
Табылды уруш буякта.

**ЧАПКЫНЧЫ БАКА МАНЖУУНУН ЖЕР ЖАЗДАНЫШЫ**

Эки  калмак эбин таап,
Жашынып калган бир аңга.
Караңгыда качышып,
Тентип кетип жол таппай,
Барып калган бир жайга.
Үч жыл өттү жан бакты,
Королдойдун жерине,
Өздөрүнүн элине
Эми булар кайтмакчы.
Бар көргөнүн, билгенин
Элине барып айтмакчы.
Жердеген жери Королдой,
Кең Эртиштин бою эле.
Жедигерге барам — деп,
Аттанып кеткен Королдой.
Төрт жыл келбей койгондо,
«Жедигерди каратып,
Жаткан экен баатыр» — деп,
Калмактардын ою эле.

Азып калган баягы,
Эки калмак жанагы,
Чамасы төрт жыл болгондо,
Арып, чарчап барганы.
«Королдой баатыр баш болгон,
Калмактын баары өлдү» — ден,
Элине кабар салганы:
«Жедигердин элинен,
Багыш деген чыгыптыр.
Баатырлыгы чын экен,
Жаандан* ашкан тын, экен.
Башка балта карматпай,
Маш экен найза сайышка.
Миң кишиче бар экен,
Жалгыз өзү чабышка.
Баатыр болбойт андай» — деп,
Мактап барды калмакка.
Королдой калмак Эртиштик,
Эли-журтту ээрчитип,
Арыз кылышты Чынгышка,
Эртиштиктер келишип.
Чыңгыш угуп кабарды:
«Баш көтөрүп жедигер,

Балакет болуп калганбы?
Же бул айтканы жалганбы?
Бул айтканы чын болсо,
Кыргыздан чыгат деди эле,
Манас чыгып алганбы?
Манас атын которуп,
Багыш коюп алганбы?
Жиберейин  анда — деп,
Бир чонураак балбанды»,
Оюиа Чыңгыш алганы.

Узү манжу эли эле,

Атын Бака дээр эле.

Ачууланса ал манжу,

Чекесинен калмакты,

Талап алчу кээ кээде.

Жөн жүрбөс Бака манжууну,

Жибермек болуп Чынгыш кан,

Атайлал ага кат жазды,

Чабарманды атказды.

Чыңгыш кандан кат алып,

Чабарман жүрүп бат барып.

Катты окуп эр  Бака,

Бастырды чочко аттанып.

Манжу менен калмактан,

Үч мин, беш жүз кол алып.

Атанып элге чыга элек,

Өзүнө теңдеш баатырдан.

Ылгап туруп үчтү алып,

Чыңгышка барбай кылчайып,

Бака манжу ойго алып:

«Жедигерди колго алып,

Өзүнө кайра тийейин.

Мен Чыңгышка кол салып»,—

Деп ойлонуп жөнөдү.

Барган менен Багышка,

Ойлобойт Бака өлөрдү.

«Мени Чыңгыш жумшайт» — деп,

Ого бетер көгөрдү.

Жолун көрүп келдиң — деп,

Жолу каткан баякы,

Шорлуу эки калмакты,

Баштатып жолду айдатты,

Күндү күнгө улады,

Күнү тыным албады.

Түптү түнгө улады,

Түнү тыным албады.
Ошондой жүрүп олтуруп,
Жедигерге барганы.
Күнүш-Булак көрүүгө,
Жетисуунун болжолдуу,
Чыгыш жаккы чегинде,
Түшүрүп колду жатканы.
Күмуш-Булак көрүүгө,
Калдайган кошуун келди — деп,
Багыш кабар укканы.
Ким экен анык билгин — деп,
Эки киши жумшады.
Жедигерден баргандар,
Колунда каты бар туруп,
Жүрөгү тайкы жамандар,
Колго кирип баралбай,
Колдон кабар алалбай.
Күндүзү болуп жонжондо,
Түндөсү кокту, колотто.
Беш күнү жүрсө белбелде,
Бир күнү кармап алышты,
Ат кайтарган бир неме.
Жедигерден баргандар:
«Кана, кимсиң, кебиң сал,
Кайдан келген элсиңер?
Не жумуштап келдиңер?
Эл башчысы кимиңер?
Келипсиңер бул жерге,
Бар эле кимде кебиңер?
Арбын кошуун экенсиң,
Жедигердин элинде,
Же бар беле ичте кегиңер?

Кайсы жактан келдиңер?»—
Деп сурашып турганда,
Ат кайтарган кеп айтат:
«Сурасаңар менден кеп,
Манжуудан Бака биздин бек.
Эртиштеги калмактан,
Королдой келген башында,
Мен дагы кошо келгемин,
Тартуугa далай мал алдык,
Колун, менен бербедиң,
Кол салып чаап алганбыз.
Арага элчи барганда,
Кыр көрсөттүк аларга.

Келер жылы келебиз.

Сулуу келин, кыз камда,

Арзыбадык биз малга.

Арадан он күн  өтө элек,

Эртишке калмак жете элек.

Жедигердин эр Багыш,

Сур ат менен ал барып,

Эки миңче киши элек,

Эки бөлөк чаап алды.

Жедигердин малына,

Эки миң атты кошо алды.

Королдойду кор кылды,

Калган элге шор кылды.

Калмактын бегин жайлады,

Малын кайра айдады.

Королдойду баш кылып,

Нак эки миң кишини,

Баатыр Багыш кыргандa,

Бизге да өлүм келерде,

Далдаландык экөөбүз,

Кыян жеген кемерге.

Караңгыда качыппыз,

Келген жолдон азыппыз.

Жат жерде жүрүп жан бактык,

Жылы төрткө толгондо,

Эртишти акыр биз таптык.
Эртиштик калмак элдери,
Чыңгыш канга ара берди.
Жедигерди чапкын — деп,
Манжуулук Бака дегенди,
Жедигерге жиберди.
Манжу Бака бегибиз,
Бака менен төртөө бар,
Бели катуу эрибиз.
Уксаңар ушул кебибиз».
Калмак кебин бүтүрдү,
Булар кепке түшүндү-
Жедигерден келгендер,
Калмак менен сүйлөшүп,
«Кете бер, калмак» — деп коюп4
Жөноп кетти жүр — дешип.
Жокту таап алгансып,
Тоо томуруп салгансып,
Багышка барып кеп салып,
Байкап Багыш аңкаарып:

«Барбасаңар чоңуна,
Түшүптүр калмак колуңа.
Эч болбосо калмакты,
Мында ала келбей!» — деп,
Ал экөөнү жемелеп.
Кабар кылды эр Багыш,

«Жедигер элин келсин» — деп.
Эл башкарган кишисин,
Калтырбастан бирисип,
Келтирди чоңун баарысын.
«Чогулуп келдиң, жедигер,
Тегеректеп келиңер.
Багыш баатыр кебим бар,
Жедигер аман сен турсаң,
Эминеден кемим бар?
Бака манжу келиптир,
Жедигер, муну билип кал!
Күмүш-Булак керүүдөн,
Мундан кабар мен алдым.
Аскер жыйнап, эр топтоп,
Шаарга мурда албапмын.
Баканын колу көп окшойт,
Кошуун жыйып алалы,
Колдоп биздер баралы.
Коржоңдогон манжууну,
Койбой талап алалы,
Кордукту ага салалы!
Уруш болсо эр өлөт,
Эки жактан тең өлөт.
Королдойду алганда,
Жалгыз алдым тебелеп.
Керекке жара, жедигер,
Эки күндөн калбасын,
Санаты беш миң кол курап,
Карап жатпай камыж же!»
Багыш муңдай дегенде,
Дүрбөлөңдөп жедигер,
Эки күндө так болду.
Беш миңден саны кемибей,
Жедигер колу сап болду,
Беш миңге саны бат толду.
Уруш көрбөй өскөн журт,
«Жоону Багыш сайбайбы,
Олжонун алдын алсак» — деп,
Өзү барган чубуруп,

Жыйылып келген элинен,
Кишиден киши тындады,
Так беш миңди ылгады.
Карысы жок жашынап,

Качпан балта чапчуудан,
Чологу жок сагынан,
Чокуга чокмор чапчуудан.
Ийриси жок түзүнөн,
Эл ичинде күчтүүдөн.
Өпкөсү желдүү жеткирден,
Эңишип калса жоо менен,
Найзага илип кетчүүдөн,
Мылтыкка андес кылынан,
Өзү шайдоот тыңынан.
Улакка чыйрак ыктуудан,
Оозго кирген мыктуудан.
Урушту көрсө урунган,
Өзүнчө туруп жулунган.
Урушту көрсө сүйүнүп,
Өзү чаап чыкчуудай,
Мындай ишке шыктуудан.
Жедигердин эр Багыш,
Аскер алды кол жыйнап.
Эр Багыш салган жаңы шаар,
Аскерге толду жер жайнап,
Чарайна, соот* жамынып,
Далылуунун баарысы,
Үстүнө калкан* тагыпып.
Туулга кийип башына,
Тулпар минип астына.
Камынып булар жатканда,
Жедигерден кутулган,
Атчылар айтып барганда.
Бака манжу бакырат,
Баатырларын чакырат:
«Атчылар келип муну айтат,
Жедигердин эки адамы,
Келип кетти — деп айтат.
Азы, көбүн элиңдин,
Билип кетти окшонот.
Үстүңө келип калбасын,
Сенден арбын кол топтоп.
Ат-атыңды кармап ал,
Атынды токуп даярдан.
Жолдон угуп мен келдим,

Шаар салыптыр жаңыдан.
Шаарын талкан кылалы,

Каарым келсе мен Бака,
Калк жедигер чыдайбы?
Билбеген мени киши жок,
Бака манжу,— деп угуп,
Бир жакка качып чубайбы?
Шаарына жетип баралы,
Шаани-шөкөт иш кылып,
Чай кайнатып, бээ союп,
Кол куушуруп, жол тосуп,
Келип калса жедигер,
Кечирим кылып салалы.
Эндекей шаар, бекер эл,
Ошондо жердеп калалы.
Аттангыла ылдам — деп,
Шаар менен бул жердин,
Он эки күндүк арасы,
Үч күндөн калбай баралы.
Чокчондосо жедигер,
Калмактай көрүп манжууну,
Чокусун жара чабалы.
Сулуу катын, кыздарын
Соогага алып тыналы.
Сайсөөгүнөн жедигер,
Өлсө кеткис кылалы.
Бадакшан, Балык короолош,
Баарысын чаап алалы.
Болгун, манжу, болгун!» — деп,
Мойноп Бака бакырып,
Калмак менен манжууну,
Катар баарын жапырып:
«Эл аралап барганда,
Кетпегиле чачылып.
Жакындашып калдык — деп,
Кол куушуруп, жол тосуп,
Келип калса жедигер,
Койбогула сыр айтып.
Комбоосунуп* сурданып,
Тышыңардан курчанып,
Жарамат* кылып келгенге,
Жакшы айтпай, чорт айтып,
Жакындатпа жаныңа.
Андай ишти кылганың,
Таарынбагын сен мага!»

Деп тапшырып эр Вака,
Манжууну айдап жөнөдү.
Күмүш-Булак керүүдөн,
Жер агарып, таң ата,
Үч миң беш жүз кол менен,
Келе жатат жол менен.
Коркуп кетип эр Багыш,
Тосот деген ой менен.
Ошол күнү таң менен,
Баатыр Багыш аттанды,
Беш миң кошуун жан менен.
«Шаарга аны киргизсем,
Заңкасын* элге тийгизсем,
Эрдигим менин бекер — деп,
Жеткен жерде жаздайм — деп,
Бадырек деп талкалап,
Кара жерге каптайм —деп,
Жай жаткансың, жедигер,
Урушту эми көрөсүң.
Баш булгап кайра качканык,
Манжуудан мурда өлөсүң!
Эл үчүн Багыш өлөмүн,
Эрдемсиген манжууга,
Бак салышып көрөмүн.
Жедигер бооң бек болсун,
Айтканым ушул кеп болсун.
Күмүш-Булак керүүгө,
Жай жайлоочу жериңе,
Келгенин көрчү манжуунун!
Кетенчиктеп качкынча,
Өлгөнүң жакшы бу көрө!
Он эки күндүк жолу бар,
Бутуңду чоюп, бел чечип,
Сен барасың уктабай.
Жооруп атың кетпеспи,
Минген атың жооруса,
Бооруңду Багыш жебесин.
Жүргүн, колум жүргүн!» — деп,
Күжүлдөп Багыш жөнөдү-
Салткелденин талаада,
Өзөнү саздак аралда,
Учурашты тал түштө,
Жер жайнаган манжууга,

Бака манжу балаага.
Элге болсо коркунчу,

Эрлерге кызык тамаша.

Үйдөй чокмор көтөргөн,

Төрт баатыр келет манжууда.

Жедигер эли муну  айтат:

«Манжуунун эли аз экен,

Арбагы бизден пас экен.

Баатыры төрт, заары күч,

Жаманыраак, түрү суук».

Бирок төрттү көрүп баатырдан,

Жедигердин деми сууп.

Жалгыз Багыш баатырга,

Төртөө турат манжууда.

Айлабыз кандай болор — деп,

Алсырап далай жедигер,

Өлүм жактын камын жеп.

Багышты ээрчип олжо алып,

Бай боломун бекер —деп,

Кайдан аскер болдум? — деп,

Кайгырганы акдан көп.

Балам жетим калат — деп,
Баласынын камын жеп,
Басып жүргөн андан кеп.
Катыным жесир калар — деп,
Башына кара салар — деп,

Жыл ашымды бергенде,
Жаңы эрден бирди табар — деп,
Үмүтүн үзүп жапынан,
Үлдүрөгөн мындан көп.
Оозуп  ачып күлө албай,
Өзүнчө муунуп өлалбай,
Шүмтүрөгөн мындан көп.
Карыды эле ата-энем,
Кар болуп калар бекен? — деп,
Катын, бала мейли — деп,
Ата-эненин камын жеп,
Антип жүргөн андан көп.
Дүйнө пороз кээ бири,
Бар эле оокат кеңири,
Жок болду эми кереги.
Дыкан эле катыным,
Ташка катып коер — деп,
Балан жерге катарбы,
Киши барбайт эле — деп,
Күпүрлүк кылган мындан көп.
Ата-эне, мал, пулум,

Катын, бала, бар дүйнө,
Баары мунун курусун.
Милдетин актап элимдин,
Аткарсам деп жумушун.
Эси бары жигиттин,
Эл журтунун камын жеп,
Эл ойлогон андан көп.
Жат душман ээлеп тепсетпей,
Өз элим ойноп, күлсө деп,
Жерин ойлоп ич ооруп,
Жер сактаган мындан көп.
Келген манжу, жедигер,
Маңдайлаша турушту,
Желегин жерге жапшырып,
Желпилдете астырып,
Капкайдан келген манжуулар,
Жедигерге кас чыгып,
Бака баатыр шашылып,
Манжууларга кеп айтат,
Баарың уккун деп айтат:
«Көрдүнөрбү карaанын,
Жедигердин адамын?

Үч баатыр манжу карап тур,
Кырыл салып тынайын.
Мындай эмес жедигер,
Кол куушуруп, кой союп,
Тосот деп алдын санадым,
Урмат менен кол тоспой,
Урушуучу немедей,
Турганын керчү жамандын!
Кужурум кайнап баратат,
Богум батпай ичиме,
Буулугуп калган убагым,
Буга өзүм барамын!»
Бака мындай дегенде,
Бакага жүргөн кырдуусуп,
Баатырлыкта тындуусуп,
Манжуудан бирөө бар эле,
Мына мындай деди эле:
«Бака баатыр, тура тур,
Мен барамын жекеге.
Багышын сайып кулатып,
Башынан багын туратып,
Аңтара сайып келейин,
Жедигерди чуулатып.

Олжону, Бака сен алгын,
Сенден кийин калгыча,
Сенден мурда барайын».
Деп бир манжу бөлүндү,
Бөлүнүп элден чыкканда,
Бүтүн жердин бетине,
Жан койбостой көрүндү.
Жазганбай элден жалтанып,
Көпчүлүктөн апкаарып,
Арта сайып ийинге,
Колуна балта карманып.
Койдой чокмор такымга,
Кыстарып алган кызталак,
Келип калды айталап.
Башка кирбей-оозуна,
«Багыш кел — деп бакырат.
Багыш калчуу эр эмес,
Башып катып бааналап.
Бастырып тулпар Сур атты,—
Багыш кетип баратат.

Бастыра түшүп кылчайып,
Элге Багыш муну айтат:
«Силерде асили болбосун,
Акылыңда кемиңер.
Түн ичинде манжуулар,
Аркасынан бөлүнүп,
Эл аралап барбасын,
Элге бүлүк салбасын,
Азыр болгун манжууга».
Акыл айтып ушунча,
Алактатып жөнөдү,
Багыш менен манжуунун,
Баатырлыгын көрөлү.
Караанга барган жедигер,
Багыштан башка бөлөгу,
Бастырып Багыш жөнөдү.
Күүлөп найза сундуруп,
Күүсү кулак тундуруп,
Качырышып жөнөдү.
Капталга найза урушуп,
Качышпастан турушуп.
Кайратты Багыш баштады,
Кадеми каткан манжууну,
Каңтара коюп таштады.
Калдайып барып жыгылды,

Кара жерди кучактап,
Кантип тирүү койдум — деп,
Башын кести кылычтап.
Сур тулпар минип майданда,
Багыш турду ыргыштап.
Дагы бири манжуунун,
Жаны ачып кабаарын,
Карагай найза карманып,
Караса өңү карарып,
Ушул дүйнө жалганды,
Ушалап салып тынчуудай,
Астын-үстүн кылчуудай.
Айкырык салып алактап,
Ат аябай далактап,
Жер айдоочу буурсундай,
Эки буту салактап.
Эки жагын каранат,
Койго тийчү бөрүдөй,

Эрди, мурдун жаланат.
Кош колдоп кармап найзасын,
Атынын башын бош таштап,
Буй кылчуудай ааламды,
Бурулбай жаман келе атат.
Муну көрүп эр Багыш,
Муруту мунун кырданып,
Манжуунун көруп караанын,
Мурункудай чыйралып,
Бузулуп өңү сурданып.
Четинден кылган найзасын,
Ченеп колго карманып.
Чендеп Багыш качырды,
Айбандан башка бөлөкчө,
Суркийик кулак жапырды.
Сайдырбай найза кагышты,
Жана имерип сайышты,
Жандан тойгон немелер,
Жана айланып салышты.
Сайышты манжу баштады,
Салакалуу Багышты,
Сайып кете жаздады.
Суркийиктен эр Багыш,
Оодарыла тас калды.
Оодарылып кетүүгө,
Көчүгү ооп аз калды.
Ооп барып оңолду,

Ойрон Багыш ойлонду:
«Оодарылып мен кетсем,
Жедигер ойрон болот — деп,
Оморуп белим коет — деп,
Ырайым кылбай манжуулар,
Аман койбой соет — деп,
Таталаган манжуудан,
Оодарылсам ушудан,
Кантип баатыр болом?!» — деп,
Кайраттанып алганы,
Сур атка камчы салганы,
Колунда четин найзаны,
Которуп бекем кармады.
Манжуудан келген баатырды,
Кайта айланып жангыча,
Кара каптал кабырга,

Как бөйрөктүн тушуна,
Кайран Багыш бир койду.
Багыш койгон оңобу,
Одурайган чоң манжу
Оодарылып жоголду.
Ордунан тура калгынча,
Ойротто жок эр Багыш,
Оро-пара чокуга,
Чоң балта менен бир койду.
Балтага мээси жабылды,
Этек-жеңге жайылды,
Буга да өлүм табылды.
Аркасынан бир манжу,
Удаа чаап камынды,
Үстүнө кара жамынды,
Алиги чыккан арамкор,
Кутурган иттей чамынды.
Маңдайында чочконун,
Канча найза тагы бар,
Эки көздүн ортодо,
Беш найза тийген калы бар.
Аркасында арамдын,
Айдар кара жалы бар.
Аскар тоодой карааны,
Далайды алган чагы бар.
Башына үкү сайышкан,

Койнунда бутка сыйынган,
Далыга калкан жамынган,
Белине чынжыр тагынган.

Чокмор кармап сен келсең,

Чокмору жок мен белем»,
Деген ойдо эр Багыш,
Бу да чокмор карманып,
Карап турду жедигер,
Эр Багышты жарданып.
Тынч элге бүлүк салдың, — деп
Мапжуунун элин каргашып.
Колтуктарын чоюшуп,
Чокмор менен коюшуп,
Акакташып солушуп,
Имерип чокмор урушуп,

Чокморго берип туруштук.
Туулгага тийгизбей,
Чокморго чокмор кагылып,
Чоюн чокмор кагылса,
От учуп жерге жайылып.
Дем алар  эмес ал экөө,
Бири өлбөй жан тынып.
Бешимде булар кез болгон
Сүрүп чыгып таң атып,
Эртеси күнү кеч болгон.
Уйкудан кошуун караптап,
Чыдай албай бaратат.
Чокморлошуп чабышып,
Эки баатыр чарчабант.
Карчалышып кармашып,
Карсылдашын карчашып.
Тоюп келер кейпи жок,
Эринбес манжу, эр Багыш,
Теги бирөө чарчашып.
Желжээрде менен Суркийик,
Жети катар аң келсе,
Жети аркан бою жар келсе,
Салт немедей түйүлүп.
Жарашыктуу аттары,
Жал-куйругу шүйүлүп.
Карап турган кайран эл,
Кара жандан  түңүлүп.
Боз кыроо болгон бир мезгил,
Жыгачтын баары гүл күбүн.
Манжуудан келген Эринбес,
Эр Багышка болду  кез.
Баатыр Багыш баш тартпайт,
Кайраты артык мунун тез.

Үч-төрт күндүк чабышуу,
Баатырларга кеп эмес.
Бадырек бетпак Эринбес,
Ичинде ойлоп бир кеңеш:
«Чокмор менен эмгиче,
Чокуга таамай чаба албай,
Кечирлерим керилди,
Бүткөн боюм эриди.
Аарчып алар чоло жок,
Маадайдан аккан теримди.

Жедигердин Багышы,
Баатыр экен, тың экен,
Эл багары чын экен.
Күчү мага тең келди,
Чокморду кысып такымга,
Найза менен саяйын,
Бөйрөгүнөн жарайып.
Бөлөк-бөлөк кызыл кан,
Мөлтүлдөтүп агызып,
Бул Багыштын эбин табайын.
Анда амал болбосо, тартышып калайын,  мага тең эмес,
Дайлап аны салайын».
Өлөмүн деп ойлонбойт,
Өлтүрөмүн  дейт Багышты,
Эринбес кастап алышты.
Чокмор кысып такымга,
Найзасына камынды,
Эрен Багыш ойлонду,
Билдим — деп,— эми алынды,
Эринбес найза алгынча,
Арстан Багыш найза алды,
Эринбес жетип сайгынча,
Камынтпай Багыш бир сайды.
Багыштан найза тийгенде,
Ээрден көчүк кыйшайды.
Аттын жалын кармады,
Өбөктөп өйдө болгунча,
Өөн Багыш көкжалың,
Найзаны таштап камынып,
Айбалта менен чочкону,
Аны-мына дегенче,
Ачып көздү жумгунча
Алты коюп өттү эле,

Оңолуп атка Минерге,
Эринбес алы калбады.
Кабылан Багыш барбандап,
Балтаны таштап жиберип,
Найзаны мыктап кармады.
Өбөктөп турган арамды,
Көчүлтөн  түрө сайганы.
Чылбыр чоюп Эринбес,
Томолонуп калганы.
Тоодой болгон чочкону,

Томолотту атынан,
Жедигер Багыш палбаны,
Каршы чыгар Багышка,
Калың манжу, калмакта,
Бакадан башка калбады.
Кеч кириптир аңгыча,
Майданга Бака барбады.
«Бака манжу келбеди,
Бар беле мунун бир кеби,
Аман бекен билем — деп,
Азырынча эл чети».
Бир пияла чай  ичпей,
Бир сындырым нан жебей,
Ардык алып бел чечпей,
Сүрүүчү таңды эр Багыш,
Сүркиниктин үстүнөн,
Түшпөй жүрүп сүргүздү.
Кабагым-кашым деп койбой,
Камаарабай жүрүштү.
Майданга келсе эр Багыш,
Келбеди Бака майданга,
Жибериптир бир киши,
Бака манжу арага.
Келген киши кеп айтат:
«Бака баатыр, Багыш саа,
Жиберди мени — деп,— айтат
Өрүн алсын эки күн,
Ат сергитсин эки түн,
Чарчап калган чагымда,
Сайып алды дедирип,
Майданга барбайм мен бүгүн.
Барсам Бака соо койбойм,
Сойбой кантип мен коем?
Өлгөндөрдөй эмесмин,
Бака манжу мен болсом,

Бир имерип сайышар,
Тамаша кылып ойносом.
Болбосо баатыр Багышты,
Карматпай найза сойлотом.
Тирүүлүгү канимет,
Эки күн жатсын элинде,
Анан келсин Багыш — дейт,
Өлө турган жерине.

Деди Бака баатыр» — деп,
Жөөлүп келди бир неме.
Кара тумоо болгондой,
Сөөрүп келди бир неме.
Ошондо Багыш баатырың,
Жаагы ачылып жабырап,
Жааган күндөй дабырап,
Жат алгандай шабырап,
Өзү чечен баатырга,
Кеп өзү эле табылат:
«Жөөлүгөн манжу, не дейсиң?
Жөндөп айтчы кебиңди.
Суудай төгүп каныңды,
Суутам, манжу демиңди!
Ардык алсын дедиң — деп,
Айла кылган жериңби?!
Же ал түндө манжуулар,
Качын кетмек кебиңби?
Турамып Багыш саламат,
Жибербестен жериңе,
Такыр төгөм жиниңди,
Тирүү койбой бириңди!
Айласы кетип Бакаңдын,
Корккондугу билинди.
Корксоң колуң куушуруп,
Үшүп калган кышында,
Таранчыдай шүмшүйүп,
Чубап келгин алдыма,
Антсен да кылбайым кечирим,
Кумармын, манжу, каныңа!
Не келет Бака бокту жеп,
Бейкут жаткан айлыма?!
Келип алып бул жерге,
Белдүүсү өлсө чыдабай,
Калыппы анан кайгыга?!
Үмүт кылба, манжуулар,
Кетем деп бириң айлыңа!

Жети ай минсем арыйас,
Суркийик тулпар алдымда.
Жети ай чапсам кылычты,
Желдеп күйөт билегим,
Талыкпас Багыш мен мына!
Күйүнөт экен чарчайт — деп,

Не келиптир ал мында?!
Мен кирбеймин угуп ал,
Андай адам калтаңа!
Келбесе Бакаң кечигип,
Жедигер элин жай коюп,
Билегим кызып желдедим,
Мен киремин чабуулга!
Бакаңа муну айтып бар,
Азыр болсун жанына!
Жайлоосу канган мал семиз,
Кулагы тынч эр семиз,
Күйгөнүн мага карагын,
Дем алсын деп бой сергип!
Нээтинде жаман кастык бар,
Баатырды жакшы семиз — деп,
Элиме келген тебелеп,
Калбаймын жоодон зеригип.
Чыкпасам бүгүн майданга,
Уктабай калам эригип.
Табына келген тулнарым,
Токтобой турат желигип.
Элимди кантип багамын,
Жоо сайыштан эринип?!
Корксо жалгыз келбесин,
Онук-жыйырмаң бир келгин,
Баарын, чогуу келсең да,
Жедигерди жай коюп,
Колуңа берем эсебиң!
Бака манжу кептенип,
Эңкейсе жөлөк эр алып,
Тарттырып эмгек эл алып,
Болбоймун Багыш атанып.
Жедигерди бул жерге,
Тамаша,  уруш, эр сайыш,
Көрүп кет — деп көөн ачып,
Жаш балдарын чогултуп,
Алып келип койгомун.
Баатырың Бака манжуудай,
Бул тургандан бирөөнү,

Урушка салсам оңбоюн!
Анда Багыш болбоюн!
Канатым чаап калкалап,
Кар жаадырбай коргоюм.

Каардап жаман кеп айтып,
Кардабаймын элимди.
Батыраак чык де жекеге,
Бабырагаӊ эриӊди,
Чымырканган чыйраксып,
Чыгарайын желиӊди!
Жетисууда жедигер,
Олжо алды калмак бир сапар,
Алы кайсы дедиӊби?!
Таардай бүктөп талкалап,
Сындырайын дедиӊби!
Башын катпай бат келсин,
Баштагы кеткен баатырым,
Көрбөй калам дебесин.
Бака качан келет — деп,
Ашыкпасын ал үчөө,
Эрмектешип жүрүшсүн,
Чогулушуп бар төртөө.
Далдаланып жатпасын,
Дем албай жаны тургандыр,
Сапарына аттансын.
Кечигип калбай эртеге,
Бүгүндөн калбай бат барсын.
Барбай Бака кечигип,
Алар коркуп калбасын,
Армансыз Бака камдансын.
Камсыз келип бул жерге,
Кабы ичинде калбасын.
Аянса алсын энесин,
Айта чыксын керээзин.
Алдырап келип камынбай,
Армандуу болдум дебесин.
Турбагын, киши, кайтып бар,
Менин сөзүм Бакага,
Төкпөй-чачпай айтып бар!»
Багыштын угуп өкүмүн,
Карай албай тик көзүн
Эсине сактап бар сөзүн,
Ылдамдата бастырып,
Ырас коркуп ашыгып,
Бакага барып бабырап,

Айтып турду жабырап.
Солкулдап үнү токтобой,

Ошондо турат калтырап.
Бурулуп тили кээ-кээде
Так айта албай булдурап,
Кайралбай кебин чулдурап.
Багышган коркуп Бакага,
Барып турду кулдурап,
Күдүңдөп сөгүп Бакага,
Жаш баладай кужураң,
Жанынан тоюп бул манжу,
Каны качып бетинен,
Кер сары болуп кубулду,
Баргандан баштап кеп салып
Зыр-зеберин калтырбай,
Баштан аяк бүт салып,
Кой эти бышым болгондо,
Калтырагы басылды,
Араң манжу эс алды.
Багыштын угуп бар келин:
«Көрчү мунун дегенин,
Айткан кебин күч кылап!
Жапшырайын бурутту,
Орду менен түз кылып!
Күн менен кошо батыр эш,
Козголгуз жерге жаткырам
Кара жолун катырып!»
Ушуну айтып күпүлдөп
Бар жарагын бүт алын;
Кара бойго асынып,
Багыштын айткан кебине,
Аябай жаны ачынып.
Ызырынып чачылып,
Буттай темир курчанып»
Бузулуп өңүн  сур чалып.
Сени деп оозун карманып,
Алдыңкы өлгөн үчөөңдөй,
Ойлойт экен мени — деп,
Аттанды Бака камын
«Барганымдан келиши;,!
Жакын болот менин —
Калмак манжу чуулашат,
Кайратыңа бали! — деп.
Кармап келип Багышты,
Мен кумардан чыкпаса

Боорун отко кактап жеп!
Ааламдан аны көчүрөм,
Багыш атын өчүрөм!
Өлүгүн өрттөп, боорун жеп,
Жүрөк май, бөйрөк майына,
Сом этинен кууруп жеп,
Жаагынан сууруп тилин жеп,
Жилигин чагын, чучук жеп,
Этин сандап бузуп жеп,
Шылынта башын бышырып,
Туздан ачуу куюп жеп,
Ич этиң быжы кылбасам,
Сүт ордуна өпкөңө,
Өз каныңды куйбасам!
Жаадыга* туурап сөөгүңду,
Ун тарттырып жебесем!
Өзүң эмес элиңди,
Өрттөп салып жериңди,
Жедигер тургай, Жетисуу
Өчүрбөсөм наамыңды!
Муштумдай чалма* калтырбай,
Майдалатам шаарыңды!
Кишиң тургай итиңди,
Аттырып таштап баарыңды,
Бүтүрөйүн ишиңди!
Кутурган экен жедигер,
Королдой баштап эки миң,
Эрди сайып алдым — деп,
Эки күндө үч эрди,
Эми сайып алдым — деп.
Алдыраба, жедигер,
Тойгуча бокту жедиңер.
Кылгылыкты кылайын,
Илип алып найзага,
Элиң кайсы сенин — деп,
Андан кийин сурайын!»
Кайырдан Бака бадирек
Жетип келди күжүлдөп.
Караса байкап турган эл,
Кара бою тоо экен,
Алдында өлгөн уч эрден,
Жалгыз өзү чоң экен.
Көрөр көзгө караса,

Көрсөтөм деп көргүлүк,
Айтары мунун оң экен.

Ар кандай киши капташса,
Мандайга бүткөн шор экен.
Күрүлдөсө бадирек,
Чагылгандай күрүлдөп,
Оозунан чыккан көк түтүн,
Жөө тумандай түрүлүп,
Жан бүткөндүн баарысын,
Жеп болчудай көрүнөт.
Кабагында каар турат,
Карашында заар турат.
Сүрөтү адам болбосо,
Сөлөкөтү тоо турат.
Жаактары тоонун чабындай,
Жаактарынын эргүлү*,
Кадимки жайлоо жануурдай.
Сакалы токой чериндей,
Эки каштын арасы,
Бээ байлаган көрүүдөй.
Күлгүндөп бети кара көк,
Күүгүмдөгү устадай.
Тосконду тозгок кылгыдай,
Тоздуруп салып тынгыдай,
Чаппай басса жыгылса,
Жүздөн киши кыргындай.
Көздөрү чуңкур ородой,
Колундагы чоктору,
Беш жүз кой батчу коргондой.
Кирпигинин бирине,
Ат байласа тургандай.
Эки беттин этине,
Эки бөрү, беш даңгыт,
Эркинче жесе тойгундай.
Колдорунун шадысын,
Комуруп алып түбүнөн,
Кары кылса болгундай.
Суусаганда бир жутса,
Жети суу какшып соолгундай.
Жедигер калды аң-таңга,
Киши көрүп ушундан.
Жедагер ойлойт мындай деп:
«Багышты кармап жеп кетет,

Бизге нөөмөт келгенде,
Качып мындан ким кетет?
Багышты байлап баратса,
Турсак да биздер өлөбүз,

Качсак да биздер өлөбүз.
Келбесе да алыбыз,
Жабылалы баарыбыз.
Чач, мурутун, сакалын,
Такыр жулуп салалык,
Чокусуна чыгалык,
Башына жаба чычалык.
Көзүнө сийип көпчүлүк,
Мылтык дары куялык.
Багышты тытып жеп болуп,
Биздерди терип болгунча,
Бирибиз тирүү калсак да,
Ушул ишти кылалык.
Аткан менен ок кечип,
Өткүндөй эмес сөөгүнө,
Сөөгү тургай этинен,
Терисин деле тешпейби,
Шектенип калдык бул иттен!
Карап турун жедигер,
Жерге окшотуп көрүштү,
Тоого окшотуп көрүштү.
Сөз аягы жыйылып,
Мойнуна алды өлүштү.
Караанын көрүп Баканын,
Өлүмгө баары көнүштү.
Үй-бүлөсүн көрүштөн,
Үмүттөрүн үзүштү.
Көрүнүп өлүм көзүнө,
Чекесин кармап шай кетип,
Кирпиктерин сүзүштү.
Тели-теңтуш сырдаштар,
Сыр жашырбас муңдаштар,
Бир курмандуу курдаштар:
«Бир өлөбүз баарыбыз,
Мен өлгөнчө аман тур,
Менден кийин өлгүн» — деп,
Кол беришип көрүштү.
Колун тартып алганда,
Көзүнүн жашын төгүштү,

Санаасын санга бөлүштү.
«Ээн калдың кайран жер,
Жетисуунун өрүшү,
Баса берет жеп алып,
Көмдүрбөстөн өлүктү!»
Деп буркурап ыйлашты,

Амалы барбы тургандын,
Кейитип жанын кыйнашты.
Бастырып чыккан Багыштын,
Баатырдын жайын айталы,
Андан кийин манжуунун,
Калкынын жайын айталы.
Суркийик сындуу ат минип,
Беш кабат темир тон кийип,
Белине саадак ок илип,
Баканы көздөп сүйүнүп,
Шымалап жекин түрүнүп,
Шаттанып чыккан Багышка,
Асманда турган күн күлүп.
Багышка жолдош болчудай,
Шамал чыкты дүрдүгүп.
Кайберендер алдырап,
Таштар кулап калдырап,
Толкуп суулар шаркылдап,
Каз өрдөктөр баркылдап,
Кара куназ, кек кытан,
Канаттары салпылдап,
Бүркүт шаңшып үн салып,
Чогулуп булут курчанып,
Жердин бети нурдалып.
Чечекей жайнап, гүл ачып,
Жымжырт болуп жер бети,
Көк шибер чыгып, чөп бышып,
Күздүн күнү болгондой,
Көрүндү көпкө ошондой.
Кабылан баатыр Багышты,
Манжу, калмак карады,
Жалгыз эмес Багыштын,
Бир миңче бар карааны.
Сан жылкы келе жаткандай,
Алдындагы Сур аты,
Аттанса Багыш элинен,
Жетисууда бардык жан,

Кубанганын карачы.
«Баатыр экен, тың экен,
Баатырлыгы чын экен.
Каныбызды төккөнү,
Катышкан экен буга» — деп,
Калмак, манжу элдери,
Карап турат кеңгиреп.
Калмак, манжу элдерин,

Каптап кыян баскандай,
Алоолонгон суу көрдү,
Агызып бара жаткандай.
Суудан чыгып болгунча,
Асман тиреп жалбырттап,
Жалын каптап алгандай,
Шумдук көрдү мамындай.
Арасынан жалындын,
Айла таап чыгалбай,
Качпайын десе айла жок,
От күйдүрүп чыдабай,
Нары-бери сүрдүгүп,
Калышты булар бир далай.
Тоолор кулап карсылдап,
Таштар басып калгандай,
Жер титиреп жарылып,
Түшүп кетип жаткандай,
Күн чагылып чартылдап.
Ызгаар болуп борошо,
Долу түшүп дабырап,
Аштыкты кагып жаткандай.
Шамал чыгып күрүлдөп,
Шагы айрылып теректин,
Тамдар кулап аткандай.
Алай-дүлөй калдырак,
Жез доолбас каккандай.
Үн чыккандай шаңгырап,
Жедигер каптап кетти - деп
Дырдыга түшүп алдырап.
Кулагы тунуп, эси ооп,
Тилден калган оорудай.
Эки көзү жалдырап,
Кан жүткүрүп өрөпкүп,
Караптап араң копкондой.
Мууну бошоп шалдырап,

Азыгы жок ат баспай,
Талаага конгон жолоочу,
Кейиптенишип салбырап.
Бүтүн туруп чапаны,
Жыртылгандай далбырап.
Каз турган кичик баладай,
Жыгылып кооп тамтырап.
Өңү кетип баарысы,
Кызыгы калбай кансырап.
Сүрүн көрүп Багыштын, деп,

Дал ушундай абалда,
Манжу, калмак эл турат.
Качырышты эки дөө,
Теминип атын камчылап.
Капталына тийгизбей,
Найзапып учуп киргизбей,
Киргизмек эле турмайлык,
Кайра-кайра каккылап,
Кагылган найза үндөрү,
Кулак мээни тундурат.
Найзанын күүсү күр этип,
Тоо көчкөндөй угулат.
Желмогуздай баатырлар,
Көтөрүп найза шилтесе,
Эки киши сапырган,
Кырманчалык чаң чыгат.
Тик карабай турган эл,
Жерге карап жазганат.
Карай калган кара жер,
Калыңдыгы болбосо,
Жарыла жаздап тас калат.
Ушундай беш күн сайышса,
Каран калган дүйнөнү,
.Калтырбай баарын талкалайт,
Андан кийин ким калат?!
Так сайышка чыдабай,
Чымдуу жерден суу агат.
Кара какыр чыдабай,
Шамал чыгат куюндап.
Шамал жок дүйнө жамжайкыт,
Топурак учат буркурап.
Бул зкөөнүн найзасы,
Кандай сонун чың жыгач?

Майтарылып учтары,
Мокок болду найзалар,
Жыгачы типтик жарылып,
Солкулдады найзалар.
Жалгыз эле найза эмес,
Андай жарак канча бар,
Найза сынса балта бар.
Курчу сынып мизинен,
Баканы Багыш эбин таап,
Чогонбаш менен бир салды.
Жарылып кетип томугу,
Талкаланып талкандай,

Күкүм болду бир саны.
Үзөңгү тебер алы жок,
Үксөңдөгөн чоң Бака,
Мурункудай чагы жок.
Ыргып кеткен колунан,
Чокмору колдо дагы жок.
Камынып кылыч алгынча,
Кайраттуу туулган эр Багыш,
Таза жаккы бутуна,
Чаап өттү аңгыча.
Эки буту жок калды,
Эми Багыш турбады.
Четинден кылган найзаны,
Ченеп колго кармады.
Кескен терек кептенген,
Орого суук Баканы,
Колтуктан нары муштады.
Толкуган Багыш эр неме
Тоодой болгон Баканы,
Тоңкойтуп жыгып таштады.
Кобо: калар буту жок,
Томолонуп жатканы.
Жедигерден элүүнү,
Нөөмөт менен жиберет.
«Токмоктол өлтүр Баканы,
Колуңа эми тийди» — деп,
Жедигердин балдары,
Аттуу келип тебелеп,
Укса укпаса элебей,
Жаман сөз менен жемелеп.
Челектей башын шишитип,

Тепкиге алып келишип.
Этек-жеңден алышып,
Үзөңгү боого салышып,
Элүү жигит жедигер,
Сүйрөтүп алып кете албай,
Күчү жетпей калышып.
Дагы алып элүүнү,
Жедигер саны жүз болду,
Жумушу эми күч болду.
Эки буту жок калып,
Томолок жаткан Баканы,
Сүйрөтөр айла болбоду.
Чылбырларын чыгарып,
Жоон санга байласа,

Чылбыр жетпей койгону.
Жедигердин балдары,
Багышты мындай ойлоду:
«Биздин Багыш эр экен,
Эр турмайлык шер экен.
Бул өңдөнгөн чочкону,
Сайып алыш турмайлык,
Караанын көрүш бул иттин,
Ал дагы бир кеп экен!»
Жыгып берген Баканын,
Чапанын чечип алалбай,
Же сүйрөтүп кетип калалбай,
Тырбандашып жедигер,
Анда Багыш айтат туралбай:
«Өзүнүн атын алып кел,
Сынган эки бутунан,
Сүйрөтүп алып атына,
Шаарга балдар барыңар!
Дабыратып жөнөдү,
Сүйрөттүрүп атына.
Көргөндө-калмак, манжуулар,
Баары качты жабыла.
Качпаганда ал канча,
Баатыры Бака баш болуп,
Төртөө өлсө алдында.
Жайылып манжу качканда,
Жедигердин элдери,
Аркадан кууп чапканда,
Баатыр Багыш бакырды

«Токто! — деп,— манжу
Жүрөктөрү балактап,
Багыштын үнүн укканда,
Чанагынан көздөрү,
Чыга жаздап алактап.
Ичинен анда бирөө айтат:
«Чогулуп качпай, тарап кач,
Чогултуп сени табалбас!»
Бириндеп манжу бөлүндү,
Жедигердин элине,
«Чыгарба четке муну!» — деп,
Багыш кылды өкүмдү.
«Камап туруп качырбай,
Четке чыккан немесин,
Секиртип белес ашырбай
Жыйнап келип алардын, акырды»,

Аты менен куралын,
Тартып алып буларын,
Жөөлөтүп айдап чубатып,
Урбай, сокпой тилдебей,
Шаарга, балдар алпаргын».
Ушуну айтып эр Багыш,
Айдатып барды шаарына.
Арзыбады жедигер,
Аты, тону, куралын,
Аларды олжо алганга.
Эки жылы кетирбей,
Жазда аштык айдатып,
Жайлай ылай жасатып,
Буларды койду чогултуп,
Чоңойтуп шаар салганга.
Кышында отун алдырып,
Көргүлүгүн көр кылып,
Жылаңач көтөн кылдырып,
Анан берди уруксат,
Кырк элүүдөн кеткин — деп,
Жериңди сактап кыдырып.
Калмактардан ал жерде,
Туруп калып канчасы,
Калды калмак бир тобу,
Мал кайтарып жан бакты.
Калып калган калмакка,
«Салт калмак» деген ат калды.

Бадакшан, Иран, Букарда,
Салт калмактын эли бар,
Камсыз болду жедигер,
Баатыры Багыш бели бар.
Андан кийин калмактар,
Деми сууп жатышты,
Жетисууга баралбай.
Эми каракалпак, түркмөндөн,
Кабарынан угуп ал.

**БАГЫШТЫН КӨҢТӨЙ МЕНЕН БЕТТЕШҮҮСҮ**

Жетисуунун бир чети,
Кайыпчынын Кара-Үңкүр,
Кадемден тартып бар Үңкүр,
Тогуз жолдун тоомунда,
Он эки жылга оозунда.

Отуз жолдун түйүнү,
Токсон шаардын ортосу,
Токтобой өтөт жолоочу.
Барып жерди көрөм — деп,
Баатыр Багыш барбайып,
Жан казанын байланып,
Барып калды дарбайып.
Барып Багыш караса,
Аттар жатат аралда.
Төөлөр жатат бадалда,
Кайберен жатат жапанда,
Аркары жатат адырда,
Эчки, теке, боз кийик,
Аралаш жатат ташында,
Бугу менен маралы,
Моюн алышып сазында.
Өрдөк менен каздары,
Буткул-буткул көлүндө.
Куланы жатат жайнаган,
Таш-Кыянын өөнүндө.
Аюулар жүрөт саксаңдап,
Чалкалаган төрүндө.
Бөксөдө бөрү, түлкүсү,
Көргөндүн келет күлкүсү.
Кара куназ тарбаңдап,
Кажырлар учат далбаңдап,

Кузгундары куркулдап,
Үн алышып сайраса,
Булбулдары чуркулдап.
Жарды бойлоп жагалмай,
Учканы кыйын зыпылдап.
Кайың, терек, талында,
Карчыга, карга аралаш,
Уя салып баарысы,
Жашап жаткан каралаш.
Кекилик, коен, улардын,
Кашкулак, тоодак булардын,
Көргөн күнү аз экен.
Бүркүт, ылаачын, ителги,
Карчыта, кыргый, жагалмай,
Айры куйрук, турумтай,
Кара кашка, кулаалы,
Эт жечүүлөр бу дагы.
Улары тоонун башында,
Кекилик жердин астында.

Тоодак, коен, кыргоолу,
Мааналашып токойго,
Андайдан нечен айбанат,
Жанын сактайт токойдо.
Илбирс тоосун жойлогон,
Токоюнун четинде,
Жолборс, шери ойногон.
Жыгачы көп миң сандап,
Мөмөсү бышып самсаалап.
Маймылдар жүрөт шак-шакта,
Бирин бири кубалап.
Көрүп туруп эр Багыш,
Көркүнө жердин таң калат.
Өөнү токой чер экен,
Айбанаттын кени экен.
Тоолору кум, кызыл таш,
Чөбү тайкы жер экен.
Эчки төлдөп туткундай,
Бир жылда үчтөн тууғандай,
Эки кун өмүр көрсөтпөй,
Бир эле күнү кыргандай.
Аралы менен бадалда,
Жайылган ат, жаткан төө,
Баары кербен малдары.

Тан, аткынча кайтарып,
Күндүзү өрүн алганы.
Соодагердин малы экен,
Каракчы барса тунгундай.
Карап туруп кербенди,
Карактап алып тургундай.
Жортуулчу барса тунгундай,
Жолоочу жолдон өткөрбөй,
Жортуп алып тургундай.
Отуз жолдун оозу экен,
Бөрү, койдун чаркы экен.
«Чүпөсү экен адамдын,
Жетелеп малды кылт берип,
Кирип кетсе токойго,
Көргүндөй эмес караанын.
Аралда жүрөт адамдар,
Жайылган ат, жаткан төө,
Мен ошого барайын,
Ким экенин билейин,
Кебин угуп канайын».
Деген ойго бир келип,

Желип барды аралга.
Бөлөк-бөлөк майданча,
Жаткан кербен бир канча.
«Кайсы жактан келдиңер,
Калдайып төөсүн чиркеген,
Карааны толук кербендер?»
Деп Багыш барып сураса,
Кербен башы келберсип,
Сунган бутун жыйбады,
Жумган көзүн ачпады,
Мына мындай айтканы:
«Каракалпак, маңгыттан,
Жибек алып келгин — деп,
Индыстанга баргын — деп,
Баш болуп турган Бадыкөл,
Мени алар жумшаган.
Жетегимде миң төө бар,
Үч жүз кыркча кишим бар,
Талаада менден кеп сурап,
Эмне мында ишиң бар?
Индыстан барып келатам,
Жибек, шуру, акактан,

Кытайдын каптал чайынан,
Миң төөдө толук жүгүм бар.
Бизди мында жиберген,
Маңгыттардын Бадыкөл,
Каракалпак элинен,
Калк башкарган Шалтабай.
Көп турбастан, жолоочум,
Бараар жакка жолго сал!
Ат жаратып минипсиң,
Тон жаратып кийипсиң,
Сен өзүң кимсиң, айта сал?!
Караанына карасам,
Каракчыдай кейпиң бар,
Кержекдеген Сур атчан,
Кебиң бүтсө кетип кал!
Бадыкөл менен Шалтабай,
Баатырлар аман турганда,
Менин көөнүм азыр жай.
Эки жылдын алдында,
Бадыкөл кеткен маңгулга.
Четинен олжо алууга,
Калкында калган жаймажай,
Каракалпак Шалтабай».

Кербенчи сөзүн бүтүрдү,
Баары-жогун тең айтып.
Анда Багыш муну айтат,
Агартын тишин кылайтат:
«Кербенчим, көөнүң толупсуң,
Өзүнчө бааша болупсуң.
Ким экенин билбеймин,
Бадыкөл менен Шалтабай,
Багышмын мен, атам Бай,
Төөнү Багыш алды деп,
Айтып бар тилиң чайнабай!
Бадыкөл менен Шалтабай,
Баштап келгин сен барып,
Жетисууга кетейин,
Төөлөрдү айдап мен алып.
Бул жүгүңдү арткын — деп,
Төөчүлөр, төөңдү тарткын!»— деп,
Багыш мунтип турганда,
Кербен башы кер сүйлөп,
Опурулуп күрсүлдөп:

«Бадыкөлдүн төөсүнө,
Тие турган сен ким? — деп,
Мас болгондой сүйлөбөй,
Баатыр, ылдам кеткин! — деп,
Сен турмайлык, Багышым,
Бадыкөлдүн айлына,
Калмак басып барбаган,
Жарты жармак албаган.
Сен канчалык кишисиң,
Менден тартып төө алган?!
Байлатып таштап урайын,
Бар жиниңди кагайын.
Бабыраган, Багышым,
Эсебиңди табайын.
Өзүңдү берип бирөөгө,
Атыңды берип бөрөөнө,
Алардан кадыр алайын!
Качпасын, байлап салгын» — деп,
Чакырды төөчү балдарын.
Асылдаң тандап кийинип,
Кайнатып кызыл чай ичип,
Байсынып калган төөчүлөр,
Баарысы келди жабылып.
Кербен башы адамы,
Колунда темир таягы.

Атайын чуркап келетат,
Эр Багышты салгалы.
Буулукмалуу Багыштын,
Бугу мунун кармады.
Кербен башы кожогон,
Көмө чаап таштады.
Көзүн салып ошондо,
Керге* келчүүсүн байкады.
Түнүнкүсүн эл сактап,
Күндүзкүсүн жай жатмак.
Чоңунун ончо караны,
Чогултуп келип баарысын,
Кылычка канын майлады.
Үч жүз жыйырма жетисин,
Жетелетип төөлөрүн,
Жетисуу көздөй айдады.
Калдайтып калын, олжо алып,
Багыштын көөнү тынганы.

Кабар укпай төөчүдөм,
Бадыкөл менен Шалтабай,
Алардан киши барбады.
Бир чыны сууну ичкендей,
Миң төөнү Багыш жалмады.
Үч жүз жыйырма жети эле,
Төө жетелеп барганы.
Каракалпак, түркмөндө,
Катын алын, үй тикпей,
Казан асып, от жакпай,
Салтан жүргөн эл экен.
Жетисуунун жеринен,
Жедигердин элинен,
Катын алып сөөктөшүп,
Кур чалышып* дос болуп,
Жерлик болуп жайланды.
Каркалпак, түркмөнгө,
Мындан да бирөө барбады.
Ар жылында эр Багыш,
Барып калат жол тосуп,
Келе жаткан кербендер,
Же андан-мындан мал алып,
Жолоочулап келгендер.
Учурап калса жолгошуп*,
Талап алат кээ бирөөң,
Азыраак болсо мал-пулу,
А катышпай эр Багыш,

Кое берчү кай бирөөн.
Эки, үч жыл өтүп арадан,
Элүүчө киши ээрчитип,
Ан уулай көөнүм ачам — деп,
Кайыпчынын ичинде,
Дагы Багыш бир барган.
Чынгыштын белдүү кишиси,
Атактуусу эр Көңтөй,
Көгөйдүн деген шаар салган.
Атпай Чүйдүн талаасын,
Бүт Кең-Колдун чөлкөмүн,
Такыр ээлеп бир алган.
Сараркада Шоорук кан,
Нарында бар Алооке,
Көгөйдүндө эр Көңтөй,
Буларга беттеп ким барган?

Аа тийишер киши жок,
Айлына киши барбаган,
Эсирген анда маңгулдар,
Манат менен уй жапкан.
Эсирип анын байлары,
Баш болуп Көңтөй балбаны,
Ираңды карай төө тарткан.
Кашкар, Котен, Жеркенден,
Жиберип мата алдырган.
Жыйнаганы үч миң төө,
Мата, жибек, чай арткан.
Беш төөгө бирден киши бар,
Кербен башы алтоо бар.
Ашпоз*, чайчы төрт адам,
Түн сактоочу он аскер.
Алты жүз жыйырма бардык жан,
Ираңды көздөй бараткан.
Кайыпчынын ичинде,
Эр Багышка жолуккан.
Кайыпчынын ичине,
Элүү киши ээрчитип,
Баатыр Багыш келгели,
Бир айга толгон чамасы.
Кайыпчыда бар эле,
Ар түрдүү айбан баласы.
Илбирс алган, чөө алган,
Жолборс аткан, шер аткан,
Бөрү, түлкү, аюу аткан,
Отуз айры бугу аткан,

Аркар, кулжа, текесин,
Кум-кумунан сулаткан.
Жан жүрбөстүн чөлүнөн,
Элге кайтсак экен — деп,
Жетелеп алып кеткин — деп,
Тирүү кулан карматкан.
Эрен Багыш келейткан,
Эр Көңтөйдүн үч миң төө,
Алдына утур капташкан*.
Төөлөрдү көрүп таң калып,
«Алда кимдин төөсү экен,
Сүйлөшсөк — деп,— тил алып».
Элүү киши, эр Багыш,
Алдынан барды жардашып.

Сап жарактуу кырк атчан,
Баатыры бар баштаган.
Жолунан чыга калганда,
Маңгулдар калды карашып.
Кербен башы төөчүдөн,
Сурады Багыш кеп ачып:
«Кайсы жактан келдиңер,
Жер союлтуп төө тартып?
Кайсы элден элиңер?
Кабарын айтып бериңер,
Менин да дайным билиңер».
Көңтөй атка миңгели,
Жамандык көрбөй келейткан,
Бул төөчүлөр кылайып.
Багыш мындай дегенде,
Кербен башы кеп айтып,
Кеп айтканда кер айтып:
«Билбей төөнү сурадың,
Эгер билип сурасаң,
Өлүп сөөгүң куурадың!
Көгөйдүңдөн келебиз,
Тегин төөчү дебеңиз.
Эр Көңтөй биздин бегибиз,
Иранга соода кылышка,
Төө жетелеп келебиз.
Арткан төөнүн жүктөрү,
Мата*, чепкен, кара чай,
Түрдүү жибек жана бар,
Көгөйдүңдө калмактын,
Манаттан жапкан үйү бар.
Калың калмак эли бай,

Эр Көңтөй аман, көөнү жай,
Эминеден кеми бар?
Сурасаң жайы ушундай,
Кайда барса бул төөгө,
Конгон жерде чөп таяр,
Төөчүлөргө чай таяр,
Бышырып койгон нан таяр,
Союп койгон кой таяр,
Биз басычу жолдордо,
Баары жогу таптаяр.
Иранга мындан барабыз,
Манат*, ноот* алабыз.

Кундуз алып, шуру алып,
Алтындан артып көп алып,
Анан кайра жанабыз.
Мергенчи болсоң сен киши,
Адырда аркар, кулжалар,
Сууда өрдөк, куу да бар,
Токойдо жолборс, шер да бар,
Айбандын баары мында бар,
Бөксөдө бөрү, түлкү бар,
Бул төөлөрдүн баарында,
Эр Көңтөйдүн мүлкү бар,
Өзүңөр кайдан келдиңер?
Атыңды, эл, жериңди,
Ачып бизге айта сал.
Илбирс, жолборс, шер тери,
Аюу, бөрү, түлкүдөн,
Келдиңерби жол тосуп,
Сатып бизге бергели?
Сатсаңар сатып алалы,
Силерге керек нерсени,
Биз да бере салалы.
Кайсы элден экениң,
Биз да угуп алалы»,—
Үчөө минтип сурады.
«Жедигер болот элибиз,
Жетисуу болот жерибиз.
Тамаша менен келебиз,

Баатыр Багыш мен болом,

Эли, жери, атымды,
Аныктап сурап билсеңиз».
Төөчү угуп бул кепти,

Салмак болду дүмөктү:

«Королдойду өлтүргөн,

Кокуй, Багыш, сенсиңби?
Баканы сайган бакыртып,
Баатыр Багыш, сенсиңби?
Калмак менен манжууну,
Катар чаап олжо алган,
Капыр Багыш, сенсиңби?

Баатыр Бака, Королдой,
Эр Көңтөйдүн жанынан,
Качып жүрчү жолобой,
Ээнбаштар өлдү — деп,
Эске албай койгонбуз.
Эр Көңтөйгө ал айтса,
Непак сени соймокпуз.
Талап алып элиңди,
Жетисуу деген жериңди,
Ээн таштап коймокпуз.
Кекчил келет биздин эл,
Ким катылса тийишип,
Каны агат кызыл сел.

Кыргыздан чыккан Орозой,
Катылып коюп биз жакка,
Уруша кетип оолугуп,
Ок атыптыр бир чакта.
Орозойдун балдары,
Ойлобой салып жаңжалды,
Олжо болуп кыргыздар,
Ойрон калмак элдери,
Ойго, тоого таратты.
Тең жарымы дүйнөнүн,
Маңгулдарга караштy.
Катышпаган маңгулга,
Жаны тынчып жай жатты.
Катылып койгон немесин,
Калтырбай союп сулатты.
Кекерлеп жүрүп бир кезде,
Сенин да табат эбиңди.
Биз таркатат экенбиз,
Жедигер деген элиңди.
Тартуу тартмак көп алып,
Көңтөйгө барып достошуп,
Оңдосоң болот пейлиңди.
Андай кылбай, Багышым,
Багалбайсың элиңди.
Кыямы менен сындырат,
Кыйратып бир күн белиңди».

Кебин салып жатканда,
Тиги төөчү данданып,
Капаланды эр Багыш,

Кебине мунун арданып.
«Башы боолуу кулундай,
Багышым, мени дедиңби?!
Балчык менен тең кылам,
Баатыр Көңтөй эриңди!
Артык мактап жибердиң,
Тынчы кеткен элиңди.
Төөлөрдү ала турайын,
Баштап кел ошол эриңди!
Көкүтүп сөзүң жылжытпа,
Көгөйдүн, салган шаарыңды,
Каратанын кыргызга.
Катарлап төөң алайып,
Андан кийин Көңтөйдүн,
Көгөйдүн шаарын талайын!
Кылгылыкты кылайын,
Кыйынсынган Көңтөйүң,
Кыйыгы болсо көрөйүн!
Кажылдаган калмактар,
Иранда сага бок барбы?
Бузбай, чачпай төөлөрдү,
Жетисууга сен алпар!
Тарткын төөнү, тарткын!» — деп,
Багыш мындай айтканда,
Кербен башы келдиреп:
«Көңтөйдүн төөсүн алам — деп,
Жедигер Багыш сенин бу,
Сак туруп айткан кебиңби?
Төө алам — деп,— жедигер,
Таланга кеттиң мейлиңер.
Атышып туруп өлөмүн,
Тирүү туруп төө бербей!»
Келпендеди мындай деп,
Кербен башы тиртендеп:
«Эрмектебей, жедигер,
Элиңе, Багыш, кете бер!
Жолун тосуп төөлөрдүн,
Токтотом деп бок жебей!
Күндүк жерге бир миң төө,
Турат экен бир катар.
Баш аягы үч миң төө,
Үн күнчүлүк жерде бар.

Ушунча ишке чакышкан,
Сендей акмак кайда бары
Деп күпүлдөп булкунуп,
Төөчү турду жулкунуп.
Жанындагы кишилер,
Баарысы турат ыкыстап,
Кайран Багыш турабы,
Найзаны кармап тыкыстап.
Имерип келип бир сайып,
Эрдин бири ушул — деп,
Башчы кылган көп төөгө,
Эрдемсиген калмакты,
Найзага илип алганы.
Айласы кетип калганы,
Жетисуу көздөй чубады.
Кечке чейин эр Багыш,
Өлбөс жерден бек сайып,
Көтөрүп туруп талыкпай,
Жана келген мин төөнү,
Жабдыгы менен бир алып,
Күнү үчкө жеткенде,
Үч мин, төөнү бир алып.
Үстүндө жүгүн мол алып,
Жаңыдан шаар ал салып,
Бүтүрө албай камыгып,
Мунтип жүргөн эр неме,
Усталар келген ар кайдан,
Шаар салып бererге.
Аларга бөлүп берди эле,
Алты жүз жыйырма адамын.
Казып, терип сураса,
Кыргыз чыккан далайын.
Жедигердин элине,
Кошуп ийди тим эле.
Нак калмактан төөчүдө,
Сексен беши бар эле.
Ошолордун ичинен,
Кербен башы алтоону,
Ашпоз, чайчы төртөөнү,
Түн сактачу он аскер,
Санатын жыйырма толтуруп,
Салдырып койду зынданга*.
Алтымыш беш калганын,

Бардыгы калмак балдарын:
«Баргын кеткин жериңе,

Барып айткын кебиңди,
Төөлөрдү Багыш алды — деп,
Көңтөй аттуу бегиңе!»
Деп кекетип эр Багыш,
Кетирди аны жерине.
Алар келди ээрчишип,
Көгөйдүң келип жетишип.
Эр Көнтөйгө келишип,
Багыштын кылган кылыгын,
Баарын айтып беришип:
«Жедигерге эл болуп,
Кошулуп кетти кыргыздар.
Кеткин калмак, жогол — деп,
Бизди айдап жиберди.
Анда бир күн тургузбай,
Жер кыдырып, тоо саптап,
Тарп терип жеп, жан сактап,
Жөө басып тартактап,
Жедигерден чыккалы,
Эки жыл ашып баратат,
Келишибиз ушул чак».
Деп калмактар кужулдап,
Кебин айтып турушту,
Төөчүлөрдүн бул кебин,
Байлары тыңдап угушту.
Байлары келип калмактын,
Көнтөйгө кебин урушту.
Анда Көңтөй мындай дейт:
«Жатып тургун, байларым,
Жетисуу алыс бул жерден,
Мен эле жалгыз барайын,
Багышты байлап алайын.
Артык мактайт калмактар,
Кайыпчынын өзөнүн,
Жерин көрүп жанайын.
Кайберендин кени дейт,
Ар сонунун көрөйүн.
Бугу менен кулaндан,
Атып көрүп булардан.
Жолборс, аюу, шеринен,
Азуулуунун эринен,

Аттырып андан келбесем».
Мылтыкка андес* балбандан,
Баары мерген адамдан,
Бетке алганы кетпеген,

Бир огу бекер калбаган,
Мындай кыйын адамдан,
Алтымышты ылгады.
Жетисууга барам — деп,
Бир калмакка айтпады.
Көгөйдүндөн жол алып,
Кайыпчы көздөй бет алып,
Адыр-күдүр тоо басып,
Канча дайра суу кечип,
Урчуктун кара тоосунан,
Намангендин астынан,
Эр Көңтөй өтүп бараткан.
Кайыпчыга бармакчы,
Кайыптан калың олжо алып,
Кумары каныл кайыптан,
Жедигерге кол салып,
Багышты байлап кошо алып,
Келмек болуп аттанып.
Жетисуудан эр Багыш,
Элүү киши котчу алып,
Ээрчитип тайган ит алып,
Эрмекке тунжур куш алып,
«Наманген, Ташкен, Анжиян,
Ушу жакка барайын,
Алардын жолу канча экен,
Аны байкап жанайын».
Деген ойдо эр Багыш,
Келе жатса аттанып,
Калмактардын эр Көңтөй,
Урчукта калды капташып.
Багыштын мурун карaанын,
Бадирек Көңтөй көрүптүр.
Алда кандай адам — деп,
Нспак көөнүн бөлүптүр.
Аңкарып байкап эр Көнтөй,
Турнабай салып караса,
Ээрчиткен тайган ити бар,
Көтөргөн тунжур кушу бар,
Асынган мылтык жарактан,

Колунда кушун көргөндө:
«Ит агытып, куш салар,
Ээрчишип жүрөр топ караан,
Куунак кыргыз бар беле?
Ит агытып*, кийик кууйт,
Мылтык атат, жаа тартат,

Калмактар такыр куш салбайт,
Казак алыс капкайда,
Алар мунда келе албайт.
Анжыян, Ташкен тарабы,
Мылтык атат, куш салат,
Ит агытыш биле албайт.
Бу да кыргыз уруусу,
Жедигердин турушу,
Багыш келип калганбы?
Болбосо Багыш ичинде,
Жедигер келе алабы?
Жедигер экен билдим — деп,
Эки жигит желгиы — деп,
Тиги ойдуң талаага,
Бир топ киши келишти,
Ким экенин билгин — деп,
Көп аттанып, көп жүргөн,
Көсөм киши жок окшойт.
Аруулап жолду карабай,
Түшүп калды далбайып,
Ылдамыраак барыңар.
Баркелдүрөөк көрүнсө,
Баш кишисин сураңар.
Биздин жайды айтыңар,
Билип андан кайтыңар»,
Деп жумшады эки адам.
Эр Көңтөй бар деп жумшаса,
Барбай койбойт калмактар.
Калмактан экөө аттанды,
Жумшады деп эр Көңтөй,
Көңүлү өсүп шаттанды.
Баатыр Багыш баштаган,
Жедигердин элүү адам,
Оздугуы аттын чыгарып,
Суу кайнатып, чай салып,
Карта кертип, жал кесип,
Карын туурап, май жешип,

Жая бычын, кел дешип,
Кескен казы, кошкон май,
Баарын коюп аралаш,
Тобурчакка ыштаган,
Кыпкызыл болгон чаначка,
Кымызга кошуп бал чайкап,
Үйүндөгү немедей,
Бирин-бири чакырып,

Атынан айтып бакырып,
Куймак, боорсок, курутун,
Куржунунан алышып,
Суусун ичип, тамак жеп,
Суу боюнда жатканда,
Калмак Көңтөй жумшаган,
Эки адам барды аларга.
Аттуу келип кекейип,
Тегерек таман үзөңгү,
Буттарында тепейип:
«Ой! Кимсиңер жаткандар?
Үйдө жаткан немедей,
Жан жыргатып баккандар?
Үлүш берген* айылдай,
Чакырышып аткандар.
Агын суу бойлоп түшкөндөр,
Алгыр тайган, илгир куш,
Ар кимиңде бирден бар.
Беттегенден жазбаган,
Белчеден канга чыкталган,
Кундагы* чирип аз калган,
Мылтыгынар бар бирден.
Ким болосуң, айтыңар,
Кайсы болот элиңер?
Ким деген болот бегиңер?
Жайын айтып бериңер,
Келген жумуш немине?
Баарып айтып бериңер,
Сиздерден угуп алалы,
Апан биз да айта салалы»,
Деп турушту калмактар.
Жедигсрдин наркында,
Аттуу турган кишиге,
Аш сунбайт экен тегеле.
Айьтлга келген кишиге,

Ак чыгарбайт эшикке.
Үйгө түшүп киргенде,
Канча даамы бар болсо,
Калтырбай андан бир неме,
Баарын бериш адаты,
Баштан берки санаты.
Аттуу турган калмакка,
Андан турган бирөө айтты:
«Кем сураган сен кимсиң?
Кыскартып айткысы кайсы элсиң?»

Кыскартып айткын дегенде:
«Биздер калмак элибиз».
Элибиз калмак дегенде:
«Болду, болду, уктук биз,
Ушундай тура туруңуз.
Тигилүү турган чатырда,
Мен аптайын баатырга.
Баатыр менен жооптошуп,
Анан кайткын артыңа.
Баатырдын аты зор Багыш,
Мен айтайын аа барып».
Деп жүгүрүп калдаңдап,
Желбегей чапан далбаңдап.
Желбегей чапан жүгүрсө,
Эки жеңи салпаңдап.
Алдырап катуу жүгүрүп,
Багышка кирди сүйүнүп:
«Кошко келди эки адам,
Кеп сурады кобурап.
Калмак дешип тегнбиз,
Алар айтты божурап.
Анысын угуп желишим,
Айтканы сизге келишим».
Келген жигит кеп айтты,
Кялмак келди —деп айтты.
«Чакытрып кел, бул жерге»,
Багыш мындай дегенде,
Эшикке чыгып ал жигит,
Колун булгап бакырып,
Калмактар — деп чакырып,
Көңтөйу бар көөнү ток,
Калмактар келди бастырып.
Эшигине чатырдын,

Эки калмак тең барды,
Акимдик кылып ал кезде,
Бейбаш өскөн калмактар,
Пейлин байкап карагын.
«Кебинди түшүп айткын — деп,
Үйдө баатыр Багыш бар,
Жооптошуп кайткын» —деп,
Эшикте эки жедигер,
Чылбырынан кармады,
Чырды булар салганы,
Бир немеси чортондоп,
Кылычын кындан алганы.

Ангычакты эшикке,
Багыш чыгып калганы.
Багышты көрүп калмактын,
Кылычы түштү колунан,
Кылычы турган колдогу,
Тоголонду өздөрү,
Миңген аттын жонуна.
Жыгылып, кооп алдырап,
Бек шашылыгт турганда,
Анда Багыш муну айтат:
«Бирөөнү койгун нар жакка,
Каратпай жүзүн бер жакка.
Кылыч тарткан немесин,
Алын кел бери алдыман
Каратпай жүзүн дегенди,
Каратып туруп ал жерде,
Акыректин чуңкурга,
Канжарды сайып имерди.
Өмүр бого келбеске,
Өткөзүп аны жиберди.
Көрүп тирүү калмактын,
Тили калды байланып.
Жалдырап тиктеп, кеп кылбай,
Үшүгөндөй калтылдап,
Бузулуп өңү азгашып.
Карабай өйдө жер тиктеп,
Жеди бурут — деп тиктейт.
Айласын таппай турганда,
Анда бирөө кеп айтат:
«Жылас болгон, ой калмак,
Не жумушка келгенсиң?

Ылдамыраак айтып бак.
Жашырбай айтып бар кепти,
Калмагыңа кайтып бак!»
Калмагыңа кайт деген,
Кепти угул ал калмак,
Андан башка кептерди,
Тук укпады тамтаңдап.
Орган киши дагы айтат:
Не жумушка келгенсиң?
Кебиңди айткын» — деп айтат.
Багыш кетип калганда,
Ошондо араң эс алып,
Каран калган калмакка,
Жарыгансып бул дүйнө,

Бүркөлгөн күндөй тунарык,
Калмак турду муну айтып:
«Көгөйдувдүн шаарынан,
Көңтөй баштап алтымыш,
Кыл мергенден аттандык.
Келбейт элек бул жерге,
Келгендин жайын айталык.
Кеңтөй өзү баш болул,
Көп байлар элден кошулуп.
Уч миң төө комдоп мал артып,
Түрдүү буюм ага артын.
Иранга сатып пайда алыш,
Көбөйтүп андан мал табыш.
Кыялында узаткан,
Бир күнү төөчү калмактан,
Ач жылаңач канча адам.
Кайыпчынын ичинде,
Кайберени мол экен,
Жол тосуп Багыш жедигер,
Жолуккан киши кор экен.
Жүгү менен төөлөрду,
Такыр алды жедигер.
Кыргыздарды элине,
Жедигердин элине,
Кошуп алды жедигер.
Бизди коё берди — деп,
Айтып барды келгендер.
Эр Көңтөй элден кеп угуп,
(Мен да бирге бар элем)

Кеңеш кылын олтуруп,
Төөсүнүн көбү кыргыздан,
Олжого келген кыргыздар,
Ичинен кылып кеңешти,
Биз жедигер эли — деп,
Тартын алып кеттиби,
Тарттырып ийип келдиң—деп,
Такыр кырат бизди — деп,
Жедигер талап алды — деп,
Жалган айтып келдиби?
Кайыпчыдан кайберен,
Караганча ал жерге,
Биздер барып келели,
Ар жагында жедигер,
Кабарлашып билели.
Алган болсо жедигер,

Калмакка калды кайыншп,

Себебин анын билели,

Деп аттанып келгенбиз.

Калганыбыз көрбөппүз,

Эр Көңтөй өзү көрүптүр,

Эки киши барып кел,

Аңдан кабар алып кел,

Деп жумшаган кеп эле.

Өзүнчө келип бул жерге,

Өлүп калды тигине.

Өзү чогоол, чорт кыял,

Ошондой өлчү неме эле.

Бар десеңиз барайын,

Баатырыбыз Көңтөйгө,
Баарын айта салайын».

Деп тиги турду бүжүрөп,
Кебин кесип айта албай,
Ичинен ал күбүрөп.
Угуп Багыш муну айтат:
«Келген калмак кайтып бар,
Көдтөйүңө айтып бар.
Калмактар мурун кол салып,
Алып турган биздерден,
Алман* салык мол салып,
Келген калмак манжуудан,
Эми мен жүрөмүн олжо алып.
Королдой киши жиберип,
Алым алды бир жылы.
Атайын келип кол жыйнап,
Талап алды бир жылы.
Королдойду жоготтум,
Артынан барып сайышып.
Бака манжу баш болуп,
Басып келди канчасы.
Жана болбой. тайышып,
Баатырынан төрт экен,
Баарын алдым салышып.
Каракалпак, маңгыттан,
Бадыкөл менен Шалтабай,
Алардын төөсүн бир алдым.
Көңтөйдүн төөсү келиптир,
Көрүп туруп аны алдым.
Нарындагы кыргыздын,
Канча жылдын алдында,
Катынын жарды деп угам.

Айлам келсе калмакка,
Эки жылы камынып,
Үчүнчү жылы бир барам!
Эң эле айлам кеткенде,
Алооке менен Көңтөйдү,
Аяк асты бир кылам!
Белиме таңуу болуучу,
Кыргызда жок бир адам.
Тикендей жалгыз мен бир жан,
Жалгызмын деп жалтанбай,
Жүрө берип картайбай,
Башына анын бир чыгам!
Атым Багыш айтып бар,

Аянбасын Көңтөйүң,
Аныңдын күчүн көрөйүн.
Көме сайып Көдтөйдү,
Тентип жүрөт Ташкенде,
Жер табалбай Көкөтөй,
Көгөйдүвдү аа берип,
Ат-Башы ашып эңкейип,
Алооке сайып алайын.
Кара кыргыз Кошойго,
Тапшырып берип Нарынды,
Ошондон кайра жанайын.
Көңтөйүңө, калмагым,
Айтып баргын унутпай,
Кебимди төгүп таштаба,
Жасап айтып башкача,
Турбай калмак, жөнө!» — деп,
Багыш коё бергенде,
«Жагла буркан, жагла» — деп,
Ичинде калмак жалынып,
Бура баса берерде,
Бети менен жыгылып,
Калган экен калмактын,
Эси катуу бек чыгып.
Албырып эки бетинен,
Аккан суудай тер чыгып.
Дапдыраңдап турганда,
Кеткин калмак, кеткин — деп,
Кетирип ийди эл чыгып.
Эми Багыш мындай дейт,
Элин такыр чакырып:
«Элүү киши турабыз,
Жедигер калды ыраакта,

Жетисуу калды тыякта.
Ылдам кошуун келсин — деп,
Кабар берсек ал элге,
Биз калабыз уятка.
Угулуп жүргөн кабары,
Мана бу калмак ит Көдтөй,
Азыркы жүргөн адамдын,
Баарысынын жаманы.
Королдой, Бака келгендер,
Көзүң көргөн, жедигер,
Алардай нечен чоңуна,

Көңтөй жүргөн баш бербей.
Алтымыш киши ал экен,
Элүү киши биз экен.
Ажал жетсе өлөлүк,
Алышып ага көрөлүк.
Сайып алсак олжо — деп,
Алтымыш атка карабай,
Түз баралы биз мындан.
Алдырып ийсек калмакка,
Жедигерге калмактар,
Кандай барса барбайбы.
Кадигинче* олжолоп,
Кан батыра албайбы.
Силерге кандай, баатырлар,
Баш калкалап калбайлы!»
Багыштын кебин эм алып,
Баарысы турду камданып.
Экөө келип, бири өлүп,
Кеткен калмак ал барып.
Багыштын айткан кептерин,
Алибин  лам2 — деп айтпай,
Ашык-кем кепти теги айтпай.
Айтып барды бабырап,
Бара жатып кеп салып,
Тиктеп калат жалдырап,
Тили буулуп калат балдырап.
Унутуп кетип айтканын,
Буркан, буркан, буркан — деп,
Күбүр-шыбыр жалбарат.
Бар кебин айтып бүтүрүп,
Андан кийин муну айтат:

1 Алип — араб алиппесиндеги «I» тамгасы.
8 Лам — араб алигщесиндеги «З» тамгасы.

«Жедигердин Багышы,
Кара бою чоң эмес.
Кең көкүрөк, сом далы,
Көрүнөө турат адамга,
Бул замандын балбаны.
Катын жарып, эл кыйнап,
Туулат деген Мапасың,
Туйдурбай туулуп чоңоюп,
Багыш болуп алганбы?

Басташып калса сорчудай,
Бүгүн дүйнө жалганды.
Беттешип калса салкындай,
Тим эле башка арманды.
Жалжагай ооз, жалын кез,
Жанбай турган эр окшойт,
Далай көрдүм эрлерди,
Мен көрбөдүм боо окшош.
Тил алсаң, Көңтөй кетели,
Элге эсин жетели.
Бекер аксап талаада,
Таап албай кеселди.
Кошуун курап, кол жыйнап,
Мыкты жигит, эр ылгап,
Мылтыкка салып, ок чыңдап,
Кайра келип Багышка
Басташканың жакшыраак.
Байкап көрдүм Багышты,
Мүнөзү башка эң жаман,
Жаасы катуу эр турат.
Жайылданса Багыштын,
Байлоодо турат Сур аты,
Андан жагалмай качып кутулбайт.
Катышпайлы тил алсаң,
Буркан урсун төбөмдөн,
Сени ээрчип мен барсам!»
Айтып болуп алдырап,
Багыш, Багыш, Багыш — деп,
Тиктеп калат жалдырап.
Жүрөктүн майы жарылып,
Кеткен экен ал непак.
Айтып болуп бар кебин,
Тегеренип чакчандап,
Өлүп кетти бул калмак.
Капыр Көңтөй камынып,
Таң аткынча кам кылып.

Жоо жарагын, кийимин,
Кем карчы жок жам кылып.
Жедигерди кыргыздай,
Кетейин деп бул сапар,
Кең дүйнөсүн тар кылып.
«Канча күнү кармашам,
Каары катуу эр окшойт,

Аябай тоюп аттанып,
Андан кийин чыгам» — деп,
Алты казан атала,
Бытылдата кайнаткан.
Кашкулак менен суурдан,
Аюудан атып алтыны,
Абдан этин бышырган.
Эки бугу, беш кулжа,
Анын этин коштурган.
Куюлтуп майынууртунан,
Капыр жулуп жеп турган.
Боткосу таруу унунан,
Ашаганы чочконун,
Аюу, бөрү, суурдан.
Аа кошкону капырдын,
Кулжа менен бугудан.
Кырк кашкулак, элүү суур,
Эки бугу, беш кулжа,
Алты аюу, үч бөрү,
Баарын жалгыз жеди бу.
Кара нээт бул чочко,
Шашке маалы болгондо,
Аттанды эми бу дагы.
Көңтөй минсе атына,
Көкжал Багыш турабы.
Тоодой Көңтөй, эр Багыш,
Туш келишип калышып,
Түйшүктү салып кетүүгө,
Бул түгөндүр арамдар,
Өлүмдөн коркун аянбай,
Өлөр жагын каранбай,
Кандуу найза кармашып.
Качырышып жөнөдү,
Барлык күчүн арнашып.
Күүлөп найза сундуруп,
Күүлөрү кулак тундуруп.
Түпөктүү найза алышып,
Түртүшүп булар барышып.

Бирден муштап алышып,
Найзанын учун тийгизбей,
Камынтпай эрлер кагышып.
Казабы артык чоң, доңуз,
Чыңгыш жумшап көп жүрүп,

Эр сайышка маш болуп,
Көңтөй аты жоюлуп,
Көтөлөк атка ал копуп.
Беттешкенин мант кылып,
Алып жүрүп алактап,
Жер таянбай эмгиче,
Келген экен бул бетпак.
Кайраты толук бул доңуз,
Каарды катуу баштады.
Кабылан баатыр Багышты,
Каңтара сайып таштады.
Суркийик аттан жыгылды,
Тоодой баатыр Багыштын
Топого башы тыгылды.
Көңтөй көөдөк эр эле,
Көңдөй челек неме эле.
Кууратып салдым дегенсип,
Карап туруп калды эле.
Аңгыча Багыш жүгүрүп,
Тура калып ордунан,
Кетпей турган Суркийик,
Баса минди түйүлүп.
Кайта Багыш туралбай,
Кара жандан түңүлүп,
Качып берди калдаңдап.
Карабай арка жагына,
Эки этеги далбактап.
Эки буту салбактап,
Суркийик минип жер чаңдап,
Качканда Багыш дардактап.
Көрө салып эр Көңтөй,
Кууп кирди барбактап.
Аңгычакты жедигер,
Калмактарды бастырбай,
Атып кирди мылтыктап.
Багышты кууган Кеңтөйдүн,
Акылы эки бөлүндү:
«Жедигерден калмакты,
Ажыратып алсам — дейт.
Аңгычакты Багышты,

Жоготуп ийсем кантем? — дейт.

Кууп кетсем Багышты,

Өлүп кетсе калмактар,

7Калгыз барсам элиме,

Кеңтөй атым кантер?» — дейт.

Көңүлү эки бөлүнүп,

«Калмактар өлсө өлөр — деп,

Житирбей туруп Багышты,

Жөготоюн аыы» — деп,

Калмактарга карабай,

Аркасынан жөнөдү.

Кууган менен Багыштын,

Караанын Көнтөй көрөбү?

Суркийиктин изин кууп,

Кууп барат аркадан.

Көгөрүп Көңтөй белин бууп,

Качып барат эр Багыш,

Адыр-күдүр артууда,

Ойду-девдү батууда,

Жайылып жаткан капталда,

Коргул, корум таштарда,

Бийик-бийик аскада,

Колоту теред капчалда.

Аркайган нечен тоөлордо,

Башы тийген асманга.

Кандыргалап лоануурда,

Качып барат эр Багыш,

Аркасынан чоң Көңтөй,

Кетип барат из чалып.

Сегиз күн жүрүп белдерде,

Кайберен жүрбөс жерлерде.

Эр Көңтөйдүн тулпары,

Боло албай калды булакшып,

Багышты кууса көшөөрүп,

Миңген аты Көңтөйдүн,

Жүрө албады күч алып.

Калмак Көңтөй каңгырап,

Минген атын байкады.

Сайышта зардап көп өтүп,

Сээри менен бөйрөгү,

Жооруп кеткен тулпары,

«Арыктап атым арыбай,

Жооруп кеткен экен — деп,

Шили кууп тулпарым,

Баепай калса талаада,

Амалым анда кетер — деп,
Эрегишпей Багышка,
Көгөйдүңгө кетейин.
Быйыл атты сергитип,
Келер жылы эл жыйып,
Деректегеп Багыштын,
Кендирин анан кесейин.
Жетисууда жедигер,

Талап алып кетейин».
Деи ойлонуп зор Көңтөй,
Бура тартып жөнөдү.
Калмак бура тартканда,
Арасы эки күңчүлүк,
Дүрбү салып эр Багыш,
Көрүп турган болучу,
«Жан жүрбөстөн чөлүндө,
Жеткирбейт экен Багыш — дел,
Кайта тарткан Көңтөйдү,
Көзөмөлдөп көрөйүн.
Акмалап мен да жөнөйүн,
Жерине кетсе барбайын,
Жедигерге бет алса,
Бир беттешип багайын.
Барбай кетсе бул сапар,
Эки жыл жакшы камынып,
Он эки мин. кол алып,
Келбей койбойт бул калмак,
Үстүнө баса барайын.
Үркүндө калган кыргыздан,
Андан-мындан табайын.
Жамгырчы баатыр кыргыздан,
Олжо кылып калмактар,
Самаркандын сыртына,
Айдап салды деп угам.
Аны менен тилдешип,
Айла кылып сүйлөшүп,
Аны өзүмө алайын.
Катагандын Кошою,
Кайраттуу деп кеп угам.
Калмактардын ичинде,
Айласыз жүрөт деп угам,
Ага да кабар салайын.
Көк-Жайыкта Текечи,
Орозойдун бир уулу,
Буга да кабар салайын.

Жамгырчы, Шыгай бир жерде,
Кошой менен Текечн,
Кошулушса биздерге.
Калканын уулу Көкөтей,
Ташкендин үстү Боз-Белде.
Муну менен тилдешсем,

Бурулбай накул десе эле,
Мен Көңтөйгө тең, келем».
Деп ойлонуп эр Багыш,
«Айттырармын аларга,
Бар сырымды калмакка,
Же кыргыздар айтып коёбу?
Асили кыргыз уулу го,
Айтпасам болбос буларга.
Арада кыргыз чогулсак,
Тендешербиз калмакка».
Нээтинде кылып кеңешил,
Болбой койсо кыргыздар,
Өзү Багыш бармакка.
Акылын бекем токтотуп,
Эр Көңтөйдүн артынан,
Келе жатат аткарып.
Байкап көрсө Көңтөйдү,
Жедигердин элине,
Жетисуунун жерине,
Баруучудай кейпи жок.
Кетүүчүдөй көрүндү,
Көңтөй калмак элине.
Эки жылда барышты,
Багыш ойлоп пейлинде.
Кайтып келди эр Багыш,
Көңтей менен сайышкан,
Жедигер калган жерине.
Багыш качып, Көңтөй кууп,
Баатырлар кетип калганда,
Жедигер алып ортого,
Алтымыш аттуу калмакты,
Ортосуна алганда,
Жедигердин элинде,
Байтеке деген бар эле,
Байтеке анда бабырап,
Жедигерлеп бакырат:
«Урчуктун Кара зоосуна,
Баарын качкын жабыла.
Бадыраңдап калмактар,

Кууп чыгат камына,
Тегерек төрдү өрдөгүн,

Тентип кете көрбөгүн.

Жыйырма бешиң бурулбай,

Белге чыгып баргыла.

Жыйырма бешиң бөлүнүп,

Тегерек төрдүн ичинде,

Жашырынып калгыла.

Жердин уусун билбеген,

Кара нээт калмакты,

Орто жерге алалы,

Ойрон кылып салалы.

Аркасынан Багышты,

Анан издеп баралы.

Сайышып калса Көнтөйгө,

Жабылалы баарыбыз.

Жайланып калса бир жерде,

Жаткандыр таап аларбыз.

Жан аябай элүүбүз,

Жапа тырмак туралы!»

Байтеке сөзүн алышты,

Жедигердин баарысы,

Тегерек төргө качышты.

Тегерек төр дегендин,

Аягы кууш капчыгай.

Баш жагы кеткен үч айрык,

Уч айрык башы биригип,
Эр алдынын бели — дейт.
Андан башка жагына,
Ташта туулуп, ташта өскөн,
Жалама жалтаң ташына,
Кийик басып беттебейт.
Байтеке кебин алышып,
Тегерек төргө барганда,
Айдатып берип аттарын,
Жыйырма беши калышып,
Жыйырма беши салтаң ат айдап,
Жыйырма беши жөнөдү,

Эр алды көздөй жарышып:
«Жедигер качты бурут — деп,
Камап алып аскага,
Жедигерди курут» — деп,
Калмактар барат дуулашып.
Жашырынган жедигер,
Жабышып ташка жатышты.

Алдыккысы кылчайбай,
Белди көздөй качышты.
Белге чыгып белсенип,
Эми калмак келет — деп,
Мылтыктарын белендеп,
Мелтиреп карап калвтшты.
Адыраадап калмактар,
Аңгычакты барышты.
Алтымыш калмак алактап,
«Жедигерди олжого
Алабыз» — деп карактап.
Туу белге жакын келгенде,
Жедигер атты жабыла.
Мылтыктын үнү тарсылдап,
Милтенин баары жалтылдап.
Доолбас үнү карсылдап,
Аты сүйрөп неченин,
Калмактар жүрөт далпылдап.
Ээри өөгүнө* сүйрөлүп,
Тепкилеп аты тырактап.
Жынырма беш мерген жедигер,
Жыйырма бешин лолмады,
Алтымыш калмак балбандан,

Отуз беши тирүү калганы.
Кууп келет жедигер,
Чыга качсаң экен — деп,
Капчыгайдан талаага.
Калдакдап качып келатып,
Капташты эмне балаага.
Жашынып жаткам жедигер,
Шыкаалап мылтык беттешип,
Ким жазса аткан калмактаи,
Өлтүрөлүк шүк дешип.
Аптуу-таптуу дал бута,
Барганда калмак ушунча,
Колун булгап Байтеке,
Жандап калды бир чакта.
МылтыК үнү тарс этти,
Жыйырма беш калмак ал жерде,
Жыгылып аттан "жалп* этти.
Он беши калган калмактан,
Кууп жетти ангыча,
Аркасынап бел жактан.
Ону калган жол тосуп,
Капчыгайдан- жедигер,

Он беши барды бер жактан.
Калмактан он беш ортодо,
Отузу бар жедигер,
Ороп алган ал жерде.
Он бешин тирүү кармады,
Каңгайлатып токмоктоп,
Жылаңайлак айдады.
Багыш, Көңтөй сайышкан,
Жерге булар барганы,
Астынан үтүр эр Багыш,
Калдайып чыга калганы.
Багышты көрүп жедигер,
Арылды ичте арманы.
Аман келип кошулду,
Арка болгон балбаны.
Эр Багышты көргөндө,
Атынан түшүп жүгүрүп,
Жедигер барды сүйүнүп.
Байлоодогу калмактар,
Багышты көрүп баарысы,
Көңтөйүнөн түңүлүп

Качкан Багыш эркелеп,
Калмактарды кармаган,
Айдаган кыргыз эл келип,
Болжошуп койгон немедей,
Эки жагы тең келип.
Учурашып табышып,
Жетисуу көздөй жөнөдү,
Ат коюшуп жарышып.
Жедигердин элине,
Жети суунун жерине,
Алтымыш эр он беш эр
Олжо кылын келди эле,
Аттарын бөлүп эл алды,
Азыраак тынчып эл калды.

**БАГЫШТЫН ТАЖИКТЕР МЕНЕН КАРМАШУУСУ**

Баатыр Багыш алдыртан,

Эр Көнтөйгө баруугa,
Жаны тынбай камданды.
Найза, кылыч, чоюн баш,
Жоого иштетчү жарагы,
Кетелек менен анбалта,

Андан камдап бир канча.
Ок өтпөс олпок, тон камдап,
Ок-дарысын мол камдап,
Жоого минчү аттардын,
Боо-чууларын пышыктап,
Азык камдап, тон камдап,
Атан ылгап, төө камдап,
Күлүктөн ылгап, ат камдап,
Күчтүүдөн тандап, эр камдап,

Күтүнүп жатат эр Багыш,

Бар керегин тең камдап.

Белде жалгыз ойлонгон,

Акылына жетүүгө,

Кошойго мурун баргын — деп,

Байтекени атказат,

Ошол жигит Байтеке,

Толтойго калган чагында,

Кары вазир атанат.

Байтекени эр Багыш,

Жетисуудан узатын,

Жан кишиге туйгузбай,

Алты күндүк бер жакка,

Өзү кошо бир басып.

Жекип ага тапшырат,

Мына мындай деп атып:
«Кара жанды аяшпай,

Карааным мени Байтеке,

Мындан нары бастырып,

Ат-Башыга бар, Теке.
Кошой дөөдөй кыргыздын,
Кыйыны бар ал жерде.
Такыр калмак жер жүзү,
Билинип калба бирөөгө.
Кошой менен көрүшү,
Кол кармашып алган соң,
Менин кебим салгынып.
Жедигердин эр Багыш,
Жиберди сизге мени де.
Көнтөйгө казат кылам — дейт,
Кошулса Кошой келирке.
Өзүң билип, Байтеке,
Болжошуп келгин бир күнгө.
Табышуучу жерибиз,
Таамай бөлсүн кебибиз.
Ачык болсун айыбыз,

Андан жөнөп, Байтеке,
Көк-Жайыкта жай жаткап,
Жылаңач уй, кой баккан,
Текечиге барыңыз.
Анча-мынча кишиге,
Келер алы бар бекем?
Же калмактын калып ичниде,
Кайтарганы кой болуп,
Көргөн күнү тар бекен?
Текечини байкап көр,
Колунда шайы бар болсо,
Козгоп кепти салып көр.
Кой кайтарып, уй багып,
Курсагы тойсо оштонуп,
Антип жүрсө Текечи,
Саласыңбы кеңешти,
Салбайсыңбы кедешти,
Барып көрүп өзүң бил.
Сырдашсаң кангын сырына,
Сырдашпасан. сен ага,
Андан кийин баргының,
Самаркандын сыртыка.
Акылманы кыргыздын,
Алп Жаңгырчы ушунда.
Агасы Шыгай айлында,
Короолош бирге жанында,
Жамгырчы менен сүйлөшөм
Кеп салбагын Шыгайга.
Жамгырчынын кебин ун,
Ташкенге баргын, Байтеке,
Көкөтөйгө жолугуп.
Намыскөй дейт Көкөтөй:
«Атам менин курусун,
Кыргыздан ненак бөлүнүп,
Киринди болуп калмакка,
Казак деп атын койдуруп,
Атам кандай киши?» — дел,
Айткан экен ар кимге.
Көкөтөйдү сурасам,
Ташкендин үстү Боз-Белде,
Эринбей баатыр Байтёке,
Барып келгин бар жерге,
Жарап бергин керекке.

Куда болом дебеймин,
Кызым тургай, уулум жок

Багып ал деп берерге.

Жедигердин элинде,

Аман турсам жеримде,

Он кол жаккы вазирим,

Өзүң болгун, Байтеке.

Жолуң ачык шар болсун,

Бастыр өзүн, жепжеке.

Барамын деген эл болсо,

Бардаш кылган эр болсо,

Ай аркандап, күн болжоп,

Өзүн. билгин сен болсо.

Жоо жарагым камынып,

Белендеп турам мен болсо.

Эрегишкен чоң Көнтөй,

Келбей койбойт элике.

Байкап көрчү, Байтеке,

Жетисуу сыадуу жериңе».

Байтеке менен коштошуп,

«Болсун жолуң, бош!» — дешип,

Багыш кетти шаарына,

Байтеке кетти жолуна.

Бар жарагын белеыдеп,

Ыраакы жолдун камын жеп.

Багыш жатты элинде,

Байтеке бир күн келер — деп.
Жер түйүнү дегенден,
Байтеке, Багыш бөлүнүп,

Кетип бараг тепендеп.
Ат-Башы көздөй ,бет алып,
Эрте жатып, кеч баоып,
Чарчаганда эс алып.
Эрикпей жүрүп Байтеке,
Ат-Башыга ал барын.

Айгыр жалдын түзүндө,
Кошойдун барды элине,
Кырман маалы күзүндө

Алты киши бир жерде,
Алай-дүлөй сапырык,

Жатыптыр кырман сапырып.
Кырмандын түшүп четине,
Байтеке атын чалдырып.

Бир абышка одтурат,

Сакалы чон бапыйып.
Оозу менен башкарып

Үнү чыкса абыщка,

Уландар калат апкаарып.
Бир аксакал киши — деп,
Байтеке турат анкаарып.
Чылбырын аттын сүйрөтүп,
Абышканын жанына,
Байтеке келди байга айтып.
Саламдашып көрүшүп,
Амандашып олтурду:
«Атын, жадап, ээ балам,
Алыскы жерден жүрүүсүн.
Атын, жадап арыктап,
Түн уйкумду бөлүпсүң.

Өңүң жадап кетипсиң.,
Кайсы жактан келесиң?
Биз көргөн элге окшобой,
Башкача сенин мүнөзүң,
Кимде бар сенин жумушуң?
Жолоочудай турушуң,
Ачык дайнын болбосо,
Калмактардан куруйсуң?!
Кыйын болот, жолоочум,
Кыргызга батып турушуң.
Учурашып кетпесең,
Кыйыгына каласын.
Кыйын Кошой улуктун!»
Апкаарытып абышка,
Аламандап сүйлөдү.
Байтеке айтат жаймажай:
«Баатыр Кошой көкжалга,
Учурашар ишим бар.
Кошойго барып келгин — деп,
Жиберген менин кишим бар.
Эл карысы экенсиэ,
Баятан бери байкасам,
Ишиңиз жок бекерсиз.
Каары катуу Кошой — деп,
Даңазасын угабыз.
Жолоочу келсе жаныңа,
Баштап баруу ханыңа,
Карыя, сизге ылайык.
Жедигердин элинен,
Жетисуунун жеринен,
Атайлап Кошой баатырга,
Учураша келем мен».
Жедигермин дегенде,

Абышка анда мындай дейт:
«Тур, жолоочу, ылдам кет!
Жедигерден келднм — деп,
Тамтыраба бокту жеп!
Угуп жүргөн кеп эле,
Жедигердин Багышы,
Королдөйду сойду — деп.
Бака манжу баатырдыы,
Кузгундай көзүн ойду — деп.
Каракалпак маңгыттыи,

Талап төөсүн алды — деп.
Аны менен жөн турбай,
Калабалуу Көңтөйдүн,
Талай төөсүн алды — деп.
Аркасынан төтөлөп,
Көнтөй калмак барды — деп.
Алда кандай болгондур,
Айлына Көңтөй келди — деп.
Камынып жатат деп уктук,
Жедигерди чабам — деп.
Жедигер, кыргыз тууган — доп,
Жөн жүрбөйт кыргыз булар —
Ошондон бери кыргызга,
Жабылып жатат жалаа кеп.
Жедигер келди деп укса,
Калмак кыйнайт биздерди.
Жедигермин дебестеп,
Көтүңдү кысып жөн кетчи!
Барсан. баргын Кошойго,
Батышты карай жөнөсөң.,
Барсан айлын көрөсүң.
Ак-Жар деген жери бар,
Анда айылдын кени бар.
Чоң дөбөдөй үйү бар,
Убара болом дебеймин,
Көзөмелдөп барамын.
Сени менен бир барсам,
Айылдаш бизде калмак көп,
Жан.ылып калып өлөсүң,
Карбаластап бурулбай,
Көрүнгөнгө урунбай,
Күдүвдөп, уулум, кете бер.
Алдыңда мурда кетем мен,
Көзөмөлдөп бара бер.
Сенден мурда мен барам, деп,

Кошойго кабар бир салам.
Тар эмес пейли Кошойдун,
Мунайым өзү эң жумшак.
Жүзү түшсө кишиншг,
Жүзү айылдан аттапат.
Тостурбайт Кошой эшигин,
Тартынбай, балам, түз киргиң,
Кыргыз уулу болгон соң».

Абышкадан кен угун,
Байтеке атка дем уруп.
Жүрүп кетти абышка,
Андан мурда бургутуп.
Абышканын нэзтинде:
Жедигерден келдим"— дейт.
Жедигерби, башкабы,
Кошойго мурда жетейин,
Абалын баян этейин.
Кайгуулга келсе бир жактан,
Кошой берет сыйлыкты,
Кош колдоп алып кетейин.
Жедигер эли чын болсо,
Жеткизип коюп келейин.
Кандай да болсо жат киши,
Кабар айтыш биздики.
Кечкече карап олтуруп,
Эриктим эле кырманда».
Дос болсо сыйын көрмөккө,
Жат болсо кокус ал киши,
Сыр түйүнүн билмекке.
Жулуңдаган абытшка,
Жулкунуп жөнөй берди эле.
Аркасынан Байтеке,
Карамалап желди эле.
Эрчише чаап караандаш,
Айылга жети келди эле.
Кадырман экен абышка,
Кадыры өткөн далайга.
Эшикте экен эр Кошой,
Алдырды атын малайга.
Арсандап күлүп абышка,
Кармаша кетчү немедей,
Кошойдун барды жанына.
«Ашыгып келдим алдыңа,
Кырманым калды талаада.
Жедигерден келдим — дейт,

Аты жарап жол баскан,
Бир киши келди айылга.
Көрүшөмүн сага — дейт,
Кабарып айтып, эр Кошой,
Анүчүн келдим мен мында.
Тетиги, жалгыз атчан келе аткан,

Жедигерлик киши ал.
Кайгуулга келип бир жактан,
Капташып мага калдыбы?»
Деп абышка турганда,
Бантеке жетип барганы.
Жигиттер даяр эшикте,
Алып атын байлады.
Камчысын кыетап куруна,
Эки колу боорунда.
Салам айтып Байтеке,
Акырын басып барганы.
Алик алды эр Кошой,
Кылчапып артын карабай,
Кирип кетти үйүнө.
Бекер айткан абышка,
Бейчеки киши кирчү эмес,
Эр Кошойдун үстүнө.
Желдеттери Кошойдун,
Желмогуз кара балаадай.
Байтекепи жүргүн — деп,
Дегдендете бастырып,
Байтекени апарып,
Башка бир үйгө жаткырып,
Артык сыйлап күтүшүп.
Айбаттанын желдеттер,
Жалгыз ооз жайын сурабай,
Жаңы жылкы этинен,
Жакшынакай беришип.
Каадасынча кыргыздын,
Төшөктү салып керилтип.
Эрте менен тургузуп,
Хан Кошойдун үстүгө
Алып кирди ээрчитип.
Киргизип коюп жнгиттер,
Кайра чыгып кеткени.
Тартынбаган Байтеке,
Тартынбай кепке түштү эми.
Багыштын айткан кептерин,
Баарысын айтып бүттү эми.

Унчукпай Кошой олтуруп,
Аңгычакты ашпоздор,
Чай-чамегин келтирди,
Даеторконго толтуруп.

Тамагын Кошой жай ичип,
Байтеке менен бирге ичип.
Сапырма ичип тердешип,
Муздаткан казы, жал жешип.
Мурутун сылап эр Кошой:
«Кана, балам Байтеке,
Сен кирсең менин кебиме,
Убара болбой башкага,
Кайтып баргын жериңе!
Кет — деди, Кошой, келдим — деп,
Айтып баргын элиңе.
Теңдеше бериш жакшы эмес,
Беймаал күнү тентекке.
Азырынча калмактар,
Артып барат ар жерде.
Кыргыздын уулу кор болду,
Кызталак калмак бар жерде.
Калмак Көңтөй аттанып,
Барар болсо силерге,
Биз жакынбыз Көңтөйгө,
Билебиз кабар тегеле.
Үйүмө барып кол салыш,
Куралган элге чоң, жумуш.
Калмак Көңтөй аттанса,
Кыргыздын урат арбагы,
Анда Кошой сактанса.
Кабар кылам Багышка
Камчы таштам алдында.
Мен даярмын ал күнү,
Багыштан мурда барууга.
Жамгырчы менен Шыгайга,
Тилимди алын сен барба!
Барганың менен алардан,
Табылбайт сага эч чара.
Чет жакта болуп Самаркан,
Шеги көп калмак аякта.
Олжого берген калмактар,
Жамгырчы менен Шыгайды,
Эштек деген бир байга.
Сен убара болбогуң,
Мен тилдешем* аларга.

Кой кайтарып, уй баккан,
Текечиден айла жок.

Ат арыктап, эр чарчап,
Андан чыгар пайда жок.
Көкөтөйгө баргандан,
Барбаганын жакшыраак.
Кайнаган калмак ичинде,
Бир тууганы Кызалак.
Барган менен Көкөтөй,
Ат бастырып баралбайт.
Хан Көкөтөй — деп,— коёт,
Бир киши тилин алалбайт.
Тил албайт —деп,— таштабай,
Мен коёюн кабарлап.
Камынса Көдтөй бул жактан,
Мен берем кабар алдыртан.
Сени менен эр Көнтөй
Багышка бирге барам — деп,
Бирге жатып, бирге барам.
Аз барбаймыи көп барам,
Отуз санча кол барам.
Айтып баргын Багышка,
Ушул менин убадам.
Үстүнө келип алам — деп,
Ойлогонуң убаран.
Унутуп калба, Байтеке,
Жана бир кеп мен айтам.
Жетисуу барып калмактар,
Жеңилсе Көнтөй биз жактан,
Тартынбастан Нарынга,
Түз келебиз ал жактан.
Өзү эле чыгат ал күнү,
Жамгырчы, Шыгай, Көкөтөй,
Ара жерден Текечи,
Кол курашып аркадан.
Баса келсең бул жерге,
Көңтөй менен кектешип.
Нарындан чыгат Алооке,
Сары-Аркадан Шоорук кан,
Ортосунда калганда,
Ошондо кетет чын айлаң.
Өзү барса калмактар,
Жанаша Кошой кетти — деп,
Козголбой жатат калгандар.
Көңтөйдү алып ал жактан,

Жаралуу болгон эр калса,
Жамбашы сынган ага калса,
Андан калган эр бүлө,
Кошой менен Багыштан,
Бири калбай атганса.
Карбаластап калгандар,
Өз алдына камданса.
Колуна тиет кыргыздын,
Көгөйдүң, Нарын, Сары-Арка,
Кошой берген акыл — деп,
Койбой айткын Багышка.
Жана бир сөз айта бар,
Кыргыздан Манас туулат — деп.
Бооз катынды калмактар,
Койдой кардын жардыргак.
Нарындын сазы Курткага,
Беш алты сары кыркылган.
Биле албаймын атасын.
Алтайдагы кыргыздан,
Туулду Манас — деп угам!
Укканым ырас, чын болсо,
Ондорго чыкты болжолу.
Катыша кетип калмакка,
Туулат Манас деп корккон,
Каргаша кылып койбойлу,
Өзү аттанып калмактар,
Жедигерге баргынча.
Былк этпей жатып алалы,
Үч жылгача калмактар,
Жедигерге барбаса,
Байкасын Багыш курдашым,
Манастын ошол кабарын».
Байтекени эр Кошой,
Сексен күнү өргүтүп,
Куш жанылып сөөрүтүп.
Ат-Башынын жери сырт,
Бештин айы* дегенде,
Кылчылдаган суук болот.
Жалган куран* дегенде,
Жакшынакай жаз болот.
Төрт ай жүзү болгондо,
Суук чыгып жок болот.
Байтекени эр Кошой,

Багып жүрүп, кыш чыгып,
Жаздын күнү жөнөттү,

Күн жылымдап узарып,
Сууктун мизи жанганда.
Ат-Башыдан Байтеке,
Жетисууга барганда,
Кошойдон кайра келдим — деп,
Баары кебиң салганда.
«Келеби, Кошой, ырас?» — деп,
Бир сурады эр Багыш.
«Көңтөй келсе жерине,
Кошо келет эр Кошой.
Убадасы ошондой,
Камчы таштам алдында,
Кабар болот Кошойдон.
Кошуун жыйнап, кол алып,
Азыкты төөгө артабыз.
Барып келип Байтеке,
Багыш Кошой эки дөө,
Араңарга силердин,
Калпты кантип айтабыз»,
Деп Байтеке токтолду.
Кошойдун кебин акыл — деп,
Күүлдөгөн эр Багыш,
Көңтөйгө барбас болгону.
Барбай Багыш токтолду,
Эми Көңтөй не болду.
Жатпады Көңтөй ардыгып,
Жедигерди чабам — деп,
Бир жарым жыл камынып.
Жоо жарагын бүтүрүп,
Колун жыйнап күтүнүп,
Даяр болуп иш бүтүп.
Он эки миң кол менен,
Жетисуу бармак ал Көңтөй,
Жедигерди тепсетип.
Үч айдан кийин барам —деп,
Жедигерди чабам —деп.
Кылычтарын чарктатып,
Кылаптай болуп турганда,
Жакыптын уулу Чоң жинди,
Чоң жннди атын жоё элек,
Манас атка коно элек.

Жашы он бирге толгон кез,
Кайраты жаштан болгон тез,
1аап алып Көңтөйдү.
Ачынып Көңтөй эрине,

Шооруук барат тебелей,
Дүңгүрөп жердин бетине.

Маалым болот ушул кеп,
Убадалуу сөз алган,
Урматтуу элге Кошой дөө.
Бар болгон кепти баяндап,
Багышка айтып жиберет.
Шоорукту чаап кайтканда,
Багыштын кылган иштерин,
Манаска Кошой айтканда.
Абалтан бери карата,
Ак пейил Багыш жакшы — деп,
Бастырын Манас барбады.
Көрбөй туруп бир бирин,
Ызатташып сыйлашты.
Дүйшөмбүнүн шаарында,
Өнкөй тажик туручу.
Болот деген улугу,
Ары баатыр, ары улук,
Болоттуи жайын менден ук.
Мисирел Болот жаталбай,
Дөөлөтү тепти оолугуп.
Үйүндө жатып ойлонул,
Тактасында толгонуп:
«Калмакка Көатөй, Алооке,
Жүрүүчү эле жол коюп.
Кыргыздан Манас эр чыгып,
Алооке, Көңтөй, Шоорукту,
Баарысын койду жоготуп.
Жедигердин Багышы,
Мен да кыргыз уулу — деп,
Өзүнчө барат зороюп.
Кимди талап, кимди алса,
Эрки болду ошонун.
Королдой, Бака баатырды,
Катар сайып бир а.чды.
Каракалпак, мангыттын
Канча катар чиркеген,

Төөлөрүн тартып бир алды.
Кара калмак байларын,
Ханы Көңтөй баштаган,
Үч миң төөсүн бул Багыш,
Ооз от болбой жеп алды.
Манаска барып катышып,
Колдон келер көрүнбөйт,

Жедигердин Багышын,
Жыпжылма талап алсамбы?
Жылас кылып салсамбы?
Алым келбей баратса,
Бадакшандык тажикте,
Байтур баатыр эр эле,
Ага кабар салсамбы?
Анын колун алсаңбы?
Андан кийин Багышка,
Карчалышып калсамбы?
Болот атым болгон соң,
Мурда өзүм барайын,
Бир беттешип багайын.
Жөнөрүмдү Багышка,
Кабардар бол менден — деп,
Байтурга кабар салайын».
Деп ойлонуп эр Болот,
Дүйшөмбү барлык журтунан,
Кошуун жыйды, кол топтоп.
Коломолуу кол жыйды,
Аз жынбады, мол жыйды.
Алты миң аскер топтоду,
Үстүнө олпок жамынды,
Кем-керчи жок камынды.
Төөлөргө жүктөп ок алды,
Ок-дарысын мол алды.
Азык-түлүк камдады,
Алты минди жамдады.
Жеддирем деп ойлобойт,
Жедигердив эр Багыш,
Жеңемин — деп барганы,
Аламын — деп барганы.
Арбын кошуун колу бар,
Калган элден кырдуусуп,
Үстүндө Болот зору бар.
Жетисуу келди тажиктер,

Ылдамдап жүрүп кечикпей.
Тажиктин колу барган жер,
Терс-Агындын өзөнү.
Түшүрдү колуң эр Болот,
«Жедигердеы кызыл кан,
Куюлсун деп шорголоп.
Карааным көрсө жедигер,
Үйунен чыкпайт корголоп»,
Деп ойлонот эр Болот.

Ылайыксыз иш кылды,
Эл четине келгенде,
Талап жеп малын түз кылды.
Жедигердин элинен,
Жеп кетти канча миң малды.
Малын союп, үй талап,
Терс-Агындан бир киши,
Үйүнөн карыш жылдырбайт,
Үй оокатын кылдырбайт.
Кабары жок ал жактан,
Багыш аны түк туйбайт.
Терс-Агындын элинде,
Он беш жашта бир сулуу,
Тажик Болот алам — деп,
Зордук кылып ошону,
Кыздын жашы он талаа,
Ыйлаганын сен кара!
Кыздын аты Карачач,
Карачачка сүйлөшүп,
Сырдашып жүргөн бир бала.
Баланын аты Байтоко,
Карачачтын көңүлү,
Жүрүчү эле ошондо.
Байтоко менен Карачач,
Короолош айыл канатташ.
Басса, турса тиктешип,
Башынан булар талапташ.
Көзүнүн жашы миң талаа,
Көшүп ыйлап Карачач,
Айласын таппай турганда,
Байтоко кетип баратат,
Шанк этип күлдү Карачач,
Байтокону бир карап.
Карачач үнү чыкканда,

Жез комуздай шыңк эткен,
Кыздын үнүн укканда,
Карап калды Байтоко.
Тирмейе тиктеп жалдырап,
Белги берди Карачач,
Кабакты көздөй кол булгап.
Өлөмүн деп карабай,
Өлүмдү жакын санабай.
Байтоко барат алдырап,
Жымың этип кыз күлсө,
Жылдыздан бетер кымыңдап.

Өзөгү күйүп өрттөнүп,
Тер кетип бойдон жымылдап.
Мандайлаша калганда,
Байтоконун Карачач
Колтугуна кыналып,
Орой белден кучактап:
«Карааның көрсөм көөнүм ток
Тамак менен керим жок,
Жүрүчү элем, Байтоко.
Тартууга бормек болуптур,
Карачачты Болотко.
Кардыма канжар саламын,
Ажырап сенден, Байтоко,
Кошулганча ошого.
Сүйкумдүү нурлуу бетинден,
Ажырашып кетейин,
Бир өөп алып, Байтоко.
Кабарсыз Багыш эр калды,
Терс-Агынды бастырбай,
Тажиктин эли курчады!»
Деп Карачач муңканды,
Алая тиктеп сумсайды.
Угуп туруп Байтоко,
Үшкүрүнүп муңайды:
«Тилимди алсад, Карачач,
Болотко барбай сен өлсөң,
Ажырап сенден калгынча,
Тирүү жүрбөй мен өлсөм!
Сен экөөбүз тең өлсөк,
Ким көрөт жалган жыргалын?
Аа көрөкчө, Карачач,
Багышка качып баралы.

Терс-Агындын жедигер,
Куткарып андан алалы.
Түн ичинде качалы,
Арсайган тоону ашалы».
Макулга макул калышты,
Убада кылып алышты,
Эр Багышка барышты.
Кылчайып артын карабай,
Кара тоону аралап,
Жолго кирди кадуулап.
«Карачач бүгүн келет» -
Болот жатат көөнү жай.
Байтоко менен Карачач,

Будурмак тоону аралап,
Санаты беш күн жол басты,
Азыгы жок каңгырап.
Тамчылап аккап суу да жок,
Тили батпай оозуна,
Салаңдап чыгып калганда,
Биринин тилин бири аарчып,
Оозуна салып сорушат.
Көңүлү сүйгөн жаштарың,
Тилинен соруп алышса,
Бир күндүк суусун болушат.
Акыры кумга кез болуп,
Ажал өлүм жеткенсип,
Тилдери карыш чубалып,
Каршы-терши жарылып.
Нымы жок кургак калганда,
Колтукка башын коюшат.
Колтуктан жыттап алышат,
Кубаты менен ошопун,
Бир күндүк жерге барышат.
Эси кетип Байтоко,
Эндиреп бир күн жыгылды.
Карачачтын башына,
Келтирди дүйнө кылымды.
Байтоко башын Карачач,
Тизеге коюп кучактап,
Нымы жок дене кургаган,
Көздөн чыкпайт тамчы жаш.
Жан үзүп кетет экен — деп,
Карачач сулуу алдырап,

Чечекейин чеккени.
Карегинен мөлтүр суу,
Байтоконун оозуна,
Жым этип агып кетти эми.
Байкап турса Карачач,
Байтоко ирмеп кылт деди.
Ого бетер Байтоко
Өңгөчүн тартып шылк деди.
Кетенчиктеп Карачач,
Кендиргелеп жыгылды.
Чечекендпн татты суу,
Тамагын кетти жибитип.
Эсине келди Байтоко,
Көзүн ачып мунетип.
Бутун тартып, кол серпип,

Көчүктөп өөдө болгондо,
Эсине келип Байтоко,
Бурулуп артын караса,
Карачач жатат суналып.
Караса көзү оюлган,
«Менин эсим оогондо
Чечекейин Карачач,
Берген экен мага» — деп,
Колун салып койнуна,
Колтугун байкап караса,
Анда-саида сокконсуйт,
«Эс алар бекен курбум — деп,
Конор бекен колума,
Кайрылып мага тунжур»—деп,
Бир көзүн чукуп жиберди.
Оозуна сууну тамызды,
Чечекейин агызды.
Карачач туруп эс алып,
Байтоко көзүн көргөндө:
«Тирүүлүгүм бекер! —деп,
Тирүүлөй туруп Токомдуы,
Чечекейин жесем!» — деп,
Бирин бири карашып,
Кеп айтышар алы жок,
Тилдери жерге чубалып,
Өңдөрү кетип кубарып,
Ошентишип олтурду.
Мурунку күнү эр Багыш,

Айылдан чыгып аттанып,
Учурап калды түлкүгө,
Кум четинде келатып.
«Кызыталак куу түлкү,
Карылардан уккамын,
Болот жолго каршы — деп,
Суркийик менен кубалап,
Качырбай кармап алайын.
Карматпай кетсе жоголуп,
Ууга барбай жанайын».
Деп ойлонуп эр Багыш,
Кууп кирди түлкүнү.
Түлкү качып булактап,
Андан-мындан көрүнүп,
Кетип барат кылактап.
Ашыра кууп үч кырды,
Чаап алып түлкүнү,

Канжыгага байланып,
Келе жатса эр Багыш,
Кууραган кумдун бетинде,
Жаркын чыгат нурланып.
«Алда эмне сонун» — деп,
Жеңил барса бурулуп,
Бир уул, бир кыз жатыптыр,
Ачылып көзү жумулуп.
«Заманымда Багыштын,
Ачкадан жатыш талаада,
Кандай кеп?» — деп эр Багыш,
Абдан калды кайгыга.
Атайын келип караса,
Экөөнүн бирден көзү жок.
Ысык кумда жатса да,
Олоюп көзү турса да,
Алиги жаткан сулуунун,
Айдай бети нурланат.
Ак, сарысы, кызылы
Айра жакшы таанылбай,
Алда нече бууланат.
Аттан түшүп эр Багыш,
Чаначын чечип колго алып,
Көптү көрүп, уккан кеп,
Болот ушул дары — деп,
Түлкүнүн жүрөк канынан,

Ооздоруна тамызды.
Арбын бербей, аз берди,
Бирден ирмеп кылт деди,
Баштары такыр шылк деди.
Чай кайнатым болгондо,
Көз ачып, кирпик ирмелди.
Андан кийин эр Багыш,
Жандарын карап аңтарып,
Гүлгаакынын гүлүнөн,
Кызыл гүлдүн суусунан,
Ооздоруна тамызып,
Гүлкаакы гүлүн жыттатып,
Олтурду карап бир далай.
Эсине келип экөө тең,
Тик турганга жарады,
Бирин бири карады.
Тамак берип эс алып,
Учкаштырып экөөнү,
Сурабастан ал жайын,

Ордосуна алпарды.
Эл жатарда Байтоко,
Кеп айтканга жарады.
Салаңдаган кызыл тил,
Мурдакыдай жыйналды.
Бажыраңдап бечара,
Башынан кебин салганы:
«Мен жедигер уругу,
Баатыр Багыш төрөбүз,
Байкап уккун сен муну.
Жети суунун бири эле,
Терс-Агындын өзөнү.
Жер жайнаган кол келди,
Болот деген зор келди,
Терс-Агынга бир күнү.
Элдин баарын камады,
Аралап суук кол малына,
Далайын союп жеп алды.
Өлүү мүлктү булады,
Өткөрө сонун үптү алды.
Акырында койбостон,
Айнектей сулуу кызды алды.
Бирге келген Карачач,
Экөөбүз бирге айылдаш.

Тиймек болуп Карачач,
Күйөө болуп мен алмак.
Бирок ойго жеткирбей,
Тажик Болот алам — деп,
Кандуу колун саларда,
Азык албай ашыгып,
Сизге кабар айтмакка,
Биз чыкканбыз шашылып.
Ысык кумга жолуктук,
Табалбай жолду биз азып.
Эс оогондон суу таппай,
Мен көзүмдү аа бердим,
Ал карегин маа берди.
Өлөт элек экөөбүз,
Сиз учурап өлбөдүк.
Билгенкбиз ушул» — деп,
Байтоко турду муну айтып.
Кечиндесн кой союп,
Семизден ылгап, бээ союп.
Байтоко менен Карачач,
Ал экөөнү бир кошуп.

Ээрчишип барган уул-кызга,
Хан ордодо той болуп.
Эрте менен болгондо,
Казыналык аскерди,
Багыш айдап колбутуп.
Терс-Агынга бет алын,
Жөнөдү жерди солкутуп.
Муну коё туралык,
Болоттон кепти угалык.
Келет деген кечинде,
Карачач качан келет — деп,
Болоттун турат эсинде.
Карачач келбей калганда,
Каарданып Болот айкырып,
Жигиттерин чакырып.
Алып кел Карачачты — деп,
Эки жигит чаптырып.
Эки жигит айылга,
Кирип келди ашыгып:
«Карачач кана, жүрсүн?! — деп,
Болотту кантип алдайсың?
Эмгичекти кызыңды,

Эмине үчүн, жедигер,
Алпарып бере албайсың?!
Бол, жүрсүн!» — деп шаштырып,
Жигиттер турду демитип.
Карачачтын атасы,
Качан өлгөн, өлүптүр.
Куруп калган энесин,
Кызыңды кайда каттың— деп,
Камчылап жонун бөлүптүр.
Каш кайтарган киши жок,
Элебей* калган жедигер,
Качкан кыз менен иши жок.
Карбаластап кыз таппай,
Байтокону жоктошуп,
Кылган экен бизге — деп,
Айылдын баары боздошуп.
Таң аткынча уктатпай,
Жигиттер айдайт топтотуп.
Жечүдөй Болот күүлөнүп,
Баарысына сүйлөнүп:
«Качырып кызын жедигер,
Багышына жиберип,
Байтоко деген ким эле?

Калп айтасың тим эле!»
Болот турду баш булгап,
Баары элди алып жемеге.
Арадан өттү он бир күн,
Аскери анын уктабай,
Айылды курчап кайтарып,
Бастырып турат күнү-түн.
Тополон, болуп айылга,
Толгон эл калды кайгыда.
Ээ кылбады тажиктер,
Ат, төөсү тургай аларды,
Өзүнүн кара жанына.
Эндиреп элдер турганда,
Ай тийбеген каращгы,
Оор эл жатар маалда.
Кернейдин үнү чуркурап,
Доолбас үнү карсылдап,
Мылтык унү тарсылдап,
Баш аламан бакырык,
Ким экени билгисиз,

Ызы-чуу түшүп үн чыгат.
Жер титиреп жарылып,
Ач кыйкырыж жаңырат.
Терс-Агынга келгенде,
Элине Багыш муну айткан:
«Мылтык атып, тарс коюп,
Доолбасты карс коюп,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Сала баргын» — деп айткан.
Ач кыйкырык чыкканда,
Мылтыктын үнүн укканда,
Кымыз ичип, мас болуп,
Түштүгүнө кой союп,
Күндүгүнө бээ союп,
Кучагында жаштардын,
Бирден келин бар болуп.
Кызарып жаткан тажиктер,
Чапаны кайсы табалбай,
Бутун оңдоп кире албай,
Өтүгү менен байпагын,
Айра таанып биле албай,
Айласы кетип тажиктер,
Алапайы куурулат,
Бакырык баштап жедигер,
Тун ичинде барганда,

Кудай жүзүн нары кыл,
Ай караңгы түнүндө,
Тополоң түшүп калганда.
Тажиктин алы калбады,
Мурдагыдай жылдырбай,
Жедигер элин кармарга.
Кыйкырык чыгат, үн чыгат,
Айбаты катуу сур чыгат.
Ким экенин биле албай,
Терс-Айрыктын элдери,
Жедигер калды сарсанга.
Жедигердин элдери,
Түн ичинде келген жоо,
Ким экенин билбеди.
Тажик келип канча күн,
Тебеледи бул элди.
Түн ичинде дүпдүрөң,
Айыл ичи толгоно,

Эмне экенин биле албай,
Элдер муну ойлоду:
«Алда кайдан жоо келди?
Кыстаган белем канча улук,
Бөлүп алып кетүүгө,
Жедигер деген бул элди.
Же Байдын уулу чоң Багыш,
Катышпай коюп башкага,
Кадимкидей жүрбөдү!
Каракалпак, мангыттан,
Катарлаган төө алды,
Каршылыкка ал калды.
Калмак менен манжууну,
Катары менен чаап алды.
Калмактан Кеатөй келгенде,
Өлө жаздап аз калды.
Бейкут жатып жырга —деп,
Аскер алды балдарды.
Жатып алды шааргa,
Бу доңуз кимди кайтарды?!
Тажиктерге тегеле,
Тийишкендей болбоду.
Тепсеп жатса тажиктер,
Келген душман ким болду?
Кокустан Багыш бейтуюк,
Келип калса бул жерге,
Кабар берип жедигер,

Келди деп Ёагыш эрйнер,
Кекерлеп тажик жүрбөсүн.
Сууруп Багыш алгынча,
Суудай канды агызып,
Союп тажик жебесин!»
Деп жедигер чогулуп,
Бар дүйнөсүн таштады.
Токсондон аша жашаган,
Абышка, кемпир, чалдардан,
Бешиктеки балдардан,
Кара баштан калтырбай,
Баспаганын көтөрүп,
Баса алганын жетелеп,
Баарысы ташка жөлөндү.
Терс-Агындан калган суу,
Тегеле муну көрбөдү.

Караңгыда калдаадап,
Катын, бала алдырап,
Карыган чалдар калтырап.
Бешикте балдар ыйлап чыркырап,
Карысы жок, бала жок,
Эрди-катын салтаңдар,
Көксө болгон чалдарга,
Көп баласы барларга,
Көзүн салын карашып,
Боорукер эл жедигер,
Калтырбай алып кетишти.
Тан, аткынча жедигер,
Оттоктон өтүп кетишти,
Арсайган тоого жетишти.
Аска-аска жылгага,
Имерилиш буруугa,
Илбесин баспас курбуга,
Эптеп булар бекинди.
Түн ичинде жол басып,
Күндүз ташты жазданып,
Келтирди жана бешимди.
Эми Багыштан баштап кетейин,
Баштагыдай кебимди.
Тан агарып атканда,
Жердин бетин күн чалып,
Тоо бөксөлөп жатканда,
Багыш айтат баарына:
«Тегеле киши көрүнбөйт,
Тээ бадырайган айылда,

Вайтоко менен Карачач,
Качып бизге барганда,
Жедигердң тажиктер,
Баарын кырып салганбы?
Кырганбы деп ойлосом,
Кыргын болсо кай жерде.
Жору, кузгун чогулуп,
Болучу эле ал жерде.
Жору, кузгун көрүнбөйт,
Качып кетип калганбы?
Түндө келип бул жерге,
Кыйкырык салып, ок атын,
Доолбас кагып, чуу салып,
Дурбөлөн болгон мезгилде.

Эстүүсү акыл тапкан бейм,
Эптеп тоого качкан бейм.
Эсирет эле жедигер,
Эмгекти мыктап тарткан бейм.
Уруш болбойт, эр өлбөй,
Эки жактан тең өлбөй.
Жерди сактап калбайбыз,
Эрегишип көгөрбөй.
Сынаакы бизге Терс-Агын,
Көзүн. көрүп турасың.
Көк ала чап тараша,
Күнгөй жагын карагын.
Тескейи жазы тоосу ыраак,
Тескей жагын тосоттоп,
Атышып кирсек ал кандай?
Өккөй тажик эл болсо,
Өлүшөлү жазганбай.
Жедигерлеп чуу салып,
Ач кыйкырык салалы.
Чатка камап тажикти,
Тескейин тосуп алалы.
Тажикти теги бастырбай,
Тегеректеп калалы,
Чоң түйшүктү кылалы.
Өлбөй тирүү жедигер,
Аралап чыкса тоолорго,
Жашынып жатса коолордо,
Жедигер сени тааныса,
Алар туруп алабы?
Таш кулатып үстүнөн,
Такыр келер жабылып.

Азабы болсо тажикти,
Ажыздатып салалы.
Кутуруп жаткан тажикти,
Үч күнгөчө алалы.
Аяк асты кылгындай,
Терс-Агында буларды,
Жедигер эли не кылды?
Күч келбесе башына,
Байтоко менен Карачач,
Ушундан бизге барабы?
Бастырбай камап элиңди,
Келтирген белем бар кегин.

Турбагыла, балдар!» — деп,
Туйгун Багыш муну айтты. —
«Турбагыла, аскерим,
Силерге айтар бир кебим.
Мылтыкчапын, бир бөлүн,
Жаа тартканың бир бөлүн.
Чокморлуун. бөлүн бир четке,
Найзалууң бөлүн бир четке!»
Деп кыйкырын эр Багыш,
Алдындагы аскерин,
Төртке бөлүп дагы айтты:
«Жаа тартканың, мылтыкчан,
Тескейди карай бет алгын.
Найза саяр, чокморчуң,
Аралашып бөлүнгүн.
Терс-Агындын өзүнөн,
Эки бөлөк тосуп кал!
Мсн абайлап байкап турайын,
Тажиктен Болот көрүнсө,
Качырып найза урайын.
Баш-аягын өзөндүн,
Тескей бети үч бөлүм,
Таяр болгон мезгилде,
Мен байракты булгаймын.
Найзакерлер, чокморчон,
Былк этпей тургун сен болсоң.
Мылтык аткан, жаа тарткан,
Жакыңды аяп тажиктен,
Жалтангансып  сен калсаң,
Жанынды алам тирүүлөй.
Жалпы баарың угуп кал,
Мылтыкчы, жаачы уруш сал!
Чокморчу менен найзачы,

Жедигерлеп үй басмай,
Жан аябай киришип,
Жалпы баарын. ураан сал!
Чыдай албай тажиктер,
Өзөн ылдый куюлса,
Найзачы менен чокморчу,
Кетирбегин жалгыз жан.
Өргө качса жөлөнүп,
Иайзачы менен чокморчу,
Лябагын көгөрүп.

Белден ашса жалгыз жан,
Өлсө дагы Багышың,
Белге беттеп келгенин,
Кетиремин намысын!»
Түргө бөлүп үч жерге,
Өзү чыкты эр Багыш,
Дүрбөлөңдүн туу белге.
Бир тобу калды былк этпей,
Бир тобу кетти чыңк ылдый.
Мылтыкчы, жаачы тескейлеп,
Тегеректеп барышты.
Жан аябай жедигер,
Жалтанбастан тажикте,
Барсылдакка алышты.
Мылтыктын үнү тарсылдап,
Жебенин огу зыркырап.
Чокмору менен найзачы,
Жедигерлеп чуркурап.
Терс-Агындын ичинде,
Тоо жаңырган ызы-чуу,
Кандар агып кызыл суу.
Мылтыктан түтүн тумандап,
Козголуп жерлер токтобой,
Жарылган тоодон таш кулап.
Суу аккан жери корум таш,
Күүлөнүп суулар оргуштап.
Түтүн менен топурак,
Көктү карай созулат.
Түндөсү ташка бекинген,
Жедигер эли тыңшаса,
Жедигерлеп үн чыгат.
«Баитоко менен Карачач,
Байкуштар качып барган бейим
Баатыр Багыш кол баштап,
Басып жоону алган бейим.

Жедигер качып кетсин —деп,
Түндөгү чууну салган бейим.
Үч бөлүптүр кошуупун,
Бир бөлүгү тосуптур,
Терс-Агындыи куюшун.
Бир тобу тосуп алкымды,
Куткарсам деп калкымды,
Өзү белде калган бейим.

Мылтыкчы, жаачы мергенди,
Тескей бетке салган бейим.
Тажиктер бери сыйлыкса,
Тарашалуу көк чапка,
Биздер мылтык аталы.
Койдой болгон корумдан,
Күдүрөтүп кулатып,
Үстүнөн тосуп калалы!»
Деп сүйлөшүп качкандар,
Камынды булар жөн жатпай.
Эми кете берем мен кантип,
Тажиктен бир аз сөз айтпай.
Түн ичинде  чуу чыгып,
Мылтык үнү тарсылдап,
Доолбас үнү карсылдап.
Баш аламан болгондо,
Болот айткан ошондо:
«Тажиктин эли чогулуп,
Туруп берип өлбөгөн,
Байланып алган олжоңо,
Башыңа балаа салбагын.
Теңиң калгын бул жерде,
Теңиң баргын тескейге.
Сынаакы жер Терс-Агын,
Жедигердин элинен,
Мен барайын туу белге.
Көрдүңөрбү, тажиктер,
Багыштын кылган амалын.
Жедигер наамын чыгарбай,
Түнүндө чуулган салганын!
Кырып таштайттажик — деп,
Жедигер качып кетсин — деп,
Белгилүү турган бул бир кеп:
Терс-Агыңдын өзөнүн,
Өз көзүмдөн өткөрдүм.
Күңгейүндө жолу жок,
Тескейдин жоон адырга,

Теңиң чыгып баргыла,
Көрүнбөстөн жаткыла.
Бул жерде калган элиңе,
Беттешип келип кол салса,
Лркадан мылтык аткыла,
Тегеректеп чапкыла».

Болот баатыр тажикти,
Эки бөлүм таратып,
Өзү белге жөнөдү,
Минген атын жалантып,
Учурап калды Багышка,
Белге кетип баратып.
Тескейдин алкым тарабын,
Тосуп калган тажиктер,
Жедигерге ок атып.
Желмогуздай шум уруш,
Кыйын болду бу жумуш.
Тажик менен жедигер,
Аралашып кетишти.
Тартынбай кирип урушка,
Белчеден канды кечишти.
Мылтыкчы, жаачы баарысы
Найза, чокмор алгандар,
Аралаша калышып,
Эрегишип эрендер,
Эрдемсинген нечендер,
Найза менен сайышып,
Чокмор менен чабышып,
Балталарын кагышып,
Баш аламан  салышып.
Жарагы түшүп калгандар,
Камчы менен коюшуп,
Жакаларын чоюшуп.
Союлдар сынып тараша,
Оодарышып жанаша,
Сонун уруш караса.
Жедигер менен тажиктер,
Теминишип атканда,
Багыш менен Болоттун,
Бар жумушу тамаша.
Белди беттеп экөө тең,
Белсенишип келайтып,
Учурашты талаада.
Той бергенде калмактар,
Бадамдын башкы сазында,

Көрүшкөн бала чагында.
Белде булар беттешип,
Душмандашын кектешип.
Сөзгө келбей сундуруп,

Найзаларын алышып,
Кой талашкан кочкордой,
Кокусунан салышып.
Эрлигин эч ким көргөн жок,
Аскерлер жатат урушуп.
Чокморлошул, атып топ,
Болот, Багыш беттешип,
Бирин бири жиктешип.
Өлөр жери кайсы — деп,
Сапар жагын тиктешип.
Салты башка эр Багыш,
Машы чыккан  Багыштын,
Андан нечен эр сайыгт.
Капырай, капдай күн болду,
Салгылашкан экөөнө,
Сайышканга чыдабай,
Жарактын көбү жок болду.
Балакет Болот оштонуп,
Темирден найза койкоптуп,
Теминип кирди Багышка,
Жан алгычка окшонуп.
Багыштан башка эр болсо,
Турар эмес токтонуп.
Миыген атын түйүлтүп,
Багыты жандан түнүлтүп.
Найзасынын учунан,
Жалындаган от күйүп.
Жагалданып чок тажик,
Жап аябай качырып.
Качыргапда Багышты,
Жамбашка найза батырып.
Муштап өтө бергенде,
Эки кабат темир тон,
Чыдаштык бербей чытырап,
Жарылып кетти быдырап.
Өтө берди чоң, Болот,
Жайкы күндөй зымырап.
Найза тийген Багыштын,
Жамбашынан кан агып,
Кончуна кирди жымылдап.
Мынчалык жара канча — деп

Оодарат мени бул тажик,
Эми кайта сайса — деп.

Жарасына карабай,
Чымын жанын аябай,
Чычаладай кызыл көз,
Чымырканып эр Багыш,
Качырып кирди тура албай.
Тажик Болот бараткан,
Атынын оозун бура албай.
Нөөмөтү келди мунун — деп,
Кулатайын кулду — деп,
Четинде кылган найзаны,
Чендеп кармап имерип,
Теректей болгон Болотту,
Бейрөккө найза жиберип.
Кыйырдан келип муштады,
Олпок, соот кийимин,
Катарынан баарысын,
Тешип өтүп курч найза,
Ичегиге жетпеди.
Сары чел, ак чел баарысын,
Сыртында калган терисин,
Баарып жарып өттү эми.
Найзасы канга чыкталды,
Көрүп Багыш чыйралды.
Чыйралбаса неткени,
Талуу жерден найза жеп,
Тамылжып өңү  бурулуп,
Карарып көзү тунарып,
Оргуштап булак суусуидаң,
Бөйрөгүнөн кан агып.
Колуыдагы найзасын,
Окдоп кармап алалбай,
Жан ооруса бугщалып.
Жабыркап Болот калганда,
Баатыр Багыш Сур аттын,
Оздугун имерди.
Соолуп калган Болоттун,
Сооруга найза жиберди.
Май сооруга бир сайды,
Шайы кетип Болоттун,
Ээрден көгү кыйшайды,
Түлкүдөй оозу ырсайды.
Томкпрулуп кулады,
Кучактап жерди бу дагы.

Тажиктин Болот баатырын,
Баатыр Багыш кулатты.
Чылбырын сүйрөп ат качат,
Качкан атты кармады.
Качырбай баатыр Багышың,
Катышкан тажик жоону алды,
Минген атын олжо алды.
Сайып алган Болоттун,
Башын кесип байланды.
Барсылдакка алышып,
Атышып жаткан аскерге,
Ошону көздөй жол алды.
Беш мойнок ашып кыркуулап,
Чыга калса белестен,
Күңгөйдү көздөй сыйлыгып,
Чогулуптур тажик эл.
Тескейди алып жедигер,
Тажик менен беттешнп,
Атышып жаткан кез экен.
Алты күн удаа атышып,
Милте чоктоп, жаа тартып,
Айгай чууга батышып.
Аларда уруш иле кызык,
Аңгемесин көргөндө,
Азыраак Багыш карады,
Алгачкы күнкү урушта,
Качып чыккан тоо жакка,
Элдеп кабар алалы.
Жедигерлеп чуу чыгып,
Мылтыктын үнү дуу чыгып,
Тескейдеги тажиктин,
Жедигер туусун жыгышып,
Күңгөйгө тажик чогулуп,
Тарашаны бет алып,
Качарыпа жол таппай,
Калганда булар камалып,
Бөксөдө жаткан жедигер
Үстүнөн тийди кол салып,
Тумшуктан ташты кулатып.
Аңгычакты эр Багыш,
Коржондотуп Тору атты,
Жетегине алыптыр,
Болоттун башын байланып.

Жедигер көрүп сүйүндү,
Тору атын таапып тажиктер,

Болот өлгөн экен — деп,
Боло албай баары күйүктү.
Баатырынан айрылып,
Айла канча амалсыз,
Атынан түштү аламап,
Ашкере баатыр Багыштып,
Алдынан тажик бараткан.
Чуркурашып тажиктер:
«Жүр деди Болот, жүрдүк — деп
Жүзүбүз жерге түштү — деп,
Өлтүрсөң да, койсоң да,
Өзүд, Багыш, билгин» — деп,
Үңүлдөп ыйлап үн тартып,
Үңшүйүшүп турушту,
Улуп-уңшуп ыйлашып,
Шүмшүйүшүп турушту.
«Өлүм ак бизге, баатыр — деп,
Көмулбөй Болог калдыбы?
Өлдү ырас каапыр — деп,
Өлтүрсөң да, койсоң да,
Өзүндө, Багыш, акыл» — деп,
Канкакшаган. тажиктин,
Аты менен куралы,
Олжого алды буларын.
«Өлгөпүндөы калганың,
Турбай кеткиы, чуба! — деп,
Алаңды ала качпадын,
Ак теңге пулуң чачпадым.
Кулаңды кууй качпадым,
Куржунда пулуң чачпадым.
Өзүң келип катыштьтң,
Эрдемсиген Болотуң,
Ээрдей белге таштадым.
Күйсөң, тажик, көөмп  кет,
Көөнүң, тажик, таштап кет.
Эр  кадырыи эр билет,
Тору атын берем Болоттуи,
Өлүгүн анын артып кет.
Башы мына Болоттун,
Канжыгаңа байлап кет.
Кандай кетсең андай кет,—

Өз атынын жанына,
Башын байлап Болоттун,
Колуна берип,— мына» — деп, чубатып тажикти,

Тажиктин элин кетирип,
Олжого алган беш мина  ат,
Терс-Агындын элине,
Мал, пулу кеткендерине,
Алгыла — деп, берди эле.
Жедигер эли жыйылын,
Тегеректеп Багышты,
Кудайынан бешбетер,
Курчап алып сыйынын:
«Мал эмес кара башыбыз,
Олжого кетмек балабыз.
Ажыратып алдыңыз,
Уучубузда жок эмес,
Дагы эле бар малыбыз,
Баарысын, Багыш, алыңыз.
Аскериң бар топтогоп,
Тоздурбай бизди коргогон,
Ошого оокат кылыңыз».
Эл алдында макул деп,
Аттарды алды эр Багыш.
Куралды берди элине,
Кубаныч келди жерине.
Алты жылкы, элүү кой,
Эки саан уй, бир төөнү,
Карачачтын энеси,
Калың берип кемиирге,
Алып берди бир чалга.
Чалга айтты көп насаат:
«Кемпирди жакшы багасың
Жаздымың чыкса абышка,
Балаага башың саласың».
Кемпир менен абышка,
Эбип таппай жүрүшчү,
Эр-катын болуп алышка.
Терс-Агын эли той берип,
Чогулушуп эл келип.
Улагып тартып, атын чаап,
Урматың, баатыр Багыш —
Үй-үйүнө тарашты.

**ӨЗҮ КАТЫЛГАН БАЙТУРДУН БАШЫН ЖЕШИ**

Салакалуу чоң Багыш,
Шаарын көздөй баратты.
Шаарына үч күн калганда,
Таап алды талаадан
Ээр токумдуу бир атты.
Оттогон атты кармады,
Кармаган атты караса
Ээр токуму кан баары.
Кандай жүргөн бир ат — деп,
Кедери изин куудуруп,
Башы жок жаткан бир өлүк,
Адырмактан таап алды.
Алдыпда өлгөн Болоттун,
Мурда айтып кеткенбиз,
Ар акылын ошонун.
Бадакшапда Байтурга,
Мен жедигерге барам — деп,
Айтып койгон башында.
Бадакшандык хан Байтур,
Болоттон кабар угуптур.
«Менден Болот эрби — деп,
Бадакшапдаи аттапып,
Жетисууга барайын.
Багыш менен Болотту,
Катар сайып алайын.
Жетисуу менен Дүйшөмбү,
Тажикке тартып берейин.
Багыш менен Болоттуп,
Багыы алып келейин.
Эрегишкен экөөнүн,
Эдебин колго берейин!»
Күүлөнүп Байтур аттанып,
Жети суунун калаага,
Келгенде жакын талаага,
Кез болуп калган бир киши.
Токто десе укпастан,
Качып берген ал киши.
Качканда Байтур кубалап,
Кармаган жетип адырда.
Кармап кепке канганда,
Багыш жок деп калаада,
Кабарды толук алганда.

Ак жолум болду менин — деп,
Башын кесип байланып,
Өлүтүн таштап кан ичме,
Кете берген талаага.
Эми эле кеткен ал Байтур,
Багыш келер алдында.
Өрөпкүгөн эр Багыш,
Өлүктү атка жүктөтүп.
Ылдамдата бастырып,
Бир укмуштун барлыгын,
Билгендей Багыш шашылып.

Алдындагы артуудан*,
Чыга калса ашыгып,
Калаадан берки талаада,
Тополоң уюп, чаң чыгып,
Туу көтөргөн кол келет.
Колдун астын баштаган,
Тоодой болгон чоң келет.
Көтөргөн туусун санаса,
Он бир желек желпилдеп,
Тентек шамал ыргаса,
Булагайлап делпилдеп.
Ким экенин билбеди,

Кыраан Багыш, кайран эр,
Астыиан киши жиберди.
«Бир кишини бар — деди,
Теги келе жаткан ким экен,
Байкап аны бил — деди».
Жедигерден Байтеке,
Желип кетти ургутуп,
Жолдун чаңын бургутуп.
Алдынан чыкты Байтеке,
Келаткан колго жолугуп.
Багыштын колу туу тиктеп,
Туруп калган чогулуп.
Багыштын колун көргөндө,
Берки кол калды соолугуп.
Жете барып Байтеке,
Өзү жалгыз эр неме.
Кеп айтуудан тартынбас,
Тил-оозуна кеп жукпас.
Кандым болгон Байтеке,

Капкайда Багыш көп жумшап.
Бара калып Байтеке,
Учураша калганда,

Ого бетер курчуган.
Жагалдапып андайда:
«Алыстан келген арбын кол,
Кайсы жактан келдиңер?
Кайсы элден элиңер?
Ким да болсоң, келгендер,
Кабарынды бериңер!
Мени Багыш жиберди,
Мен келдим мында, силерди
Кайсы элденсиң билгени!
Башчы болгон кол баштап,
Баш кишиңер ким?» — деди.
Байтеке минтип барганда,
Башка айтпай өзү айтат,
Байтур мындай сөз айтат:
«Алдымдан  келген бир киши,
Ал кайратын билинди.
Жиберди Багыш деп келдиң,
Бадакшандык мен келдим.
Бадакшан болот жерибиз,
Тажик болот элибиз,
Жети сууну тепсете,
Жеңишкени келдик биз.
Желдүү билек ким болсо,
Эңищкени келдик биз.
Багыштай тентек ким болсо,
Беттешкени келдик биз.
Менин атым эр Байтур,
Унутуп калбай билиңиз.
Өңүмдү көргөн эр коркот,
Жүрөгүң чыгып кетпеңиз.
Бадакшанда жатканда,
Кабар уктум башкадан.
Дүйшөмбү тажик элинен,
Жетисууга кетти — деп,
Баатыр Болот баштаган.
Болот менен Багышты,
Катар сайып алсам — деп,
Ошол үчүн келайтам.
Жиберди Багыш деп айттың,

Келдиби Болот, билдиңби?
Же Байтур келет деп угуп,
Азыр айтканы келдиңби?
Жедигерден келипсиң,
Өзүңдүн атын, ким теги?

Тетиги турган кайсы кол,
Кагыша кетсе коркпостон,
Ачылган экен биздин жол!?
Тең киши мага кептенип,
Байрак тиктеп, туу сайып,
Жолумду тоскон кандай зор?
Батыраак айткын билсең» — деп,
Балакет Байтур турду эми:
«Унутуп калган бир кебим,
Угуп кеткин сен, элчим.
Бөрүдөй жолум ачылып,
Жедигерден бирөөнү,
Эми эле союп келгемин».
Байтеке угуп комдонуп,
Ат үстүндө оңдонуп:
«Бадакшандык сен болсоң,
Аты Байтур эр болсоң,
Мен жедигер элимин,
Байтеке деген мен болом.
Жетисуу болот жерибиз,
Жердин бетин солкуткап,
Жедигер болот элибиз.
Жедигерди башкарган,
Жетик Багыш эрибиз.
Дүйшөмбулүк тажиктеп,
Болот келип катышты,
Аны союп келдик биз.
Жедигерден жеткенде,
Бирди сойдум — дедиңиз.
Алат өчүн эр Багыш,
Ырысыдыз жедиңиз!
Келе бергин, тажиктер,
Улам бириң эрдемсип.
Болоттон кантип калам — деп,
Келипсиң, Байтур дердеңшип».
Байтур байкап бек угуп,
Байтекеден кеп угуп.
Байрак тиктеп, туу жай — деп,

Тажик Байтур оолугуп:
«Байтеке элчим, кайтып бар,
Багышыңа айтып бар!
Эрте чыксын Багышың,
Башын катып тартынбай!
Талкалайын Багышты,
Какшытайын көлүңдү,

Караптатып көзүңдү,
Көрсөтөйүн өзүмдү!
Сындырайын белиңди,
Суутайын суудай демиңди!
Жер менен жексен кылайын,
Бели атуу эриңди!
Талап алып кетейин,
Жедигер такыр элиңди!
Бүгүнкү күн кеч кирди,
Эрте менен эр чыксын,
Өзү Багыш шер чыксын!
Бешимге жетпей бүктөлүп,
Багыш өлүп, чыр чыксын!
Бака манжу Королдой,
Болот тажик үчөөнүн,
Өчкөн отун тамызам.
Өчүн алам алардын,
Багыштын канын агызам!
Баш кишиңди өлтүрүп,
Жедигер элин таратам.
Көп жерден олжо алыптыр,
Көйрөңсүң Багыш мен уксам.
Өндүрбөй талын кууратам,
Багышты өзүм сулатам!
Олжого алган көп төөсүн,
Казына жүктөй чубатам.
Капкалуу кара коргонуп,
Кандегине кулатам!
Ээрчитип келген элимди,
Эркинче берип олжону,
Эсинен кеткис жыргатам!
Катынына тул* салам,
Кыздарын такыр күң кылам,
Боз уланын кул кылам!
Бооруңду жарып өт алам,
Көзүңдү чукуп жана алам,

Көөнүңдөн кеткис муң кылам!
Көөпсүң баарың, жедигер,
Көкөйдөн кеткис сыр кылам!
Отунчу, суучу кылбасам,
Ошентип Байтур тынбасам,
Кылгылыкты кылбасам!
Кыныңдан ашып кетипсиң,
Кызыл каның агызып,
Жедигер, сени кырбасам!

Ойлогонум бүт кылып,
Мудаадан антип чыкпасам!
Айлаңды сенин кетирип,
Анан Байтур уктасам!»
Он сегиз миң ааламды,
Оруп-жынып алчуудай,
Ай-ааламды чогултуп,
Бир эле оозго салчуудай.
Жалгыз эле бир өзү,

Жаралгансың дүйнөдө,

Жедигерди бир көргө,
Чогултуп баарын көмчүдөй.
Опурулуп күүлөнүп,
Опсуз жамап сүйлөнүп.
Бузулган самын түрдөнүп,
Канырыктап сүйлөсө,
Сөөк ооруу киши өңдөнүп.
Буулугуп Байтур токтолду,
Жапа муну айтып октолду:
«Бастыргын, кеткин, Байтеке,
Убара кылбай башканы.
Эртең менен болгондо
Өзүм чыгам жекеге.
Эрдемсиген Багышың,
Элине айтып коштошуп,
Керээз кебин баарысын,
Тирүү кетем дебестен,
Кийил чыксын кепинин,
Өлгөндө киер немесин,
Үйүмдү көрөм дебестен!
Үмүт үзсүн жанынан,
Кем-керчи жок күтүнүп,

Камынып чыксын абыдан.
Пайзасын бекем кармасын,
Тайгылбас кылып сабынан.
Тоголотуп Багышты,
Бир ууртайын канынан!»
Байтур калды сүйлөнүп,
Байрагыи тиктеп, туу жайып.
Түшүп калды тажиктер,
Аттарынан далбайып.
Багышка барып Байтеке,
Байтурдун айткан кептерин,
Баарын айтты зерикпей.
Басмырт тууган эр Багыш,

Байтурдан бетер демикпей:
«Байлап атты жаныңа,
Баса жаткын, жедигер.
Баарың жалпы уктабай,
Баш көтөрүп көзүңдү,
Ача жаткын, жедигер.
Байтур айткан немедей,
Багыш өлсөм баарынар,
Башыңарды жедиңер.
Күн тийбестен аттангын,
Бириң миңдей шаттангын.
Кызыл желек колго алгын,
Кырка тегиз сап тарткын.
Жоо жарагың кылдагын,
Жоо бөрүсү уулдарым.
Байтурдун кебин укканы,
Кулап турат кубаарым!
Таң эртенден аттанбай,
Кантип чыдап турамын?!
Айтыптыр Байтур далай кеп,
Өзүнүн кебин Байтурдун,
Өз башына кылайын.
Ырайым кылбай бул сапар,
Бадакшандык тажиктин,
Жалпы баарын кырайын!
Камыңды кылгын, балдар» — деп,
Кыраан Багыш айтып кеп.
Кылчатпай кирип жатканда,
Байтеке элге мындай дейт;
«Байтурга барып Байтеке,

Угуп келдим далай кеп.
Байтеке айтам бир кепти,
Калкым, сага болсо эп.
Түн ортосу маалында,
Күбүрөнбөй туралы,
Ызы-чуу түшүп дуулдабай.
Мылтыкка салып ок чыңдап,
Мылтык атып тарсылдап,
Доолбас уруп карсылдап,
Алай-дүлөй барсылдак.
Жедигер дебей Багыш деп,
Бакырык салып чуулдак,
Баш аламан кылалы.
Урушуп мизи жана элек,
Же урушка көзү кана элек.

Орто-карта бул элди,
Биз упурак* кылалык.
Байтеке, айткан бул кебим,
Болобу элге ыларык?
Мылтыкчан кирсин алдыга,
Тарсылдатып аткылап.
Өтүп кетсин нар жакка,
Найзачан барсын аркадан.
Боорун жарыл өт алсын,
Учураса кандай жан.
Чокморчу чогуу бул жерде,
Караан болуп турса дейм,
Төрө Багыш эренге».
Байтеке кеңеш бергенде,
Баары макул болушту,
Туйдурбай Багыш баатырга,
Түн ортосу маалда,
Баары дүрбөп кобушту.
Аттардын баары байлануу,
Жарактын баары шайлануу.
Ар кимдин алган жарагы,
Өз колунда кармалуу.
Билип турат эр Багыш,
Билмемиш болуп жөн койду,
Байкап көрсө пайдалуу.
Жоо-жарактын кеми жок,
Жоокерлерде камдалуу,
Жалпы атка миништи,

Мылтыкчандар алдында,
Багыштап ураан чакырып,
Жабыла коюп киришти.
Жаркылдатып от чыгып,
Тарсылдатып ок атып,
Жапырып барып тийишти.
Эр Байтурга ишенип,
Эндекей жаткан тажиктин,
Тегеректеп чатырын,
Мылтыктап өтүп кетишти.
Бөлүнүп калбай найзачы,
Аркасынан жетишти.
Караан-караан элестеп,
Көрүнгөн көзгө немесин,
Мылгытын сайып өтүштү.
Ал аңгыча артынан,
Болот кылыч кынгырап,

Болумдуу эрлер зынгырап.
Ат, кишиси аралаш,
Капташканын кайсалап,
Ирети менен иш  кылып,
Тажикти өттү талкалап.
Байтурдун колу он бир миң,
Ошол түнү өлүптүр,
Кеми жок  толук тогуз миң.
Жердин баары жарыды,
Жедигер эли карады.
Жер кайнаган тажиктен,
Үркөн койдой чөкчөйүп,
Аз калыптыр карааны.
Урушта көнгөн жоокер журт,
Ошентип керге жарады.
Тажиктин көрүп өлгөнүн,
Кырылып кеткен көп элин.
Карап Байтур турабы,
Кайберенден жалгашкан,
Минерге бар бууданы.
Жүзүн чочко жуубады,
Суусун  жүтүп албады.
Бузулуп өңү сурданды,
Бучкакка коюп бууданды:
«Уурудан бетер урушуп,
Түн ичинде чыр тапкан

Катын Багыш, чыккын! — деп.
Жай жаткан элге  чуу салып,
Жакыр Багыш, чыккын! —деп,
Кара аскерге таянган,
Капыр Багыш, чыккын! — деп,
Мыкты болсоң чык, Багыш,
Байтур өзүм чыктым — деп,
Барпаңдаган Багыш кул,
Башыңды жерге тыктын! — деп,
Бир тажикке жүзүңдү,
Тендештирип кырам! —деп,
Ойнойбу десем чыныңбы,
Унуткусуз кылам!» — деп,
Оолугуп алган чоң Байтур,
Башы үйдөй баатыр кул,
Жедигердин чокморчон,
Чогулушкан жерине,
Аралап барып бир  тийди.
Жедигерден элүүнү,

Кара жерге киргизди,
Каарын Байтур билгизди.
Аңгычакты эр Багыш,
Суркийикти миниши.
Мингени тулпар Суркийик,
Кабаттап соот кийинип.
Карыга найза илинип,
Каарына карк толуп,
Качырып сала берди эми.
Аңсаганым Багыш деп,
Ал дагы баатыр качырып,
Алачыктай Багыштан,
Байтур коркпойт шашылып.
Түрпөтүн көрсөң, Байтурдун,
Багыштан барат ашынып.
Жалтанычуу эр эмес,
Жалтайып Байгур ашыгып.
Дубүртү аттын түрсүлдөп,
Соолуп калган бул экөө,
Урушка кирди күрсүлдөп.
Салмагынан кара жер,
Алды көңдөй немедей,
Чыдай албай дүңкүлдөп.
Как карагай найзалар,

Суу чыбыктай сүлкүлдөп.
Экөөң көргөн кишилер,
Жедигер, тажик дебестен,
Маңдайда өлүм көрүнүп,
Көтөндөрү бүлкүлдөп.
Ачык чыкпай үндөрү,
Кирген нардай күркүрөп.
Как айрылып кара жер,
Туман чыгып дүркүрөп.
Эки жакта турган эл,
Сийдиги агат бүркүрөп.
Найзаларын кагышып,
Кайра беттеп сайышып.
Имерип найза кездешип,
Эриндерин тиштешип.
Тизелерин бүгүшүп,
Тулпарларга күч келип,
Сайышып берсе чыдабай,
Найзалар сынып бүктөлүп.
Кирпиктерге чаң туруп,
Кыроо чийдей үксөйүп.

Жаактарынан түк чыгып,
Кыркпаган койдой түктүйүп.
Айдар чачы саксайып,
Сакалдары сапсайып.
Муруттары тиктенип,
Болот найза жарактар,
Тик тигинен жарылды.
Тиктешип кирпик ирмебей,
Тике туруп санышты.
Мокоп болот найзалар,
Болоттон балта алышты.
Балтага балта чака-чак,
Жаркылдаган от чыгат.
Жаны чыкпай ал экөө,
Чапканына чыдашат.
Эр канаты жаныбар,
Миңгенине ат чыдап.
Балтанын мизин учурду,
Барган сайын бул экөө,
Балакеттей кутурду.
Баатырсын Байтур туралбай,
Бакырайган Багышты,

Жаактан нары бир урду.
Жарылып жаагы канады,
Сынып кете жаздады,
Көзүнүн жаздык чанагы.
Тоодой болгон чоң Багыш,
Токтоо кылып турбады.
Чоң балта менен эр Багыш,
Тоодой болгон Байтурду,
Чокудан ары урганы.
Салмагынан балтанын,
Туулгасы сак калып,
Кара куш сөөгү жарылды.
Менменсиген Байтурга,
Мээси чыгып чачырап,
Мелжемдүү өлүм табылды.
Байтур аттан кулады,
Кучактап жерди сулады,
Жедигер карап турабы.
Тажикти кирди тепсетип,
Башы кеткен тажикти,
Баарын сайды сенделтип.
Аттарын олжо алышты,
Калаага кирип барышты.

Беш жүзчө тажик тирүү эле,
Баарын кырып салышты,
Тынчалып бул эл калышты.

**ЖЕЛИККЕН ЧЕЛЕКБАШТЫН ЖЕР ТИШТЕШИ**

«Манас деген бир неме,
Баш көтөрдү ал эле.
Жедигердин Багышы,
Мурун баатыр неме эле,
Баш көтөрдү кыргыз» — деп,
Жөн жатпады черчендер.
Черчен деген бир урук,
Оруска жакын түрү суук.
Черчендин элин башкарган,
Байтур өлдү дегенди,
Челекбаш деген эр угуп.
Өөрчүп барат жедигер,
Өрт өчкөндөй кылам — деп,
Жеринде жатып оолугуп:

«Байтур мага канатташ,
Максаты бизге талапташ.
Бир сүрөшкөн тулпарды,
Байгеге барып ат чапсак.
Бели катуу эр эле,
Байтур мага бел эле.
Бадырек Багыш дегенге,
Барбай койбой тегеле!
Жедигерден черчен журт,
Саны качан кем эле?
Кабарын уккан эл корккон,
Калмакты Манас сайды — деп,
Көңтөй менен Шоорукту,
Катары менен алды — деп,
Алооке, Дөөхан акмактар,
Ооганга качып барды — деп
Ого бетер күч алып,
Кутурабы жедигер?!
Челекбаш атым курусун,
Ырысын анын жедирбей,
Сайып алып Багышты,
Тентитип элин жибербей!»
Деп Челекбаш шимендей,

Черчен, түркмөн канатташ,
Каракалпак аралаш.
Үч уруктан кол жыйып,
Санаты беш  мин, кол жыйын.
Багышка бармак Челекбаш,
Маңдайына шор жыйып.
Тубарын* туура бүктөдү,
Тулпарга кошуун жүктөдү.
Камкасын* кайра бүктөдү,
Качырга кошун жүктөдү.
Каракалпак, түркмөндүк,
Кошулуп черчен дүрбөдү.
Менменсиген Челекбаш,
Беш миң аскер кол жыйнап,
Жедигер көздөй жүрдү эми.
Тойго барын конок жеп,
Түшүп калчу немедей,
Шапырактап шашылып,
Ылдам келет ченебей.
Жетисуунун жеринде,

Жедигердин элинде.
Үйүндө Багыш кеп угуп,
Черчендердин Челекбаш,
Ченемсиз аскер кол айдап,
Каракалпак, түркмөндөн,
Калганда кемин черченден,
Жыйнап келе жатат — деп,
Анык айра кеп угуп.
Аскерине айтпастан,
Байтекени ээрчитип,
Жолдош алып астыртан,
Жолго чыгын ылдамдап,
Шартылдата жөнөдү.
Челекбашты келтирбей,
Жетсем экен ага — деп,
Желденип Багыш баратат.
Үч уруктун колуна,
Ээрчитип Багыш кол албай,
Белсенип кетип баратат.
Суркийиктин күүсүнө,
Жүргөн шамал кошулуп,
Делпилдетип этегин,
Чоюп кетип баратат.
Тулпар оозун тартпастан,
Коюп кетип баратат.

Арам өлгүр Суркийик,
Эки кайыш тизгинди,
Чоюп кетип баратат.
Байтеке барат салпандап,
Этек-женин жыйнабай,
Өңүрү кетип далпаңдап.
Кэзде жетип Багышка,
Кээде жетпей Багышка,
Таноосу көөп дердеңдеп,
Ээрчиткени Байтеке,
Келе жатат сербеңдеп.
Кээде Багыщ  көзүнө,
Көрүнөт араң эрбеңдеп.
Бараткан баатыр  Багышты,
Алдынан чыкты бир белес.
Эки жагы кара зоо,
Орто жери ач кайкы,
Таш ашуу деген жер ошо.

Жетисуудан ошого,
Он бир күндө барчу жер.
Черчен менен ногойдун,
Ортосунда бел эле,
Таш-Мойнок ашуу дээр эле.
Аттанганы Челекбаш,
Он күн болгон айлынан.
Бүркүттүүнүн шаарынан,
Жети күн болгон эр Багыш,
Жетисуудан чыкканы,
Жете келди алдынан.
Белестен чыгып эр Багыш,
Бет алдын карап байкаса,
Кара шордуу талаада,
Калдайган кошуун кол келет.
Карааны үйдөй көрүнүп,
Кол баштаган чоң келет.
Беш жеринде беш желек,
Белгилери делпилдеп.
Беш минче кошуун келейтат,
Мени издеген черченден,
Челекбаш колу белем — деп,
Кылчайып артын карады.
Билип кел — деп — ким болсо,
Байтекени алдынан,
Жиберсем белем ага — деп,
Байтеке байкуш жете элек.

Кошуун чыгып келейтат,
Белди ашканы тебелеп.
Жетип келди Байтеке,
Аңгычакты желпеңдеп.
«Бол, Байтеке, болгунуң,
Ким экенин билип кел,
Келе жаткан шордуунун.
Туюктан тийип жоо алсам,
Жолборстугум не пайда?
Элөөсүздөн жоо сайсам,
Эрендигим не пайда?
Барып келе калгының,
Байтеке, жарап кызматка.
Атыңды минип желгиниң,
Аш кайнамда келгиниң.
Кечиктирбей мага сен,

Батыраак жообун бергиниң.
Тур, Байтеке, тургунуң,
Туурумда салар туйгунум.
Кызыл тилге кел бербес,
Кыраакы кайран булбулум.
Булбулдугуң билгизгин,
Челекбаш болсо келайткан,
Октой сөздөн тийгизгин.
Угушка таттуу, түбү уу,
Кебиң менен сийгизгин.
Ким экен билип сен баргын,
Кездешер болсо мен бармын».
Багыш айтын далай кеп,
Байтекени узатты.
Арага барып канча жол,
Кандым болгон Байтеке,
Карабай өлөр жагына,
Бастырып кетти жепжеке.
Белестен ашып Байтеке,
Эңкейишке келгенде,
Черчендердин Челекбаш,
Черчендерге муну айтат:
«Береги белес артуудан,
Бир эле караан келайтат.
Көзү көргөн көп колдон,
Далай киши алдырайт.
Тим киши көрсө биздерди,
Табалбай эсин жалдырайт.
Жазганбай келет жалгыз жан,

Зарыл иши барчылап,
Жан аябай чапкылап.
Экөөң баргын алдынан,
Эмине киши кеп сурап.
Экөө эмес, үчөө жөнөдү,
Байтеке аны көргөнү.
Бадыратып үч атчан,
Учурады алдынан.
Анда да бирөө бар экен,
Тили оозуна жукпаган.
Кез келгенде жабырап,
Кеп баштады шабырап:
«Ашыгып келе жатыпсың,
Зарыл ишиң бар чыгат.

Күрдөлүү колду көргөндө,
Калгандар качат ар кайда,
Кандай көп деп алдырап.
Келатасың жазганбай,
Атыңды кыйнап чапкылап.
Ким да болсоң дайныңды
Айт кебиңди батыраак».
Байтеке баатыр муну айтат:
«Жөнөкөй киши мен эмес,
Жөн эле көргөн кишиңе,
Кеп айтуучу балдырап.
Келе жаткан көп элдин,
Келип уксам тек жайын,
Айтарга кебим бар чыгат.
Келжиребей, үч атчан,
Кете бергин, санталак».
Ушуну айтып Байтеке,
Бурулбастан түз эле,
Бургутуп жана бастырат.
Буулумдан ичик жамынган,
Буластаган Байтеке,
Мындайга нечен кабылган.
Жалгыз ооз жайын айтпастан,
Бастырып кетти жанынан.
Черчендердин Челекбаш,
Байтеке барып кабылган.
Салам айтып, кол берип,
Салакалуу Байтеке:
«Алыскы жерден келемин,
Келгеним айтып берейин.
Жедигердин элимин,

Жетисуудан келемин.
Жедигер Багыш экөөбүз,
Ашуу карап, жол чендеп,
Келдик эле бул жерге.
Ач-Кайкалан белеске,
Чыгып калган кез эле.
Караанын көрдүк көп элдин,
Кара шорлуу бул жерде.
Баатыр Багыш баргын — деп,
Кайда барчу эл экен,
Кабарын ачык алгын — деп.
Кайта келип батыраак,

Кабарды мага салгын—деп,
Анүчүн келдим алдыңа.
Ошондуктан мен келдим,
Барасыңар кай жакка.
Элиңер ким, жер кайсы?
Жайын айта салыңар,
Кимде болсо келаткан,
Жумушуң айта салыңар.
Кебиң  сурап кел — деген,
Эр Багыштай ханым бар».
Деп Байтеке турганда,
Оозунан түтүн буркурап,
Багыштын атын укканда.
Черчендердин Челекбаш,
Алтымыш тамыр зыркырап,
Челекбаш турду кеп баштап:
«Беттешкеыин Багышын,
Баарын жеңди көз жаштап.
Менин атым Челекбаш,
Мени менен беттешсе,
Багышка даба табылбас.
Баргандын баарын жеңди — деп,
Бир кишисин жиберип,
Жакыптын уулу Манаска,
Бир сүйлөшүп келди — деп.
Манас менен сөз байлап,
Багыш көптү дердеңдеп.
Калмактан келди канча хан,
Хан ээрчиген канча жан.
Тажиктен барды эки хан,
Жер майышкан көп колун,
Темселетти деп угам.
Черченге келбей калмактар,

Челекбаштан жазганган.

Ушул, Челекбаш баатыр, мен турсам,

Жаңыдан чыккан аттанып,

Манасча койбойт сүйлөшүп!

Ачуум келип аттандым,

Жедигерге барамын,

Жер таянтып Багышты,

Челекбаш сайып аламын!

Ченсиз баатыр Челекбаш,

Сайбай кантип каламын?!

Артымда беш миң колум бар,

Аттанганда жолум шар.

Багышыңа айтып бар,

Эндекей жүрүп талаада,

Эңдирип салдым дебесин.

Элине барсын Багышың,

Эңишер болсо эркексип.

Эси чыкса Багышың,

Келсин мага жалынып,

Бар дартын айтып зарылып.

Сөзүнөн байкап көрөйүн,

Кыйналып келсе сабылып.

Бир кыялым кармаса,

Кызматкер кылып алармын.

Бир кыялым кармаса,

Кыйып башын салармын».

Барып айткын дегенде,

Багыштын кеби эсинде,

Байтеке айткан кеп эле:

«Журтуң черчен болгону,

Челекбаш атка конгону,

Сайган жооң болбоду.

Сайган жооң болсо да,

Уккан киши болбоду.

Эрегишкен Багышка,

Тегеле киши оңбоду.

Теңдешкендин баарысы,

Тегин өлүп сойлоду.

Өзүң айткан Челекбаш,

Калмак менен тажиктен,

Келгендиги баары ырас.

Кургак намыс талашып,

Баатыр Багыш бир жери,

Башкаларга катылбайт.

Катылышкан немени,

Карышкырдай куткарбайт.
Башка журтка балпаңдап,
Бастырып Багыш түк барбайт.
Түртүшүп келген немени,
Тирүү аны куткарбайт.
Аа көрөктү, Челекбаш,
Алдына барып арзыңды айт.
Кемиң болсо аныңды айт,
Кеткенин. болсо мунунду айт.
Намыс кылба, Челекбаш,
Кеп чынынан бузулбант.
Беш мин, кишиң турмайлык,
Он миңден Багыш кысылбайт.
Жедигердин эр Багыш,

Майышычу эр эмес.
Онойлук менен адамга,
Оморулчу бел эмес,
Томорулчу тоо эмес.
Өзүн кызыр колдогон,
Теги Багыш соо эмес.
Тентек баатыр Багышка,
Тебишкенин. он эмес
Эрдемсибе, Челекбаш,
Эсиң барда этек жап,
Элөөрүбөй эсиң тал.
Эби келсе, Челекбаш,
Багыш менен акылдаш,
Бар кебиң айтып жакындаш,
Ороолук* кылыш жарабас
Оңой Багыш алдырбайт,
Уруша кетсең соо кылбайт:».
Жер алдынан суу жайып,
Байтеке мындай кеп айтат.
Байтеке кебин Челекбаш,
Бейлин салып байкады.
Баары ачуу, баары заар,
Байтекенин айтканы.
«Байтеке, баргын жериде,
Багыш аттуу эриңе.
Аянбасын Багышың,
Колунан келсе тегеле.
Достошкону келбедим,
Кошуун айдап бул жерге.
Кебиң заар экенсиң,
Ырайым кылбайм силерге!

Итчилигим кармаса,
Табылбайт даба тегеле.
Эринбесе Багышын,,
Бүгүн чыксын сайышка.
Эси чыкса ойлонуп,
Эртең чыксын Багышың,
Байтеке, турба, баргының,
Багышыңа айткынын!»
Деп Челекбаш чалкайып,
Карап турду заңкайып.
Бура тартып Байтеке,
Бурулбастан Багышка,

Барып айтты Байтеке.
Анча-мынча жел сөзгө,
Аздыкчаган эр эле.
Жан казан асып, от жагып,
Жайланып жатып калышты.
Орунсуз жерден талашкан,
Байыркылар намысты.
Эртең менен болгондо,
Багыш менен Челекбаш,
Баатырлар чыгып сайышмак.
Талаайын жели зыркырап,
Торгойлор сайрап чуркурап.
Жанжаныбар мыдырап,
Курт-кумурска кыбырап.
Жайылып баары жыбырап,
Күн тийип жерге жымырап.
Жалбырактар дирилдеп,
Жагалмай менен кыргыйек,
Жем үчүн учуп зыпылдап.
Коендор оттоп бөжөңдөп,
Кулжа, теке аралаш,
Таанылбай төштө күдүңдөп.
Таң шамалы азайып,
Жумшак жел жүрүп күбүрөп.
Чөптүн баары тиктелип,
Күн тийгенде дүрүлдөп.
Кашкулак, түлкү, карышкыр,
Туюкту көздөй жүгүрөт.
Күн тийип жерге чачылып,
Жердин бети ачылып,
Жатактагы* жандарлар,
Жабырап баары жайылып,
Жадырап калган убакта,

Жаны чыдап жаткырбай,
Ажал акыл таптырбай,
Туйлап жаны секирип,
Жан жөкөрүн жекирип.
Тулпарын минип жээлигип,
Өлүмдү карай теминип.
Өрттөнүп өлгүр Челекбаш,
Таң саарынан камынып.
Тышынан темир жамынып,
Бар жарагын бүт алып.

Буттап темир курчанып,
Карагай найза койкоюп,
Челекбаш чыкты болкоюп.
Жедигердин эр Багыш,
Жалгыз адам камданып,
Байтеке турду туу жайып.
Суркийик минип кырданып,
Жалгыздык кылбай эр Багыш,
Каарданып чыйралып.
Как четинден найзачан,
Мингени тулпар Сур атчан.
Миң кишидей көрүнүп,
Суук көзгө ыраактан.
Бөктөр артуу жер келди,
Челекбаш, Багыш баатырлар,
Бадырата тең келди.
Айрыкча Багыш сурданып,
Баатырлыгы белгилүү,
Балпандаган щер келди.
Тулпарлардын туягы,
Ородой казып жерлерди.
Челекбаш ыкчыл шамдагай,
Эр Багышка туйдурбай,
Элөөсүздөн Багышты,
Найза менен ыгын таап,
Төбөсүнө, жаагына,
Оң кырына, далыга,
Төрттү муштап жиберди.
Катар найза төрт тийди
Катасы жок төп тийди.
Кайран Багыш баатырдын,
Төбөсүндө өрт күйдү.
Арданды Багыш, камданды
Дагы ыгына келтирип,
Челекбаш келип бир сайды.

Кара жанга күч келди,
Качырып Багыш жетти эми.
Каалгадай Челекбаш,
Качырып жеткен Багышты,
Камындырбай алдыртан,
Как боорго коюп өттү эми.
Багыш далай найза жеп,
Черчендер турат макташып,

Челекбаш кыйын экен — деп,
Ылаачындай Челекбаш,
Алды-аркасы, оң-солдон,
Жетимиш урду найзаны.
Челекбашты эр Багыш,
Бир да сая албады.
Кеткени калды Багыштын,
Жеп жатып найза дарманы.
Жебедей атып жүгүртүп,
Челекбаш келип калганы.
Турду Багыш былк этпей,
Чыксын деп мунун арманы.
Он, колтуктан көтөрө,
Өпкөгө коюп өткөндө,
Жыгыла жазып атынан,
Баатыр Багыш аз калды.
Шайы кетип шалдырап,
Туруп калган экен — деп,
Оюна алды Челекбаш.
Оодара сайып алам— дел,
Удураңдап келатат.
Сол бөйрөгүн ченеди.
Соолуп калган Челекбаш,
Карчытка муштап жиберди.
Мылк дей түштү найзасы,
Кыйрап кетти өңдөнөт,
Кабыргасы Багыштын,
Катарынан канчасы.
Соотунан чыкты бөлүнүп,
Өңүрүнүн барчасы.
Илине түштү будургуп,
Каскагынан найзасы.
Аңгычакты камынтпай,
Кайран Багыш найзаны,
Как учунан кармады.
Кармаганда эр неме,
Найзаны тартып алганы.

Шамдагай бетбак Челекбаш,
Балтасын алды шапашап.
Балта менен чапкынча,
Багыш туруп алалбайт,
Найзаны кыска кармады,
Өрөпкүгөн черченди,

Чекирейген көзүнө,
Колундагы найзаны
Чечекейге жумшады.
Шилтеген найза төп тийбей,
Чечекейге мөлт кирбей,
Жаңсай тийди кашына,
Маңдайына башына.
Тилиннп кетип куйкасы,
Боло түштү канжыга,
Ат жалына куюлуп,
Жабыла берди кан жая.
Жарыгы көзгө көрүнүп,
Челекбаштын алжая,
Колунда балта Челекбаш,
Кош колдоп чапты Багышка.
Машы чыккан эр Багыш,
Андай нечен чабышта.
Тартып алып найзаны,
Балтаны шилтеп ийгенде,
Кар жиликке бир сайды.
Кар жиликте соот жок,
Кар жиликке саят — деп,
Челекбашта кооп жок.
Найзаны учу булчуңду,
Тешип өттү аралап.
Капталынан кара кан,
Көп куюлду салаалап.
Башы, колу тең жара,
Шайы кетти Челекбаш,
Кан куюлуп бечара.
Бечаралык башына,
Келип калды капташып.
Кабылан Багыш капшырып,
Катуу сайды жапшырып.
Оодарылып Челекбаш,
Жыгылды жерге жалпыйып.
Далбардай болуп жыгылды,
Топого башы тыгылды.
Тоодой болгон Челекбаш,

Топуракка кошулду.
Челекбашты челкейтип,
Өлтүрүп коюп олтурду.
Каракалпак, түркмөндүк,

Кошулуп черчен үч урук:
«Келиптирбиз бекер — деп,
Эсириппиз кутуруп!»
Буркурап түтүн оозунан,
Улутунуп үшкүрүп,
Өлүмдү алды мойнуна,
Ажалдын тонун күтүнүп.
Баары турду баш кошуп,
Магдырап шайы бош болуп.
Байтеке жалгыз сербеңдеп,
Бастырып турду жулунуп.
Байрагын булгап бакырып,
Бас бери — деп чакырып.
Акырайып олтурду,
Барбаска элде айла жок,
Барбай табар пайда жок.
Чакташарга чама жок,
Чакташып ага дабаа жок.
Беттешкенин мент кылган,
Багыш өңдүү балаа жок,
Ага кылар салаа жок.
Атышып да, чабышып,
Чак келер ага дабаа жок.
Челекбаштын кошууну,
Баарысы барды чубуруп,
Келген таандай куюлуп.
Энеси урган баладай,
Көзүнүн жашы чубуруп.
Кирип барды дүрбөшүп,
Аламан аттан түшүштү,
Аралаш иши бүтүштү.
Багыш баштап кеп айтып:
«Калбай баарын. кайтып кет,
Кое берди Багыш — деп,
Эл-журтуңа айтып кет.
Аты, тонуң, куралың
Калтырбай баарын алып кет.
Ээриндин кашын таанып кет,
Бүткүл баарын калбай кет,
Элиңе аман барып жет.
Кет, жериңе кеткин! — деп,

Мен жериме кеттим» — дей,
Жүрүп кетти аттанып,

Байтеке ээрчип шаттанып.
Айтып барды Байтеке,
Жедигерге мактанып.

**ТОЛТОЙДУН БЕШИК ТОЮ, КЫРК КАРАКЧЫНЫН ДҮРБӨЛӨҢҮ**

Жарым жылча жай алды,"
Жаны жыргап жайланды.
Эр Багыштын аялы,
Гүлайым эркек төрөп салганы.
Ага Толтой ат коюп,
Бешик тойго эр Багыш,
Беш, алты жүз мал союп.
Балалуу баатыр болду — деп,
Баары келди эл толуп.
Желеге байлап, бээ коюп,
Жергелей тартып, эл конуп.
Жегени аппак май болуп,
Самоордо кызыл чай болуп.
Жарым ай жакшы камынды,
Бар жарагын бүт кылды.
Мейманкана үйлөргө,
Аксакалын түшүрдү,
Бээ союп сыйлап күтүндү,
Белдүү Багыш эр неме,
Жедигердин залдарын,
Эл ичинде байларың,
Так айтчу кеби шарларын,
Кызмат кылчу балдарын,
Кымыздан берип, эт берип,
Эбегейсиз көп берип,
Уй мүйүз тартып олтуруп,
Ошондо Багыш муну айтат:
«Ой, калайык,— дел айтат.
Багыштын айтар бир сөзүм,
Баарыңар көрүп турасың,
Кеңешим бар силерге,
Муну кандай кыласың?
Жыйырмага жашым жеткенден,
Ошондон бери карата,
Олжодо болдуң, жедигер.

Талаа-түздө жүрчү элек,
Калдайган шаарга ээ болдуң,

Карчашып келген ар кимге,
Катардап калбай, жедигер,
Кармашканда тең болдуң.
Жүктөгөнүң нар болдуң,
Ичкениң кызыл чай болдуң.
Жардык жок тегиз бай болдуң,
Эч нерседен кемиң жок,
Колуңда тегиз бар болдуң.
Жашын кырктан ашканда,
Эр балалуу мен болдум.
Алдында балам жок эле,
Аркасында болобу,
Аруу басып, бит бууп,
Абийрим кетип каламбы?
Аңгыча, калкым, эп болсо,
Ат жетер жерден калтырбай,
Эл чыкырсам болобу?
Бар дүйнөмдү чачайын,
Бардык элге айтайын.
Белиме тануу болсоңор,
Той берейин атайын.
Эр ортону болгондо,
Эркек бала көрүпмүн.
Эли-журтум ылгагын,
Ылайыкпы ушунум?
Багыш менде не арман,
Аркамда калса тукумум!
Элиме салам кеңешим,
Той беришим, бербесим.
Келип калса чыр табат,
Маңгулдар тойго келбесин.
Ачык кеңеш бергин» — деп,
Бүтүрдү Багыш бар кебин.
Көп жыйылган жедигер,
Бирин-бири карады.
Тура калды ордунан,
Байбагыш деген манабы:
«Хан Багыш салса кеңешин,
Карап баарың каласың.
Мен айтамын билгеним,
Баарың сүйлө билгениң.
Багыщ атка минелек,
Башта жүрдүк, жедигер,

Тыштан тапкан малын. жок,
Колундагы барынды,
Короодогу малыңды,
Кол сунганга бердиңер.
Багыш атка мингени,
Тирүү кеткен болбоду,
Тепсеп сени келгени.
Чычкак улак, жетим тай,
Тышка чыгым бербеди.
Сай-сайда жүргөн санда жок,
Салган шаар там болду,
Сайган калың бак болду.
Күмүшүң чирип көң болду,
Байлыгың кимден кем болду?
Кийгениң кызыл шай болду,
Кымызың ширин бал болду.
Казанга жапса жебедиң,
Каймакка бышкан нан болду.
Келинин, каймак жалабай,
Балдарың майга карабай.
Жардың жок, жалпың болдуң бай,
Ачылып көөнүң болдуң жай.
Чайга кошуп ичкениң,
Шекер, шербет, сары май.
Балалуу Багыш болуптур,
Жакшы тилек ишине,
Той берели тартынбай.
Көп жерден киши чакырып,
Көп үй тигип салалы.
Үй тиккенде жөн тикпей,
Кимдин үйү дегиндей,
Кызыл-тазыл боо байлап,
Төтөгөлөп үзүк жаап,
Туштук тартып саймалап,
Кооз чырмап, чий калап,
Санжыргалап тигели.
Багыштын жакшы тилегн,
Тике туруп берели.
Багыштын уулу болсо да,
Бизге калчуу белеги.
Өйүз-бүйүз катарлап,
Эшиктери маңдайлаш,
Чонун чоң 40 бир башка,

Кичигин кичик бир башка,
Кырка тигип салалы.

Жай-жайына орундап,
Жараштырып алалы.
Эркек-катын, кары-жаш,
Келин-кесек, кыз-кыркын,
Улан-ушак баары жаш,
Апийимдин гүлүндөй,
Түрдөп сонун кийинсин.
Түшкө кирбес болду — деп,
Байлыгың элге билинсин.
Бир үйгө бештен алалы,
Конок алчууларыбыз.
Экиден үй тигели,
Бир үйдө болсун коноктор,
Үй-бүлө болсун бир үйдө.
Экиден самоор бир үйдө,
Энчи жакка коюлсун,
Келиндериң капшытта,
Берүчү кыздай чоюлсун.
Сойгонуң семиз бээ болсун,
Кой арыгын сойбогун.
Таарынган конок болбосун,
Кумалак*, кеште*, чакмагың*,
Камдап койгун баарысын.
Чатыраш* болсун ар үйдө,
Коноктор оюн ойносун.
Ортосунда төрт үйдүн,
Ордону* салып сен койгун.
Оң келтирип он үйгө,
Селкинчекти орноткун.
Үйгө чылбыр байлаба,
Када* орнотуп, керме* сал,
Үйүңдүн арка жагына.
Үзүлбөй турсун кымызын,
Сары набат, кант, чайың
Коногуңдун алдында.
Жетисууда жедигер,
Эки жүздөн үй тиккин,
Бир миң төрт жүз үй болсун.
Баатыр Багыш баштаган,
Калаалыктын үйлөрүн,
Катарга албай коюңар.

Так жыйырма күн дегиче,
Камданып баарын болуңар.
Кабар кылчу жерлерин,
Багыштын койгун эркине.

Кулак салсаң, көпчүлүк,
Байбагыш менин кебиме».
Байбагыш айткан бу кепке,
Баарысы макул болушту.
Чакыра турган кишини,
Эр Багышка коюшту.
Күн жыйырма болгунча,
Калың кара жедигер,
Күлгүндөрүн* бүктөшүп,
Көрктүү жугун жүктөшүп,
Кара көрпө көлдөлөң*,
Баяндоз* кабат бүктөгөн,
Келип конуп болушту.
Байтекени жанына,
Чакырып алын эр Багыш,
Кеңеш кылып кеп салып,
Тойго келчү кишиге,
Баарысына кат жазып,
Жыйырма күндө тоюма,
Келип бериш — деп жазып.
Кейит менен Ызарды,
Чайчүй менен Букарды,
Коросон менен Испанды,
Күллү жаткан Шаңкайды,
Ламдын бели Кыйманы,
Боз үй тиккен Кыйбаны,
Бадакшан, Балык, Дүйшөмбү,
Күллү тажик көп элди,
Алты-Шаар, Анжиан,
Кашкарда кыргыз, кыпчакты,
Баарысына кат жазды.
Сарыкул, Тоюн кыштакты,
Кетмен-Төбө, Ат-Башы,
Андагы кыргыз баарына,
Кен. Ысык-Кел боюна,
Үрбү, Агыш чоңуна.
Алматыда казактын,
Хан Музбурчак зоруна.
Атайын адам жиберди,

Айдаркан, Көкчө тобуна.
Акбалта, Жакып, Шыгайга,
Жамгырчы менен Текечи,
Кыргыздардын тобуна.
Айрым жазды кагазын,
Арстан Манас баатырга:

Чакырдым тойго келип бер,
Көкжал Манас баатыр шер.
Баштап келгин балдарың,
Падыша Бакай кеменгер.
Кыргыл, Чубак баарыңар,
Кырк баатырдын баары бар.
Тамаша көрүп кеткиле,
Багыштын берер тою бар».
Кычырган жердин баарына,

Чыкырып келе калууга,
Эки жүз элүү кишини,
Чаптырышты туш-тушка.
Баарына кабар салышты,
Барабыз деген кишилер,
Кабарчыга кошулуп,
Калдайып жөнөп калышты.
Байтеке өзү кабарга,
Манас шерге барышы.
Барса Манас жок экен,
Карылоп менен беттешип,
Ташкенге кетип калышы.
Ордосуна кат таштап,
Табалбай баатыр Манасты,

Текечи, Шыгай, Жамгырчы,
Бай Жакып, Балта чалдарды,
Беш жүзчө киши жардашы,
Байтеке жөнөп калышы.
Жакшы-жаман аралаш,
Хандар келди бул тойго.
Каарынан киши жадаган,
Жандар келди бул тойго.
Караган киши корккундай,
Күрзүлөрү бир тоодой,
Балбан келди бул тойго.
Калың элди баштаган,

Залдар келди бул тойго.
Токсондон аша карыган,
Уулунун уулун таанбай,
Тукуму жүздөн ашкандан,
Абышка, кемпир ээрчишип,
Чалдар келип бул тойго.
Баары кемер курчанган,
Жылдыздай көздө от жанган,
Балдар келди бул тойго.
Аттан артык даңкайган,

Көргөн киши тан калган,

Ак маралдай шаңкайган,
Кунан келди бул тойго.
Беш көкүл кыздан канча өйдө,
Муңайбаган муз белден,
Жубан келди бул тойго.
Кийимдери жарашкан,
Кандай бенде экен — деп,
Кишинин баары карашкан,
Жазгы келгин турнадай,
Ээрчише басып чубашкан,
Жашыл моюн өрдөктөй,
Жакшынакай чүрөктөй,
Күмбөзгө тарткан сүрөттөй,
Көргөндүн ичин күйгүзгөн,
Күкүк менен зейнептей
Кыздар келди бул тойго.
Бадана тигип тон бычкан,
Ок өтпөс олпок шырыткан,
Туштук жасап саймалап,
Жибек менен чий чырмап*,
Белдемчи* жерде чубалып,
Барынча кийип чатырап,
Уздар келди бул тойго.
Көйнөктүн кийген коозунан,
Чытыраган боз улан,
Калбай келди бул тойго.
Саймалуу калпак, жаргак шым,
Ычкыры жибек кырк муун,
Тебетейи чоктуудан,
Бозой келди бул тойго.
Таң аткыча какшаган,

Басылбай жаагы жаңшаган,
Комузуна чок таккан,
Ичегиден кыл тарткан,
Бир күүнү чертсе башынан,
Жүз элүүчө бууланткан,
Тизеси менен тең кылып,
Кызыл курун чубалткан,
Ырчы келди бул тойго.
Кыл кыягын муңканткан,
Уккандын баарын сыздаткан,
Кылдат келди бул тойго.
Тиктегенин жазбаган,
Айткан сөздөн кайтпаган,

Тилинде чыккан сөөлү бар,
Сөзүндө тамга, мөөрү бар,
Сынчы келди бул тойго.
Үртүктөп порум чаптырган,
Мойнуна тумар тактырган,
Баласындай асырап,
Үй ичинде бактырган,
Күлүк келди бул тойго.
Аргымак чалыш тобурчак,
Жүйрүк келди бул тойго.
Эки ээрди жетишпей,
Камандай тиши арсайган,
Түйрүк келди бул тойго.
Тенине темир тийбеген,
Бүрүк келди бул тойго.
Калканы кара темирден,
Туулгасын чоюн уюткан,
Кийгени чынжыр күрөөкө,
Баданасын. жамынган,
Баатыр келди бул тойго.
Атайын алтын курган так,
Башына таажы тагынган,
Үрпөктөп үкү сайынган,
Хандар келди бул тойго...
Келгендер түшүп калышты,
Бөлүнүп бештен конокко,
Элди бөлүп алышты.
Токсон уруу көп элден,
Толуп конок калганы.
Миң бир түрдүү аш берип,

Той тартуусу күч алды.
Аңгычакты камынып,
Чабууга атты чубатты.
Той тойлоп тойго толгону,
Токсон мин, ашуун эл болду.
Томоюлдун белине,
Тууну сайып койгону.
Санаттан өткөн чапкан ат,
Миң тогуз жүз болгону.
Алты күндүк жер экен,
Байгеге сайган кара мал,
Солоп койгон короого,
Келди баары чогулуп.
Убайлынын кысыкка,
Бөлүмчүлөр барышты.

Байгени бөлүп салышты.
Беш жүз элүү беш атка,
Байге малды сайышты.
Билермендер бөлүштү,
Бир миң жылкы, үч мин. кой,
Он жамбы күмүш, жүз алтын,
Баш байгеден көрүштү.
Оонабаска сайганы,
Төрт түлүктөн төрт тогуз,
Ак күмүш жамбы бир болуп,
Кандай арбын байге — деп,
Уккан жанга дүң болуп.
Карап туруп байге алып,
Сүрөбөскө токтошуп,
Атты айдатып жиберип,
Кайра түшүп эл конуп,
Ат он күндө келгинче,
Таң тамаша көп болуп.
Баатырлар чыгып сайышып,
Балбандар чыгып алышып,
Күрөшүп жөөлөр тайышып,
Алганы мөрөй алышып,
Алдырган куру калышын.
Улак тартып көпчүлүк,
Көбүнүн колу карышып.
Чатыраш, коргоол, чакмагын,
Ар кайда ойноп топ болуп,
Баарысында байге бар,

Байгесиз неме жок болуп.
Ордону салын таштады,
Упайы* бар бир четте,
Түрдүү оюн баштады.
Акындары кыргыздын,
Эринбестен айтканы,
Жарышып нечен мергендер,
Жамбы атып* жатканы.
Темге эңген жаштар андан көп,
Жардап турат кыз-келин,
Ителгидей кара көз.
Кыл кыякты алышып,
Карагандын чайырына,
Кылды тартып салышып,
Кыныздап жутуп коюшуп,
Кыякчылар тартышып.
Кыз-келиндер бөлүнүп,

Селкинчек тээп булактап,
Селкилер элге көрүнүп,
Саамай чачы желбиреп,
Закымдай жүзү мелмиреп.
Кундуз ичик, суусар бөрк,
Залкайган нечен хан жүрөт,
Алдыңкы ээрди керберсип,
Муңайып сөздөн эринип,
Тенсинбеген кыздарды,
Мырзалар турат керилип.
Ат келер маалы болду — деп,
Элге кабар берилип,
Түлөк байлап, ат чапкан,
Күйүп ичи жалын чок.
Оюнунда кыргыз журтунун,
Ат чапкандан кызык жок.
Томоюлдун белине,
Келди баары дүбүрөп,
Токсон миң киши дүңгүрөп.
Чаң көрүндү аңгыча,
Чапкан аттан бириндеп.
Байбиченин Туучунак,
Бай Жакып минип барыптыр.
Ошол күнү Туучунак,
Шамал кууп жеткисиз,
Канаттуудан жагалмай,

Учуп качып кеткисиз.
Суулугу жерге салынып,
Тулпар күлүк Туучунак,
Төрт аягын тең таштап,
Бир секирсе Туучунак,
Кырк кулач жерди арыштап.
Үстүндөгу баланык,
Тизгинге колу карышат.
Аркасынан чыккан чаң,
Жөө тумандай жазылат.
Кара темир ооздук,
Көмөкөндө карсылдап.
Өрдөктөй мойну узарып,
Өрттөй өзү кызарып,
Үстүндөгү баласы,
Манастан ураан чуу салып.
Түш жарым мурун алдында,
Туучунак чыгып ал барып,
Он жамбы күмүш, жүз алтын,

Жакып өзү алыптыр.
Үч миң койду соогат — деп,
Ар кимге берип салыптыр.
Миң жылкыны Жакып бай:
«Сен да кыргыз уулусун,
Тоюңа селбик болсун»— деп,
Багышка айтып калыптыр.
Байге менен бай Жакып,
Далайдын көөнүн алыптыр.
Катагандын Кошою,
Бай Жакып баштап кыргызды,
Ал күнү конок алыптыр.
Багыш, Жакып, алп Кошой,
Айтышып сөзгө каныптыр.
Той тарады, эл кетти,
Айыл айылына жеткени.
Жашырынбайт Багыштын,
Жана чыгат кептери.
Түштүк батыш жагында,
Кейит, Ызар элдери,
Көп жылдан бери жердеди,
Кырк каракчы деген бар,
Элдин алы келбеди.
Кейит, Ызар, Коросон,

Нечен жолу кол жыйнап,
Карчашып жүрүп аларга,
Такыр алы келбеди.
Кырк каракчы атамды,
Кара тоодон жай алды.
Чыгарбай элди чекеге,
Жеткен жерде талады.
Катын алат, кыз алат,
Алдын үч ай урунат.
Арка жагын беш күндөн,
Кайра элине кайтарат.
Семизден тандап мал алат,
Баарын союп жеп алат.
Кийим алат, пул алат,
Жараганын кийишет,
Жарабаса өрттөшөт.
Эртеден кечке жол тосот,
Жолукканды окшотот.
Элге бербейт тынчтыкты,
Келтирип турат тынч элге,
Кереги жок кырсыкты.

Кырк каракчы биригип,
Кыйын болду бул элге,
Ооган менен Испанга,
Кол салып турат кээ кээде.
Аларды да ыйлатат,
Ыгы менен биерде.
Колуна тийген эрлерди,
Тилин кесет бирөөнүн,
Колун кесет бирөөнүн,
Бутун кесет бирөөнүн,
Кулагын кесет бирөөнүн,
Колунан кордук келердин,
Чолок кылат кээлерин.
Мунжу кылат кээлерин,
Мулук кылат кээлерин,
Дудук кылат кээлерин.
Чач, сакалын бүт жулуп,
Мулжук кылат кээлерин.
Адам кылбас иш кылат,
Ошентип жүрүп бул иттер,
Кырк каракчы атанат.
Тайны жок элге чыр салат,

Оюнча болду кырк доңуз,
Опсуз жаман кызталак,
К,Ь1рк каракчы дегенде,
Уктабай элдер таң атат.
Кырк каракчы куралып,
Кыйынчылык болгону,
Он беш жыл болгон болжолу.
Тойдон мурда эр Багыш,
Укпаган да, билбеген,
Ошол тойго келгенде,
Кейиттин эли сүйлөгөн.
Кырк каракчы кесептер,
Кылкылдап элдер чубаса,
Караандап жүрүп келишкен.
Баталбаган кырк чочко,
Көпчүлүккө тийиштен.
Чекелеп барып кырк чочко,
Жедигерднн четинен,
Тойго кетип эрлери,
Тың бүлөөдөн калбаган,
Бул айылдан ал тойго,
Көбүнчө катын барбаган.
Бир жерде чогуу олтурган,

Токсон беш үйлүү бар адам.
Эки күн өргүп айылда,
Көзгө жылуу көрүнгөн,
Катындан кыркты ылгаган.
Төрт бээни союп бышыртып,
Субай атты жыйдыртып,
Кырк катынга экиден,
Сексен атты бир алды.
Өздөрү алып кырк атты,
Жүз жыйырма ат алды.
Азык-түлүк жүктөшүп,
Андан башка онду алды.
Айылдан алган кырк катын,
(Окшош эмес адамзат)
Нечени ыйлап буркурап:
«Балам калды мында — деп,
Эрим калды элде — деп,
Ата-энем да калды — деп,
Эми айлам кетти — деп,
Өзөгү күйүп өрт болуп,

Өлүгүңдү көрөйүн,
Алда кайдан келди» — деп,
Кара жандан түңүлүп,
Капаланган катын бар.
«Атам калса үйү бар,
Энем калса эри бар,
Агам калса эли бар,
Иним калса малы бар,
Кара жаным кар болбой,
Өмүрүм өтсө болду» — деп,
Каткырып жүргөн катын бар.
Элин эстеп ичи ооруп,
Жерин эстеп жалооруп,
«Жайым кандай болор? — деп
Жандан тойгон каракчы,
Эрме чөл, ээн талаага,
Бир түнү таштап коер» — деп,
Жашооруган жана бар.
Жанына жатып бир түнү,
Жан жерине кубанып,
Жаадынан чыгып бар нерсе,
Жанаша басып буралып.
Чыкмакчы болсо талаага,
Эшик ачып чыгарып.
Жоолугун ондоп байланып,

Жолум болду бүгүн — деп,
Жорголой басып кылтыңдап,
Жоруксунган жана бар.
Адамга упа кылабы,
Катындан чыккан мындайлар?!
Асли булар каракчы,
Аттанып чыгын жөнөдү,
Айылга жатып алалбай.
Каракчы алган кырк катын,
Как ошонун ичинде,
Калкы үчүн күйгөн бир катын.
Чоңдугу теке сакадай,
Каракчыга түшкөнү,
Кайгырбай да, муңайбай,
Капаланбай, ыйлабай,
Же каткырып күлүп кубанбай,
Күйүнбөй да, сүйүнбөй,
Унчукпай жүрчү мелтиреп,

Анын аты Сакатай.
Алты күнү каракчы,
Аялдабай жол басып,
Арадан эки бел ашып,
Төрттү кечип дайрадан,
Кутулдук — деп, кыргыздан,
Курдап түшүп бир жерге,
Кур семизден ылгашып,
Талаага союп бир бээни,
Тамашага батканда,
Мелжеп келген Сакатай,
Ыңгайлуу жолун басарга,
Ылаажы болсо качарга,
(Этек кирим келди — деп,
Каракчылар айылдан,
Ылгап муну алганы,
Болбой жүргөн жатарга)
«Бүгүн кирим басылып,
Калыпмын эрди сагынып,
Суугa жуунуп келсем» — деп,
Уруксат алып жатаарда,
Ай караңгы, күн бүркөк,
Көзгө сайса көрүнбөйт.
Келди деп ыгы качарга,
Аста барып Сакатай,
Аккан суунун боюна,
Болбой ээрчип бир барган,

Ээлеген неме жанына.
Женине катып бычакты,
Ала барган Сакатай.
Көргөзбөй эрге жанына,
Барып калды темтеңдеп,
Бийнк жардын башына.
Бейлеп жарга келгенин,
Белгилеген Сакатай,
Катындык кылып шашылып,
Эр киши деп жазганбай,
Жанаша басып баратып,
Жаланып турган канжарды,
Как өпкөнүн тушунан,
Оң колтукка бир малып,
Алдында жардын башынан,
Түртүп ийди кулатып.

А дегенге ал келбей,
Бут серпкенге шай келбей,
Каракчы жатты суналып.
Кайра басып Сакатай,
Кермедеги аттардан,
Жедигерден алпарган,
Багыштын аты Акжалды,
Жазбай таанып мингени.
Келген жолго салбады,
Кесирим ылдый кирди эми.
Жаныбарым Акжал ат,
Тал түштөгү немедей,
Жер таянбай баратат.
Аӊгычакты сүрүлүп,
Агарып чыгып таӊ атат.
Каракчылар караса,
Бирин-бири чакырып,
Ат-атынан санаса,
Отуз тогуз тирүү жан,
Бирөө кайда, табылбайт,
Түгөлдөсө катындар,
Сакатай анда жок турат.
Туш-тушуна чуркаса,
Бир эркек жатат дардайып,
Бийик жардын алдында.
Бир канжар турат мадалуу,
Как өпкөнүн тушунда.
Аттарды санап карашып,
Таппай калды Акжалды,

Сакатай минген экен — деп,
Каракчылар санашып:
«Ар канча болсо Сакатай,
Акылы кыска катын — деп,
Келген жол менен кеткендир,
Изин кууйлу акыр — деп,
Катыны жок жүрчү элек,
Каргаша болот экен го,
Өлтүрөлү такыр» — деп.
Арзыбай калган немедей,
Бирден басып коборуп,
Өлтүрдү баарын жоготуп.
Катындар өлүп кыйрады,
Каракчылар турбады.

Кейиттин үстү кара тоо,
Ошону көздөй чубады.
Эми калган кептерди,
Качып кеткен баягы,
Сакатайдан угалы.
Акжалды минип атайын,
Антнп чыккан Сакатай,
Аял кылып турбады.
Жалгыз бара жатканда,
Сакатай айткан буларды:
«Жаралганы жан болуп,
Жарыктыкка чыкканы.
Баккандыр атам алдейлеп,
Көтөргөн энем өөбайлап.
Бар тапканын кийгизип,
Бар тамагын ичирип,
Караган көк бит чагымдан.
Кастарлап багып чосойтуп,
Каадалап берип күйөөгө,
Эми картайып барам Сакатай,
Калың журтум жедигер,
Жакшы күндө бир жүргөн,
Жаман күндө бир болгон,
Сыр түйүнүн чечишкен,
Элим калды жедигер.
Талашып эмчек эмишкен,
Тар курсакта тебишкен,
Атам да бир, энем бир,
Жатындашым жок эле,
Аталаштан агам жок,
Энелештен синдим жок,

Жалгыз элем Сакатай.
Болду мага ырас —деп,
Каракчынын артынан,
Ээрчип кетсем көөнүм жай.
Жети-Өзөндөн ичкен суу,
Суусу ирим болбойбу.
Суусу мени коебу,
Сакатай соо боломбу?!
Аппак сүтүн, ак нанын,
Аябаган Жетисуу,
Жерим мени коебу?!
Эстебесем жеримди,

Мен Сакатай ономбу?!
Туз урса жакшы боломбу?
Төбөмдөн урса кобомбу?!
Жер урса мени ономбу?
Желкемден урса кобомбу?!
Жети атам жердеп жай алган,
Жетисууга кетпесем.
Жедигердин бутуна,
Кирген тикен көзүмө,
Мага кирсе экен —деп,
Айтып жүргөн сөз эле.
Багышка айтып барбасам,
Сакатай атым бекер — деп,
Алты күндө бул жерге,
Араң келди каракчы,
Бүгүн кечке жетем — деп,
Акжал тулпар мингеним.
Жетпей кантип калам — деп,
Алдымда минген Акжал ат,
Сени, Багыш бакты ардактап.
Ата-энем кошкон атайын,
Мени, алганым бакты саксактап.
Айланайын, Акжал ат,
Сен арышын ачып бак.
Түшүп калбай үстүңөн,
Тырмышайын мен чыдап».
Сүйлөшкөнсүп адамга,
Арызын айтып Акжалга,
Аябай камчы бир салды.
Желге чачы сепендеп,
Желдүү катын Сакатай,
Жүрүп берди тепеңдеп.
Сакатай кебин укканда,

Сүйлөйүн десе тили жок,
Жаныбарым Акжал ат,
Басып берди алчактап.
Үстүндөгү Сакатай,
Олбуй-солбуй камчылап,
Коюп кетип баратат.
Ооздук тиштеп ойкуштап,
Алоолонуп Акжал ат,
Эки кайыш тизгинди,
Чоюп кетип баратат.

Тепендетил теминип,
Катуу жүрүп көрбөгөн,
Сакатай барат демигип.
Анык тулпар Акжал ат,
Барган сайын күч алып,
Араандай оозу ачылып,
Ак көбүгү чачылып,
Артуу-артуу белдерди,
Ашып кетип баратат.
Кеч кирген сайын Сакатай,
Шашып кетип баратат.
Алдындагы Акжал ат,
Туягы тийген жерлерин,
Казып кетип баратат.
Жөө тумандай чыккан чаң,
Жазып кетип баратат.
Акжал минген Сакатай,
Саамай чачы делбиреп,
Тентек шамал учуруп,
Жоолугу башта желбиреп,
Болушунча Сакатай,
Акжал менен койгулап,
Теги шамал жарышып,
Этегинен чойгулап,
Бээ агытар мезгилде,
Кирип келди Сакатай,
Хан ордого жакындап.
Тойго келген эл кетип,
Айыл көчүп бүт кетип,
Хан ордону сактаган,
Кышында шаар кыштаган,
Жай жайлоого чыкпаган,
Коңшулары Багыштын,
Хан ордодо калыптыр.
Бүрүлгө жакын болгондо,

Сакатай кирип барыптыр.
Кайраты бар Сакатай,
Хан Багыштын үйүнө,
Бурулбастан түз барды.
Иттер үрүп арсылдап,
Ат табышы тарсылдап.
Жигиттер чыга калгынча,
Чыгып атын алгынча,

Сакатай түштү жазганбай.
Кырчоосуна жанаша,
Акжал атты бош таштап,
Бөлөк болуп бүткөн бой,
Ат үстүндө буларып,
Араӊ кирди булактап.
Жигиттер келсе эшикке,
Ардактаган Акжал ат,
Бучкактан тери тамчылап,
Араа турат солуктап.
Жигиттер көрүп күбүрөп:
«Минип келген Акжалды,
Бир ашыгын жумуш бар чыгар.
Кандай минип келгендир,
Баатырдын атын мынчалап?»
Жигиттердин эстүүсү,
Үйгө кирди алдырап.
Ордо башы Ормокчал,
Үйгө кирип караса,
Ормокчалдын келини,
Сакатай анда олтурат.
Ормокчалды көргөндө,
Тура калып жүгүндү,
Тизеси мунун бүгүлдү.
«Ээ, кулунум, Сакатай,
Баатырдын Акжал тулпарын,
Балам, минип келдиӊби?»
Акжалдын аты чыкканда,
Чыканактап төр жакта,
Жаткан Багыш ошондо,
Тура калды ордунан.
Тамеки тарткан канжасы,
Түшүп кетти колунан.
Ангычакты Сакатай,
Сонун кеп чыгат оозунан:
«Төрөбүз Багыш, кулак сал,
Сакатай кебин угуп ал.

Далайды көрүп баш бышып,
Кыйналып келди биздин жан.
Азамат жигит эр бүлө,
Тойго кеткен күндөрдө,
Эрте туруп, кеч жатып,
Эр ордунда мал багып,

Токсон түтүн киши элек,
Бир өзөндө куралып.
Айылга келди кырк атчан,
Жонуна мылтык асынып,
Жанына кылыч байланган.
Солкулдак найза өңөргөн,
Мойнуна жебе, жаа аскан,
Балта, чокмор, кетелек,
Эр жарагын бүт алган.
Кылданган күлүк ат минген,
Кырк уруу башка тон кийген,
Бабырап баары сүйлөгөн,
Мас болгондой күүлөнгөн.
Алек-далек жүгүргөн,
Билектерин түрүнгөн.
Айылга келип, жай жатып,
Субай атты айдатып.
Акжал атты баш кылып,
Так токсонду карматып.
Токсон түтүн айылдан,
Катындан кыркты ылгашып.
Күндө союп төрттөн бээ,
Казанга майды кайнатып.
Он беш күн жатып айылда,
Кырк катынга кырк атты,
Жасалгалап мингизди.
Жапында мурун бар экен,
Асыл буюм, арбын мал.
Колго токтор буюмдан,
Ал айылдан ылгаган.
Санаты кырк күлүккө,
-Сарапайдан* арттырды.
Он атка артты эт, кымыз,
Кырк атчан кылды кеп кылык,
Элден алган кырк катын,
Кээ бирлери буркурап,
Ыйлаганы андан көп.
Жетингенсип дүйнөгө,
Тийгенсип колу асманга,

Сүйүнгөнү мындан көп.
Качайын деп мен мурун,
Кары-картан, жаш бала,
Кырып иер бекен деп,

Кыялымда муну ойлон,
Сабыр кылдым далай күп.
Ал күнү тынбай жол басып,
Кейиттердин элине,
Кара тоонун чегине,
Каракчы конгон жеринде,
Буюмду сууга салам — деп,
Болбой бастым түнүндө.
Мени ээрчиген жигитти,
Жар башына барганда,
Өпкөгө канжар мададым,
Өлтүрүп аны таштадым.
Акжалын минип баатырдын,
Карангы түндө чыккамын,
Оор эл жата качкамын.
Келген изге салбадым,
Керүүлөй бери мен качтым.
Таң аткынча жол жүрүп,
Кечке чейин мол жүрүп.
Жетип келген чагым бул,
Баатырдын аты Акжалды,
Минип келген жайым бул».
Сакатайдан кеп угуп,
Салакалуу эр Багыш,
Жүрөмүн деп оолугуп:
«Кырк каракчы кызталак,
Кейит менен Ызардын,
Элдери ыйлайт зыркырап.
Суркийикти алдырып,
Үстүнө токум салдырып,
Мен басайын жабдынып!»
Шашылып Багыш басканы,
Басарында айтканы:
«Сакатай, мында жат,— деди.
Мен келгинче, Гүлайым,
Сакатайды бак — деди.
Байтеке баштап он киши,
Мени ээрчип бас — деди».
Байтеке баштап оп жигит,
Баатыр Багыш кошулуп,
Бадыратып жөнөдү,

Ат өлөт деп санабай,
Алды-артына*карабай.

Тан, аткынча шартылдап,
Күндүн мурду чачырай,
Кырк катын өлгөн жерине,
Жетип барды балкылдап.
Аты күлүктөр алкылдап,
Кээлери жетпей салпылдап.
Аккан суунун боюна,
Шамалдан ыктуу ойдуңга,
Кырк каракчы конгон жер,
Отуз тогуз катынды,
Өз оюнча сойгон жер.
Отуз тогуз катынды,
Такыр тоноп алыптыр,
Тартайтып баарын жыланач,
Талаага таштап салыптыр.
Өлгөн катын эттерин,
Кузгун, жоору, каргалар,
Бөрү, түлкү айбандар,
Эт жеген нечен андайлар.
Канчасынын этин жеп,
Сөөгү калган далай бар.
Аларды көрүп эр Багыш:
«Кырк каракчы кызталак,
Как ушундай кылбасам,
Кыргыз ата журтумдун,
Кунун сенден куубасам,
Кантип болом, Багыш?!» — деп,
Карааргандан карарып,
Кападан ичи өрт жанып:
«Атынын изин кубалап,
Мен жалгыз өзүм барайын,
Аркасынан кубалап.
Байтеке, калып бул жерде,
Катындардын өлүгүн,
Таш дөбөлөп көмгүлө.
Элебей калып байкоосуз,
Эмгектүү болуп калбаңар.
Каракчыга алдырып,
Жаман атты кылбанар».
Дон тапшырып аларга,
Баатыр Багыш жөнөдү.
Сакатай качып кеткенде,
Отуз тогуз катынды,

Өлтүрүп таштап каракчы,
Өздөрү мурда жай алган,
Нечен жылдан бер жакка,
Бааналап ташка жан баккан,
Сынаакы болгон жерине,
Жетип жакын келгенде,
Жүктөрүн ташка бекитип,
Багыштан булар шекишип.
Ээрлерин алып катышып,
Талап келген аттарды,
Токуму менен агытып.
Бирден-бирден бастырып,
Бастырбай экөң жанаша,
Из кууганды аздырып.
Шексиз кылып издерин,
Оңодук деп иштерин.
Күлүңдөшүп күдүңдөп,
Шыбырап сүйлөп күбүрөп.
Шыкаалап таштан жатышты,
Келе жаткан Багышты,
Баары көрүп калышты.
Таш жөлөнгөн Багышты,
Так жыйырмасы бир жерде,
Тарсылдакка алышты.
Мылтык атып, жаа тартып,
Оодарып ташты кулатып,
Суркийикти бастырбай,
Матап турду ушулар.
Жан аябай катуу чаап,
Тиейин десе аралап,
Ат жүгүрөр жери жок,
Эки үзөңгү тийишкен,
Эңкейип башы сүзүшкөн,
Тар капчыгай, жалгыз жол,
Капчыгайдын башына,
Чыгып Багыш болгунча,
Капчыгайды таш менен,
Толтургандай байкаса.
Жөө басар жери көрүнбөйт,
Ташынын баары жыпжылма.
Айласы кетип, күн түгөн,
Турду Багыш ушунда.
Жыйырмасы алардын,

Мурунку күнү көрүшкөн,
Багыш баштап топ киши,

Келген элдин караанын.
Ар жагында тескейде,
Анда алардын аты бар.
Жыйырмасы ат коюп,
Шатырата бат коюп.
Таш дөбөлөп өлүккө,
Антип жаткан элдерге,
Калыстан чыгып качырып.
Байтекеден башкасын,
Баарын койбой кармады.
Ат чылбыры колунда,
Кармалуу экен Байтеке.
Мингени күлүк тандалган,
Качып кетип калганы.
Кармап алган тогуздун,
Такыр колун байлады,
Жынайлактап айдады.
Таманын ташка тилдирип,
Тегеле жаман кыйнады.
Өлтүрбөдү бир иши,
Бир жерге барып таштады.
Качып кеткен Байтеке,
Багышты барып тапканы.
Багыш менен Байтеке,
Барарына жер таппай,
Өтөрүнө жол таппай,
Экөөнүн кетти айласы.
Байтекени качырып,
Кууп келген жынырмасы,
Аркасын тосуп ал калды.
Эки жагы жалама,
Баш аягы тең тарчык,
Багыш менен Байтеке,
Чыгалбай калды камалып.
Ылдын барса сыйлыгып,
Мылтык атып, жаа тартып,
Тоодон ташты кулатып,
Өөдө барса дүрдүгүп,
Өгүздөй таштар кулаган.
Мылтыктан чыккан түтүндөн,
Күн көрүнбөйт тумандан.

Багыш менен Байтеке,
Чыга качар эшик жок,
Кирип алар тешик жок,
Кыстоодо калды кайран жан.

Алты күнү болгунча,
Амалсыз калды камалып.
Түн ичинде эр Багыш,
Абдан жаны карарып.
Нак чоюндан уюткан,
Чоюнбашты колго алып,
Жалама ташты талкалап,
Кыя тартып жол салып.
Чапканда ташты кулатып,
Секиртмек ташты уратып,
Күн кылайып атканда,
Кырга чыкты жол алып.
Суркийикти жетелеп,
Байтеке калды өөндө.
Баатыр Багыш заңкайып,
Басып чыкты дөбөгө.
Капчыгайдын кырына,
Чыкты Багыш чынында.
Каракчынын аттары,
Оттоп жүрөт сыртында.
Өздөрүнөн көрүнбөйт,
Аттардын жок жанында.
Ээлери кайда кеткен — деп,
Эңкейип ташты караса,
Курбуга ташты дөбөлөп,
Олтурушат жанууда.
Баш багып Багыш бакырды,
Кел бери! — деп чакырды.
Багыштын үнү төбөдөн,
Үстү жактан чыкканда,
Бар каракчы шашылды.
Шашпаганда канткени,
Жайыла качып туш-тушка,
Тегеректеп курчалып,
Баатыр эрге асылды.
Камалып калган Байтеке,
Байкуштун багы ачылды.
Капчыгай менен кең жерге,
Байтеке келсе бир жерге,

Тоодой Багыш басалбай,
Жайылган чөптө токтолуп,
Тегеректеп жыйырмасы,
Атып жатат октошуп.
Көзү көрө калганда,
Көсөм неме Байтеке,

Ыгы келсе чыгуучу,
Өзү жалгыз жекеге.
Суркийикти бош коюп,
Сундуруп найза оштонуп.
Байтеке тийди бакырып,
Багыштап ураан чакырып.
Жайыла качып ар кайда,
Мылтыктын үнү басылып.
Барып минди эр Багыш,
Суркийикке шашылып.
Алтыны сайып бүктөдү,
Карматпастан он төртү,
Таш аралап кетти эми.
Өөдөтөн качкан он төртү,
Төмөнкү топко барыптыр.
Отуз төртү каракчы,
Ороло чаап сеңирди,
Багышты ороп алыптыр.
Байтеке эми нетиптир,
Каракчы байлап таштаган,
Тогузуна жетиптир.
Шишик басып колдору,
Ташка батып жондору,
Өлүптүр экөө нечабак,
Калыптыр жетөө эсен сак.
Каракчынын кошунда,
Жетөөнү Байтеке
Эс алдырып ардактап,
Суркийик менен эр Багыш,
Тоо аралап, бел ашып,
Каракчыдан отуз төрт,
Багышка бирөө карматпай,
Же жаны тынчын жай албай,
Андан мындан көрүнүп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Убара кылды кырк күнү.
Энди Багыш нетиптир,

Байтеке менен сегизин,
Бар элиңе кеткин — деп,
Кырк каракчы кыйын жоо,
Кыркын таппай жан тынбай,
Мен барбаймын элге — деп,
Баатыр Багыш ойлонуп,
Бастыра түшүп толгонуп,
Зоңконун башы дегенге,

Чыгып барып эр Багыш,
Турнабай салып туш-тушка,
Таамай он кун жатыптыр.
Алы келбей жедигер,
Багыш качып кетти — деп,
Баарынын көөнү жай алып,
Бабырашып кубанып,
Кейиттен барып мал алып:
«Аттарды Багыш алыптыр,
Атты, тонду табалы.
Аралап элге баралы,
Андан кийин Багыштын,
Элин барып чабалы.
Багыштын тынчын кетирип,
Бейпайга башын салалы».
Деп кеңешип уурулар,
Далай андай жоо алган.
Багыш аңдып жатат — деп,
Оюна алар түк албай,
Кара-Кыр ылдый салуулап,
Тоо бөксөсүн жануулап,
Уурунун саны отуз төрт,
Кейитти көздөн баратат.
Зоонун башы чокуда,
Көрүп Багыш эр жатат.
Түн киргенде уурулар,
Түшүп барды адырга.
Тумшугу жетип капташты,
Топтогон жылкы малына.
Ар кимиси бирден ат,
Кармап минди жабыла.
Жылкычыны булады,
Жетелеп бээден дагы алды.
Таң сүрүлүп чыккынча,
Адырдан чыгып уурулар,

Тоону көздөй чубады.
Аңкаарып жолун тосоттоп,
Ал Багыш чыга калганы.
Бадыректер баары маш,
Экиден баспай жанаша,
Жалгыздан басып обача,
Сай салаалап, тоо бойлоп,
Сап-сап менен келайтат.
Суркийик күлүк ат үчүн,
Күчүнө салып Сур аттын,

Араң сайып бешти алат.
Карансыз кетип жоголду,
Калгандары талаалап.
Жер ортосу көрүнө,
Жетейин деп дөбөгө,
Багыш коюп баратат.
Зонкого барып эр Багыш,
Сонун жер деп жайланып,
Турнабайын колго алып,
Карап Багыш олтурду.
Кекиликче чукулдап,
Андан-мындан уурулар,

Калбай баары каракчы,

Кара тоого жыйылды.
Жыйырма тогуз калыптыр,
Өлгөнү бешөө аныктыр.

«Антип-минтип эр Багыш,
Алтообузду бир алды.

Кеткен болуп билинбей,

Бешөөбүздү бир алды.

Бузулбай келген киши элек,

Он бирибиз куланды.

Эми Багыш көрүнсө,

Анан тирүү ким калды?

Башканы кое туралы,

Ала-Тоо бойлоп жөө басып,

Көнгөн жерин Багыштын,

Койбой жүрүп табалы.

Түз талаага бүткөн тоо,

Биз Зоңкого баралы.

Багышты көрсөк катышпай,

Жаздырып жүрүп, ыгын таап,

Атын уурдап алалы,

Жөөлөтүп таштап салалы.

Айласы кетет Багыштын,

Жедигерге баралы.

Кыздары кызыл, катыны уз,

Бирден тандап алалы.

Жөөлөп Багыш баргынча,

Жедигерди бөлүнтүп,

Таратып ийип тыналы.

Белине таңуу жок окшойт,

Болжоп көрсөк сыягы.

Багыш тулпар таап минсе,
Бели катуу эр имиш.

Суркийикти жетелеп,
Калдайдын уулу Коңурга,
Качып кетип калалы»,
Деп сүйлөшуп алышты.
Каракчылар түнүндө,

Айтып берген немедей,
Зоңкого жетип барганы.
Түп тутат деп ойлобо,
Упасыз дүйнө жалганды.
Чыканактап эр Багыш,
Козголбой уктап калганы.
Суркийик турат байлануу,
Суркийикти көрүшүп:
«Көрүнбөйлү атына,
Сыры болуп жүрбөсүн,
Аты кылып кабарды.
Чыры болуп журбөсүн,
Өзү кайда экендер,
Караанын көрүп багалы».
Үстүндөгү дөмбөлгө,
Уурулар чыгып карады.
Таалайына жараша,
Ташты туура жазданып,
Багыш уктап калганы.
Айбатынан Багыштын,
Уурулар басып баралбай,
Уктап жаткан Багышка,
Батынып колун салалбай,
Кеңеш кылып бир талай:
«Келсин мага жакын — деп,
Кенебей жатып атпасын.
Элөөсүз барып тийишип,
Бизди кара баспасын.
Чапсакпы деп кеңешип,
Кенебей жатат келберсип,
Бирди чаап иербнз,
Биртке жерин тилербиз.
Тигилип Багыш качырса,
Биз ийинге сиербиз.
Качырып найза саярбыз,
Карышча жерин жарарбыз.
Капысынан качырса,
Жаралуу болгон каманды,
Кийин кандай кыларбыз?
Балта менен чабарбыз,

Баш терисин жарарбыз.

Жаны ачыган Багышка,

Жана кандай кыларбыз?

Бир чапканга, сайганга,

Тегеле Багыш бул өлбөйт,

Кылыч менен чапсакпы?

Кыямын мунун тапсакчы?

Кесип түшсө шарт этип,

Бөлүнсө эки тең кетип,

Андан жакшы табылгыс.

Таамай чаап ал албай,

Жакшы эмес ага кабылыш.

Мылтык менен аталы,

Бирок кийгени темир баары олпок,

Мылтыктын огу батабы?

Тарс дегенде ойгонуп,

Танапты мыктап тартабы?

А көрөкчө баарыбыз,

Атын алып качалы.

Жөө кубалап далбаңдап,

Тердесе чечет олпогун,

Ошондо как жүрөккө аталы».

Деп кеңешип алышты,

Кеңешке мыктап канышты.

Эси кеткен акмактар,

Суркийикке барышты.

Баш көтөрүп жер чапчып,

Аркырады кишенеп,

Үнү ачуу Суркийик,

Жер солкулдап титиреп.

Куюлма таш шагалаң,

Кулап кирди күдүрөп.

Ойгонуп кетет экен — деп,

Эстери чыгып бүжүрөп,

Суркийикти караса,

Кара бою чапталуу,

Туягынан башкасы,
Камдагай* менен капталуу.

Жебенин огу тешкисиз,

Бараңдын огу баткысыз.

Кокус барып катылса,

Тогуз онун жечүдөй,

Туягы менен бир чарпып.
«Ойгонуп Багыш кетпесин,

Чечебиз деп боо барып,

Балта менен чабалы,
Аттын бутун сындырып,
Анан кетип калалы.
Сур атынан айрылса,
Солкулдаган Багышың,
Жөө жүрүп бизди табабы?
Эр канаты аты деп,
Карылар бекер айтабы?»
Жыйырма тогуз каракчы,
Өлтүрүүгө Багышты,

Эси чыгып батпады.
Сындырып сөөгүн чабалбай,
Же Суратты минип алалбай,

Кылыч менен кыймалап,
Тарамышын кесишти,

Суратты таштап кетишти,
Талабына жетишти.

Уктаган бойдон эр Багыш,

Уч күн уктап калыптыр.

Тура калып караса,

Тарамышы кыркылып,

Сур ат аксап калыптыр.

Тегерегин караса,

Далай эрдин изи бар.

Энди Багыш ойлонду:

«Келген экен уурулар,

Жазганыптыр тие албай,

Айбатыман ушулар.

Атка алы келе албай,

Атты минип кете албай,

Тарамышын атымдын,

Кыркып койгон экен» — деп,

Канча түрдүү дары бар,

Тарамышты бүтүрчү,

Катырып койгон жылан бар.

Сары барпы* жана бар,

Кайнатма кара дары* бар.

Тал-тал кылып таратып,

Тарамышын аркардын,

Ала жүргөн чагы бар.

Тамырчы, табып иштетчү,

Бүт дарынын баары бар.

Алтай жибек анда бар,

Жумшакта кам сурп шайы бар,

Талаадагы Багышта,

Бары жоктун баары бар,
Керектүүсү таптаяр.
Канаган жерин Сур аттын,
Суу менен жууп тазалап,
Жыландан өлчөп ченеди,
Тийди деп бүгүн кереги.
Тарамышын аркардын,
Тарап аны жегизди.
Так сегиз күн бакканда,
Оролуна келиши.
Баса минип Сур атты,
Сур аттан тилеп кубатты.
«Багышка кылып салдык — деп,
Каракчылар ар качан,
Жедигерге кеткендир.
Болжолу бүгүн жеткендир,
Жаныбарым Суркийик,
Он күндүк жол арабыз,
Ушу бүгүн сен жеткир».
Кылганын ойлоп уурунун,
Колун суугa салбастан,
Жүзүн жууп албастан,
Тышынан каба курчанып,
Тоо бөксөлөп эр Багыш,
Жедигер көздөй бет алып,

Жетисуу көздөй чет алын,
Бешимде чыккан аттанып.
Күн кызарып чыкканда,
Жетисуу жетти айланып.
Эми алдында кеткен баягы,
Каракчыдан айталык.
Суркийик бутун кесе албай,
Тарамышын кыйышып,
Кериге жарап калгансып,
Кежеңдешип кыйынсып,
Кейиттин жетип четинен,
Элден талап ат минип,
Атка жетип эрдемсип,
Асынып мылтык мергенсип,
Ат аябай жол жүрүп,
Ат өлтүрө мол жүрүп,
Бешимде келип киришти,
Жедигердин четине.
«Багыш аман турганда,
Жамандык болот бизге» — деп,

Жедигер жок тээп
Жайбаракат тынч элге,
Тарчылыкты салышты.
Субайда калган он үйдү,
Ошолор талап алышты.
Катарлап бээден сойдуруп,
Башына жаздык койдуруп,
Колу-бутун чоюшуп,
Келин, кызды чогултуп,
Катындан кошуп сулууну,
Колу-бутун карматып,
Тогуз-ондон чыгышып,
Айылдын четин карашып,
Кыймыл этсе жедигер,
Кызылдай бөлөп камчыга,
Чарчаганча сабашып.
Оюн күлкү, ый менен,
Сүрүп чыкты тан, атып.
Ою менен уурулар,
Он катынды олжо алып,
Аттанып чыкты чубашып.
Белеске чыга келгенде,
Калды Багыш капташып.

Багышты көрүп уурулар:
«Багыштын кандай сыры бар,
Тарамышын Сур аттын,
Такыр кыйып биз келсек,
Таза болуп Сур аты,
Багыш келип калыптыр.
Эрдигинен Багыштын,
Айласы артык экен» — деп,
Мылтык кармап, жаа тартып,
Тарсылдатып уурулар,
Атып кирди Багышты.
Баатыр Багыш эр эле,
Башын тартпас өлүмдөн.
Найзасын Багыш ыргады,
Билекке күчүн чыңдады.
Суркийик менен койдуруп,
Тартынбаган сан колдон,
Тартынып Багыш калабы,
Жыйырма тогуз уурудан?!
Тап берип Багыш качырды,
Уурунун баары чачылды.
Опсуз күлүк Суркийик,

Он секиртпей аттар,
Тогузун сайып түшүрдү,
Тогуздун ишин бүтүрдү.
Каракчыиын жыйырмасы,
Атын таштап жөө качып,
Аралап ташка жармашып.
«Бириндетип жедигер,
Кылды бизге Багыш» — деп,
Кыялында санашып.
«Мында жүрүп нетели,
Жан жүрбөстүн чөлүнө,
Жан калкалап кетели.
Кайыпчы ичин тосолу,
Кербенден булап алалы,
Кеңири олжо табалы.
Катыны жок, бала жок,
Карарына адам жок,
Капташып калса андайлар,
Өзүбүзгө кошолу.
Санатты кыркка толтуруп,
Кайта айланып жаналы.

Кайыпчыдан көп өтөт,
Ар бир жерден келгендер,
Ар сонунду жүктөшөт.
Жер айланган кербендер,
Көп дүнүйө мол алып,
Бараңды издеп баралы,
Кол сурап андан алалы.
Ooганды издеп баралы,
Он миңди андан алалы.
Ойрон кылып Багышты,
Ошондо чаап салалы!»

Деп кеңешип каракчы,

Жыйырмасы турбастан,
Кайыпчы көздөй чубады.
«Атым Багыш эр туруп,
Он эки ай урушуп,
Кырк уурунун жыйырмасын,
Араң сайып алдым — деп,
Жыйырмасы кетип кутулду,
Издеймин деп ушуну,
Тоо башында элдерге,
Сак болгун — деп малыңа»
Айтып аны угузду.
Издегени камынды,

Үстүнө кызыл Жашы.
Бастырганы турганда,
Укту Багыш кабарды.
«Кайыпчынын ичинен,
Ким экени билингис,
Бир топ кербен таланды».
Кеп угуп Багыш аяктан,
Каракчылар, качкындар,
Барган бейим аякка,
Ага барып келем деп,
Бадана кийип болкоюп,
Суркийик минип зоңкоюп,
Сырттан Багыш жөнөдү.
Өзү көргөн Кайыпчы,
Өңкөй жыгач өзөнү.
Кызыл кырдын башына,
Барып Багыш олтурду,

Көчүгүн коюп ташына.
Көз жүгүртүп караса,
Тигилип чатыр калыптыр,
Тикендиктин сазына.
Ат байланып курданып,
Алда нечен бууланып.
Каракчыны таптым — деп,
Качар жагы кайсы — деп,
Карап Багыш байкаса,
Бир тарабы таш экен,
Үч тарабы талаа экен.
«Ташка чыкса кутулуп,
Жана кетет каракчы.
Таш жагын тосуп алайын,
Талаага качса бириндеп,
Суркийик болсо мингеним
Такыр сайып алайын».
Деп ойлоно шашылыш,
Кыркуулап тоону бастырып,
Багыш барат ылдамдап.
Кырк каракчы кыйын жоо,
Кылымдан чыккан шум ошо.
Каракчыдан бир киши,
Эшикте карап олтурса,
Кызыл кырдын башында,
Кыраңда караан бар эле.
Кайра чыгып караса,
Жок болуптур эми эле.

Эшиктен кирип энтелеп:

«Бол, тургула, тургула!
Камынып атка мингиле!
Мен көрдүм жалгыз бир демв.1
Эшикке чыксам эми эле,
Турат эле бир караан,

Кызыл кырдын белесте.
Кайра чыксам жок турат,
Кайып болуп бир деме

Кастап келген жан болсо,
Жайлап аны салалы

Кайгуулчу болсо кармайлы,
Катыра колун байлайлы. ^
Жортуулчу болсо кармайлы,
Топоңдотуп айдайлы.

Өчөшкөн Багыш кокустан,
Келген болсо бизди издеп,
Качып жанды жайлайлы!»
Биринен бири кеп угуп,
Баары атка дем уруп.
Кыркка толгон санаты,
Андан-мындан чогулуп.
Ат атына миништи,

Карыга найза илишти.
Үстүнкү ташты бет алып,
Өөдөлөп булар жөнөштү.
Кыстаса мээнет бендени,
Таптырбайт акыл ар качан.
Булар ташка жеткинче,

Багыш чыкты алдыртан.
Багыш чыгып бакырып,

Бакырыгы таш жарып,

Укпагандар таң калып,

Уккан мурун Багышты,

Эси кетип сандалып,
Айласын таппай калышты.
Жан жүрбөс көздөй бет алып
Жалпы жолго салышты.
Мурункудай эр Багыш,
Алактап кирип барбады.
Андан-мындан көрүнүп,

Тараша жагын тосоттоп,
Жан жүрбөс көздөй айдады.
Тарашадан караансыз,
Түзгө чыкты амалсыз.

Кеңири жерге киргенде,
Кенен баатыр Багышың,

Барып анан тийди эле.
Суркийик менен койгулап,
Делбиретип этегин,
Шамал тартып чойгулап.
Утур келген немесин,
Улам сайып бaрaтат.
Жан жүрбөс жагын жөн койду,
Аркасына качырбай,
Алактап кетип аздыкпай,
Андан-мындан издеп таап,
Жыйырмасын кыйратты.
Кошулган жаңы жыйырмасы,
Чогуусу менен бир качты.
Өлтүрбөй аны кармады,
Жыйырмасы кебин баштады,
Бар сырын айтып таштады:
«Ызарлыкпыз онубуз,
Кейиттикпиз онубуз,

Жыйырма киши чогуубуз.
Тогуз ай болду кошулдук,
Кайыпчынын ичинде,
Төрт үңкүрдү толтурдук.
Арбын бизде жыйган мал,
Баарын, баатыр, алыңыз.
Аманат кара бир жанды,
Куткарып бизди калыңыз.
Билбей туруп кошулуп,
Душман болдук элдерге.
Ала кет, баатыр, биздерди,
Жети суунун жерине»,
Деп зыркырап турушту.
Карап көрсө эр Багыш,
Сөздөрү чындай көрүнөт,
Ээрчитип алып жөнөдү.

Төрт үңкүрдө малды алды,
Калтырбай баарын алп арды. !
Алп арганын беш бөлдү,

Бирөөнү берди жанагы,
Кармап келген жыйырмага.
Жедигердин эли деп,
Таанызын ээриң кашын — деп,

Чогуу коюп бир жерге,
Кошуп алды элине.

Үч бөлүмүн дүйнөнүн,
Каракчылар талаган,
Элге берди тойгунча.
Бир бөлүгүн коротпой,
Сакатайга карматты,
Сен алгын деп барынча.
Кабары барган Сакатай,
Катын деп аны санабай,
Хан көтөрдү бир суугa.
Эри жок катын болучу,
Алып берди бир уулга.
«Каракчыга баш бербей,
Качып келген Сакатай,

Жез кемпир» — деп аташты.
Сакатайдан жети уул,
Айчүрөктү талашкан,
Толтой менен Семетей,
Кырылышкан урушта,
Семетейге кошулуп,
Кыраандын наамын талашты
Акырында Семетей,
Жетисууга хан кылып,
Жедигер элин каратты.
Хандык алып Сакатай,
Жедигер жатты жаймажай.
Муну мындай коюңар,
Канкор Манас баатырдын,
Кабарынан угуңар.

**БАГЫШТЫН ДҮЙНӨДӨН ӨТҮШҮ**

Көктөй ашы өткөнгө,
Бир жыл өтүп кеткенде,

Эрен Манас түш көрдү,
Жаздай элин камынтып,
Жайындасы той берди.
Тойго элди чакырып,
Ар тарапка канкоруң,
Атайлап киши жиберди.

Катарында көп элдин,
Багышка кабар бергени.
Багыш барды ал тойго,
Суркийик чыгып ошондо,
Миң жылкы Жакып бергени,

Эсине эми келгени.
Суркийиктин байгесин,
Намысы бирге кыргыз — деп,
Ортого Багыш бергени.
Багышты көрүп эр Манас:
«Карып калган киши экен,
Атам менен курбалдаш.
Кандай жүрсө эрки» — деп,
Катылышып келбеди.
Ошондон тартып эр Багыш,
Башка жакка барбады.
Ат бастырып, жол алып,
Жети суудa эр Багыш,
Жергелүү баатыр атанып,
Кейит менен Ызарлык,
Каракчыдан кутулуп,
Куткарды бизди Багыш — деп,
Каттоо кылып эл барып.
Арадан өтүп канча жыл,
Кыргыздын кыраан Манасы,
Бейжинди көздөй жол алып,
Элүү төрт илик кол алып,
Он төрт ханды кошо алып,
Баласы жаш Багыштын,
Кошойдон Багыш кары эмес,
Кабарсыз кетип калганы.
Бели катуу Манаска,
Кандай айтпай кеткен — деп,
Таарынып жүрдү эр Багыш,
Таарынган менен барбады,
Кайыпчыдан жол тосуп,
Кербен болсо талады.
Тийбеген Манас буга — деп,
Титинип киши барбады.
Ортодон канча жыл өттү,
Канкордун уулу жетилип,
Хан Семетей те тилип,
Калкка дүмөк салды — деп,

Угуп жүрдү бир кепти.
Баласына Манастын,
Жерине барып Таластын,
Тийишсемби деп жүрдү.
Бетпак тоону жердеген,
Бели катуу немеден.
Карманаптын жылкысын,

Жалгыз көздүү Мадыкөл,
Алган экен малын чаап.
Манас менен жатындаш,
Кардыгач барып кабарлап,
Мадыкөлдү Семетей,
Кууп кетти деп укту.
Ойлонуп Багыш жат албай,
Ошолордун урушун,
Көрөйүн деп оолукту.
Жанына азык байланбай,
Ээрчитип жолдош жана албай,
Жалгыз атчан, жалгыз баш,
Бара жатып эр Багыш,
Таш кыянын белинде,
Бир топ көчкө жолукту.
Көчкөндөн Багыш кеп сурап,
«Барасың кайда?»— деп сурап,
Кеп сураса жашырбай,
Айтты бирөө бажырап:
«Биз барандын элибиз,
Урум болот жерибиз.
Талап келип Мадыкөл,
Так он жылы турдук биз,
Дардактап кетип Мадыкөл,
Карманаптан мал алды.
Алдырган малды кубалап,
Хан Семетей барганы.
Мадыкөлдү байлады,
Кылычын канга майлады.
Өз жерине кеткин — деп,
Кулдуктан бизди куткарды.
Эки-үч күндүн ичинде,
Келип калат Семетей,
Өзү кийин калганы».
Баарын угуп эр Багыш,
Мадыкөл жеңсе Семетей,

Кыйынбы деп таң калып:
«Таласка кетер жол ушул,
Мен байкайын аңкарып»,
Деген ойдо эр Багыш:
«Көчүңдү кетир бараңдык,
Төртөө-бешөөң калыңар.
Артынан көчтүн барынар.
Семетейди сынаймын,
Сонунду менден угуңар,

Жедигердин эр Багыш,
Атым менин билип ал».
Атым Багыш дегенде,
Бараңдыктар саргарып,
Угуп жүргөн Багышты,
Кылды деп мурун кыйла ишти.
Беш-алтооң мында калгын — деп
Бизге барбы бир иши?
Кыңк кылар айла анда жок,
Бешөө калды бараңдан.
Аны-муну кылгынча,
Эки күн өттү арадан.
Күн төбөдөн ооганда,
Семетей жалгыз келайткан.
Караанын көрүп ыраактан,
Карап жатты эр Багыш,
Жолго жакын бир таштан.
Ыраакты жакын кылуучу,
Таш айнек тартып көзүнө,
Таамай Багыш караса,
Ошол кезде Семетей,
Жыйырма жашта чамасы.
Барааны башка көрүндү,
Падыша Манас баласы.
Көзү кара көмүрдөй,
Өңү болот темирдей.
Чоңдугу төөнүн нарындай,
Толкуну көлдүн шарындай.
Ысыгы жайдын аптаптай,
Ыдыгы чилде суУктай.
Салкыны сырттын желиндей,
Жаштык кылбай чунагың,
Сан миң колго тийгиндей.
Көзү көлдүн буткулдай,

Көрүнгөндү жуткундай.
Мурду тоонун кыр таштай,
Муруту эми кылайып,
Төбөсүн карап тиктенип,
Тик караган кишини,
Жалтандыратийментип.
Орто бойлуу, кең далы,
Оң бөйрөгү бүлк этсе,
Ойротту бузар сыягы.
Кара мүртөз кан ичме,
Кармашкандан жанбаган,

Жайылына ким тийсе,
Жалтайып андан калбаган.
Айткапынча бар экен,
Барандын эли дандаган.
Өзүм деген кишиге,
Өзүн дале бергиндей.
Өчөшүп калса бирөөгө,
Өлтүрбөй тирүү жегидей.
Өлөңдүү жерге өрт койчу,
Өткүрлүгү көрүнөт.
Өз, жат дебей чыр салчу,
Жеткирлиги көрүнөт.
Кара сууга кан куйчу,
Канкорлугу көрүнөт.
Асырап элин багучу,
Канкорлугу көрүнөт.
Алдыртан жерге суу жайчу,
Анткорлугу көрүнөт.
Айла менен эл алчу,
Манткорлугу көрүнөт.
Карап туруп Багыштын,
Зээни санга бөлүнөт.
Кызылы кызыл агы ак,
Эки көзү жадырап,
Бетинин нуру төгүлөт.
Ырысы толуп чалкыган,
Чырайы чолпон жаркыган.
Чын байкаса эр Багыш,
Чырымтал бала Семетей,
Артылып түшкөн Манастан.
Кулжа көөдөн, тайган төш,
Минсе Буурул жарашкан.

Тим эле жерге киргиндей,
Түртүшүп буга жанашкан.
Көз көрүнөө баткындай,
Көл дарыя ырыска,
Сөз байлашып жарашкан.
Жер сүзгүдөй мүдүргүп,
Эрлик жолун талашкан.
Кемтик таппай баладан,
Баракелдүү Багыш кайран эр,
Эс акылдан адашкан.
Жалгыз өзү Семетей,
Карааны сандай көрүнүп,
Калдайып кетип бараткан.

Төрт тарабын тең сынап,
Төрөнү Багыш жараткан.
Жаны тирүү калбастай,
Жазганбай ага жаа тарткан.
Кабарын уккан качкындай,
Жакындабай ыраактан.
Таптакыр жерге киргиндей,
Жаакташып чырлашкан.
Көзүңөн жалын от жанган,
Карчытынан кан тамган.
Ителгидей кара көз,
Элестелип нурланган.
Бендеден туулду дегенге,
Түк ишенбейт көргөн жан.
Баш тартпастан өлүмдөн,
Баатырлыгы көрүнөт.
Карарса кайра тартпаган,
Кара жерге жаздаган,
Кайраты артык көрүнөт.
Көзү көргөн сындарын,
Багыш айтып бир бирлеп,
Жанындагы бараңдар,
Этек жеңи дирилдеп.
Орто бойлуу тегерек,
Баатырдын уулу чунакты,
Сынап аны не керек?
«Бүткөн бою тарамыш,
Булчуң эттүү сом билек.
Коргошун жүрөк козголбос,
Жалганда мындай жан болбос.

Ар кимдер ага болгундай,
Ажырабас жан жолдош.
Ажыдаар ооз, жалын көз,
Жан катылчу неме эмес.
Бактысына баатырдын,.
Жаралган экен бала — деп,
Картайып калган чагымда,
Хандыгымдан ажырап,
Катылышым бекер — деп,
Жолуңа кеткин, бараңдар,
Жолобой буга кетем» — деп,
Жедигердин эр Багыш,
Желип кетти тепеңдеп.
Ажырап чыгып бараңдан,
Өтө түшүп аралдан,

Көрүнбөй туруп баланы,
Селт эттирсем экен — деп,
Мылтык атып, тарс койду,
Доолбас уруп, карс койду,
Аламандап бат койду,
Азырет деп ат койду.
Жан алчудай иш кылса,
Жаш Семетей чунагың,
Жалт этип карап койбоду.
Бул кылганы Багыштын,
Чил учканча болбоду.
Көрүшөйүн буга — деп,
Эми Багыш ойлоду.
Айдап барат Семетей,
Тандалган он беш жоргону.
«Соогат, баатыр, соогат» — деп,
Жолунан чыгып торгоду.
Баатырдын уулу жаш Семен,
Бала жолборс эр немең.
Соогат деген үндү угуп,
Тура калды токтолуп.
Көз жиберип караса,
Бир чал турат шоктонуп.
Өзү кары болсо да,
Көзү жалын от болуп.
«Ассаламу алейкум,
Аксакал аба чалыбыз.
Соогат деп тостуң жолумду,

Ким болосуз айтыңыз».
«Алейкисалам, жаш бала,
Курбалдаш болуп жүргөмүн,
Атан, Манас арстанга.
Мадыкөл кетти деп угуп,
Жол тосуп келдим алдына.
Айдаганын он беш ат,
Соогат бергин чалыңа.
Сураган элим жедигер,
Өзүмдүн атым эр Багыш.
Кулагына түшкөндүр,
Каныкей, Бакай кеп салып.
(Кабылан Бакай кеп анткан,
Ар качандан бир качан,
Багыштын атын көп айткан.)
Эсине түшүп Семетей,
Тандалган он беш бууданды,

Бир жылкыча элебей:
«Алгын, аба, алгын» — деп,
Жүрүп кетти кенебей.
Жерине кетти Семетей,
Алда кандай бир иш — деп,
Аңкаарып койбой кенедей.
Эрдиги артык неме экен,
Туулган экен ченебей.
Баатыр Багыш жол алып,
Жетисуу көздөй бет алып.
Үйүнө барып жайланып,
Жамбашына май алып.
Жатып алган мезгилде,
Жашы чыгып далайга,
Барып калган мезгилде,
Эрдиктен байып, жаш кетип,
Карып калган мезгилде.
Кызыл баштын элинен,
Кырк миң аскер кол менен,
Кытайга бүлүк салам — деп,
Көзөлкан келет экен — деп,
Кабар укту бир күндө.
«Жетисууну аралап,
Өтөт экен Көзөлкан.
Жетисуу менен өткөндөй,
Жер майышкан көп колго,

Тепсетип жерди кеткиндей,
Тепсенди киши болбосом,
Карыды деп Багышты,
Карайт бекен Көзөлкан?!
Келе турган жолуна,
Барып турам мен Багыш!»
Деп Багыш күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп.
Кара жолдун боюна,
Баатырлыгы барсынып,
Мурдагыдай колунда.
Жедигердин четине,
Барып алып эр Багыш,
Жети күнү жатыптыр.
Келгени жок Көзөлкан,
Айткан киши калп айткан.
Кыштын күнү чилдеде,
Кыйналып калды курган чал.
Жалгандыгын билгенде,

Кайтып үйгө келгенде
Чүчкүртүп, да бышкыртып,
Мурдунун суусу куюлуп,
Боло албай келди эр Багыш,
Мурдагыдай ордунан,
Туралбай келди эр Багыш.
Башы ооруду чыңкылдап,
Боло албады кыңкыстап.
Отуздан ашып калган кез,
Толуп Толтой баласы.
Атасынан көөн тынбай,
Басылбады санаасы.
Сиерине чоло жок,
Бир жыл өттү арасы.
Эл жайлоого чыкканда,
Өзүнчө келип Чынкожо,
Учурады Толтойго.
Шыгайдын кичи баласы,
Эки күнү муңдашып,
Бирин бири сыйлашып,
Талкан чалыш дос болду.
Болуп жүрдү экөөнүн,
Келди-кетти каттоосу.
Оорусу күчөп Багыштын,

Каран калган дүйнөдөн,
Кайтарына салганда,
Байтеке бар карыдан,
Баласы Толтой баштаган,
Бир кыйла бар канча жан.
Анда Багыш муну айткан:
«Бала чактан бер жакка,
Байтеке жолдош сен элең.
Эчтекеден жазганбас,
Эр көкүрөк мен элем.
Мен жумшасам, сен бардың,
Элге келген душманга,
Өнөктү бербей мен алдым.
Хан алдына сен бардың,
Калкыма келген душманга,
Карсылдашып мен бардым.
Далайын алдым душмандын,
Таттырдым ички бушманын.
Туулса өлүм бар экен,
Туралбай жалган дүйнөдөн,
Кете турган баштандым.

Курбалдашым Байтеке,
Уулум Толтой, кулак сал,
Керээз кебим угуп ал.
Күн чыгышты жердеген,
Күлүү кытай эл деген.
Жер болуп жер жаралып,
Суу болуп суу жаралып,
Адам уулу таралып,
Ар кайда барып шаар салып,
Алдуурагы күркүрөп,
Алсыздары бүжүрөп,
Адам уулу болгону,
Далайга чыктым, көрбөдүм,
Бейжинди киши албады,
Кытайга кошуун барбады.
Өзүнө тарлык кылды бейим,
Бир уруусу кытайдын,
Өзүнөн чыккан калмагы.
Калмактар кысып барганда,
Качып келген кытайдан,
Азызкандын баласы.
Канча жыл жүрүп кыргызда,

Баштап барды Манасты.
Кангай менен кектешип,
Кыргыз менен биригип,
Кытайлар салды калбаны.
Айрыбай калмак, кытайды,
Тартууга сулуу кыз алып,
Кусурга Манас калганы.
Кытайдан Манас өлбөдү,
Каңгайдан чыккан калчадан,
Коңурбайдан өлгөнү.
Кара кыргыз эл элек,
Канча уруу таратып,
Калмактын көзүн каратып,
Чыңгыш, Шоорук, Алооке,
Кыргызды минтип бөлгөнү.
Төрөлүп Манас Жакыптан,
Кыргызды бөлдү калмактан.
Оору басып акыл аз,
Обур-добур мен айтам.
Качан да болсо кегиң ал,
Уулум Толтой, калмактан.
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын башында,

Көзүм көрдү, Байтеке,
Бирге бардың сен Толтой,
Бар элен жети-сегизде.
Биле албассың сен аны,
Ошондо этти тарттырбай,
Калмактар калба салганы.
Баатыр Манас барганда,
Беттебей калмак калганы.
Качан да болсо, сен уулум,
Тартынбагын калмактан.
Тамтайып барып тийишип,
Олжо албагын кыргыздан,
Манастын уулу Семетей,
Таш белестен сынасам,
Өөдө десе Манастан,
Өөдө туулган эр экен.
Кебетеси, кешпири,
Манастан артык шер экен.
Байкабай ага тийишкен,
Мас болгондой кеп экен.

Беренден калган Семетей,
Белгилүү туулган бала экен.
Бейарман кеттим дүйнөдөн,
Жалгыз балам Толтойду,
Манастын уулу чунакка,
Дос кылып койчу кеп экен!
Ал оюма жетпедим,
Энебедим, билбедим. ш
Анча-мынча баш оору,
Жетелеп мени кетерин!
Балта тийбей, ок тийбей,
Найза кирбей киши өлүш,
Киши өлсө да мен өлүш,
Кыйын кеп деп жүргөмүн.
Кирген найза учу жок,
Кескен кылыч мизи жок,
Уңгулуу балта сырты жок,
Же чокуга тийген чокмор жок,
Же очогор огу тийген жок,
Ошондой болуп Багыщтан,
Калмакчы болду дүйнө бок!
Туулган киши өлүчү,
Өлсөм Багыш керек жок.
Тилим алсаң, сен Толтой,
Кытайга барба тийишип,

Каңгайдан калба кийилий.
Тукумуна Манастын,
Туура кара санаба.
Кылымга тийген салмагы,
Кылчайып мага кайрап шер,
Көзү өтүп кеткинче,
Кыя карап калбады.
Алтымыш уруу адашты,
Бейжннге айдап бир барды.
Картайды Багыш, уулу жаш,
Эл ичинде Жетисуу,
Туш-тушунун баары кас,
Жедигер эли баралбайт,
Деген экен эр Манас.
Жедигерден барбады,
Ошентип Манас аяды.
Жетим калып баласы,
Темиркандын элинде,

Букаранын жеринде,
Адам болуп чоңоюп,
Анан келди элине.
Чоң атасы Жакыпты,
Жалмап аны салганы.
Абыкени аймады,
Көбөштү көргө киргизди.
Эсин таппай кырк чоро,
Кыргыл башчы ошондо,
Кырып ийди Семетей.
Өзү мангыт эли эле,
Күн батышта бендеден,
Күн батыш эмес жеке эле,
Кулак уккан көп эрден,
Кайраты толук неме эле.
Өзүнүн аты Мадыкөл,
Жалгыз көз аны дээр эле.
Бала туруп Семетей,
Мадыкөлдү жайлады,
Найзасын канга майлады.
Өз көзүм менен сынадым,
Тийишип калса Семетей,
Чын экен анын жайлары.
Чырлашпа, балам, сен Толтой,
Ак калпак кыргыз дегенге.
Түп атабыз Бөйөн кан,
Киндиги туташ эл эле.

Көбүрөөк келип кетет — дейт,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Анын эмне иши бар эле?
Шаатемир кызы Чачыкей,
Бел куда болгон Чынкежо,
Киши билбейт теги эле.
Семетей барып тайына,
Кетеринде айлына,
Касиеттүү Карахан,
Чачыкейди жээнине,
Алып берди деди эле.
Айтпаган экен башында,
Караканга Шаатемир,
Кайны бар деп тегинде.
Чынкожо мында көп келет,
Шек аламын аяктан.

Анттуу, шарттуу досум — деп,
Бир балаага салбасын,
Темирканды чабам — деп.
Сени ээрчитип барбасын,
Серпишип калып Семетей,
Бир мээнетке калбагын.
Башыңды ийбе кишиге,
Малай болбо теги эле.
Айткан тилди сен алып,
Уругу кытай элине,
Кыргыздан Манас тобуна,
Катышпагын түк эле.
Көзүм өтөт, өлөмүн,
Манас менен дос экен,
Бакай ханды Семетей,
Кандай бакса асырап,
Как ошондой, сен Толтой,
Байтекени жөлөгүн.
Кылалы десе Байтеке,
Кыйшавдабай иш кылгын.
Кылбайлы десе Байтеке,
Кыймылдабай жай жаткын.
Аш берем деп чарпылып,
Жедигер кетпе чачылып,
Жетимиш миң түтүнүң,
Жети миң тууну сойдуруп,
Жыл маалына толгондо,
Жедигерди чакыргын.
Уулум Толтой, унутпа,

Ушул айтар акылым..
Деп ошентип зор Багыш,
Оозунан түтүн бур этип,
Көкүрөгү кыр этип,
Кериле түшүп эр Багыш,
Кетип калды дүйнөдөн.
Баатыр Толтой эр ыйлап,
Байтеке ыйлап, жан кыйнап,
Келин, кызы баары ыйлап,
Бүт жедигер эл ыйлап.
Жетисууну жердеген,
Жедигерди бүт жыйнап.
Токсон бээни сойдуруп,
Коноктун колун жуудуруп.

Санаты жыйырма балбанга,
Сегиз күн көрүн каздырып.
Булгарыга оротуп,
Калын элин колботуп.
Байтекени досу деп,
Багыштын башын карматып,
Баары журтун жардатып,
Сарайына жаткырды.
Көтөртүп элге алпарып,
Тапшырып жерге Багышты,
Кайта келсе үйүнө,
Аташканы Багыштын,
Гүлайым калган алдастап,
Таңга жакын маалда,
Гүлайым өлдү жан таштап.
Ата-энеси тең өлүп,
Эки кары бир өлүп,
Карылардан айрылды,
Артыкча Толтой кайгырды.
Ата-эне өлсө ыйламак,
Арбагын уулу сыйламак.
Илгертен нуска ар кимге,
Багыш менен Гүлайдан,
Бар жедигер айрылып,
Тирүүсү калды элинде,
Өлгөндү койду көрүнө.
Багышты көрдү көзүбүз
Жана келсе уккуңуз,
Толтойдон болот сөзүбүз

**АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ**

Ажырык — чөп өсүмдүгүнүн түрү.

Ак келде — тууралган эттин үстүнө кесилген чучук.

Алман — салык, налог.

Алым — салык, налог.

Аилес — чыныгы, чебер, мыкты. көзгө атар.

Арбак — өлгөн адамдын руху, куту.

Артуу — бел, ашуу.

Асый — жылкы, уй, төө сыяктуу малдардын жашына карата аталышы.
Ашпоз — тамак даярдап, бышырып берүүчү адам.

Баран — эпосто колдонулуучу мылтыктын түрү.

Баяндос — ээрге салынуучу көрпөчө.

Белдемчи — жара тилинип жасалгаӊ аялдардын белине кийүүчү кийими
Бештин айы — декабрь айынын кыргызча аталышы.

Добулбас — алкактын бир жак бетине төөнүн териси тартылган казан мисалдуу мергенчиликте же жоого киргенде колдонулуучу анча чоӊ эмес барабан.
Жаадыга — жүн кыркуучу кайчынын түрү, жуушан,

Жаан — аалам.

Жалган куран _ март айынын кыргызча аталышы.

Жамбы атуу _ бийик шыргыйдын башына байланган жамбыны атып түшүрүү оюнунун аталышы.

Жарамат (кылуу) — көшөкөрлөнүү, жагынуу, кошоматчылык.

Жатак — жайдыр-кыштыр жашоо үчүн туруктуу орун алган жай, жер

Желе — саалуучу бээлердин кулундарын байлоочу эки казыкка кере тартылгаӊ аркан, көтөрмө. Жолгошуу - беттешүү, бет маӊдайынан чыгуу, жолугушуу.
Жубан - келин, анл.

Заӊка — запкы, үстөмдүк, кордук, зордук.

Зындан — жерге казылып жасалган киши салуучу караӊгы ор.
Инек — уй.

Ирик — биттелген үч жаштагы кой.

Ит агытуу — тайган менен мергенчилик кылуу.

Када — мамы, казык.

Кадигинче — каалашынча, ой-боюнча.

Кайнатма кара дары — эпос боюнча дарынын аталышы.

Калкан — кылыч, найза сыяктуу урма согуш куралынан калкалануучу курал.
Камка — кездеменин түрү.

Камдагай — кандагай; тоо текенин терисинен иштетилип тигилген шым.
Кандырга — тоо боорунан өтүүчү кыя жол.

Капташуу — алдынан чыгуу, беттешүү.

Капчал — бийик зоокалуу тар капчыгай,

Келенгир чачпак — ар кандай кооздуктар тагылып чачка өрүлгөн чач уштук.
Кербен — соода жүргүзүү үчүн жүк артылган төөлөрдүн тизмеги, тобу.
Керге келүү — каршылык кылуу, каяша берүү.

Керме салуу — ат байлоо үчүн эки боз үйдүң ортосуна тартылган аркаң.
Кеште — отуруп ойнолуучу огондун аталышы.

Кийик — жапайы ача туяктуу жаныбар.

Колбутуу — козгоо, үркүтүү, кубалоо.

Комбоосуу — кыр көрсөтүү.

Котчу — кошчу; баатырларды жаңдап жүргөн жигит, атчы.

Көлдөлөң, — күрпөндүн же эчкинин терисинен жасалган жерге салуучу төшөк.

Көнөк — териден жасалган чоргосу бар суюктук куюуга арналган идиш.

Кумалак — оюндун түрү.

Кундак — мылтыкты атууга ылайыкталып жасалган жыгач бөлүгү.
Курдайт — оюн куруу, тамаша кылуу.

Кур чалуу — дос болуудагы бири-бирине сыйлык берүү расмиси.

Кутпа — түндүк жак.

Күлгүн — кооз, көркөм, ачык буюмга карата айтылган мааниде.

Кызыр дааруу — адамга жакшылык, бакыт, ийгилик алып келүү.

Кылым — аалам, бүт дүйнө, жер жүзү.

Манат — баалуу кездеменин түрү.

Мата — кездеменин түрү.

Нооту — кездеменин түрү.

Олоң чач — аялдардын жоон, узун, калың чачы.

Олпок — жоо сырт кийиминин түрү.

Ооз оту — салык, алым, алмап.

Ордо — эки тарапка бөлүнүп, айланта сызык чийип ойнолуучу чүкө оюну.
Ороолук — оройлук, жамандык.

Осмо — аял, кыздар каштарын босчу боёк.

Өөк — аттын боору, төшү.

Сап — өңчөЙ, бүтүндөй деген мааниде.

Сарапайы — туурасы — сарпай;  кадырлуу адамдарга берилүүчү сый кийим, Кымкап же баалуу
кездемеден тигилген чепкен.

Сарсанга — бушайман, коркуңуч, түйшүк, оор кайгы.

Сары барпы — дарынын түрү.

Селибик — бир нерсени үстүнө кошумча берүү, кошумчалоо.

Соогат — согуштан же мергенчиликтен тапкан пайдадан бөлүштүрүп берүү.
Соолук — беш жаштагы коЙ.

Соот — жоокерлер кийүүчү болот шакекчелерден бириктирилип согуп жасалган жеңи жок согуш кийими.

Сөйкө (колбоор) — акыректен ылдый  түшүрүлүп коождолуп жасалган кыз-келнндер тагынуучу иймектин түрү.

Суптар — ак жибектен же төөнүн жүнүнөн жасалып тигилген согушка кийүүчү сырт кийим.

Тел болуу — 1. Айран-так болуу. 2. Бар болуу, телегейи текши болуу.
Тилдешүү — сүйлөшүү, кабардар болуу, макулдашуу.

Торко — жука жибек кездеме.

Төрт түлүк — колдо кармалуучу үй жаныбарларынын (төө, жылкы, уй, кой-эчки) аталышы.
Тубар — 1. Мал, мүлк. 2. Жибек кездеменин түрү.

Тул — өлгөн адамдын колдон жасалган сөлөкөтү.

Туу калуу — кысыр калуу, туубаган.

Тумар — ар түрдүү кырсыктардан сактоо үчүн курандардын аяттары жазылып, кездемеге же булгаарыга салынып, үч бүктөлүп тигилген моюнга тагылуучу нерсе.

Туулга — жоокерлер кийүүчү баш кийим.

Түпөй — 1. Жылкынын топ кыты. 2. Найзанын учуна учтуу болот темир аштачган жерине тагылган топ кыл.

Упурак — бөлүп-жаруу, чачыратуу, таркатуу.

Уу чачуу — ал улоо, аңчылык кылуу деген мааниде

Үлүш берүү - деңгене, жоро, той, шерине берүү деген мааниде.

Чакмак - топ таш; оюндун бир түрү.

Чалма — кургап калган кесек, топурак.

Чарайна — калың булгаары же металлдан жасалган согуш кийими, соот.
Чарбак — отурукташкан айыл, жай.

Чатыраш — шахмат оюну.

Чач теңге — чолпу; аялдар чачына тагуучу күмүштөн . согулган жасалга.

Чий чырмоо - ар түскө боёлгон жүндөр же жибектер менен чийге чырмалып салынган кооздук.

Чыгым — элден чогултулган (мал, буюм ж. б.) бирөөгө берилүүчү каражат

Шөкүлөө — төбөсү шиш формасында кыздар, келиндер кийүү үчүн кооздолуп жасалган баш кийим.

Элебей — байкабан, бейкапар, байкоосуз.

Элечек — аялдардын ак материалдан тебетей мисалдуу оролуп жасалган баш кийими.
Элчи — эки баатырдын ортосунда жүрүүчү калыс киши.

Энсе — күч-кубат, кайрат маанисинде.

Эргүүл — жаак сөөктөрүнүн кошулган жери.

Эркеч — биттелген, үч жаштан жогорку эчкинин эркеги (үч жашка чейинкисин серке дейт).

**(ШАПАК РЫСМЕНДЕЕВДИН ВАРИАНТЫ)**

«Мендирман» — кыргыздын эпикалык дүйнөсүндө ээлеген орду бар. «Саринжи, Бөкөй» сыяктуу эле кыргыз урууларынын ички жана сырткы мамилелерин камтыган социалдык-турмуштук мазмундагы эпикалык поэма болуп эсептелет. Чыгарма эпикалык салтка ылайык башкы баатырдын ысымы менен аталып, кара сөз, ыр аралаш айтылат. Азыркыга чейин чоң манасчы Шапак Рысмендеевден 1939-жылы Эсенбаев Келдибек тарабынан жазылып алынган көлөмдүү вариант (инв. № 67), 1941-жылы фольклор жыйноочу Абдырахманов Ыбырайым Кайду деген карыядан жазып алган чакан материал (инв. № 99), белгилүү. Ушул эпоско таандык элдик сюжеттин негизинде жазуучу К. Жантешев тарабынан жазылып жарык көргөн автордук вариант да бар. Ыбырайым Абдырахмановдун эскертүүсүнө караганда «Мендирман» Боккөтөн деген комузчунун күүсүнө салынып аткарылган1.

Ш. Рысмендеевдин варианты баштап-аяк бир кол менен латын графикасында, өтө майда жазылган. (Нуска өтө эскирип, саргарып бүткөн. «1939-жылы жазылды» деп, 1-бетке кызыл сыя менен жазылган, 85 бет материал, 8-бети айрылып калган. 61-—62-беттердин ортосунда «Бул окуя казак-кыргыз калмак менен урушкан учурда болгон. Ошол учурда казактарды Казанга кууп жиберет (11—/2 век)» деген маалымат бар). Кайду карыядан алынган материалга караганда Ш. Рысмендеевдин варианты көлөмдүү келип, окуяларынын ырааттуулугу, көркөмдүгү боюнча өзгөчөлүгү менен көңүлдү буруп, негизги толук вариант катары сөз болууга татыйт.

Бирок эскертип коё турган бир нерсе — Кайду карыядан жазылып алынган материал канчалык кыска болсо да чыгармага таандык тааныш. сюжеттин нугу сакталып турат. Буга кошумча — катышкан каармандардын образдарынын, ысымдарынын бирдейлиги менен колдогу варианттардын баардыгынын баштапкы данеги бир жер ден өсүп чыккандыгын түкшөмөлдөтөт.

Эпостун негизги мазмуну — көрө албастыкка, адилетсиздикке, баскынчылыкка таамайланган күрөш болгондуктан, анын, башында адаттагыдай эле элдин кызыкчылыгы үчүн өмүрүн сайган эр жүрөк Мендирмандай чыныгы азамат турушу керек. Эпосто эки пландагы, башкача айтканда, сырткы жана ички кагылыштар көрсөтүлсө да каармандардын социалдык теңсиздикке карата курч мамилесин граждандык укук үчүн күрөшү ачыгыраак сүрөттөлөт. Калмактардын баскынчылыгына каршы кармаштар орун алганы менен кыргыздардын өз ич ара ынтымагы кеткен учурдагы туугандар арасындагы татаалдашкан адам мамилелеринин чагылышы коркунучтуурак. Мына ушул жооптуу миссия «Мендирман», «Саринжи, Бөкөй» сыяктуу кенже эposторго жүктөлгөн. Ошон үчүн экөөңдөгү башкы каармандардын жеке тагдырлары, күрөштөрүнүн мүнөздөрү жактан көп окшоштуктар байкалат.

Кыргыздын кенже эпосторундагы традиция боюнча баатыр бир атадан жалгыз болуп, аталаш туугандары
ага каршы биригишет да, арасында бирөө гана каарманга оңураак мамиледе болот. Мендирман да Адик кандын бир аялынан төрөлгөн жалгызы болуп, анын каршысында турган сегиз бир туугандын эң улуусу Асыл деген агасы ага жан тартат. Ал Мендирмандын сулуу аялы Каныштын да түпкүлүгү жайсыз адам экендигин сезип, инисине эскертет. Бирок өз күчүнө ишенген Мендирман;

Ашыгып атсам уттурбайм,
Аманат жандын барында
Айканышты туттурбайм.
Топ ойносом уттурбайм,
Тоголок башым аманда
Толгон айым туттурбайм,—

деген позицияны карманат.

Бизге белгилүү, кыргыздардын «Манас» баштаган баатырдык эпосторунда негизги эпикалык конфликттер-
дин бирин туугандардын арасындагы карама-каршы Акы түзүп, патриархалдык-феодалдык мамилелердин белгилүү бир өнүккөн учуруна мүнөздүү болгон тарыхый чындыкты чагылдырат. Демек, кенже эпостордо да кеңири орун алган туугандар арасындагы арызданuулардын картиналары кыргыз урууларындагы социалдык — турмуштук проблемалардын кыйлага чейин татаалдашып келгенинен туюндурат. Мендирман өзүнүн ынтымагы кеткен сегиз бир тууганынын кесепетинен эли-жерин таштап, башка урууга Адыл кандын колуна келип күн көрүүгө мажбур болот. Эмгеги менен элге жагып, акыры Адыл кандын ишенчиликтүү адамына айланат.

Келиндер тайлак байлады,
Кемпир куйрук чайнады.
Адыл канды карасаң —
Көңүлү өсүп жайнады.

Өзөн-суусу май болду,
Өтө кедей бай болду.
Жабагысы тай болду,
Жалпы журту бай болду —

деген саптар аркылуу Мендирмандын Адыл кандын элине жасаган ак ниет иштери белгиленет. Ал эми Мендирмандан ажырап, сегиз агайындын колунда калган элинин көргөн күнү буга төмөнкүчө контраста берилет:

Аскадан учуп мал өлүп,
Ачкасынан бала өлүп,
Арыгынан чал өлүп,
Кылайган эгин көрбөдү
Дан табалбай сандалып...

(67-6.)

*Адыл кан Мендирманга ишенип тактысын берип, кызына үйлөнтүп, элинин милдетин биротоло тагат. Ошентип, ал жаштыктын далай мезгилин бирөөнүн эли-жеринде өткөрүп, акыры өзүнүн керт башы үчүн каалаганындай турмушка жетсе да ал аздык кылат. Мендирман өмүр бою эл камын ойлогон элдик баатыр болгондон кийин өзүнүн эли-жерине кайрылып, ага кызмат көрсөтүшү зарыл. Он эки жыл бою сыртта жүрсө да өз элинин кабарына ар дайым кулагын түрөт. Ичтен жети бир туугандын, сырттан калмактардын баскынчылык чабуулдарынан корголоп, тоо-таш жамынып жакырчылыкта күн өткөрүп жаткан бир ууч кыргыз уруусунун абалы анын оюнан чыкпайт. Ошондуктан, Адыл кандан кетүүгө уруктайт сурап, бир кезде качып-бозуп жалгыздап чыккан Мендирман эми чыныгы эпикалык баатырдын сыны менен миңдеген кол алып өз элине карай жүрөт. Толупболуп, өз элине Мендирмандын келиши менен көптөн бери зарлап күткөн элдик мүдөө акталат, Кезсгинде ага жан тартып, амал менен өлүмдөн сактап, качырып жиберген аталаш агасы Асыл да Мендирманды ар качан күткөн, бир пикирдеш, ак ниет тууганы катары көрүнөт. Ички бытырандылыктын күчтүүлүгүнөн башынан талапташ тууган адамдар болушса да эки башка жерди жердеп, эки башка уруунун тузун татууга аргасыз болушат. Акыры Мендирмандын келиши менен уруу ичиндеги ынтымак күчөп, биригүү пресси башталгандыгы кыргыздардын сырткы душманы калмактарды жеңгенинен эле эмес, жети агайын баш болгон ички душмандардын бетинин ачылышынан көрүнөт.*

*Бизге белгилүү, элдик каарман качан болбосун сүймөнчүлүккө ээ. Ошондуктан анын эрдигин, баатырдыгын өзгөчө сүрөттөш — табигый көрүнүш. Бирок элдик поэмалардагы баатырдын иш-аракети канчалык апыртылбасын өзүнүн турмуштук негизин көбүрөөк сактаса гана эстетикалык мааниси жогорулайт. Мендирмандын көп жылдык ак эмгегин, күрөшүнүн үзүрү:*

*Минтип такка минди эми,*
*Бир далай элди билди эми.*
*Такка минип чалкалап,*
*Атышкан жоону талкалап —*

*деген саптар аркылуу жөнөкөй, турмуштагыдай, логикалуу көрсөтүлөт. Ошентип, бир кезде эл башкармак турсун өз башынын айласын таппай, туугандарынан качып кутулган Мендирман чыныгы баатыр адам катары өсүп отуруп, нукура элдшс чыгарманын башкы каарманына айланган. Анын жүрүм-туруму, кулк-мүнөзү, шартка жараша иштеген иши бир топ реалдуу.*

*Адатта кыргыз эпосторунда Каныкей, Айчүрөк, Зулайка, Айганыштай акылман, сарамжалдуу, керек болсо*
*колуна курал кармаган жоокер аялдар даңазаланат. Ошону менен бирге эле акылы тайкы, жеңил мүнөз, күнүмдүк кара башынын кызыкчылыгынан алысты көрө билбеген Акылай, Чачыкей, Шырдакбектин аялы Сулуубек сыяктууларга кыргыз эле эмес, башка элдердин эпосторунда да орун берилет. Тигилерге караганда кийинкилердин тибиндеги аялдар күйөөлөрүнө жардам бербестен, кайра аны көп кырсыктарга дуушарлантат. Эпизоддук кырдаалда берилсе да Мендирмандын аялы*
*жөнүндө да ушундай эле пикирди айтууга туура келет. Анткени, чыгарманын башынан эле анын образынын терс жактары көбүрөөк ачылып:*

*Жакшынакай Канышай*
*Түлкүдөй болуп кылтылдап,*
*Түгөнгүрүң жылтылдап,*
*Турган экен мелтиреп — деп,*

*көздүн жоосун алган өңдүү-түстүү, амалкөй аял катары көрүнөт. Мендирмандын аркасы менен Адыл кандын жеринде да:*

*Атка минип чалкалап —*

*кадыр-баркы көтөрүлүп турган чагында бузуку кемпирдин тилине кирип, Адыл канга жакындашуу максатында Мендирманды качкын деп, каралайт, Бирок эмгекчил, жүрөгү таза, иштеген иши ак Мендирманды эл сактайт, эл колдойт. Натыйжада, Каныштын туруксуздугунун бети ачылып, өлүм жазасын*

*алат. Дээрлик бардык вариантта Каныштын образы ушул типте өөрчүлүп, акыры ачуу трагедия менен аяктап, Мендирмандын жеңиши салтанат курат.*

*Сөзүбүздүн башында айтылгандай, «Мендирман» эпосунун күрөшү эки тараптуу болгондуктан, душман-
дары да эки түрдүү. Биринчиси — өздөн чыккан жат — аталаш туугандары менен өмүрлүк деп алган аялы
болсо, экинчиси — Куйдалы, Калдама, Коңтажы, Чейрең деген ысымдагы калмак башчылары, тарыхый реалдуу душман өкүлдөрү. Кыргыз урууларын басмырлап төмөнсүнтүп, көптүгүнө мактанып келген калмактар:*

*Сандаган колду алалы,*
*Сары-Өзөн, Чүйгө баралы.*
*Керме-Тоону этектеп,*
*Келин-кызын жетектеп,*
*Аралай көчүп баралы.*
*Алыбыз келсе мурутка*
*Акыр заман салалы —*

*деп, баскынчылык саясат менен кыргыздарга элчи жиберет. «Элчиге өлүм жок» деген элдик наркты бузуп
кыргыздын Табылды баатыры элчилердин*

*Куйкасын тилип, туз салып*

*Таманын тилип от салып —*

*жазалагандыгы үчүн өчөгүшкөн калмактар ого бетер катуулашат. Бирок Мендирмандай кыргыз баатырлары
душмандын, мизин кайтарып, жеңишке жетишет. Өз уруусунун эркиндигин жана көз каранды эместигин тышкы душмандардан бекем сактаган баатырдын образы эпизоддук формада берилсе да угул окуя аркылуу аягына чыгат. Адат катары социалдык-турмуштук эпостордо жөнөкөй күңүмдүк тиричиликке караганда согуш иши аз көрсөтүлөт да баяндоо, диалог, монолог өңдүү көркөм ыктар жыш колдонулат. Ошондой эле түрдүү уйкаштыктардын да орун алышы менен кенже эпостордун тексттери жеңил, лирикалуу келип, комуздун коштоосунда аткарууга ыңгайлуу келет. Бул анын кызыктуулугун арттырып, идеялык-көркөмдүк даражасын бийиктетет.*

*«Мендирмандын» ушул варианты манасчы Ш. Рысмендеевге таандык болгондуктан эпостордун («Манас»,
«Мендирман») каармандарын туугандык жактан байланыштыруу аракети да жүргөн сыяктанат. Мисалы «Мендирманда» мындай саптар кезигет:*

*Манаска жакын киши экен,*
*Кудайдын кылган иши экен.*
*Ногой, Шыгай дээр экен,*
*Тукумдары эр экен.  ж. б.*

*Мындан тышкары «Манас эпосунда кезигүүчү салттуу айтылып жүргөн саптар да бар:*

*Араптын тилин жат алды,*
*Ак эшенден бата алды...*
*Карып менен мискинге*
*Казына оозун ачтырып,*
*Дүнүйөсүн чачтырып... ж. б.*

*Кыскасы «Мендирман» да элдик традицияны бекем туткан, элдин тарыхый  жашоосунун,  үмүт-тилегинин көркөм бир чындыгы катары кананы таланттардын таразасында такталып калган.*

*АИНЕК ЖАВНАКОВА,*
*филология илимдеринин кандидаты*

**МЕНДИРМАН1**

Адик кан деген кан чыккан,
Айбатынан жан чыккан.
Тогуз уулу бар экен,
Тогузу бирдей эр экен,
Эң кичүүсү[2] Күлтебер
Күрөшкөндө ким жеңер.
Улуусун Асыл дээр экен,
Акылга дыйкан эр экен.
Бир катындан жалгызы
Мендирман деген бар экен,
Өзү жалгыз бала экен,
Бир энеден жалкы экен.
Ата-энеси өлүптүр,
Энеден жалгыз калыптыр.
Атасынын тушунда
Бир сулуу кыз алынтыр.
Тогуз ага кеңешип,
Бир шумдукка келишип,
Мендирмандай[3] баатырды
Өлтүрмөкчү болушуп,
Асыл деген агасы,

Баарысынын[4] бабасы —
Ушул ишти билиптир,
Амалын ойлоп таaптыр.

Бир күнү Асыл той кылып,
Как ошондой ой кылып,
Адик кандын айылын,
Баарын билет дайыным,
Баарын бүгүн чогултуп,
Мал семизин сойдуруп,
Баарын минтип тойгузуп,
Арак менен бозону
Кошуп ичип ошону,
Акындар түрдүү ырдады,
Аябай жатып жыргады.
Үйдүн ичин сеп кылды,
Үзүрдү мындай ким кылды,
Түнүн жарык туш кылды,
Унуткусуз иш кылды.
Эл чогулуп, мал жыйды,
Эсеби жок кол жыйды.
Көзүнүн жашы кылгырып,
Асыл деген агасы
Айтып турат жылдырып,
Эл чогулуп быкылдап,
Жайнап кирди кыжылдап,
Асыл кандын сарайга
Батпай турат быкылдап.
Күлтеберди карасаң
Ашкананын жанында
Араң турат шыкаалап,
Мендирмандын[5] катыны
Кирип-чыгып кылтылдап,
Алдыдан сөзү өтүшкөн,
Адамын билбей катышкан,
Көз менен сырды атышкан,
Жаткан жери ак мыя,
Жалтылдаган шуркуя.
Көргөндө көөнү бузулган,
Мендирманды[6] кыйбаган.
Адик кандын арбагы
Асыл уул сыйлаган,
Жалгызын эстеп ыйлаган.

Мендирманды[7] карасаң —
Эки көзү кылгырып,

Берген ашын ичалбай,
Арт жагына жылдырын
Күлтеберди карасаң—
Бозону бийлеп күпүлдөп,
Ачууланып дүпүлдөп,
Айтып турат күрсүлдөп,
Аны көрүп Асылдын
Эт жүрөгү дүрсүлдөп,
Ичкени арак аш болуп,
Асыл элге баш болуп,
Асыл бийлеп куйдуруп,
Ачкасына сундуруп,
Ары-бери караса
Калкынын баары мас болуп,
Акылдары аз болуп,
Баары үшүтүп калыптыр,
Комузду көлгө алыптыр.
Каңгыр-кунгур чалыптыр,
Мендирманды карата
Казал* айтып калыптыр.
Айланайын жалгызым,
Асыл деген байкушуң
Айтып турат кулак сал!
Айтканымды угуп ал!
Акылың болсо андагын,
Эсиң болсо тыңдагын.
Эмилден таяк кыяйын,
Атын Каныш коёюн,
Коё бергин Канышты,
Канышың жаман киши экен,
Кудайдын кылган иши экен.
Кайыңдан таяк кыяйын,
Калкыман сулуу жыяйын,
Эгер сүйсөң ал кызды,
Атын Каныш коёюн,
Коё бергин Канышты!
Тогуз бөрү бир койду
Таласа тарпын коёбу?
Жалгызым, сага тоёбу?
Ичип антка тойбоду,
Илешип сени койбоду.

Ичим күйүп, жалгызым,
Ушу бүгүн ойлодум.
Көп ичинде какылдап,
Айтып турам уялбай,

Бир жалгыз сени кыя албай.

Ушул кенти укканда

Эки көзү ачылды,

Мас болгону басылды.

Айтып турган Асылдын,

Ыргып туруп Мендирмаи

Комузуна асылды.

Айланайын, аба деп,

Разымын, эми сага деп,

Мен салайын дөбушту,

Бул өндөнгөн доңузду.

Мен жаралуу каманмын,

Чалып өтүп кетейин,

Асыл, сени нетейин?

Домбуранды аяйын,

Каңгыр-куңгур чалайын,

Ичимди ачып алайын.

Ашыгып атсам уттурбайм[8],

Аманат жандын барында

Айканышты туттурбайм[9].

Топ ойносом уттурбайм,

Тоголок башым аманда

Толгон айым туттурбайм.

Тоону тоолой учкан турамын,
Тоютум канбай конбоймун.
Тогузуң бирге, мен жалгыз,
Тоотсом бүгүн оңбоймун!
Ошону айтып турду эми,
Күлтеберге берди эми.
Комузду колго алды эми
Өкүмсүнүп Күлтебер
Өөдө-төмөн чалды эми.
Келгиле, журтум, келгиле,
Жалгызды кармап бергиле.
Көшөгөнү[10] тартайын,
Көрүнөө[11] алып жатайын,
Күчү барбы ушунун
Кез көрүнөө соейун! —
Күлтеберин, күрсүлдөп,
Бүгүн кордук көрдүң — деп,

Бир тууганым кайда? — деп,
Эки колун байла — деп,
Эмчектешим кайда? — деп,
Көптүгүнө мактанып,
Күрсүлдөдү Күлтебер.
Ал аңгыча Асылы
Мендирманга асылды,
Жүргүн, жалгыз, тургун — деп,
Көп айтышты койгун деп,
Мендирманды көтөрүп[12],
Эшикти көздөй сүйрөдү,
Жамандардын баарысы
Башаламан сүйлөдү.
Асыл үйдөн чыгарып,
Атын тарта берди эми.
Сен өңдөнгөн менде[13] жок,
Сендей шордуу элде жок.
Адик кандай атандын
Арбагына сыйынгын.
Аманат жандын кыйынын,
Азыр турбай жөнөгүн,
Аманат жандын азабын

Асыл эми, билди эми.
Аман-эсен Мендирман
Өз атына минди эми,
Аман жолго кирди эни.
Кылчайып артын караса
Жакшынакай Канышай
Жалтылдады карады,
Мендирман качып барады.
Бара жатып карады,
Айканышты көргөндө
Кайра тартып турду эми,
Баягы турган үйүнө
Демитип кирип келди эми.
Тогузуң бирге, мен жалгыз
Токтоналбай мен келдим,
Мыкты болсоң бери чык[14],
Өнөрүңдү көрөмүн.
Бириңди бүгүн өлтүрүп,
Анан кийин жөнөйүн!

Уттурбайын — катчыга мүнөздүү ката.
Жамандар сага жеңдирбейм[15].
Айканышты алдырбайм[16],
Ашты сага калтырбайм[17].
Мыкты болсоң мындай чык,
Айтканымды азыр ук!
Албарсын колго алды эми,
Боеогонун бир жагын
Тозуп карап турду эми.
Атаңдын көрү, жамандар,
Атышсаң да алдырбайм,
Айканышты алдырбайм.
Кудай алган жамандар,
Жерге кирген жамандар,
Мыкты болсоң тырышкын,
Мындан чыгып урушкун.
Балбан болсоң жүрүшкүн,
Майданга чыгып күрөшкүн.
Сенден калсам оңбосмун,
Мындан кийин жамандар,
Кошулуп айыл конбосмун!
Жана мындай караса,
Жакшынакай Канышай
Түлкүдөй болуп кылтылдап,

Түгөнгүрүң жылтылдан,
Турган экен мелтиреп,
Көрүп ичи күйдү эми,
Таштабайын мен муну!..
Мендирман белден алды эми,
Эңе качып калды эми.
Аламын деген Күлтебер
Аңырып карап калды эми.
Асылдан артык тууган жок,
Артынан киши кууган жок.
Ачык күнү тутулуп,
Ала качып кутулуп,
Ай талаага барды эми,
Арманын айтып ыйлады,
Айканышты кыйнады[18].
Жаңылыпмын бир жолу
Кечип койчу, жан досум[19].

Кызыл алма шакта бар,
Кызды шайтан азгырмак
Байыркидан наркта бар.
Кара түлкү шакта бар,
Катын шайтан азгырмак
Калык ичинде наркта бар,
Сундум моюн кулак сал,
Султан болсоң угуп ал.
Арыстан элең аңдагы,
Айтканымды тындагын.
Туйгун болсок тура тур,
Айтканымды уга тур,
Буудан[20] болсоң, кулак сал.
Арманымды угуп ал,
Көңүлүңө түйүп ал.
Жаш жанымды кыйбагын,
Жайымды айтып ыйладым.
Мындан ары карата
Жалгызым, сени сыйлайын.
Кырчын элем, кыйбагын,
Кыямат кайын болгуча
Кызматынан тынбайын!
Ошентип мойнун кучактап,
Коркуп турду жалтактап,
Көк көйнөгүн[21] силкинтип,
Көзүнүн жашын илгиртип,

Эт бышымга[22] эс албай[23],
Ыйлап турду буркурап[24],
Жакшынакай Канышай,
Жайын айтып ыйлады,
Ачуусу келген Мендирман
Өлтүрүүгө кыйбады.
Бычагын алган суурup,
Заманасын куурup,
Мындан кийин тек жүргүн,
Мындай кылбай шүк жүргүн!
Эр эшиги тоң темир,

Эритмекке эп керек,

Айтып, айтпай не керек?

Сенин кылган шумдугуң,

Кылымдан чыккан кар бөлдүң.

Кылчайып элди көрө албай,

Кыйналып жүрүп көр болдуң.

Эми алдыбыздан бууган жок,

Артыбыздан кууган жок,

Бизге Асыл өңдүү тууган жок.

Бу дүйнөдө көрбөйбүз,

Кайтып элге келбейбиз.

Тыйып жүргүн өзүңдү,

Оңдоп жүргүн жолуңду.

Мындан ары коюп жүр,

Ойдолобой сылык жүр.

Ичигин чечип бөктөрүп,

Бу кылыгын өткөрүп,

Учкачтырып жөнөдү.

Күн батышты бет алып,

Күндөп-түндөп жөнөдү,

Өөдө-ылдыйда жөө жүрдү.

Тууганы менен кас болуп,

Элинен чыгып жоголду.

Бир шаарга кез болуп,

Өңү сары жез болуп,

Эл четине жетти эми,

Бир адамдан кеп сурап,

Жолоочумун деп айтып,

Жообун айтып салышып,

Ошол адам кеп айтат:

Адыл кандын эли — деп,

Ар жагы Чамбыл-Белдин бели деп,

Өзү түрктүн эли деп,

Элинде көптүр эри деп,

Адыл деген кан эле,

Жалгыз кызы бар эле,

Эркек бала жок эле.

Адилет жакшы кан эле,

Кырк[25] катыны бар эле.

Өзү карыган жан эле,

Ар душманы көп эле.

Муну угуп сүйүнүп,

Бир кудайга сыйынып,

Ушуга бала бололу.
Башты сала кирели,
Тынбай кызмат кылалы.
Катыны менен кенешип,
Ошонетип жөнөлдү,
Аялдабай жетти эми.
Кан сөөлөгүн таштады,
Карыпчылык баштады.
Зайыбын[26] тышка калтырды,
Атын кармап олтурду.
Ал Мендирман барды эми,
Салам берди Мендирман,
Алик алды тургандар.
Адыл кан көзүн салды эми,
Жайын сурай калды эми.
Жолоочумун, баатыр[27] деп,
Атым арып, азганмын,
Алыс жолду басканмын.
Атым чоро боломун,
Алда кайдан келемин.
Адыл кан туруп кеп айтат,
Эми кайда барасың,
Кимге барып турасың,
Жообуңду сурадым.
Жолоочу болсоң, жол мына,
Бадачы болсоң,, мал мына,
Базарчы болсоң эл мына,
Туручу болсоң жер мына,
Туура жооп бер, бала!
Өңүң жакшы көрүнөт,
Өз атаң ысмы[28] ким болот?
Теги-жайың кайсы жер?
Теги-жайың айтып бер.
Теги-жайым сурасаң,
Ногой уруу элинен,
Адашып чыккан эр элем,
Бир жолдошум бар эле,
Өзү аял жан эле.
Баласы жок жан болсо,
Башты сала кирмекке,

Бала болуп жүрмөккө,
Ошонетип эл таппай,

Бир жакшырак жер таппай,
Күн чыгыштан келемин,
Көңүлүм тынган эр болсо,
Сырымды айтып беремин.
Ата-эне менде жок,
Бир туушкан менде жок,
Карагай башын бууганмын,
Кайрылчу жок тууганым,
Долоно башын бууганмын,
Толгонор жок тууганым.
Жээрдени минип желгенмин,
Жер түбүнөн келгенмин,
Ушуну айтып муңайып,
Алдында турду буралып.
Андай болсо, жолоочу,
Чоро болгун өзүмө.
Ырысыңа жараша[29]
Жоро болгун өзүмө.
Жооп берчи, сен балам,
Ушул айткан сөзүмө.
Адыл атаң эп деди,
Ушул жакшы кеп деди.
Адыл кандын астынан
Башка жакка кетпеди[30].
Адылга ошондо кеп айтып,
Чоро болом деп айтып,
Колдон келген кызматты,
Өлгөнчө иштейм — деп айтып.
Мейманкана[31] беш үй бар,
Сүйгөнүңө кирип ал.
Айбан үчүн алты үй бар,
Атыӊ байлап, жатып ал.
Жакшы болсоң, уулумсуң,
Жаман болсоң кулусуң.
Ошону айтып Адыл кан
Жайын берип чыгарып,
Абдан сыйлап жиберип,
Түбөлүк[32] сенин жайын. дел,
Жыргагыла экөөң деп,
Сүйүнтүптүр экөөң тең,

Ошо бойдон барды эми,
Аты менен Канышты
Алып жетип келди эми.
Ошол айткан жайларга,
Алып келди үйлөргө.
Сарамжалын билгизип,
Сарайларга киргизип,
Сырдуу үйгө тургузуп,
Сыйлаганын билгизип,
Алтын үйгө кирди эми,
Ар сөөлөтүн көрдү эми.
Беш-алты күн Мендирман
Белин чечпей жүрдү эми.
Андан[33] эч талбай,
Аянбай кызмат кылды эми.
Канышайын кадырлап,
Канча кызмат кылды эми.
Эртең менен болгондо,
Орок, жиби колунда,
Отун мунун койнунда.
Колоолуу кумган колго алып,
Колу-бутун жуудуруп,
Бедерлүү кумган колго алып,
Бети-колун жуудуруп,
Белендетип турду эми.
Самоорду койдуруп,
Даярлатып күттү эми.
Чогулуша келгенде
Чечен чоро болду (эми)[34].
Ар душманды алыстан
Көргөн чоро болду эми.
Түн ичинде болгондо
Жер кыдыруучу бул чоро,
Отун алып, от жагып,
Кызмат кылган бул. чоро.
Күлүк атын жаратын,
Минген чоро болду эми,
Келе жаткан душманды
Билген чоро болду эми.
Баскан сайын жөнөдү
Малы жакшы төлдөдү.

Барган сайын оңолуп,
Басташканын койбоду.

Ушул чоро келгени —
Келиндер тайлак байлады
Кемпир куйрук чайнады.
Адыл канды карасаң,
Көңүлү өсүп жайнады.
Өзөн-суусу май болду,
Өтө кедей бай болду,
Жабагысы тай болду,
Жалпы журту бай болду.
Томогосун кайытты,
Томаягын байытты.
Күндөн кунгө[35] бул чоро
Күчаладай ташыды.
Адыл кандын ошондо
Ар душманы жалтанды.
Ак сакалдын баарынан
Ошол чоро бата алды.
Жер кайруучу келгенде
Жеке чыкты бул чоро.
Эл чогулуп топ болсо,
Чечен болду бул чоро.
Курмат кылды шыпылдап,
Өзү жүрөт зыпылдап,
Түн ичинде уктабай,
Зикир чалды зиркилдеп[36].
Түн ичинде уктабай,
Чалып жүрдү бул чоро.
Алда кандай болом деп,
Ойлоп жүрдү бул чоро.
Эки кайыш, бир тизгин
Илип жүрдү бул чоро.
Ошол элдин баарысын3.
Билип жүрдү бул чоро.
Адыл кандын күлүгүн
Минип жүрдү бул чоро.
Адыл кандын акылын
Билип жүрдү бул чоро.
Добул келсе тийгизбес,
Караңгы токой болду го.
Доочу келсе мал бербес,

Кайраттуу баатыр болду го.
Карагай найза ыргады,
Адыл канды карасаң

Душмандан санаа басылып,
Как ушинтип жыргады.
Күндөн[37] күнгө күчөгөн
Күчтүү болду ошондо.
Элинин баарын бийлеген
Эптүү болду ошондо.
Барган сайын оңолду
Басташканын жоготту.
Өрүшү жайык миң болду,
Өз элине дүң болду.
Аксакалы, карысы,
Ошол элдин баарысы
Адыл болду ошондо.
Күндүз күлкү көрбөдү,
Түндө уйку албады.
Адыл канды карасаң,
Эч калбады арманы.
Бет алганын жалмады.
Ит аягын мис кылды,
Туурдугун киш кылды,
Душмандарын мыш кылды,
Адыл канды карасаң
Түнүн жарык түш кылды.
Оруңдарын киши  кылды.
Ок атуучу душманы[38]
Орду менен жоголду.
Ошонетип Адыл кан
Барган сайын оңолду.
Адыл канга карата
Ок атар киши калбады.
Ок атуучу душманды
Орду менен жалмады.
Чоро ошондой болду эми,
Чоюлун элди билди эми.
Чоюнбашты колго алып,
Жоонун жолун бузду эми.
Айзаны колго алды эми,
Аймактын жайын билди эми.
Ошонетип бул чоро

Жыл маалына келди эми.
Айканышы кайкалап,
Атка минип чалкалап,
А да ушундай болду эми.

Ал аңгыча бул элден
Абжоор кемпир чыкты эми.
Үйдө жатып бу кемпир
Ушул ишти укту эми.
Ошо мастан жез кемпир
Айканышты көрдү эми.
Сулуусуна чыдабай,
Эси ооду бу кемпир.
Далайды кылган куу кемпир,
Талып жатып далайга,
Куулук кылмак Канышка
Бу желмогуз алдастап,
Алактады жан жакка.
Кемпир турду ойлонуп,
Ок жыландай толгонуп,
Сулуусуна мас болуп,
Ичинен ойлоп чок болуп,
Жорго эшекке минди эми,
Жорголотуп жүрдү эми,
Адыл кандаш астына
Жобурап сүйлөп барды эми.
Ой, Адылкан акетай!
Менин жайым билбейсиң,
Чорондун жайын ким дейсиң!
Чоронду мындай чоң кылган,
Барган сайын он, кылган,
Айдай сулуу жан экен,
Бир катыны бар экен,
Как ошону көрбөгөн
Сизде арман көп экен.
Ак перинин кызындай,
Адам болбойт ушундай.
Бейиштен чыгып келбесе,
Андай адам мында жок,
Көрүп күйүп, болдум чок.
Көрсөң көөнүн бөлүнөт,
Оозунан шекер төгүлөт.
Ошол жанды көрбөсөң
Заманаң акыр бөлүнөт.

Ал өңдөнгөн бенде[39] жок,
Жерге кирсин дүнүйө бок.
Кырк аялың бар эле,
Баарысы сулуу жан эле.

Бирөө да ага теңелбейт,
Алтын экен, не келбейт.
Алтын-күмүш элешет,
Кандай аял теңешет?
Ал өңдөнгөн асылдан,
Канткенде куру каласын?
Деди дагы куу кемпир,
Желип кетти куу кемпир.
Адыл кан муну ойлонуп,
Көрүүгө ылайык тааптыр.
Көрөйүн деп уялбай,
Чоросун жакшы кыял бай,
Уул болуп калды деп,
Ушул кемпир шумдук деп,
Ай жарымы болгончо,
Ойлоюнчу муну деп,
Өзү Кыяр куу кемпир
Катынды да алдады,
Адыл канды алдады.
Ой-боюна койбоду,
Өйдө[40]-ылдый толгоду.
Кыяр кемпир оңбоду,
Андай болсо бармакка,
Сарайына барды эми,
Сарамжалын көрдү эми.
Айканышты көргөндө
Айтканындай таң калды,
Акылы кетип сандалды.
Санаасы жаман бөлүндү,
Нур кызындай көрүндү.
Канды кудай урду эми,
Көңүлү айнып турду эми.
Өңү сулуу, кызылдуу
Көйкөлүп Каныш жүрдү эми.
Адыл кандын алдына
Ар бир түрдүү аш берди,
Таң калгандай иш кылды.

Тамак-ашын ичкенче
Сүрдөп каның тердеди,
Жанып кете жаздады.
Кемпир ондоп кеп айтып,
Эртели-кеч көп айтып,
Айканышты көндүрүп,

Ашык болду деп айтып,
Адыл канга дагы айтып,
Жакын кылып салды эми.
Бир-бирине бул ишти
Макул кылып алды эми.
Мастан кемпир оңбоду,
Адыл менен Канышты
Ысык кылып бу кемпир
Куулук менен сомдоду.
Аяк жагын ушундай
Кызык кылды бу кемпир.
Адаштырып баштарын,
Чалыштырдыбу кемпир.
Аяк жагын түгөнгүс
Ыр кылынтыр бу кемпир,
Оңой менен айрылгыс,
Чыр кылыптыр бу кемпир.
Канды кудай урду эми,
Аламын деп турду эми.
Кемпирге Адыл кеп айтат,
Керегиң эмне? — деп айтат
Каалаганың тандап ал,
Күсөгөнүң күндө ал
Сүйсөң четтен тандап ал,
Айканыш мага деп айтат.
Кемпирди кан балкытып,
Көңүлүн ачып жаркытып,
Кубандырып турду эми.
Кемпирди кудай урду эми,
Оюмда бар ар неме,
Айтам, Адыл, тим эле.
Ичимде муңум бар эле,
Айтып берем сага эле.
Көздүн жашын өзүң тый,
Он бештеги уулду

Так өзүмө нике кый.
Ошондо менде арман жок,
Как ошондо көңүлүм ток.
Кемпирдин көнүп жай кылды,
Адылдыктан бай кылды.
Канышайды алууга
Чындап каным камынды.
Эбин мунун табалбай,

Эптеп аны алалбай,
Эки жыл өтүп кетти эми,
Эптеп-септеп жеталбай,
Он чакты жыл болду эми.
Бул чоронун келгени,
Көргөн жерде Адыл кан
Муну ойлоп калды эми.
Эки-үч күнү баргын — деп,
Марал кийик аткын деп,
Эриккениң сен жазып,
Абыдан ойноп келгин деп,
Тилегин кудай берди эми.
Барат эми деп жүрдү
Кыска ойлоп Адыл кан
Болбогон ишке баш ийди.
Элиндеги карысын,
Узун кулак сарысын,
Уламанын баарысын
Жыйып алды Адыл кан.
Түрүн бузуп боёнуп,
Жаман кийим кийинип,
Элдин баарын чогултуп,
Акыл салды Адыл кан.
Бул чорону кантебиз
Катынын кантип алабыз?
Өлтүрүүгө кол барбайт,
Мындай жакшы жан болбойт.
Катыны асыл жан экен,
Дүйнөдө жалгыз өзү экен.
Бул чорону чоң кылган
Айканыштын иши экен.
Обозгер* жакшы, кан жакшы,
Катын жакшы, эр жакшы,

Акылын ойлоп, эл тапчы.
Сурады элден акылды.
Айла, акыл эл таппай,
Айласы кетип турду эми.
Акылман чечен кээ бирөө1.
Жерди чукуп калды эми.
Алтын менен күмүштү,
Таап жүрөт укмушту.
Уктабастан бул чоро
Аткарып жүрөт жумушту.

Бала болуп калды эле,
Кылган иши чоң эле.
Же болбосо өл түрүн,
Жок кылууга он. эле.
Жалгыз кызым Билерик
Билерикти жиберип,
Билгизбестен чорого
Сырын сурап билелик.
Деп, ошонтип кеңешип,
Сен айтчыга келишип,
Сөз табалбай көп эли
Жерди чукуп калышып.
Анда Адыл дейт экен,
Карыган бир чал бар экен,
Сексенге чыккан жан экен,
Буту-колу шал экен,
Акылга дыйкан чал экен.
Ошол акыл табат деп,
Ошону мында алам деп,
Акылдашып чал менен
Айтканына көнөм деп,
Акылга элим келели,
Ошону мында алалы.
Акылды ошого салалы,
Айтканына көнөлү.
Өлтүр десе өлтүрүп,
Билгизбей жерге көмдүрүп,
Койгун десе коелу.
Же болбосо ошондо
Кармап алып соёлу.
Ошонетип кеңешип,
Уялбастан бок жешип,
Өлтүрмөк болду чорону.

Кеп чогулуп кенешип,
Андай болсо ошону
Араба алып жүрөлү,
Өзү картаң кишини
Арабага салалы.
Көңүлүн абдан жайлагын,
Жайын жумшак камдагын.
Сөөгүнүн баарысын
Сары май менен майлагын.
Эмесе макул-куп дешип,

Извозшик* кошуп айдашып,
Айтканындай ошону
Үстү-башын май кылып,
Адыл кандын жанына
Алып келди тез гана.
А күнү конуп, таң атты,
Чоро баатыр кийик атты,
Тамашага көп батты.
Маралдын этин арттырып,
Аркан менен бек тартты.
Чоро жолго чыкты эми,
Үйүнө келип түштү эми.
Эрте менен болду эми,
Адыл кандын чоң, үйүнө
Барып түшүп калды эми.
Адыл кандын үйүндө
Арак тартып, кой союп,
Кымыз жыйып, бээ союп,
Эл чогулуп, дүң, болуп,
Жыйналган киши мин, болуп,
Кеңеш кылып чорого,
Акылдашты ошого
Ал карыя кеп айтат.
Билинбеген жан болсо,
Түбү түптүү жан болсо,
Кебин сурап билели,
Андан кийин көрөлү.
Оптун көлү бар эле,
Барса келбес дээр эле,

үстүнө  жазылып, «үйгө» деген  сөз «үйүнө» ден

Как ошого жумшайлы.
Барса келбес чөл эле,
Тирүүлөй казган көр эле.
Жолдо нечен ушундай,
Ажыдаары укмуштай,
Ажыдаар арбашып,
Кетсин саат чырмашып,
Ошондон ары жоголсун,
Аңдыган кишиң жок болсун.
Анан алгын катынын
Жыргап анан жаткынын.
Өлтүрөм деп уулуңду,

Ойлодуң эле баатырым.
Уул болуп башында,
Кызмат кылды жашында.
Кызматына тойбодуң,
Адыл кан, сен да1 оңбодук.
Кызыгып алып катынын
Аламын деп ойлодуң.
Уулуң болсо ошол кул,
Айтар сөзүм мына бул —
Сөзүңдү угуп алуучу,
Анан жолго кирүүчү.
Жаман болсо ошол кул —
«Макул болот, куп болот,
Бадыша сөзүң эп болот —
Деп, ошонтуп кетүүчү,
Барса-келбес жол ашып,
Атаңдын акын доолашып,
Ошонтүп өлүп калуучу,
Анан кийин алуучу.
Ала көөдөк бул болсо,
Ошондон ары жоголчу,
Ошонтүп ишин оңолчу.
Шыпыроо кары кеп айтты,
Ушул жакшы деп айтты.
Анык мыкты кул болсо,
Сөз айтышып, жанашат,
Комузун колдон талашат,
Сөз менен абдан сабашат.
Катынынан кеп сура,
Кандай жайы — деп сура.

Ушу жакшы кеп дешип,
Андай болсо эп дешип,
Калыстан киши жиберди,
Сыр сурап калыс турду эми.
Жүзү кара Канышың
Көңүлүн канга берди эми.
Муңум качкан качкын деп,
Акылынан шашкан деп,
Тогуз байы бар эле,
Өлтүрөмүн деди эле.
Чогулушуп келди эле,
Атка мин деп качырдын,
Тогузун өзүм жазгырдым.

Аман-эсен куткарып,
Элиңе келдим мен алып,
Өзү качкын киши деп,
Айткан кебим ушу деп,
Канышты кудай урду эми,
Канга көөнүн бурду эми.
Түбү-жайы ушу деп,
Жамандап айтып берди эми.
Арачысы келди эми,
Айтып баарын берди эми.
Кандай болсо келгин деп,
Чорого киши жиберди.
Барып айтты: «жүр» — деди,
Кан үйүнө кел — деди,
Кана, чоро, жүр» — деди.
Калыктын баары ошондо
Макул болуп жүрдү эми.
Чорону көрүп дүрбөдү,
Кантер экен деп ойлоду,
Үстү-үстүнө тыгылып,
Ошонетип чогулду.
Кымыз берип кызытып,
Ичегисин ысытып,
Кылмак болду Адыл кан,
Кылмышы жок чорого.
Так ушунтип залим кан,
Шыпыроо кары кеп айтын,
Адыл кандын сөзү бар,
Айта турган өзү бар.
Ушул сөзгө кулак сал,

Мен айтайын угуп ал.
Бир кызматым кылсын дейт.
Кыйын жолго барсын дейт.
Төгүн болсо калсын дейт
Төрө болсо барсын дейт
Бас адам болсо калсын дейт.
Баатыр болсо барсын дейт,
Анык болсо барсын дейт.
Арсар болсо калсын дейт
Чоро болсо барсын дейт
Чочуп турса калсын дейт.
Ошонтүп айтты чыкырып,
Он чеке терин шыпырып1,

Ошондо чоро үшкүрүп,
Эт бышымга эс алып,
Чоро турду ойлонуп,
Эч бир жооп бербеди,
Чоро жаман тердеди.
Көптү көрүп камалды,
Кантип табат амалды.
Адыл туруп ошондо
Колуна комуз алды эми,
Каңгыр-куңгур чалды эми.
Кандын черткен күүсүнө
Чоро кулак салды эми.
Ал акыча чорого
Арак менен шарапты,
Аралаштыра берди эми.
Чоро чоң-чоң ичти эми,
Бул дүйнөдөн кечти эми.
Кымыз ичип кызыды,
Сөөктүн баары ысыды.
Арак менен мас кылды,
Алдап туруп азгырды.
Каныш менен кас калды.
Чочубастан эр чоро
Ыргып турду ордунан,
Адыл кандын колунан,
Комузун жулуп алды эми,
Каңгыр-кунгур чалды эми.
Ичимди ачып алайын,

Атам жайын айтайын,
Элимдеги жакшыны
Атам деп атын сатпайын.
Чоро эмесмин Мендирман,
Чогол тууган элдирман.
Өзүм деген эренге
Өзөгүм өскөн элдирман.
Өзүм дебес арамга
Эмил чокмор бердирман.
Өз атакең Өзүбек
Өзү менен теңдирман.
Түп атакең Шыгайдын
Кай уулунан кемдирман.
Ичтен ийри түшкөнмүн,
Тезге салсаң түзөлбөйм.

Ынды кара болгонмун,
Самындап жуусаң агарбайм,
Доочу келсе мал бербес,
Жүгүрүк чечен Мендирман.
Добул келсе жел тийбес,
Караңгы токой эрдирман.
Уча келсең канатмын,
Ар жыйынга санатмын.
Коноруна куйрукмун,
Кокусунан колуна
Түшүп калган туйгунмун.
Колду чапкан Мендирман,
Колум сынбай жеңдирбейм.
Ак жакалуу Мендирман
Асты саган жендирбейм6,
Алганым сага жуттурбайм.
Тоголок башым тирүүмдө
Жолдошумду алдырбайм7.
Төшүм тайкы турнамын,
Тийген жерди жуламын.
Коктуга кирип оттогон
Коңур ала бугумун.
Кол сабыла ок тийип,

Ыңгыранып турамын.
Мен элимде чоголмун,
Эми кимди урамын.
Ичим оттой жанамын,
Эми кайда барамын.
Ала-Тоону кемирип,
Тоо түгөткөн баламын.
Агын сууну шимирип,
Суу түгөткөн баламын.
Алсам колду бир сайып,
Жоо түгөткөн баламын.
Адыл кан тилиң аламын,
Ажыдаарга барамын.
Туубаса да тутунган,
Как өзүңдүн балаңмын.
Качыргандан кайтпаган,
Кара чаар жолборсмун.
Кайсаганы бүрт кеткен,
Кара болот албарсмын.
Ирмегенин куткарбас,

Илеби кыйын албарсмын.
Ийсегенин куткарбас,
Үңкүрдө жаткан илбирсмин.
Темингенин куткарбас,
Текөөрү болот шумкармын.
Жети күнү жүгүрсө,
Жел жетпеген тулпармын.
Деги сенин сөзүнө
Ичим күйүп муңкандым.
Өөдө карай черткени —
Өкүмдүгү ушундай,
Ылдый карай черткени,—
Ылдамдыгы ушундай.
Мен барайын калаага,
Учурайын балага,
Ушу кезде ойлосом,
Ар нерсе бар оюмда.
Мен калаага баргыча,
Кар жаабасын, нур жаасын,
Мен калаадан келгенде
Мага десе уу жаасын.
Эки семиз ат берсин,
Арыбаган ат болсун,

Эки жолдош кошуп бер,
Эрикбеген эр болсун.
Бара жаткан казаным
Барса келбес жол болсун.
Тобокелге салайын,
Токтобой эми барайын.
Айдай кашым керейин,
Атаңдын көрү, Канышты
Кудайы кылып берейин!
Кырк катының бар экен,
Кырк биринчи кылып ал,
Айтканыма кулак сал,
Сен катындан жүдөсөң,
Ушул кепке кулак сал.
Катын деген ит экен,
Ичтен жеген курт экен.
Сенин элиң Адыл кан,
Атанын жакшы журту экен.
Бул ишимде арман жок,
Барбас жерим калган жок.

Мендирман атка конгону,
Бет алган жагым өңгөн жок.
Айканышты нетейин,
Адыл, сенден кетейин.
Чорону кандай кыйнадың,
Канышты кандай сыйладың.
Жүзү кара Канышай,
Бул дагы эле мени сезбеди,
Ичип антка тойбоду,
Ушул ишин койбоду.
Ушул өңдүү катынды
Аламын деп ойлодуң,
Адыл сендей болчубу,
Ушул өңдүү катынды
Алган киши оңчубу?
Ишенгеним — Канышым,
Ичтен жеген курт экен.
Баракелди Адыл кан,
Элиң жакшы журт экен.
Мынча каалап калгаң соң,
Мен барайын калаага.
Ойлоп турсам Адыл кан,
Ар нерсе бар санаамда.
Ажыдаар менен арбашам,

Алптар менен кармашам.
Каман менен чалышам,
Жолборс менен алышам.
Бир жарым жыл жатышам,
Жез кемпир менен атышам.
Жети жылы турушам,
Желмогуз менен урушам.
Адам көрбөс жоо менен
Атышамын Адыл кан,
Мен Мендирман келгени,
Бет алган жоон, жай кылдым-
Бери кара, Адыл кан
Кай жериңен тайгылдым.
Өрүшүңдү миң кылдым,
Өз арбагын, дүң кылдым.
Адыл кан деген сенсиңби,
Акылы жок кемсиңби?
Адыл сендей болобу,
Уулу менен айтышкан,

Урумда сендей болобу?
Келини менен дос болгон,
Ошонткен киши өңөбү?
Бу дүнүйө жалганда
Кимдер өлбөй, ким калган?
Бир энеден мен жалгыз,
Абайлабай мен байкуш
Түшүп калдым торуңа,
Мандайымдын шоруна.
Кана, Адыл, сен болсоң,
Салгып мени жолуңа.
Келсе менин колуман
Казанасын алайын,
Алып келип, Адыл кан,
Колуңузга салайын.
Тура калып Мендирман
Комузун колдон таштады,
Кечтим мына үйдү деп,
Жоо-жарагын шайланды.
Бармак болуп калаага
Албарс кылыч байланды.
Элдин баары чогулуп,
Адыл кандын кашына,
Айтып турду акылын,

Карыясы ошондо
Ушу кандай кеп деди,
Чорондун сөзү эп деди.
Мендирмандын сөзүнө
Менин акылым жетпеди.
Абай кылып көрдүбү,
Өрт-жалындан көзүнө,
Байкап карап көрдүңбү,
Мен байкап өзүнө,
Ыраазы болдум сөзүнө.
Айтышам деп жеңдирдиң,
Атка минбей эңдирдиң.
Байкабай туруп, Адыл3 кан,
Жаман жерден жыгылдың,
Өөдө экенин билдиңби
Көп ичинде өлдүңбү?
Айтышам деп жыгылып,
Жаныңдан үмүт үздүңбү?
Эй, Адыл кан, өзүн бил,

Айткан4 сөзүн көзүнө ил.
Катынын таштап, сен өзүң
Алдап-соолап жайын бил.
Катынына бузулуп,
Кара тер бойдон сызылып,
Кандай болду, Адыл кан,
Айткан сөзүң бузулуп,
Айткан жооно дегде,
Айтышам деп Адыл кан
Тула боюн тердеди,
Баракелди Меидирман
Атадан тууган эр деди.
Баракелди, куп деди,
Элдин сөзүн эп деди
Мендирмандай баатырга
Тегеле киши жетпеди.
Адыл кан чыгып кыйкырып,
Элдин баарып чыкырып,
Мастан кемпир кайда деп,
Буту-колун байла деп,
Ошону бери айда деп,
Ушунун кылган иши деп,

Ушул бузук киши деп,
Желдет жетип айдады,
Буту-колун байлады,
Эки көзү жайнады,
Кан алдында сайрады.
Кагылайын бегим деп,
Тыңдай тургун кебим деп,
Өзүнүн кылган иши деп,
Айтыштырып көргүн деп,
Анан кийин өлтүр деп.
Алтын дарга курду эми,
Калайыктын баарысы,
Айран-тан, болуп турду эми.
Бир мамыны орнотуп,
Башына темир сайды эми.
Кана бирөөң баргын деп,
Канышайды бул жерге
Айдап алып келгин — деп,
Сулуусуна суктанба,
Кызылына кызыкпа,
Райым кылсаң өлөсүң,

Өзүң кордук көрөсүң.
Барбайм десе ошондо
Мойнунан кысып байлап кел,
Шакылдатып айдап кел.
Желдет турбай жөнөдү,
Салган бойдон барды эми.
Барган жерден жүр — деди,
Кашындагы кыз-келин
Баары бирдей дүрбөдү.
Кыздар менен кылкылдап,
Жаткан экен жалтылдап,
Кандан жигит барганда,
Каарды катуу көргөндө
Калтырады бу шордуу.
Эки көзү алайып,
Жалдырады бу шордуу.
Сийдиги булут айланып,
Айтарга тили байланып,
Туруп калды делдейип.
Бир кезде эсин жыйды эми,

Булбулдай үндү салды эми.
Ботосу өлгөн төөлөрчө
Буркурап ыйлап турду эми.
Бул сөзүнө көнбөймүн,
Райым кылсам оңбоймун.
Өзүн кылган кеп экен,
Өлүм сага эп экен.
Мендирмандай чорону
Алдоого оюн бар экен.
Атаңдан калган иш экен
Ал Мендирман жолдошуң,
Атайы жакшы киши экен.
Жүзүкара болгун деп,
Басып жолго киргин деп,
К.амчы менен бир салып,
Айдап алды жүргүн деп,
Айдап алып жөнөдү,
Кыз-келиндин баарысы
Көргөндө көөнү бөлүндү.
Көбү жандан түңүлдү,
Эркелеткен Канышай
Эбелектеп жүгүрдү.
Этеги жерге тийбеди,

Олтуруп жерге сийбеди.
Эрке өскөн түгөнгүр,
Эки бети карарып,
Эл ичине барды эми.
Бир желдети келди эни,
Жоолугун жулуп алды эми,
Мойнуна кендир салды эми.
Эки көзү алаңдап,
Эки буту салаңдап,
Эт бышымда өлдү эми,
Элдин баары көрдү эми.
Көрүп ыраазы1 болду эми,
Адылдыгын канынып
Мына жаңы билди эми.
Ар жагында кемпирге
Жаңы доомат келди эми,
Безеленип, безилдеп,
Ыйлады кемпир тызылдап,
Көп жалынды какылдап.
Жалынса да болбоду,

Адыл каның оңбоду.
Чалкасынан салды эми,
Чаткаягын керди эми.
Жети желдет көтөрүп,
Жез мамыны сайды эми,
Баягы кемпир сороюп,
Жез мамынын башында
Турду мастан короюп.
Он беш күнү тим койду,
Эсеби жок эл жыйды,
Ар тараптын баарына
Ат чаптырып той кылды,
Так ошондой ой кылды.
Керней-сурнай тарттырып,
Келбегендин баарысын
Бээсин кармап сойдуруп,
Желдеттерди чаптырып,
Асемин журттан аштырып,
Келген элдин баарысын
Сырдуу үйгө киргирин,
Сый-сыпатын көрсөтүп.
Экиден табак тарттырып,
Тамаша менен таң атып,

Күлкү менен күн батып,
Алты күнү той кылып,
Ар бир түрдүү ой кылып,
Калкына кабар берди эми.
Билериктей кызымды
Кабыл көрсө өзүнө,
Чоро күйсө болсо деп,
Мендирманга салды эми.
Добул кагып, күңгүрөп,
Тоо көчкөндөй күлдүрөп,
Кан күйөөсү дедирип,
Казы менен картаны
Калкына бүгүн бердирип,
Кырк кыз менен кылкылдап,
Адыл кандын Билерик
Азыр чыкты чынкылдап.
Перинин кызы өңдөнүп
Мендирманга көөндөнүп,
Жигит кызга кошулуп,
Жибек болуп эшилип,
Аралашып тамаша,
Сөөлөтүнө караса,

Күндө күлкү-тамаша.
Аны менен тим турбай,
Алтын такка мингпзди
Балам минди тагына,
Жаңы ачылган багына.
Кызынды бердим чорого,
Как өзүмдөй жорого.
Өзүмдөн өөдө күнөөм деп,
Калкымдын баары сүйөт деп,
Каалап кызым тийди деп,
Өзүмдөн өөдө кул болду,
Кылган иши бул болду.
Эмики аты Мендирман,
Эч душманга жеңдирбейм.
Атадан жакшы бала экен,
Асыл тууган жан экен.
Ушүнтүп Адыл тим болду.
Бу жалганга дүйнөдө
Мендирмандай ким болду.
Ушул сөздүң ускасы,
Түгөнбөй турган кыскасы.

Адабият ыр болду,
Айтууга сонун сыр болду.
Минтип такка минди эми,
Бир далай элди билди эми.
Такка минип чалкалап,
Атышкан жоону талкалап,
Ашырып кылды жумушун,
Аткарып турат бул ишин.
Адыл канды ата деп,
Акыры бергин бата деп,
Асыл деген агам бар,
Тогуз мыкты бабям бар.
Ошондон мында келгеним
Он эки жыл болду эми.
Алал кызмат мен кылып,
Андан кийин оңолдум.
Асыл деген агамдан
Кокус качып жоголдум.
Кабарын анын алалбай,
Көрүүгө такыр баралбай,
Такка минип мен калдым.
Такка миндим кан ата,
Ырысым өстү жанаша,
Айткан сөзүм жараша.

Руксат берсең тез бер деп,
Ушу кандай билсең деп,
Ушуну айтты Мендирман
Адыл ойлоп далайга,
Жалынды жалгыз кудайга.
Андай болсо бу жайдан
Сөөдөт менен жол жүргүн,
Сурнай тартып, кол жүрсүн.
Билсең, сөзгө кулак сал,
Миңдей киши жолдош ал.
Баарына күлүк мингизгин,
Сөөлөтүндү билгизгин,
Баарына жарак бергизгин.
Бадышалык тон кийгин,
Анан кийин жол жүргүн.
Көргөндүн көөнү бөлүнсүн.
Көбү жандан түңүлсүн.
Он чакты күнү ойлонду,
Ошо сөзгө толгонду.

Бир күндөрү болгондо
Керней-сурнай тарттырып,
Кечке кошун артышып,
Пилге жүгүн жүктөшүп,
Чатырларын бүктөшүп,
Баатырлары тиктешип,
Мылтыкка адис мергени
Кырка тартып тургаиы.
Алар чыкты бир катар.
Найза саяр баатырлар,
Жазбай саяр жакырлар,
Алар чыкты бир катар.
Чоюнбашы колунда,
Жазбай чапчу кыйындар,
Жоо качырса ыктуулар,
Дагы чыкты мыктуулар,
Атышканда мергеии,
Айтышкаида чечени
Алар чыкты бир катар.
Күрөшкөндө балбаны
Тобокелге салганы
Манастай колду баштады,
Асаба тууну аштады.
Адиктин элин бет алып,

Жүрөр жолун жат алып,
Өзүң көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Агала желек туу менен,
Асеми кыйын дуу менен,
Жүрүп кетти чуу менен
Адик кандын элине.
Ай жарымда келди эми,
Келсе журту туруптур,
Акылынан шашыптыр.
Мендирман мындан кеткен соң,
Аска тоону бет алып,
Тоону көздөй качыптыр.
Эртиш менен Жайылдын
Ортосунда калыптыр.
Ортосунда капчыгай,
Арасы алыс бир далай
Как ошого камалды,
Кантип табат амалды.

Алаштын журтун бет алып,
Эртиш менен Жайылдын
Ортосунан жай алып,
Аска-тоону таянып,
Аскадан учуп мал өлүп,
Ачкасынан бала өлүп,
Арыгынан чал өлүп,
Кыргыздар чыккан сүрүлүп,
Көбү ачкадан кырылып,
Эгин чыкпас тоолорго,
Кийик жүрчү зоолорго
Тоодон кийик атышып,
Эптеп күнү өтүшүп,
Алты жылы курушуп,
Эптеп жүрөт тырышып,
Бир сындырым наны жок,
Өңү сары жез болуп,
Мындай күндө кез болуп,
Өзү эле жүрүп мыш болуп,
Мындай күнгө туш болуп,
Мендирманды качырып,
Периштесий учуруп,
Канышайга кызыгып,
Минтип иши бузулуп,
Өңү сары чөп болуп,
Мейнети минтип көп болуп,

Турпандан барып жай алып,
Капчыгайдан жай алып,
Катып калган каржалып,
Капчыгайын сурасаң,
Күркүрөгөн суусу бар.
Анырайган тоосу бар.
Асман көктө зоосу бар.
Карагай, арча дагы бар,
Алы-күчү канча бар.
Жетимиш түтүн эли бар,
Жетелеп жүрүп откоргон
Бирден-бирден ую бар.
Көргөн күнү бу болуп,
Көбү кеткен казакка,
Калганы калган азапка.
Үй башына күн. болуп,
Балдары кеткен кул болуп,

Арыктап өлүп чалдары,
Күлтеберден калганы.
Как ушундай иш болду,
Агалары мыш болду.
Асыл деген агасы
Алтымыштай чарбасы,
Кетип турган айласы.
Аман болсо Мендирман
Мени бир издеп табар деп,
Ар душманым чабар деп,
Мендирмандын барында
Минген атым жорго эле,
Кийген тонум торко эле.
Жаккан отум арча эле,
Жамынганым башка эле.
Кудай урган Күлтебер
Ошондо алың канча эле?
Эми жорго түгүл, тайым жок,
Жооп айтар жайым жок.
Ырысымды учурдуң
Ыйманымды качырдык.
Ушу күндө мен өлсөм,
Өкүрүп көмөр кишим жок.
Тууганымдан айрыдын.
Казакка мени кайрыдың.
Калың кыргыз элимди

Көрбөй калдым элимди,
Сындырдың менин белимди.
Белге чапкан жыландай
Бейпай кылдың өзүмдү,
Көзгө чапкан улактай
Көкмө кылдың башымды,
Көрбөйт экен кудайым
Көзүмдөн аккан жашымды.
Оңдоп кудай ишимди,
Кайтып колго береби
Качып кеткен кушумду,
Жанга жакын кишимди.
Так үшүнтүп турганда,
Ачып көзүн жумганча
Кирип келди бир киши.
Анык экен турмушу,
Анын айткан жумушу.

Мендирмандын адамы
Салам берип көрүшүп,
Амандашып турушуп,
Кайдан келдиң балам деп,
Мен көрбөгөн адам деп,
Анда бала кеп айтып,
Асыл аба деп айтып,
Мен Адыл кан элимин,
Жалганы жок кебимдин.
Элчиликке келдим мен,
Менин каным Мендирман.
Адыл кандын күйөөсү,
Айтар сөздүн жүйөөсү,
Адик кандын уулу экен.
Жалгыз тууган кул экен,
Кылган иши бул экен.
Адал кызмат кылчу экен.
Адал ишин аткарып,
Ар балаадан куткарып,
Кызматы алал болгон соң,
Кызын берди Адыл кан.
Өзүмө күйөө болду деп,
Кандыгымды берем деп,
Кан тагына мингизип,
Элин берди билгизип.

Кан тагына минген соң,
Кылган иши чоң болду,
Жылдызына оң болду.
Ар тараптыи баарына
Даңкы угулуп, зор болду.
Манастай колду баштады,
Бет алган жоонун баарысын
Башын кесип таштады.
Кылган иши шар болду,
Жандаган жигит мин. болду.
Алганы сулуу кыз болду,
Азиретаалы пир болду.
Өрүшү өсүп дүң, болду,
Толуп өсүп, бул жигит,
Ат көтөргүс зор болду.
Миң киши менен биз келдик,
Адашпастан түз келдик,
Баштан-аяк баарысын,

Баян кылдым маанисин.
Баягыны уккан соң,
Баарын угуп алган соң,
Айланайын чырагым,
Ичим толгон убайым.
Мендирман менден кеткенде,
Ырысым качты жулайын.
Бир кудайга зар айтып,
Билгенинче мол айтып,
Аксарыбашыл кой айтып,
Бирин койбой бүт айтып,
Башы жомок ыр болду,
Күлтебер экөө чыр болду.
Ичи күйүп жаманга
Бизден кетип жат болду.
Күлтебердин мойнунан
Байлап алып барайын
Эртеңки күнү алдына
Айдап алып барайын.
Коногуна кой союп,
Мейман кылам деп айтып,
Эртесинде агасы
Коногу менен кошулуп,
Жүрүя калды оштонуп,

Агасы Асыл жүрдү эми.
А күнү кечке жүрдү эми,
Асыл келе жатканда
Мендирман тозуп келди эми.
Атчан колду беришип,
Амандашып көрүшүп,
Мендирманды кучактап,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Бетинен өөп жалмалап,
Көзүнүн жашы талаалап,
Мен ыраазымын эми деп,
Аман-эсен көрдүм деп,
Куттуу болсун тагыңыз,
Кучагындагы жарыңыз!
Узун болсун жашыңыз,
Бекем болсун жаныңыз!
Жамандардын айынан,
Өлөйүн дедим арыман,
Өлбөдүм сенин барыңан.

Кетейин дедим арыман,
Азабынын барынан,
Күттүм сенин барыңан.
Тирүү болсо келер деп,
Кызматымды билер деп,
Канча жылы күткөнмүн,
Күлтебердин ишине
Чыдап минтип түткөнмүн.
Жээн менен тагайга
Жер карама иш кылды,
Жерге кирсин Күлтебер,
Далай мени мыш кылды.
Шыгай кандын элибиз,
Сынды далай белибиз.
Көңүлүм эми ачылды,
Көрбөдүм сендей асылды.
Көрпө кийген силкинтип,
Көзүнүн жашын иргилтип,
Эки колдоп салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап.
Муундун баарын муң алып,
Көргөн киши кубарып,

Муну көргөн адамдар
Арасына кирди эми.
Ак сакалдар кеп айтып,
Арасында көп айтып,
Ажыратып деп айтып,
Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок.
Билбеген жанга даба жок,
Кээ бирөөндө бала жок.
Кээ бирөөнүн малы жок,
Бербей койсо шордуунун
Кармап алчуу алы жок.
Жан бүткөндүн баарысы
Жакшымын деп ойлогон.
Жасагандын буйругу
Жазуудан башка болбогон.
Мурункулар өлбөсө,
Мустайык кана жүргөнү,
Бурбай ажал келгенде
Булар дүйнө үрбөдү.
Баштатан дүйнө түбүнө

Байгамбар kууп жетпеди,
Башка мүшкүл келгенде
Кимден сыймык кетпеди.
Эки жакшы асылдар,
Эми моокум бастыңар.
А дегенде көрүшүп,
Ажырашып турушуп,
Анан шүкүр кылышып,
Убаданы бек кылып,
Ушул жерде шерт кылып,
Кадимкидей бололук,
Байытып айыл конолук.
Калың кыргыз элиңе,
Кайтып келгин жериңе.
Менин айткан кебиме,
Келсең кайтып кебиңе,
Капчыгайдан көчүргүн,
Жаккан отун өчүргүн.
Убаданы бек кылып,
Ошонетип шерт кылып,
Айылдын баарын көчүрүп,
Агын суудан кечирип,
Лена суусун бойлошуп,
Көңүлүн артык жайлашып,

Ала-Тоону ашырып,
Кылган ишин жашырып,
Кыбыланы бет алып,
Жолго түштү тынч алып,
Жолго тынчып жаталбай,
Өз жерине жете албай,
Кара калпак элине,
Жакын калды жерине.
Аким кылды түркмөнгө,
Аты чыгып угулду,
Казак, кыргыз бүткөнгө.
Кадимкидей эл бийлеп,
Мендирманды көргөндө
Мурдагыдай кеп сүйлөп,
Мендирмандын агына,
Асыл кандын багына.
Адик кандын эки уулу
Эки жерге кан болду,
Арбагы журтка да болду.

Башы бузук чыр болду,
Аягы кызык өр болду.
Мендирман жашта кул болду,
Сөзү кызык бу болду.
Жашында атасы өлдү эми,
Ар нерсени көрдү эми.
Такка минип кан болду,
Жол талашкан жок болду.
Манаска жакын киши экен,
Кудайдын кылган иши экен.
Ногой, Шыгай дээр экен,
Тукумдары эр экен.
Ата-энеден туулуп,
Андан кийин бузулуп,
Аягында оңолуп,
Баш кошулуп курулуп,
Кадимкидей чалкалап,
Беттешкенин талкалап,
Тоодон кийик атышып,
Тобокел деп жатышып,
Ойго шумкар салышып,
Оюндары канышып,
Күлкү менен күн батып,

Жыл он эки ай болгойдо,
Жыл маалына келгенде
Адыл каның өлдү эми,
Акыретти көрдү эми.
Ат чаптырып аш берип,
Өз курбусун чогултуп,
Нечен сонун иш кылып,
Адыл кандын уулу деп,
Алданын сүйгөн кулу деп,
Көргөндөрдүн баарысы
Өтүп барат мына деп,
Ошо кезде курбусу —
Бердиксжо, Табылды,
Барган сайын баатырдын
Абийир артык жабылды.
Барган сайын Мендирман
Дөөлөтү көлдөй толду эми,
Ар душмандын баарысы
Үйүндө1 коркуп наалышты.
Барган сайын жөнөгөн,

Алган азайбы Билерик
Эгиз эркек төрөгөн.
Ырысы өсүп жөнөгөн.
Ар кайсы кандар кеп кылган,
Айтканын Алда эп кылган.
Атын угуп ар жерде,
Касташкан жоосу шек кылган.
Кылымдан чыккан эр деди,
Кыргыздын жерин бер .деди.
Өз атасы Адик кан,

Кайын атасы Адыл кан
Канча душман асылган.
Асылса да жеңдирбей,
Чопкут кийсе бел чечпей,
Чоңдугуна жан жетпей,
Күндөн күнгө Мендирман
Күчаладай ташыды,
Күч дарыдай от алды.
Араптын тилин жат алды,
Ак эшенден бата алды.
Карып менен мискинге
Казна оозун ачтырып,
Дүнүйөсүн чачтырып,

Эл чакыртып арттырып,
Калмактын журтун камады.
Тил албаган адамды
Камчы менен сабады,,-
Оогандын элин билди эми,
Ою менен болду эми.
Тажиктин тилин билди эми,
Баарын го бийлеп турду эни.
Тегеле мында арман жок,
Кармашар душман калган жок.
Акылдуу бенде келген жок,
Колунан сыймык кеткен жок.
Күндүзү кымыз, түндө кыз
Жыргалы мындай күч болду.
Ошо кезде баш ийген,
Мыктыдан киши үч болду.
Биринин аты — Табылды,
Бирөөнүн аты — Жаныбек,
Мына ушундай кара көк.

Бердикожо бирөө дейт,
Ушу төртөө баш кошуп,
Кытайга күндө чуу салып,
Калмакты камап мал алып,
Катыны менен кул алып,
Көргөн адам кубанып,
Казактын журту таң калып,
Акылы кетти сандалып,
Бу катын үчүн качты эле,
Агаларын көргөндө
Акытлынан шашты эле.
Качан киши болду деп,
Арбак башка конду деп,
Каапыр менен мусулман
Ортосуна конду деп,
Качып жүрүп кысталак
Адыл кан чоро болду деп,
Аягында бул чоро
Адылдын кызын алды деп,
Тентип кеткен тууганын
Терип жүрүп эл кылды.
Теменесин бул кылды.
Дөө күрсүнгөн душманды
Үйүнө жумшап кул кылды.
Кызматка алды малайды,
Кылып жүрөт далайды.

Бул Мендирман чорого
Ок атар киши калбады,
Мен-менсиген калмактын
Куйдалы канын айдады.
Куйдалы элине кеңешти,
Мен айтамын бул ишти.
Ушуну кандай кылалы,
Жет-Кайтка чейин кабалы.
Казак менен кыргызды
Ысарга чейин сүрөлү.
Арадан чыкты төрт баатыр,
Биздин калмак, кытайды
Тегеректеп келиптир.
Арадан чыккан арабчы,
Баарысы ууру-каракчы.
Бул арам эмне көрдү деп,
Куйдалы минтип кеңешти,

Кенешкени дөөсү ким эле,
Биз жатпайлы тим эле.
Биринин аты — Калдама,
Сен кечигип алдаба.
Биринин аты — Контажы,
Башындагы кийгени
Алтындаган чоң, таажы.
Биринин аты — Чейрен дейт,
Элден чыккан көөн. дейт.
Ал төртөөңө биз төртөө
Бир беттешип көрсөк дейт.
Сандаган колду алалы,
Сары-Өзөн, Чүйгө баралы.
Керме-Тоону этектеп,
Келин-кызын жетектеп,
Аралай көчүп баралы.
Алыбыз келсе мурутка*
Акыр заман салалы.
Коюн кармап соёлу,
Кордук кылып коёлу.
Өрүштөн бээсин жаралы,
Үстүнө көчүп баралы.
Маңгул, тыргоот бай эле,
Көңүлү артык жай эле,
Ала-Тоосун жайлайлы,

Мен-менсинген бектерин,
Баатырсынган эрлерин
Мойнунан бекем байлайлы.
Ала-Тоосун бербейли,
Кыргыздын жерин жердейли.
Кыз-келинин бербейли,
Жыргап ушинтип тердейли.
Чыдаса жүрсүн аралаш,
Чыдабаса качсын деп,
Акылынан шашсын деп,
Төрө болсо турушсун,
Төртөө чыгып урушсун.
Баатыр болсо келишсин,
Маңдайлашып челишсин.
Бас адам болсо качсын деп,
Акылынан шашсын деп,
Ойлоп, акылын тапсын деп,
Бизге жооп айтсын деп,

Калдан, Чейрен, Коңтажы,
Куйдалы менен төрт болду,
Мурда далай чаптырган
Ичи күйүп өрт болду.
Төртөө элчи жиберип:
Эл ичинде карыга айт,
Казак менен кыргыздын
Калайыктын баарына айт.
Табылды менен Мендирман,
Бердикожо, Жаныбек
Бизден салам ушу деп,
Көчө барам айына,
Аралаш коном элине,
Сары-Өзөн деген жерине.
Ошонетип кат жазып,
Аягына мөөр басып,
Төртөө элчи жиберди,
Аңыз кылды бу жерди.
Казак менен кыргызды
Аралап элчи бу келди.
Мендирманга кат берди,
Кол сунушуп бат берди.
А күнү анда конушуп,
Эртеси күнү болду эми,
Эл чогулуп келди эми.
Улуу-кичүү карысы,
Уламанын баарысы

Чогулушуп кат жазып,
Каркыранын оюна,
Капка-Таштын боюна,
Кытай менен мусулман
Кырчылдашып салышып,
Кыйла жандар өлүшүп,
Деп, ошонтип кат жазып,
Элчилерин узатып,
Аны таштап коюңуз,
Аттанып кеткен Табылды
Калмактан жылкы мал алып,
Эсеби жок мол алып,
Келген экен көп алып,
Өгүз-Өтмөк белинен,
Коңтажынын элинен
Жылкы тийип мал алып,

Эсеби жок мол алып,
Элчи келип туш болду,
Элчиге мүшкүл иш болду.
Укурукту жыш кылып,
Унуткусуз иш кылып,
Куйкасын тилип туз салып,
Таманын тилип от салып,
Кармап алып мыш кылып,
Так ушундай иш кылып,
Табылды салды тамаша,
Казак менен кыргызга
Как ушундай каргаша.
Келген элчи байкаса,
Аларды коё берди эми,
Табылды элге келди эми,
Табылды көйрөң эр экен,
Ала көөдөн кем экен.
Табылдынын иши экен,
Акылы жок киши экен.
Казакка кайың саадырмак,
Кыргызды Ысар кийирмек,
Табылды колду салыптыр.
Ара келген элчисин
Азабын колго бериптир.
Казак менен кыргыздын
Наркын минтип бузду эми,
Арбагы минтип качты эми.
Ал аңгыча элчилер
Кандарына келди эми,

Кабарыш минтип берди Эми.
Баягыны көргөндө
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы элин көчүрүп,
Аскерди жыйып мол алып,
Ар жагынан кол алып,
Эсеби жок мол алып,
Алдына аскер-кол жүрүп,
Кат жагынан эл жүрүп,
Көчүп жөнөп калды эми,
Тебетейин колго алып,
Тентигени жөнөдү.
Кыбыланы бет алып,
Кыйын калмак оңбоду,

Убадага турбады.
Элчилерди урганы,
Бул эмине кылганы?
Мусулмандын зордугу.
Бул эмине кордугу?
Элчини уруп койгону,
Бул кыргыздын чоңдугу!
Көчүн колдо чаңдатып,
Казактын элин аралап,
Каптап келген жери ошол.
Ыдыгына чыдабай,
Ызгаарына тууралбай,
Казак үркүп жөнөдү.
Мал-жанынан түңүлдү,
Татардын жерин бет алып,
Казандын жолун жат алып,
Казак кетти бөлүнүп,
Өз жанынан түңүлүп.
Кыргызга аскер мол келип,
Эсеби жок кол келип,
Калмактарга жеңдирбей,
Аман-эсен бүт калып,
Ысык-Көлдү жерлери,
Каркыраны жайлады.
Баш-аягын жыйышып,
Кадимкидей жыргады,
Мендирман элди бийледи[41].
Же казакка барып бат албай,
Кыргызга тынчып жата албай,

Ат-Башы менен Нарынды,
Челек менен Чарынды
Аралай көчүп качышып,
Акылынан шашышып,
Алтыны менен күмүшүн
Ай-талаага чачышып,
Өлтүрөм деп тууганын
Ошо нетип кууганын
Калыктын баары билишип,
Каткырышып күлүшүп,
Үшүнтүп азап тартсын деп,
Элдин баары жеришип,
Мендирман үчүн баарысы,
Кичүү менен карысы

Киши эле болсо киришип,
Мендирмандын Кадырын
Так эле бүгүн билишип,
Биздин элге турба деп,
Элдин баары куушуп,
Ушундай мин угушуп,
Элине батпай курушуп,
Эч бир элге бат албай,
Тынч алып элде жатталбай,
Көрбөгөнүн көрүшүп,
Көбү ачкадан өлүшүп,
Мендирмандьг жоготкон
Бети кара шумдар деп,
Элге батпас булар деп,
Журттан чыккан кулдар деп,
Бир тууганын куушкан,
Бир кудайды унуткан.
Аялына кызыгып,
Алабыз деп жулунуп,
Бул азапка туш болуп,
Элге батпас бетбактар!
Ар ким минтип айтышып,
Асыл деген агасы
Бир азы рак кою бар,
Жакшылыктан ою бар.
Кудай урган жамандар
Мендирмэндан айрылып,
Күндө үч убак кайгырып,
Аза күтүп, ал жүрдү.

Челек менен Чарындын
Аягы төр капчыгай,
Айта берсе сөз далай.
Күркүрөгөн суусу бар,
Аскалуу бийик тоосу бар.
Башынан туман кетпеген,
Малдуу адам жетпеген,
Как ошого камалды,
Кантип табат амалды!
Капчыгайдан жай алды,
Капталынан чай алды.
Аскадан учуп мал өлүп,
Ачкасынан бала өлүп.
Арыгынан чал өлүп,

Кылайган эгин көрбөдү.
Дан табалбай сандалып,
Капчыгайга камалып,
Соодагер жүзүн көрбөдү,
Малдары кантип төлдөдү?
Анда-санда барышып,
Кытайдагы калмактан
Кудайы сурап алышып,
Жайы-кышы бат албай,
Эл ичине жата албай,
Куурап жүргөн кезинде
Мендирман келди бир күнү,
Элүү жигит кашында,
Сыймык кушу башында
Уламадан кеп угуп,
Ушул жакта деп угуп,
Казак менен калмактан
Кыдырып жүрүп табалбай,
Бир туугандын айынан,
Адик кандын жайынан,
Асыл артык агам деп,
Тирүү болсо табам деп,
Мин кишини ээрчитип,
Салтанат менен жол алып,
Сан кишиден кол алып,
Чыккан экен элинен.
Каңгайдын кара тоосунан,
Капчыгайдын оозунан,
Бир адамга кез болуп,

Кашындагы жолдош уй,
Кайсы бирин айталы,
Абдан сонун кийинген,
Айбаттуу баары келишкен.
Окшошуп турат баарысы,
Ошолдой болуп далысы.
Баарысына баш болгон
Мендирмандай даанасы.
Аны көрүп агасы
Асыл деген бабасы
Токтоналбай сүйүнүп,
Жөнөдү Асыл түйүлүп,
Тозуп турду бүлкүлдөп,
Көзүнүн жашы мөндүрлөп,

Ботосу өлгөн төөдөй,
Боздоп турду буркурап,
Мендирман, жалгыз, сенсиңби?
Аман-эсен келдиңби?
Ошондо таанып Мендирман
Атын катуу желдирген.
Кучакташып көрүшүп,
Учурашып турушкан.
Мендирманды салаалап,
Бетинен жашы талаалап,
Жаккан оттой күйүшүп,
Жаш баладай сүйүшүп,
Жолдоштору чыдабай,
Боорлору мую шуп,
Асыл турду кеп айтып,
Айланайын, кудайым,
Мендирман сенин айыңан
Ичим толгон убайым.
Сегиз агаң кас болуп,
Маанайын, минтип пас болуп,
Мени менен тогуз деп,
Асыл агаң доңуз деп,
Капа болдуң бир кезде,
Жүзүңдү кантип көрөм деп,
Тентип жүрүп өлөм деп,
Качып кеткен чырагым,
Кандай айла кыламын,
Кантип жүзүң көрөмүн!
Атаңдан калган белегим,
Акылың журтка керегим.
Тилегим кудай бергеним,

Эми көзүм көргөнүм.
Төбөмдө чолпон жылдызым,
Жакамда кемчат кундузум,
Казак менен кыргыздын
Ортосунда жалгызым.
Энеден эркин* сен элең,
Эркелеткен мен элем.
Күлтебердин айынан
Күйүткө түшкөн мен элем.
Адик кандын тушунда
Бак-дөөлөт болгон башымда
Маңдайымда маанайым,

Кудайым берген таалайым1.
Баарынан безип бул жерде
Калганмын жалгыз убайда.
Айзадан калган кырдагым,
Атадан калган чырагым.
Бир энеден жалгызым
Көзүмөн жашты агыздым.
Энеден тогуз мен болдум,
Аягында кем болдум.
Кантесин эми тогузду,
Күлтебердей доңузду!
Так ошонун кесири
Өңүм сары жез болдум,
Өл өрүмдө кез болдум.
Арманым ичке жык толуп
Жаркылдаган жарагым,
Жанып турган чырагым,
Бол оюн сага курманың!
Келбетиңди көргөндө
Айланы таппай турамын.
Карагай башын бууганым,
Кайрылыптыр тууганым.
Долоно башын бууганым,
Толгонуңар тууганым.
Жалгызым, сенден айрыган,
Күлтеберге жетсин убалым.
Күлтебердин айынан
Күйүттү тарттың жашыңан.
Кагылайын карегим,
Жанып турган чырагым,
Жаркылдаган жарыгым,

Мендирман сени карадым,
Качан болсо келер деп,
Кадырымды бийлер деп.
Өчөгүшкөн сегизиң
Өлгөнчө эстен кетпес деп,
Мени менен тогузуң,
Күлтебердей доңузуң,
Мындан ары карата
Кудайым сага болушсун!
Аман-эсен келдиңби,
Тилегим кудай бердиңби,
Чын Мендирман сенсиңби?

Көргөн күнүм бул болуп,
Капчыгайдын ичинде
Өзүм качкын кул болуп,
Сегиз жаман айынан,
Мендирман сенин жайыңдан,
Жайында кийдим эчки тон,
Кышында кийдим эски тон.
Эл ичине батпадым,
Асты тынчып жатпадым.
Жамандардын айынан
Жаман атка калыпмын.
Ак шумкарын учурган,
Арбактарын качырган,
Атасынын арбагын
Тогуз жаман өчүргөн.
Кез келген киши кеп айткан,
Кесепетиң тиет деп,
Кеткиле баарың деп айткан.
Сен эле менден кеткени,
Көргөн күнүм бу болгон.
Менден бала жок болгон.
Ушуну айтып Асылы
Көзүн сүртүп жашыды.
Сөз айдалбай солкулдап,
Эми Асыл басылды.
Мендирман сөздү баштады,
Чубатып сөздү таштады.
Ой, Асыл кан аба, деп,
Мен айтайын сага деп,
Учарыма канатым,
Айтам кантип санатын.
Кон орума куйругум,
Унутам кантип жоругуң.

Жан бүткөндүн баарысы

Жакшымын деп ойлогон,
Жасагандын буйругу
Жазуудан башка болбогон,
Бу дүйнө бизге шум дүйнө,
Шум жалгандан ким калган?
Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок.
Кээ бирөөдө бала жок,

Кээ бирөөнүн малы жок.
Бербеген соң кудайым
Ээ кыл арга даба жок.
Бирөөнү кудай бай кылган,
Көңүлүн артык жай кылган.
Анын ишин оң кылган.
Доору аны туш кылган,
Эрге келет бир кезек,
Жерге келет бир кезек.
Эрге кезек келгенде
Атадан эркек туучу
Намысты минтип алуучу.
Жерге кезек келгенде
Байчечекей байлачу,
Үстүнө торгой сайрачу.
Кимден сыймык кетпеген,
Кимден доор өтпөгөн!
Айканыштын дартынан
Аркы-терки басканмын,
Азабына чыдабай
Алдага мен да жазганмын.
Жүзүкара Айканыш
Ар кимге болду көп тааныш.
Ошо кезде абаке эй3.
Айканышың канакей?
Айканышты аймадым,
Алды-кийин жамадым.
Күйгөндүктөн чыдабай,
Ар душмандан тайбадым.
Атышам деген жоо болсо,
Алдыма салып айдадым.
Аттанып мындан чыкканда

Жылдызым өтө оң экен,
Адик кандын арбагы
Абайласам чоң экен.
Жетим жүрүп жетилдим,
Бир кезекте кет илдим.
Жамандардын айынан
Чууга түшүп мертиндим.
Чогоолдуктун айынан,
Чоро болдум Адылга.
Как өзүндөй акылдуу
Чоро болдум Адылга.

Чоро болуп жаттадым,
Айканыштын айынан
Аларга дагы батпадым.
Намысыма чыдабай,
Кандай жоодон кайтпадым.
Жарды болсоң, кооз бол,
Бай малынан түңүлсүн.
Жалгыз болсоң аянба,
Көп жанынан түңүлсүн.
Чечинип суудан кайтпадым,
Чебердеп сөзүм айтпадым.
Кезенип жоодон кайтпадым,
Кишиге кебим айтпадым.
Ажал турса алдымда
Асты кайра тартпадым.
Ажал жетип күн бүтсө,
Албай койбойт кара жер,
Тартпай койбойт казган көр.
Андан көрө абаке,
Тобокел деп жүрө бер.
Сен да көрдүң далайды,
Жумшадың эле малайды.
Мен да көрдүм далайды
Бул айтканым жарайбы!
Бу дүйнөдөн ким калат,
Жараткан өзү тим калат.
Өзү жалгыз болгон соң,
Ал жараткан кимди аяйт.
Кудай жалгыз, мен жалгыз.
Жалгыздыктын айынан
Зарлап жүрдүм мен байкуш.
Жалгызды кудай оң кылды,

Адыл канга чоң кылды.
Өз алдында турушуп,
Комуз алып урушуп,
Жеңип чыктым Адылды.
Андан кийин бечара
Адыл мага асылды,
Айканышты жок кылды,
Көңүлүмдү ток кылды.
Жоомарттыгын билгизди,
Жорго атын мингизди.
Адылдыгын1 билгизди,

Алтын такка мингизди.
Анык балам болдуң деп,
Түрдүү кийим кийгизди.
Мына мени жеңдиң деп,
Билерик кызым берем деп,
Кызын дагы маа берди.
Алтын-күмүш күрзүсүн*
Дагы берди Адыл кан.
Эр жактырбас Билерик
Кызын берди Адыл кан.
Ошондон бери карата
Көргөн күнүм бул болду,
Качып барып Адылга
Качкын иниң кан болду.
Чоро болуп башында,
Кызмат кылдым кашында.
Чородон барып чоңоюп
Чоңойгондон оңолуп,
Андан ары кан болуп,
Арбагым журтка даң болуп,
Агалар сени ойлонуп,
Издеп келдим айланып.
Алып барып үйүнө,
Ар кимиси чогултуп,
Амандашып турушса,
Жамандар келди бүрүшүп.
Мендирманың мынакей,
Көрүп турган агалар,
Башында ишин оң кылган,
Көрдүнөрбү, жамандар!
Тентип кетип калды деп,
Өзү издеп келиптир.

Капчыггайдын ичиндей
Бизди таап алыптыр.
Эми кайда барабыз,
Жүргүн мындан көчөлү,
Журтубузду жаңыртып,
Мендирманга кетели.
Элүү киши конокту
Абдан жакшы күтөлү.
Эрикженче угаарсың
Алы түндө жомокту.
Мендирмандан калбаса

Аманат жандан кечели,
Азы рак коюм кайда деп,
Баарын жыйнап айда деп,
Эки семиз кой союп,
Айылы менен көп союп,
Аңгеме кылып чоң тоюп,
КоНок кылып күттү эми,
Ал күнү антип жатты эми.
Эртеси таң атты эми,
Көчүү убакыт жетти эми.
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы баарын көчүрүп,
Капчыгайдан чыгарып,
Жайыкка чыкты чуба лып,
Жамандардын баарысы
Жүрүшүп, жөө басышып,
Эки бетин көө басып,
Унчугушпай бек басып,
Илгери киши чактыртып,
Минер атын таптыртып,
Мендирман мннтип1 дөө болуп,
Жамандары жөө болуп,
Ар кайсы жерден ат алып,
Ар кемисин аткарып,
Бул балаадан куткарып,
Сары-Өзендүн боюна
Кадимкидей кылсам деп,
Санаасы бар оюнда.
Олуяда жердеген,
Ойлогонун бербеген,
Оболдон кудай болушту,
Мендирмандай балага.

Көчүрүп келип кондурду,
Көпкөк жашыл талаага.
Кадимкидей1 тагына
Көлкөйүп барып олтурду,
Мурункудай дөөлөттүү
Дүнүйөгө элин толтурду.
Тирүү болсом мен өзүм,
Эч кимге элим жеңдирбейм,
Жеңем деп келген душманга
Чычкак улак бердирбейм.
Олуяда шаарына

Эл чогултуп той берип,
Асыл деген агасын
Эрки менен билдирип,
Мен элиме кетемин,
Чимкентке бүгүн жетемин.
Агасына кеп айтып,
Асат* сөздү көп айтып,
Асыл ага, угуп ал,
Айтканыма кулак сал.
Адыл Манас туйгундун
Арбагына сыйынгын.
Каапырдан шейит өлдү эле,
Караңгы жайды көрдү эле,
Бизге тууган киши эле,
Кудаидын кылган иши эле.
Жума сайын бир койдон
Аябастан түлөө кыл.
Ак күмбөздүн түбүнө
Анда-санда түнөй жүр,
Ай сайын ак боз бээден
Атап барып, союп — жүз.
Арбагы бийик, арты бек
Акырет кетти не керек?
Арбакты жакшы сыйласан,
Арты-кийниң жыйналат.
Арбак үчүн Мендирман
Айласыздан кыйналат.
Алты күн анда жатты эми,
Осуятын айтты эми.
Асыл кайра кан болуп,
Арбагы журтка дан, болуп,

Амандашып достошуп,
Асылга акыл токтотуп,
Айрылышты боздошуп.
Керней-сурнай тартышып,
Керикке кошун артышып,
Ошонетип Мендирман
Кетти элине кайтышып,
Асылды анда кан коюп,
Каалаганын бул союп,
Кадимкидей чоң болуп,
Олуяда менен Таласка
Жыйын кылды Асыл кан,

Заманасын арттырып,
Кыйын болду Асыл кан.
Казак менен кыргызга
Аты чыкты Асыл кан.
Мендирманды угушуп,
Бир кезекте басынган1
Асыл анда кем болуп,
Ушул кезде карасаң
Мендирманга тең болуп,
Мурдагысын унутуп,
Кас кылгандын баарысын
Кадимкидей курутуп,
Кан болуп элди бийледи.
Карап турсаң ошондо
Кадимкидей сүйлөдү.
Ортосу Талас, башы Чуй
Ошондон бери сурады,
Жылдан жылга Асылдын
Ашып чыкты дымагы.
Мендирман менен Асылдын
Тилеги тийип колуна
Бүтөт экен аягы.

**МЕНДИРМАН (КАЙДУНУН ВАРИАНТЫ)**

МЕНДИРМАН

Адыкандын чоң зайыбынын 9 уулу болуп, эң улуусу Асыл болуп, атасы өлгөндө кан болот. Адыкандын токолунан Мендирман жалгыз болуп, алган зайыбы этбеттүүдө сулуу болот, аты — Каныш

8 уул кенешип, Канышты эң кенжесине алып бермек болушуп жакындаттырат. Асыл бул кылыкты угуп, 8 инисин, Мендирманды да жана журттун эстуү-баштууларынан да чакыртып келип, бир атты жигитке даярдатып, чыр болсо Мендирман качып кутулсун — деп, 8 уулга ичимдикти көп, Менднрманга аз ичирет.

Асыл:

Узун куйрук сагызган,
Кыска куйрук тоошкан,
Айланайын жалгызым,
Өтүндү бийлер өтүндү
Чапчакта бозоң жетилди,
Чарандын чети кетирди,

Коё берчи Канышты!
Канышты коё бербесең,
Сан жамандар жыйылды,
Жалгыздын жаны кыйылды!
Айланайын жалгызым,
Журттан сулуу издейин.
Катын алып берейин,
Коё берчи Канышты!
Мендирман анда муну айтат:
Айланайын агалар,
Кагылайын инилер!
Катыным тартып алгандай,
Өзүмдү аңга салгандай,

Не жазыгым бар эле:
Капка тыккан саманды,
Кудай алсын жаманды!

8 жаман түйүлүп турганда Мендирман мушташа баштайт, Мендирман аларды томолото муштайт.

Асылкан:

Камыкпагын, жалгызым,
Камсыкпагын, чырагым.
Капка тыккан саманды,
Кудай берер жаманды!
Жалгызга кудай жар боолор,
Эшикти көздөп чуркасаң
Токулуу атың бар боолор!

Мендирман дароо атка минип1, мүлктөрүң куржунга салып, кун батыш жакка качат. Жолдо Мендирман капаланып, аялды өлтүрмөк болуп айтат:

Ак балта менен чабайын,

Кара бет, эми тууганды кайдан табайын!

Канатымдан кайырдын,

Уялаштан айырдын.

Анда катын муну айтат:

Алма бышмак шакта бар,

Ал ургаачы чиркинди

Азгырмак шайтан наркта бар.

Минген атын күтөтбү,

Мени өлтүрүп салганда

Сизге намыс бүтөтбү?

Мендирман кайта ойлонуп, караан кыла жүрөйүн деп, алып кетет. Адылкандын шаарына жакындап, бир
жерге аялын коюп, атым Адик уулу, чоро болом деп Адылканга чоро болуп кетет. Мендирман барабара
элин бийлеп кетет. Баштагы чоролор Каныш аялды көрүп, канга мактайт: сенин аялындан өөдө экен дейт.
Кан катынга келип көрүп, эси ооду, кан катынды алмак болуп, Мендирманды барса келбес казатка жиберип
жоготуп, аялды алмак болду, Мендирман да билип, эси ооду.

Эл канга айтат. Мендирманды мактап: «муну өлтүргөнчө бизди олтур»— дешет. Эл «бир катынча болбодук» — деп ат танышат. Кан кайта элин, чорону, аялды чакыртат. Кан аялдан сурады: «Бул Менднрман сенин күйөөңбү?» — деп, катын айтат: «Кулубуз эле» — деп, сизге мени ала качып келип берем деп коркутуп алып келди эле дейт.

Ары айтар, да бери айтар,
Адик уулу чоро айтар.
Айтчы чором, кебиңди.

Мендирман тез керегедеги комузду алып чертти:

Айтсам каным кебиңди,
Кудай табар эбимди.
Эки күлүк тилдейсиң,
Казат алып кел дейсиң.
Кыла жүргөн жумушум,
Кылбай кантип коёюн.
Бара жүргөн жумушум,
Барбай кантип коёюн.
Мен казатка баргыча,
Кар жаабасын, нур жаасын.
Мен казаттан келген соң,
Кар үстүнө кан жаасын!
Кайрылгысыз күн туусун,

Мен казаттан келген соң,
Бөксөдөн бөкөн кабамын;
Боолуктуруп жыгамын.
Чөлдөн чөнөк кабамын,
Чөөлүктүрүп жыгамын.
Мен казаттан келген соң,
Эриксем элик атамын,
Эрикпесем жатамын.
Адылкан, жайым айтайын,
Акылың жок экенсиң.
Жылкывдын ичинде сарынды
Боолук салсам тутамын,
Ушу башым барында
Кас кылганды жутамын.
Кайкы жүндүү турнамың,
Ачуум келди, Адылкан,
Төшүм менен урунамын.
Учарыңа канатмын,
Коноруна куйрукмун.
Тактап салсаң Адылкан,
Мүнүшкөргө табылгыс,
Боорум түлөк куштаймын.

Таптабасан Адылкан,
Сасык желим чачамын,
Теги сенден качамын.
Маңдайыңда тырышмын,
Сага келген ырысмын.
Чеберлерге табылгыс
Чертиктин кара курчтаймын,

Чекеңди айра муштаймын.
Жарак-жабдык шайлансын,
Жакшы болсоң Адылкан,
Катыным сенден айлансын.
Минген атым Кадагай,
Жаман болсоң, Адылкан,
Катынымдан садага ай!
Топ ойносом уттурмак,
Тоголок башым барында
Сага кет кудайым жуктурмак.
Мен Мендирман-Мендирман,
Өзүм деген эренге
Өзөгүм үзгөн эрдирмин,

Өзүм дебес эренге
Эмил чочмор мендирмин.
Ушу башым барында,
Ыйлаганды кулдүргөн
Күңдү чубак эрдирмин,
Күлдүргөндү ыйлаткан
Оңду-солду эрдирмин.
Ушу башым барында
Жардылыгым байча бар,
Жалгыздыгым көпчө бар.
Күнгөй менен тескейди
Аралаш бүткөн жыргаймын,
Ачуум келди, Адылкан,
Көңүлүм менен жыргаймын.
Доол келсе жел тийгис,
Карангы токой жердирмин.
Доочу келсе мал бергис,
Жүйрүк чечен эрдирмин.
Теңирден тескери бүткөн бутакмыгң,

Тепкилесең ийилемин.

Тереге салсаң түрдөңмүн,
Самындасаң агаргыс
Инди кара дердирмин.
Мурункудай боло алмай,
Бурулуп суугa коно алмай,
Бурулуш журтту биле алмай,
Баштагыдай боло алмай,
Байтал болуп иче алмай,
Байтак журтту биле алмай,
Кийинкидей боло алмай,
Бир көңүлүм калган соң
Кайта сага жана алмай.
Өрдөк, чулдук көлдүкү,
Эчки, теке зоонуку.
Эрен келип мал тапса —
Эрте турган чоңдуку.
Бир качырдын эттери
Кырк эшекке жүк болду,
Бир катындын мекери
Кара жанга күч болду.
Найза берсең жоодо элем,
Мылтык берсең коодо элем.

Кылыч берсең жоодо элем,
Көп чороңдон өөдө элем.
Карааласаң кан элем,
Кан уулундай бар элем.
Чоролосоң чоро элем,
Чоро ордунда бар элем,
Кай уулуңдан кем элем?
Мен буулуммун, буулуммун,
Мен жеримде экенде,
Өзүңдөй  Адыкандын уулумун.
Өз тууганым жогунан,
Өчтөшкөнүм көбүнөн
Өзүм келген бөөдөмүн.
Капталдын кара текемин,
Атаны кокуй, жалгыздык,
Кайрыла албайт экемин!
Коктунун коңур ала бугумун.
Омуроом чырмай ок тийип,
Он эки дүрмөт көтөрүп,
Ыргана албайт экемин.
Эл жайлоодо, бука мас!
Ала шалбырт, айгыр мас!
Кыш чилдеде буура мас,
Коңур күздө кочкор мас,
Он бешинде кыздар мас,
Жыйырма беште уул мас.
Алда кожом, такыр баш,
Кесемин десең, мына баш!
Төгөмүн десең, мына кан!
Сен катындан жүдөсөң,
Катыным тартуу кылайын,
Калар бекен кайран баш?
Күмүш жатса кайрылбас,
Күлчором сенден айрылбас.
Алтын жатса кайрылбас,
Айчором сенден айрылбас.
Око талак катынды
Бери алып килиңер,
Кескилетип ийиңер.
Журттун бир четине
Чорону аким кылып коюңар.
Журттан сулуу куп тандап,
Чорого алып бериңер,
Атын Каныш коюңар!

Өрдөк, чулдук көлдүкү,
Эчки, теке зоонуку.
Эрен келип мал тапса,
Эрте турган чоңдуку.
Арпа, буудай боонуку,
Ак асаба кызыл туу
Айгайлаган жоонуку.
Адылкан катынды дарга тарттырат,
Мендирман кан болуп калат.

# АДАБИЙ-КӨРКӨМ БАСЫЛЫШ

«Эл адабияты» сериясы
7-том

# БАГЫШ
# МЕНДИРМАН

## Эпостор

Түзгөн К. Кырбашев, А. Жайнакова

Бишкек, «Шам» басмасы

Басманын директору К. Сапарбаеа

Басманын редактору Л. Макешев

Иллюстрациясы Б, Кырбашевдики

Сүрөт редактору Р. Исаков

Тех. редактору М. Курбанбаева

Корректору Р. Сакелова

Терүүгө 22. 05. 97-ж. берилди. Басууга 4. П. 97-ж. кол коюлду. Форматы 84ХЮ8'/з2. Офсет кагазы № 1. 18,25 физ. басма табак. 1,0 басма табак вкл. 15,33 шарттуу басма табак. 0,42 басма табак

вкл. Нускасы 7000. Заказ № 83. Келишимдик баа.

Т, Суванбердиев атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.

«Шам» басмасы.

720461, ГСП, Бишкек, Т. Суванбердиев көчөсү, 102.